**Азербайжан Улуттук Илимдер Академиясынын**
**А.А. Бакиханов атындагы Тарых институту**

# ИРЕВАН КАЛААСЫНЫН
## XIX кылымдагы – XX кылымдын башындагы
# ТАРЫХЫНАН

**Бишкек – 2024**

*Азербайжан Улуттук Илимдер Академиясынын А.А. Бакиханов атындагы Тарых институтунун Окумуштуулар Кеңешинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги жыйыны тарабынан басмага сунушталды (№ 3- протокол)*

**Илимий редакторлору**: ***Зейнаб Гафарова,***
*тарых философиясынын доктору, доцент*
***Севиндж Мустафаева,***
*тарых философиясынын доктору, доцент*

**Рецензенттер:** ***Анвер Мамедов,***
*тарых философиясынын доктору, доцент*
***Эльчин Гараев,***
*тарых философиясынын доктору, доцент*

Ревангулу хан тарабынан түптөлгөн Иреван калаасынын XIX к. – XX к-дын башталышындагы тарыхына арналган илимий монография. Бул эмгекте Иреван калаасын «армяндаштыруу» аракетинде анын тарыхын мифтик «Эрибуни» деген аталыштан келип чыккан деген фальсификаторлор сынга алынып, сепил-калаанын курулуу мезгилине байланышкан айрым тарыхый суроолорго тактык киргизилип, азербайжан, анадолу түрктөрүнүн, англис, орус ж.б. тилдерде жарык көргөн тарыхый адабияттарда сүрөттөлгөн Иреван калаасынын тарыхый жашоо шарттары менен аныкталды.

Китепте калаанын өндүрүшү, архитектуралык өзгөчөлүктөрү, соода-сатык жүргүзүү мамилелерине таянуу менен Ирeвандын демейки Азербайжан шаарларынын ичинде ээлеген орду, калаадагы административдик башкаруу системасы, өнүгүү демографиялык көрсөткүчтөрү камтылган айныгыс далилдер менен бекемделип, иревандыктардын орус падышачылыгынын баскынчы саясатына каршы баатырдык менен болгон күрөшү адилет чагылдырылып, романовдордун реакциячыл отурукташтыруу саясатынын кесепетинен, жыйынтыгында христиандаштыруу жана армяндаштыруу процесси ишке ашырылгандыгы сыдыргыга алынды.

Ошондой эле, эмгекте Ирeвандын ар тараптуу илимий-маданий турмушун камтуу аркылуу Иреван Азербайжандын маданий, илимий очокторунун бири экендигине тактык киргизилди.

ISBN

**© АУИА А.А. Бакиханов атындагы Тарых институту, 2024**

**Иреван калаасынын XIX кылымдагы – XX кылымдын башындагы тарыхынан.** «Илимий маалымат жана басма иштери» бөлүмү. Бишкек: 2024. – 344 б.

Тарых философиясынын доктору, доцент, Азербайжан Республикасынын  Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты

**ГАДЖИ ГАСАНОВДУН**

жалпы редакциялык жетекчилиги менен

**Орус тилинен которгон:**
**Темирбек Токтогазиев**

**Автордук курам**

**Жооптуу катчы:** Гаджи Гасанов, тарых философиясынын доктору, доцент, Азербайжан Республикасынын Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты

## Авторлор:

Гаджи Гасанов – *тарых философиясынын доктору, доцент, Азербайжан Республикасынын Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты*;
Зейнаб Гафарова – *тарых философиясынын доктору, доцент;*
Севиндж Мустафаева – *тарых философиясынын доктору, доцент;*
Эльдар Алиев – *тарых философиясынын доктору, доцент;*
Рамиль Нифталиев – *тарых философиясынын доктору, доцент;*
Видади Умутлу – *тарых философиясынын доктору, доцент, Азербайжан Республикасынын Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты*;
Анвер Мамедов – *тарых философиясынын доктору, доцент;*
Эльчин Гараев – *тарых философиясынын доктору, доцент;*
Эмилия Алиева – *тарых философиясынын доктору, доцент;*
Гульджамал Садыхова – *тарых философиясынын доктору, доцент;*
Хураман Валиева – *тарых философиясынын доктору, доцент;*
Эсмира Вагабова – *тарых философиясынын доктору, доцент;*
Полад Халилов – *тарых философиясынын доктору, доцент;*
Бабек Керимов – *тарых философиясынын доктору, доцент;*
Ругия Талыбова – *илимий кызматкер;*
Динара Бабаева – *илимий кызматкер.*

***Биз ата-бабаларыбыздын жерине кайтып келебиз!***

***Ильхам Алиев***
***Азербайжан Республикасынын Президенти***

ТҮРК ТИЛДҮҮ МАМЛЕКЕТТЕРДИН САЯСАТТЫН КОЛДОО ФОНДУ. БИШКЕК

TÜRKDİLLİ DÖVLƏTLƏRİN SİYASƏTİNƏ DƏSTƏK FONDU. BİŞKEK

ФОНД ПОДДЕРЖКИ ПОЛИТИКИ ТЮРОКЯЗЫЧНЫХ ГОСУДАРСТВ. БИШКЕК

**Бул китеп Түрк тилдүү мамлскеттердин саясатын кол-доо Фондунун заказы менем которулуи басылды.**
**Китеп бекер таркатылат**

**Bu kitab Türkdilli dövlətlərin siyasətinə dəstək fondunun sifarişi ilə tərcümə olunub nəşredilmişdir**
**Kitab pulsuz yayılır**

**Эта книга переведена и издана но заказу фонда поддержки политики тюркоязычных государств.**
**Книга распространяется бесплатно**

# КИРИШ СӨЗ

Азербайжандын аймактарынын бири XIX к. – XX кылымдын башында өтө катаал социалдык-экономикалык, саясий-коомдук, маданий кырдаалга тушуккан биздин Иреван жергебиз, өзгөчө бул чөлкөмдө жайгашкан шаарларыбыздын бири Ата-Мекенибиздин тарыхында орчундуу роль аткарган – Иреван калаабыз, тарых барактарына сепил катары катталып, аны курдурган аскербашчы Исмаил Хатаи шах – Равангулу хан болгон.

XIX кылымдын отузунчу жылдары, орус армиясынын басыпалуучулук аракеттерин бир-нече жолу мизин кайтарып, орустун атактуу генералдары Цицианов, Гудович, Ртищевдердин «тизелерин жерге бүктүргөнү» менен 1827-жылдагы айыгышкан салгылаштан кийин, саны жагынан өзүнөн алдаканча арбын орус армиясы тарабынан Иреван сепил-калаасы тартып алынган болучу.

Иреван калаасындагы Иреван хандыгы жоюлганы менен ал өзүнүн аскердик-административдик, коомдук-экономикалык жана маданий функцияларын аткара берген. Ал Иреван чөлкөмүндөгү аты уйкаш провинциянын, аты уйкаш уезддин жана губерниянын борбору катары экономикалык, маданий байланыштарды азербайжандын ичинде эле аткарбастан, бүтүндөй Түштүк Кавказда да, ал тургай Алдыңкы Азияда дагы орчундуу роль ойногон.

XIX кылымдын 20-жылдары Осмон жана Каджар империяларынын аймактарынан Түндүк Азербайжандын жерлерине көчүрүлүп келип отурукташкан он миңдеген шовинисттик маанайдагы армяндардын лидерлеринин жан алекетке түшүп, падышалык орус бийлигинин жардам-колдоосунун аркасында, кийинчирээк дашнак армян жүзү караларынын аркеттери менен Иреван жеринин азербайжандарга таандык да-

лилдерин жок кылууга болгон далалаттары ишке ашкан жок. Ошондой болгону менен, чынында романовдук Россиянын баскынчылык саясатынын натыйжасында, Азербайжандын Түндүгүндөгү тартылып алынган жерлерге өздөрүнө христиандык таяныч катары аймактар түзүлүп, көчүрүп отурукташтыруу саясатынын жемиши катары Карабах, Нахчыван жана Иреван региондорунун, о.э. Иреван калаасынын инфраструктуралары орчундуу өзгөрүүлөргө туушар болушуп, миңдеген жылдар бою ата-бабалары жашаган азербайжандар өз жерлеринен чыгарылып, калкынын улуттук составы кескин өзгөрүүгө учурап, азербайжандар, түрк-мусулмандары өз бабалары курган шаардан чыгарылып, ордуна армяндардын санын жасалма көбөйтүшкөн. Бирок, ошого карабай, изилденген убакыт аралыгында Иреван калаасы азербайжандарга таандык болгон белгилерин сактап кала алды.

Окурмандарга сунушталып жаткан эмгек Азербайжан Улуттук Илимдер Академиясынын А.А. Бакиханов атындагы Тарых институтунун илимпоздору тарабынан көптөгөн жылдар бою тыкыр изилдөөлөрүнүн үзүрү. Өзгөчө ыраазычылыкты Иревандын тарыхын изилдеген адис – философия тарыхынын доктору Назим бек Мустафага, анын терең жана өтө баалуу маалыматтарды чогултканын белгилейбиз.

Ушул чыгарма аркылуу ыйык жана пайдалуу миссия аткарылып, Иреван тарыхына кызыккан мекендештерибиздин ата-бабаларыбыз жердеген Гёйчабасар, Зангезур, Зангибасар, Гарнибасар, Ведибасар, Даралеяз жерлерибизге кайтып барууга болгон аруу тилектери орундалып, ата-бабаларыбыздын рухтары бүгүн деле күтүп жатканына карата ынанымдарын бекемдейт деген тилектебиз.

***Ушул аруу тилектерибиз менен, А.А. Бакиханов атындагы Тарых институтунуни «Түндүк Азербайжандын XIX к. – XX к-дын башы» бөлүмүнүн жамааты***

# I БӨЛҮМ

# ИРЕВАНДЫН БАЙЫРКЫ ТАРЫХ-ТАРЖЫМАЛЫ

## 1.1. Ирevандын мурдагы тарыхына кайрылуу

Тарых барактарында, айрыкча армян авторлорунун эмгектеринде Иревандын аталышына, калкынын курамына, алардын тарыхына байланышкан карама-каршылыктуу маалыматтарды арбын жоолуктурууга болот. Иреван[1] калаасынын аталышы байыркы жазууларда кездешпейт. Калаанын курулушуна жана анын аталыш таржымалына байланышкан бир нече божомол бар. Алардын бири боюнча, калаанын аталышы Урарту падышасы Аргишти I тарабынан б.д.ч. 782-жылда, ошол кездерде бул чөлкөмдө жашаган Аза[2] элинен тартып алынган жаңы аймактарды коргоо үчүн курулган Эребуни (Ирпини) сепилинен келип чыккан имиш.

Эребуни сепилинин чалдыбары 1950-жылы Б.Б.Пиотровский башында турган археологдор тарабынан «Ганлыте-

[1] Орто кылымдардагы маалыматтарда бул калаанын аталышы Реван, Иреван, Ириван катары айтылганы маалым. XIX кылымдан башындагы орус баскынчылыгынан кийин гана Эривань деп аталып, мында көчүрүлүп келген армяндар Түркмөнчай (1828) жана Адринаполь (1829) келишимдеринен кийин, Эриван деп атап калышкан. 1936-жылдан тарта расмий түрдө «Ереван» деп аталган.

[2] Арутюнян Н.В. Биайнини (Урарту), Ереван, 1970.
Пиотровский Б.Б. Ванское царство (Урарту), Москва, 1959, 69-б.; Кармир-блурадагы казууларда табылган, Эребуни аталышына байланышкан Урарту жазуулары. Восточная эпиграфика XVII, Москва, 1966, 3-4 б.

пе» («Кандуу дөбө») дөбөсүнөн табылып, бүгүн бул жер Армян мамлекети тарабынан «Аринберд» деп аталат. Б.Б.Пиотровский жазат: «Аргиштинин бийлигинин бешинчи жылында, байыркы жазмага караганда, Арткы Кавказ жергесинде Эребуни (Иребуни) сепили курулуптур… Табылган жазмалардын негизинде сепилдин орду так аныкталды. 1950-жылы Аринберд дөңсөөсүндө, Ерevандын түштүк тарабында төмөндөгүдөй мазмундагы жазма табылды: «Менуанын уулу Халди Аргишти кудайдын кудурети менен ушул кереметтүү сепил курулду»[1]. Айта кетчү жагдай, 1940-жылы ошол эле В.В. Пиотровскийдин жетекчилиги астында Кармир-блур дөңсөөсүн казган учурда табылган чопо тактачаларда Эребуни дал ошол дөңсөөдө жайгашкандыгы жазылганы айтылган. 1958-жылга чейин жогорудагы эки дөңсөөнүн кайсынысында Эребуни анык жайгашканын тактай алышпаган. 1958-жылы гана, мистикалык жаңылык катары, казууларда табылган таш бетиндеги жазууда Эребуни Аринберд дөңсөөсүндө болгону, өткөн мөөнөтү узак (2500 жыл) болгонуна карабастан таш жакшы сакталганын жар салышкан.

Кийинчирээк, ишенимди бекемдөө иретинде Аринбердден байыркы сепилде жашагандардын турмуш-тиричилигин сүрөттөгөн дагы 23 чопо тактачаларын табышканын жазышкан.

Бирок, баары бир, ойлондурган суроонун жообу бүдөмүк болуп: эмне себептен «Эрибуниге» байланышкан чопо тактачалары Кармир-блур дөңсөөсүнөн табылды? Пиотровский өзүнүн китебинде «Эребунинин курулушуна байланышкан Кармир-блурда табылган Урарту жазмалары, качандыр бир мезгилде бул тактачалар душмандын баскынчы-

[1] Пиотровский Б.Б. Ванское царство (Урарту), Москва, 1959, 69-б.; Кармир-блурадагы казууларда табылган, Эребуни аталышына байланышкан Урарту жазуулары. Восточная эпиграфика XVII, Москва, 1966, 3-4 б.

лыгынан сактап калуу иретинде Кармир-блурдагы Тейшебаини сепилине алынып келинген деген божомолун жазып калтыргын[1]. Табылган таштар бөтөн көздөн далдаада бекем сакталган. А музейлерде болсо алардын көчүрмөлөрү жана ошол көчүрмөлөрдүн фотосүрөттөрү гана коюлган. Чуу жараткан таштарды табуу учурун тастыктаган сүрөттөр жок. Мындан тышкары, ошол жазуулар бир дөңсөөдөн экинчисине ташылганы тууралуу далилдердин жетишсиздиги, аларды Аринбердге үчүнчү жактан алынып келиши дагы ыктымал экенинен кабар берет. Мындай шекшинүүлөр эч кандай далилдер менен жокко чыгарылган эмес. Казууларды жүргүзгөн археологдор Эребуниден урарту маданиятына таандык катмарды, же согуштун кесепетинен өрттөлүп талкаланган издерди табышкан эмес. Негизинен, археологиялык казууларды жүргүзүүдө алынган сенсациялык табылгаларды паспорттоштуруу эрежелери одоно бузулгандыгы, алардын фальсификация экендигинен шек берет.

Иреван калаасынын келип чыгышын Эребуни сепили менен байланыштыруу аркылуу армян тарыхчылары Иреванга 2800 жыл болду деп далилдегенге аракеттенишип, анын Римден да 30 жашка улуу экенин саймедирешет.

«Эребуни» жана «Ереван» сөздөрүнүн тамыры бир деген божомолун эң алгач басма сөздө Г.Р. Капанцян[2] жарыялаган. Пиотровский этияттап айткандай: «Балким, Армян ССРинин борбор калаасы Еревандын аталышында бир кездеги урарттардын калаасы Эребуни аталышы жашап жаткандыр… белгилей кетчү жагдай, байыркы урарту аталыштарын орто кылымдагы же азыркы аталыштар менен салыштыруу, толук аныктамасы болбосо, изилдөөчүлөрдү чаташтырып коюшу ыктымал»[3].

Жогоруда айтылгандарды негиз кылсак, анда Арин-

---

[1] Оганесян К.Л. Крепость Эребуни (б.д.ч. 782-ж.)- Ереван, 1980, 144-б.
[2] Капанцян Р.Г. Новая клинопись. – Коммунист, 1950, №4
[3] Пиотровский Б.Б. Ванское царство (Урарту). Москва, 1959, 31-б.

берд дөңсөөсүнөн табылган сепилдин чалдыбары чыны менен Эребуни (Ирпини) сепили менен «Ереван» шаар аталышынын тамыры бир экенин тастыктоого дагы кошумча изилдөөлөр талап кылынат. Себеби, Иреван калаасынын борборунан түштүктү карай кыйла узак жайгашкан Аринберд дөңсөөсүндөгү сепилди шаардын тоому деп аныктама берүү чыны менен күмөн туудурат. Мындай ойду кабыл алуу үчүн, 2700 жыл бою калаанын жайгашкан жери өзүнүн ордунда болбой, XX кылымдын экинчи жарымында гана аныкталганы Эрибуни Иревандын чегине жакын болгондуктан, айтылган убакыт аралыгында Иреван калаасынын чоңоюп-кеңейишинен келип чыкканбы. Андай дейин десек, калаанын инфраструктурасы ошол сепилдин айланасында кеңейген эмес да.

Иреван калаасынын жаш өлчөмүнө байланышкан божомолду жокко чыгарган айныгыс фактылар бар. Эгерде Иреван калаасы биздин доорго чейинки 782-жылы түптөлгөн болуп, ушул күнгө чейин жашап келген болсо, анда орто кылымдардагы араб окумуштууларынын эмгектеринде мындай маалыматтын жоктугун эмне менен түшүндүрөбүз. Бүгүн окурмандардын кеңири чөйрөсүнө жеткен IX- X кылымдарга таандык араб тектүү, мисалы, Аль-Астархинин «Падышалык жолдор китеби» (X к.), ибн Хордадбектин, Кудаманын, ибн-Рустенин, аль-Якубинин ж.б. көптөгөн авторлордун эмгектерине токтолсок болот. Бул авторлордун эмгектеринин орус тилине толук котормолору Кавказда жашаган уруулардын жана жер шарттарынын сүрөттөлүшү камтылган Жыйнакка чогултулган (СМОМПК)[1].

Орто кылымдагы араб окумуштууларынын аталган эмгектери, ошол кездеги саякатчылар үчүн колдонмо курал болгондуктан, аларда Алдыңкы Азиядагы шаарлар дыкат

[1] СМОМПК – (Сборник материалов по описанию местности и племен Кавказа) № 29-чыг., 1-бөлүм, 1900-ж; 32-чыг., 1-бөл. 1903-ж.

сүрөттөлүп-жазылып, алардын ортолорундагы аралыктарга чейин көрсөтүлгөн. Сүрөттөлгөн шаарлардын тизмегинде Иреван (Эреван, Ереван) тууралуу маалымат жок.

Ошол эле маалымат булагында, «Эривань шаары тууралуу» очеркте айтылышынча, байыркы Эриван тууралуу, каталикос Оганестин сөзүнө караганда, VII кылымга туура келет дейт[1]. Бирок, тажрийба көрсөткөндөй, карапайым жарандардан алынган маалыматтардын анык экендиги күмөн туударааары бышык болгондуктан, буларды тастыктоо кыйынчылык жаратат. Армян тарыхчыларынын арасында орто кылымдардын баштабында Иреван калаасынын тарыхта болгонунан күмөн санагандары да бар. Маселен, армян тарыхчысы А.Тер-Гевондян минтип жазат: «Араб халифаты тушунда Ериван сыяктуу калаа болгон болсо, анда соода жолу сөзсүз бул шаар аркылуу өтмөк. Бирок, армян авторлору Араб халифаты тууралуу сөз болгондо, ал мезгилде соода жолдору Ирандан чыгып, Нахчыван – Двин (Дабиль) аркылуу Кичи Азияга сапар алган дешет»[2].

Иреван (Ереван) калаа аталышынын келип чыгышы боюнча дагы бир божомол бар. Бир катар авторлордун оюу боюнча, калаанын аталышынын келип чыгуу себеби Ерванда II нин ысымы менен жана ал жашаган «Ервандакерт» үйсарайы менен байланыштырышат. Бул тууралуу, тагыраагы, тарыхчы Чавчияндын СМОМПКда Эриван тууралуу очеркинде жазылган[3].

Ерванд II Ахаменид империясынын сатрапы болгон жана Месопатамиядагы Ефрат дарыясынын жогору жагындагы ахаменид областтарынын башкаруучусу эле. Ал б.з.ч. IV кылымда жашаган жана 331- жылы Гавгаммелладагы салгылашта өлтүрүлгөн. «Ерванд» кийинчирээк армяндаштырылган перстердин «Арванд» («Жаратман», «Баа-

[1] СМОМПК, 1-чыг., 1-бөлүм, 1881-ж.
[2] Тер-Гевондян А.Н. Армения и Арабский халифат. Ереван, 1977-ж., 64-б.
[3] СМОМПК, 1-чыг., 1-бөлүм, 1881-ж.

тыр») деген ысымынан келип чыккан вариант. Ал эми, байыркы гректердин ошол кездеги маалыматтары боюнча «Оронт»[1] дегенди билдирет. Маалымат булактарында, ошол байыркы замандарда, бул ысымды армян тилинде кандай чечмелээри туурасында кабар жок (болбосо деле керек). Иреван калаасы «Арванда» же «Оронта» деген ысымдан келип чыккан деген сандырак ойго ишенүү кыйын.

Анан калса, калаанын аталышын Нух пайгамбардын ысымы менен байланыштырган суу кечпеген аракеттер да кездешет. Армян мифологиясына ылайык Нух пайгамбардын кемеси Арарат (Агрыдаг) тоосунун башына токтоп, кургак жерди көргөндө ал «yerevil» (көрдүм) деп айтып, анан ошол көргөн кургак жерге Ереван шаарын салганы айтылат[2]. Бул, алибетте, миф.

Орто кылымдардын акырында кездешкен булактарда бул калаанын аталышы Реван деп айтылат. «Ереван» аталышы ушул сөздүн армяндар тарабынан айтылган формасы десек туура болот[3].

Белгилүү болондой, бул чөлкөмдө жашаган азербайжандар «р» («r») тыбышы менен башталган сөздөрдүн алдына «и» («i») тыбышын кошушат. Мисалы, Рза дегенди алар Ирза дешет, «rehmin gelsin» (аячы) дегенди бул жерликтер «irehmin gelsin» дешет, ж.у.с. Ошентип, чөлкөмдөгү диалектик өзгөчөлүктүн негизинде «Иреван» аталышы «Реван» (тегиз, жайык) сөзүнүн алдына «и» тыбышы кошулгандан улам ушинтип айтылып калган. Кийинчирээк бул сөздүн азербайжандарга таандык экендиги бурмаланып Эривань же Ереван деп атап калышкан[4].

Азыркы Арменияның аймагына алгачкы армяндар

---

[1] Toumonoff Cyril.The Orontids of Armenia/Georgetown, 1963-ж. 278-б.

[2] Абовян Х. Избранное (армян тилинде), 8-т., Ереван, 1958-ж., 13-б. https://www/iravan. Preslab.az (Nazim Mustafa/İrəva şəhəri/20.02.2021)

[3] Budaqov B.Ə. Qeybullayev Q.E. Ermənistanda Azərbaiycan mənşeli toponimlərin izahli luğəti/Baki, 1998.19-20-бб.

[4] Əliyev F., Həsənov U. İrəvan xanligi. Baki, 2007-ж., 144-б.

араб халифатынын убагында, миссионерлер катарында келишип, исламды кабыл алышкан аборигендердин тоопканаларын ээлешип, анан ошол жерлерде өздөрүнүн тарыхты бурмалаган эмгектерин жаратышкан. Азыркы Ирevandын аймагына армяндар 1441-жылы келип, топтоло баштаган, качан гана, Джахан шах Каракоюнлунун (1436-1467) уруксатын алган соң, армян каталикосунун резиденциясы Киликиядан Учмиадзинге (Учкилисе) көчүрүлгөн. Ошол чиркөө жайгашкан Валаршабат айылы каталикос тарабынан анын мусулман ээсинен сатылып алынган. Папязан тарабынан чогултулган сатып алуу кагаздарында минтип жазылган: «Мухаммед ибн Дехход шарият ишенимине кирген епископ Григоргo, мырзалардын мыкты мырзасы Гевондуга… Азербайжан өлкөсүнө караган Чухур-Саад вилаетиндеги нахии Гарби айылдарынын бири – Учкилисени сатты».[1]

Бара-бара Учкилисе (Эчмиадзин) монастыры дагы 16 айылды ж.б. өз карамагына сатып алды.[2]

Хачатур Абовяндын маалыматында, Реван туурасында XIII кылымдагы булактарда, өзүнчө жер катары айтылат дейт[3].

Дагы бир кызык далил катары, осмондордун саякатчысы жана географы Эвлия Челеби да Иреван конушун XV кылымда эле болгон дейт. Анын айтымында, хижранын 810-жылы (1407-1408-жж.) Тамерландын соодагерлеринин бири Хаджи хан үй-бүлөсү менен Ревандын түшүмдүү жеринен байыр алып, ошол жерге айыл түптөптүр[4].

[1] Персидские документы Матенадарана. II Купчие (XIV-XV кылымдар). Сост. А.Д.Папазян. Ереван, 1968-ж., 256-257-бб.

[2] Шопен И.И. Исторический памятник состояния Армянской области в эпоху ее присоединения Российской имерии, Санкт-Петербург, 1852-ж., 451-452-бб.

[3] Хачатур Абовян. Краткий исторический очерк г.Эривани. Избранные произведения (армян тилинде), VIII том, Ереван, 1958; Нифталиев И. Армянские мифы о «Эребуни» и «Урарту». Каспий, 2017-ж., 10 окт., № 167, 12-б.

[4] Evliya Çələbi. Səyahətnamə (Azərbaycan tarihinə aid seçmələr. Hazirlayan S. Onullahi). Baki, Azərnaşr, 1997-ж., 28-б.

Ал минтип жазыптыр, Исмаил Сефеви шах хижранын 915-жылы, (1509-1510-жж.) Зенги дарыясынын боюнда өзүнүн аскербашчысы Ревангулу ханга стратегиялык өтө маанилүү жерге сепил курууну буйруптур. Ревангулу хан айтылган сепилди 7 жылда куруп бүтүптүр[1].

Жогоруда айтылгандарды академик В.В. Бартольд да тастыктайт, ал минтип жазган, «Эривань эл жашаган айыл катары Тимурдун убагында пайда болгон, ал эми калаа катары XVI кылымда Исмаил шахтын мезгилинде түптөлгөн»[2].

Тарых изилдөөдө, өзгөчө армян авторлорунун эмгектеринде Ирevандын тарыхы жана жашоочуларынын айланасында айтылган карама-каршы пикирлер арбын кездешет. Тадевос Акопян деген тарыхчы минтип жазат, азыркы Ереван өзүнүн аталышын Эребуниден алган[3], – деп. Бирок ал болжолдуу түрдө дагы ошол аталыштын кайсыл мезгилге туура келээрин так айта албайт, ошондой эле калаанын калкы качан жапырт армяндашканына жооп бере албайт.

Азербайжан окумуштуулары Б.Будагов менен Г.Гейбуллаевдин ойлору боюнча, калаанын аталышы жогоруда айтылган байыркы урарту жазмаларындагы Эребуни сепилинен келип чыккан дегенди ойлоп табылган дешет. «Иреван» топоними түрк тилиндеги «Ир» – «тоонун күнгөй тарабы», «тоонун толкун сымал жону», жана перс тилиндеги «ван» – («ооруң») деген сөздөрдүн кошмосунан[4] чыккан дешет.

Белгилей кетчү жагдай, Сефевиддер мамлекетин тү-

---

[1] Evliya Çələbi. Səyahətnamə, 28-б; Suleymanov M., İrəvan xanliğinin Rusiyaya birləşdirilmisi tarihin¬dən, Baki, 1997-ж., 11-б.

[2] Бартольд В.В. История изучения Востиока в Европе и России. Ленинград. Гос.уч.-практ.школа-тип. им. тов. Алексеева, 1925-ж., 101-б.

[3] Акопян Т. История Еревана. Ереван, 1975-ж., 181-б.

[4] Budaqov B.Ə., Qeybullayev Q.Ə. Ermənistanda Azərbaycan mənşəli toponimlərin izahli luğəti, – Baki,1988-ж., 19-21-бб.; Azərbaycan Xalq Cumhuriyyərin Ensiklopediyasi. 2cilddə, II cild, Baki, Lidtr Naşriyyati, 2005-ж., 47-б.

зүүдө жана анын саясатынын негизинде Азербайжандын чеги кеңейген. Ошол кезде Азербайжандын аймагы төрт административдик беглярбегтикке бөлүнгөн, алардын бири Чухурсаад беглярбегдиги болуп, анын борбору Иреван калаасы эсептелген. Чухурсааддын курамына Араз дарыясынын эки жээгиндеги тең түздүктөр кирген[1].

Тарых илимдеринин доктору С. Онуллахи Иреван калаасынын чыгышы тууралуу минтип жазган: «Иревандын дагы бир аталышы Чухурсаад. Түрк уруусунун башчысы Сад ушул жайтакты тоолордун ортосундагы тегиздикке курганда, бул жерди «Саддын эңкейиши»[2] деп атаптыр, ал эми түрктөрдүн да, ирандыктардын да тилинде «Чухур» сөзү – эңкейиш, аймак деп айтылат. Автор андан ары: «Азербайжандардын байыркы Чухурсаад жеринде үч сепил бар эле. Алардын эң байыркысы хижранын 991-жылы (1583-ж.) Зеңгичай[3] дарыясынын боюнда жайгашкан. Калааны тегерете чукур казылып, дарыянын суусу менен толтурулган. Чухурсааддын аймагы Исмаил шахтын бийлиги мезгилинде кызылбаштарга караган. Ал эми Тахмасиб шахтын учурунда (1524-1576-жж.) Чухурсаад областы Сефевиддер мамлекетиндеги 13 беглярбегдиктердин катарында болгон. Устаджлы уруусунан чыккан Мухаммед хан Тохмаг Устаджлы 35 жыл катары менен Чухурсааддын беглярбеги кызматын аркалаган»[4]. Иреван калаасы тууралуу ушуга окшош маалыматты адабиятчы Ф. Кочарли да келтирет: «Иреван байыркы калаалардын бири болуп саналат… Калаанын бир

---

[1] Историческая география Азербайжана., Баку: Элм, 1987-ж., 112-113-бб.

[2] Onullahi S. Çuxursəd-İrəvan Səfəvilər dovrundə., Elturan, Baki: 1995, sayi 1-2, 16-б.

[3] Бул сепилди Фархад паша осмондордун чабуулунан кийин, салгылашта талкаланган мурунку сепилдин ордуна курган.- Назим Мустафа. Иреван калаасы. Баку, 2013-ж.

[4] Onullahi S. Çuxursəd-İrəvan Səfəvilər dovrundə.- Elturan, Baki: Azərnəşr, 1993-ж., 164-б.

бөлүгү Зеңги дарыясынын боюндагы дөбөдө жайгашкан, ал эми экинчи бөлүгү эңкейиштен орун алган»[1].

Белгилүү болгондой, Осмон империясы, Сефевиддердин мамлекети менен болгон XVI кылымдагы тирешүүлөрдөн аскерий да, саясий да жагынан утушка ээ болгон. XVIII кылымдын 20-жылдарында Сефевиддер мамлекетинин бир катар аймактарын өзүнө кошуп алууга жетишкен, а тигилер болсо эл аралык абалдан өз кызыкчылыктарына пайдалана алышкан эмес[2].

Багындырылган аймактарды ийгерип-башкаруу максатында, осмондуктар аларды өлкөнүн коомдук-саясий жана социалдык-экономикалык жагдайына интеграциялоо маселесине өзгөчө көңүл бурушкан. Саясий туруктуулук менен тартипти бекем сактоо үчүн, тышкы душмандардын басып кирүүлөрүнө туруштук берип, алардын мизин кайтаруу максатында, биринчи кезекете, куралданган аскер бөлүктөрүн сепилдерге жайгаштырып, аларга айлык маяна төлөп туруу булактарын аныкташты. Мындай шарттар каралгандан кийин, багындырылган аймактарды административдик башкаруу уюмдарын түзүп, жергиликтүү башкаруу аппараттарынын курамын бекитишти, беглярбектерди, санжакбектерди, казыларды, набийлерди, кендхудаларды, дефтердарларды дайындашты. Кийинки саамкысында ар кандай тармактардагы мекеме-ишканалар жергиликтүү башкаруу аппараттарын түзүп, барабар иштей башташты. Биринчи кезекте, кеңсээ чиновниктери менен жергиликтүү жашоочулардан турган башчылардын (кендхудалардын) катышуусунда карпайым элдин социалдык жагдайын ревизиялашып, салык өлчөмдөрүн аныкташты, салык чогултууда кетирилген укук бузууларды табышып, булар туурасында беглярбектер ме-

[1] Firudin bəy Koçərli. Azərbaycan ədəbiyyati.Baki6Elm, 1981-ж., 48-б.

[2] Fərzəlibəyli Ş.F. Azərbaycanli və Osmanli imperiyasi.Baki: Azərbaycan Dovlət Nəşriyyati – 1994-ж., 87-б.; Əfəndeiyev O. Azərbaican Səfəvilər dovlati. Baki: Azərnaşr, 1993-ж., 83-б.

нен казыларга кабарлашты. Ошентип, атайын дептер ачылып, ага жергиликтүү карапайым элди башкаруунун, салык чогултуунун эрежелери такталып жазылды. Акыр аягында айдоого чектелген аянттар аныкталып, дыйкандардын топтому куралып, анын негизинде чогулган маалыматтар жазылган дептерлердин жыйындысы катары, өзүнчө топтом дептери ачылды[1].

Жогоруда айтылган аракеттердин бардыгы Чухурсаад беглярбектигинде жүзөгө ашырылгандыгы туурасында осмодордун маалыматтарында Ревандык (Иревандык) беглярбектигинде – аталган провинция XVI кылымдын акырында – XVII кылымдан башында жана XVIII кылымдын 20-30-жылдарында осмон империясынын бийлиги астында болгону жазылган.

Жыйынтыгында, осмондор бийлиги тарабынан аткарылган иш-аракеттерди толук камтыган эки дептер, жалпы маалымат жазылган 4 жана иш-аракеттердин тизмеси түшүрүлгөн эки дептер түзүлүптүр. Тизмелер түшүрүлгөн дептерлердин бири – «Дефтери-сиджили-ливайи-Реван», 1603-жылга таандык, Софиядагы Кирил менен Мефодий китепканасында сакталуу, калгандары – Стамбулдагы Осмон өкмөтүнүн Архивинде турат (TC.BOA)[2].

Тарыхый булактар күбөлөндүргөндөй, Сефевиддер мамлекетиндеги борбордук бийликти күчөтүү аркылуу ички саясий абалды туруксуздандыруу, Осмон мамлекети тарабынан өлкөнүн түндүк-батыш областарын басып алууга апкелген, алардын тагдыры мезгил-мезгили менен Осмон мамлекетинен көзкаранды болгон. Аталган дептерлер Осмон империясы тушунда Иреван провинциясынын топонимикасын, демографиялык, социалдык-экономикалык, аймактык-административдик өтө маанилүү маалыматтарды

[1] İrəvan əyalətinin icmal dəftəri. Araşdirma, tərcuma və qeydlər akad. Z. Bunyadov. Baki: Elm., 1996-ж., 5-6-бб.
[2] TC. BOA., dosya №628, 633, 637, 681, 727, 895,901, 905.

камтыгандыктан, алардан биз көптөгөн суроолорго жооп таба алабыз. Иреван провинциясынын XVI кылымдын акыры менен XVIII кылымдын 20-30-жылдарындагы абалын салыштыруу аркылуу, көптөгөн өзгөрүүлөргө дуушар болгонуна күбө болобуз. Мисалы, 1590-жылдагы иш-аракеттер Текши жазылган дептерден Иреван провинциясынын курамы – Иреван ливасасына кирген 10 нахийден (Иреван, Карби, Веди, Аралыг, Талын, Армус, Абник, Абаран, Шарабхана), жана Нахчыван ливасасынан, анын курамында 16 нахий (Агдыжагала, Мавазий-хатун, Мюлки-Арсланлы, Гарабах, Дерешам, Дарашахбуз, Базарчаи, Шахбуз, Шарур, Зар, Забил, Алинджа, Сисьян, Азаджиран, Ордубад) жана бир сенджак (Нахчывандык) турары жазылган. Ал эми, 1728-жылы түзүлгөн иш-аракеттер Толук жазылган дептерде, осмондуктар тарабынан Нахчыван аймагындагылар үчүн атайын Толук эрежелер жазылган дептерде Нахчыван санджагынын нахийлери Зар, Забил, Шарур курамынан чыгарылгандыгы жана алардын Иреван провинциясынын курамына кошулгандыгы жазылган[1]. Ошентип, Иреван провинциясынын иш-аркеттери Текши жазылган дептерде көрсөтүлгөндөй, 1728-жылы, аты уйкаш провинциянын аймактык-административдик түзүлүшү мындай болуптур: Иреван калаасы, Гырхбулаг, Карби, Маки, Хынзирак, Карни, Веди, Деречичек, Абаран, Гёйча, Марза, Сурмали, Игдыр, Аралыг, Шарур, Садарак, Зарзамин нахийлери, жана Сурагел ливасы кирген болсо, ал эми Нахчыван санджагына Нахчыван калаасы жана нахийлерден: Нахчыван, Алинджа, Саир Мевази, Дерешахбуз, Мюльки-Арслан, Мавазийи-Хатун, Карабах,

---

[1] TC.BOA., dosya № 905; Mustafazadə N.N.1723-1735-ci illar Osmanli hakimiyyəti dovrundə Azərbaycanin vəziyyətinə dair. Az.SSR Ea-nin Xəbərləri, 1990, Tarix, fəlsəfə və huquq seriyasi, №4, s.44; Suleymanov M. Erməni millətçiliyi və təcavuzkarliği tarixindən. Baki: Hərbi nəşriyyati, 20087, cc.76-77.

Гышлагат, Дерешам, Азаддыжиран, Шорлут, Деренургют, Дерелеяз менен Сисьян кирген[1].

Иреван провинциясына караштуу дептерлер, өзгөчө иш-чаралар Текши жазылгандары өтө баалуу, анткени аларда калаанын XVI-XVIII кылымдардагы этникалык курамы боюнча маалыматтар камтылган. Чынында, дептерлерди толтурууда калкты этникалык топторго бөлбөстөн, кайсыл динди карманышаарына басым жасалыптыр. Бирок мындай жазуулар деле бардык элдүү айылдарда жүргүзүлбөй, мусулмандар менен христиандар аралаш жашаган жайтактардан гана жазылыптыр. Мусулман калкы тууралуу маалыматтар «мюслюманан», «мехеллеи мюслюманан» деп, ал эми христиандар тууралуу – «гербан», «мехллеи-гербан» деген аталыштар менен жазылыптыр[2].

1590-жылдагы дептерде, Иреван провинциясында жашаган калктын 9164 адамы гана салык төлөйт, алардын 8654 – үй-бүлөлүү, 510 адамы бойдок эркектер. Эгер, ар-бир үй-бүлөдө орто эсеп менен 5 адам деп ала турган болсок, анда Иреван провинциясында 43 780 адам жашайт[3].

Түрк тилдүү башка маалыматтарды сыдыргыга салганыбызда, сефевиддердин бийлиги тушу менен салыштырмалуу караганда, 1590-жылдан кийин осмондор Иреван провинциясында жашоого жагымдуу жагдай түзүшкөнү байкалат. Провинцияда бийлик жүргүзүү үчүн түзүлгөн, «Ганун-наме» мыйзам топтомдоруна ылайык, адилет башкаруу болгодуктан сефевид-осмон согушу убагында аймактан чыгып кеткен мусулман-түрктөрү мекендерине кайтып келишине ыңгайлуу шарт түзүлгөнүн көрөбүз.

1602-жылы шах Аббас I осмондор тарабынан басып алынган бир катар айылдарга эркиндик берип, Чухурсаад

[1] İrəvan əyalətinin icmal dəftəri. Araşdirma, tərcuma və qeytlar akad. Z. Bunyadov. Baki:Elm. 1996, с 9.
[2] Там же, с 11.
[3] Ошол эле жерде, 12-б.

беглярбеги кылып Эмир Гюне ханды дайындады.

1639-жылы башталган тынчтык өкүм сүргөн мезгил 1723-жылга чейин созулуп, Ireван провинциясынын демографиялык өсүшүнө оң таасирин тийгизди. Азербайжандын батыш областтарына каттаган чет элдик саякатчылардын жазгандары да кызыгуу жаратат. 1647-жылы Азербайжанга келген Осмон саякатчысы Эвлия Челеби минтип жазыптыр: Иреванда 2060 кожолук там[1] бар десе, Иреван аймагы аркылуу Исфаганга саякаттаган Жан Шарден, Иреван сепилинде болжол менен 800 там (40 000 адам) болгонун белгилеп, алардын бардыгы «таза кандуу сефевиддер»[2] деп жазыптыр. Нахчыванда дагы шаар калкынын саны көбөйгөнүн байкоого болот. Э.Челеби: 10 миң чоң-чоң үйлөр[3] калаанын көркүн чыгарып турат деп жазса, Жан Шарден болсо сепилдин ичинде 2000 там[4] бардыгын белгилеген. 1655-жылы Иреванга келген Жан Батист Тавернье өзүнүн эмгегинде калаанын сепилинде жалаң мусулмандар гана жашаганын белгилеген. Аны Иревандын ханы кабыл алгандыгын, жана ал мусулманчылыкка өтө берилген адам болгондуктан, шарап ичирбей койгондугун[5] жазган.

Ошол эле убакта Жан Шарден топонимдер боюнча өтө кызык оюн жазып калтырыптыр: «Шаардын жери түштүк-батышында агып жаткан Зенги дарясынын суусу менен сугарылат. Сардардын хансарайы өтө кооз, шаңкайган үй. «Кечи галасы» («Эчки мунарасы»)…Суроо туулат: эмне үчүн бул аймактардын кожоюндары перстер болуп туруп, дарыялары «Гырхбулаг» («40 булак»), «Зенги»? Эгерде

[1] Эвлия Челеби. Книга путешествий. Москва, 1983-ж., 155-б.
[2] Jan Şardən. Səyahətnamə. Fransiz dilindən tərcumə edəni Vaqif Aslanov. Baki:Elm – 1994, c.21.
[3] Azərbaycan tarixi uzrə qaynaqlar. Baki: Azərbaycan Universiteti Naşriyyati, 1989. C. 232.
[4] Jan Şardən. Səyahətnamə. Fransiz dilindən tərcumə edəni Vaqif Aslanov. Baki:Elm – 1994, c.63.
[5] Məmmədov İ. Tariximiz, torpağimiz, taleyimiz. Baki: Adiloğlu, 2003, c. 30.

ушул сепилди перстер курган болсо не себетен мында туруп калган перстер сепилди «Кечи галасы» деп аташкан»[1]?.

Негизинен, белгилей кетчү жагдай, Э.Челеби менен Жан Шарден жазышкан Иреван менен Нахчывандын калкынын саны так болбошу деле мүмкүн, бирок провинция менен калаанын калкынын өсүү шарттарын боолголоого толук мүмкүндүк ала алабыз.

Калкынын этникалык курамы, демографиялык абалы XVIII кылымдын 20-30-жылдары бул аймактарды осмондор басып алганга чейинкиси белгилүү болду. Эми, калаа калкы тууралуу маалыматтар, алардын саясий окуяларга катышуусу осмон жана армян хроникаларында жазылгандарга назар буралы. Жогоруда айтылгандай, армян хроникаларында карама-каршы пикирлер арбын кездешет. Мисалы, Исрафил Мамедов, армян аалымдарынын эмгектерине кайрылып, Ервенд Шахезиз минтиптир, Исмаил шах Ревангулу ханга сепил, тамдарды кур, калаанын коопсуздугу үчүн кам көр деп буйруган болсо, эмнеге Иреван аталышы менен Ренвангулу хандын атынын ортосунда эч кандай байланыш жок. Еравнд Шахезиздин пикири боюнча Ереван аталышы VII кылымдан бери эле белгилүү[2] дейт. Бул жерде «Епископ Себеостун (VII кылымдагы жазуучу) «Император Иераклинин тарыхы» эске алынса керек, анда минтип жазылыптыр: «Кийинки жылдын башында исламчылардын аскери Атрапатаканды каптап келип, үч бөлүнүп кетишти. Бир отряды Айраратка багыт алды; экинчиси өздөрүнүн полкун карай, учүнчү тобу Агванияга карай жөнөштү… Эреванга (Herewan) чогулушуп сепилдегилер менен айыгышып салгылашышканы менен жеңе алышкан жок»[3]. Бирок, бизге ошол тексттин армян чыгыштаануучусу, Лазарев институ-

[1] Ошол эле жерде, 31-б.

[2] Məmmədov İ. Tariximiz, torpağimiz, taleyimiz. Baki: Adiloğlu, 2003, с. 33.

[3] История императора Иракли. Сочинения епископа Себеоса, III бөлүм, XXXII глава. Орусчага которгон К.Патканов.

тунун чыгыш тилдери факультетинин бүтүрүүчүсү, армян тили боюнча илимдин доктору Керопэ Паткановдун орус тилине которгон нускасы гана жетти. Бул окумуштуу армян тарыхы боюнча котормочу –фальсификаторлорду даярдаган адис катары илимпоздордун арасында белгилүү[1].

Иван Лазарев – Ирандан жер которуп келген, ак сөөктөрдүн байыркы бутагынын тукумдугуна талапкер болгон, Россиянын калкалоосу астында көчүрүлүп келген армяндарга ылайыкталган проектилерди даярдоого активдүү катышкан. Лазаревдер келечектеги армяндар өлкөсүндө эбегейсиз кудурет күчкө ээ болууга умтулган. Бул максатына жетүү үчүн Лазаревдер тарыхты бурмалоодон да кайтпастан, ушул жерлерди армяндардыкы деп, алардын көз алдында «далилдегенге» чейин барышты. Санкт-Петербургдагы РГИАнын 880-фондунда (Абамелик – Лазаревдердин фонду) фальсификацияга учураган көптөгөн документтерди табууга болот. Чыгыштын (перстердин, түрктөрдүн жана армяндардын) тилдерин бир гана армяндарга үйрөтүп окутушчу, ал эми калгандарга жалпы гимназиялык гана сабактар өтүлчү[2]. Чыгыш авторлорунун типографияда басылган эмгектерин бурмалап оңдоо иши Институттун Кеңешинин жетекчилиги[3] астында жүргүзүлчү экен. Ушундан улам бул жердеги документтердин бардыгын дыкат анализден өткөрүү керек деген ойго түртөт. Маселен, жогорудагы VII кылымга таандык деген автордун эмгегинде Эреван (Ереван) деп жазылганына басым жасалат, мындай аталыш кийин гана айтыла баштаган. Айта кетчү жагдай, ошол мезгилдеги

---

[1] 30-летие специальных классов Лазеревского института восточных языков, Москва, 1903-ж.,4-б.; Базиянц А.П. Создание Института восточных языков в Москве, (XIX к. биринчи жарымы), Очерки по истории русского востоковедения, VI жайнак, Москва, 1963-ж. 273-274-бб.

[2] РГИА, 880- фонд, 5-оп., 169-д., 22-б.

[3] Там же, 147-д., 193-б.

араб авторлорунун биринде дагы бул калаанын аталышы эч кандай формада кезикпейт.

Көпчүлүк учурда, осмон жана армян тарыхый адабияттарындагы маалыматтар «Иреван провинциясынын Дептерлериндеги» маалыматтар менен дал келет.

Камани Мустафанын «Реван фетхнамеси» чыгармасында 1723-жылдагы Иреван калаасынын алдындагы осмон аскерлери менен сефевиддердин биринчи салгылашында 10 миңден ашык адам навыт болуп, 15 миң аял менен балдардын туткундалаганы баяндалат[1].

Армян хроникаларында осмондордун Иреван шаары менен сепилине чабуул жасаганы, жана Иреванды коргоо өтө туура эмес чагылдырылган. Аларда бул аймактар Сефевиддерге эмес армяндарга таандык болгон деп айтылып, ошондой болгону менен жогорку бийлик сефевиддерге таандык болгондуктан алардын карамагында шарттуу гана болушуп, анан калса, сепил менен калааны коргоого жалаң гана армяндар катышып, коргонуучулардын башында Алигулу хан болбостон, Григорий вардапет болгон дешип, башкалар калаа сепилине жашынышып, каталикостун кийлигишүүсү менен салгылаш токтотулуп, ошондо да кийин осмондорго Иреван калааны өткөрүп берүү келишими одоно бузулуп, калаадагы армян аскерлерин кырып салышкан дешет[2].

Армян хроникаларында Иреван калаасы менен сеплинде жалаң эле армяндар жашаган деген ой ар түркүн ыкмалар менен таңууланат. Бирок, ошол Иреван салгылашына катышкан Камани Мустафа аганын эскерүүсүндө тескирсинче, алар тарапка өтүшкөн бектер, кентхудалар жана Карвансар айылынын аксакалдары аркылуу Иреван сепилин өткөрүп берүү талабы жазылган осмон аскеринин казысы-

---

[1] Aktepe V.1720-1724-ı. Osmanli-İran münasebetleri ve silshşor Kemani Mustafa ağanin Revan Fetihnamesi. İstanbulk: 1970, 46-47-бб.

[2] Ереванци А. История войн 1721-1736 гг., Ереван: 1939-ж., 19-21-бб.

нын каты «Иреван сепилинин башчылары менен улемдерге» багышталганы (армяндарга эмес), жана да алардын бул талабын четке кагып, калааны коргоону уюштурган Алигулу хан (Григорий вардапет эмес) болгонун[1] жазган. Иреван провинциясында 1724-1728-жылдарда осмондор менен сефевиддердин ортосундагы кагылышууда өзгөрүүлөр болгондугун ушул айтылгандар далилдеп турат. 1728-жылкы «Иреван окуялары Тыкыр жазылган дептерде» провинцияда жашаган 15 095 адамдын 93.5% (14 122 адамы) – үй-бүлөлүүлөр, жана 6.5 % (973 адам) – бойдоктор болгон экен. Ошол эле жазма булак тастыктагандай, Иреван калаасында 428 түрк-мусулмандардын үй-бүлөсү жана христиандардын 224 үй-бүлөсү менен 9 бойдок катталганы жазылган. Эгерде бир үй-бүлөдө орто эсеп менен 5 адам болгон деп эсептей турган болсок, анда Иреван калаасындагы 3 369 адамдын 63.5 % түрк-мусулмандары, жана 36.5 % – христиандар болот экен[2]. Бул маалыматтар И. Шопен тарабынан да тастыкталган[3].

Иреван провинциясында жазылган «Дептерлер» Иреван, Нахчыван жана Ордубад калааларынын турмушунда болгон өзгөрүүлөрдү, жагдайларынын өсүшүн, жаңы мечиттер менен коргонуу дубал курулуштарынын абалын чагылдырат. «Дептерлерде» калаалардын демографиясы, топографиясы, карманган диндери, коомдук жана башка курулуштары маалымдалат. Ошентип, Иреван калаасында 1590-жылы 6 магал (Дерекёй, Мардирос, Мазара, Кичик Гайыг, Эйали, Вёркчу Охан) болсо, 1728-жылы Иреванда 4

---

[1] Aktepe V. 1720-1724 Osmanli-İran münasbetleri və silahşor Kemani Mustafa ağanin Revan Fetihnamesi. İstanbul: 1970, c. 45-46.

[2] İrəvan əyliətinin ismal dəftəri.Araşdirma, tərcümə və qeydlər akad. Z. Bünyadov. Baki:Elm., 1996,c.18.

[3] Шопен И.И. Исторический памятник состояния Армянской области в эпоху ее присоединения к Российской Империи., Санкт-Петербург: Типография Императорской Академии наук. 1852-ж., 544-б.

магал (Кёхне Шехер, Демирбулаг, Дерекенди,Тепебашы)[1] болуп өзгөргөн. Салыштырып карап көрөлү, И. Шопендин маалыматында XVIII кылымдын 30-жылдарында Ирevандын беглярбеги Ибригим паша Иреван сепилинде султан Махмуд I дин (1730-1756-жж.) урматына Жума мечитин салдырганы[2] жазылган.

Иреван провинциясынын Жалпы маалымат берген дептерлеринде XVI-XVIII кылымдардагы Иреван калаасынын тарыхы, демографиялык абалы, ошондой эле коомдук-саясий турмушу чагылдырылган.

Белгилүү болгондой, XVIII кылымдын 20-жылдарында, Сефевид державасынын бийлиги болуп көрбөгөндөй бошоңдоп кеткенинен, ошондой эле, Орус мамлекетинин каспий жээктериндеги аймактарында активдешкенинен пайдаланып, осмон бийлиги, Россия менен чындап салгылашууддан кооптоно четтеп, 1724-жылы Стамбул келишимине кол коюп, анын шарты боюча, каспий жээгиндеги аймактарды Россияга каранды деп таанып, ошол эле учурда Түштүк Кавказ менен Түштүк Азербайжандын аймактарын басып алууга орустардын батасын алыптыр. Султан Ахмед III буйруну менен осмон аскерлери чек-араларды бузуп киришип, Сефевид мамлекетинин аймактарына чабуул коюшуп Ардебильге чейинки шаар-калааларды басып алышкан. Түрк аскерлери Чухурсаад беглярбектигиндеги Иреван сепилинин жанынан алгачкы жана орчундуу соккуга туш болушту. Иреван сепилин басып алууда 75-миң аскерден турган армияга Абдулла паша Кёпрюлю башчылык кылган[3]. 1724-жылдын 31-августунда осмон армиясы Ирevандагы

[1] Шопен И.И. Исторический памятник…, 1852-ж., 546-б.

[2] İrəvan əyliətinin ismal dəftəri.Araşdirma, tərcümə və qeydlər akad. Z. Bünyadov. Baki:Elm., 1996,c.8;TC.BOA., dosya №895.

[3] Армянская анонимная хроника (1722-1736 жж.) Түрк тилинен орусчага которуп, тактоолорду жазган Азербайжан ИА академиги З.М. Бунаитова. Баку: 1988-ж. 8-б.

сефевид гарнизонун түп орду менен жок кылышты. 1732-ж. Осмондор менен Сефевиддердин ортосунда Кирманшах келишими түзүлүп, анын шарттары боюнча Иреван, Нахчыван Осмон империясынын курамына өттү. Көп өтпөй бийликке келген Надир шах, Тахмасиб II кол койгон осмондор менен болгон келишимди тааныбай тургандыгын билдирди. Жыйынтыгында, кызылбаштардын аскеринин ыкчам чабуулдарынан кийин осмондордун Азербайжандын аймактарындагы колдоо пункттары алсыраган соң, 1733-жылы Иреван кайрадан Сефевиддердин мамлекетине кайтарылды. Надир шахтын өкүмдарлыгы узакка созулбады. 1747-жылы ал өлтүрүлгөндөн кийин Азербайжандагы саясий абал өзгөрүп – хандык доор башталды.

Иш жүзүндө айрым мамлекеттик жана жарым-жартылай мамлекетке караган уюмдар Сефевид мамлекектинин карамагына каргандары менен, эбак эле өздөрүнчө хандык бийликтерин орнотуп алышкан эле. Иреван хандыгынын башаты дагы Чухурсаад беглярбектигинен башталат. Надир шах өлтүрүлгөндөн кийин Иревандын беглярбеги Пир Мухаммед өз бийлигин сактап калууга аракеттенди, бирок Ирвандагы көтөрүлүштүн башында турган жергиликтүү феодал Мир Мехти өзүн хан деп жарыялап, көз карандысыз Иреван хандыгын[1] түздү.

Тарыхый маалыматтарды сыдыргыдан өткөзгөндө Иреван хандыгы мурдагы беглярбектин бийлигиндеги аймактарды толук камтый албаптыр. Беглярбектиктин айрым жерлери Нахчыван жана башка хандыктарга кириптир. Иреван хандыгы Гёйча көлүнүн айланасындагы жерлер менен чектелип, 15 магалдардан куралыптыр: Гырхбулаг, Зенгибасар, Ведибасар, Шарур, Сиран, Дерек, Саатлы, Тала, Сейдли-Агаджалы, Сардарабад, Герни, Абаран, Деречичек жана Гёйча. Хандыктын борбору Иреван болгон[2].

[1] Azərbaican tarixi. 7 cilddə. III cild. Baki: Elm, 1999, с. 413
[2] Там же, 414-б.

Иреван жашыл тулаңга чулганган. Ирevандын сепилинин дубалдары Чыгыш стилинде болуп, 28 чакырымга созулган эле. Сепилдин дубалы Зенгичай көпүрөсүнөн өтүп, Демирбулаг магалы, Аббасдары, Кёшели, Абагаят, Гарабаг, Зокалгала жерлери аркылуу Зенги дарыясын карай чубалып, айландыра салынган. Сепилдин ичинде бак-шак көп эле. Административдик жактан Иреван – Калаалык, Тепебашы жана Демирбулаг деген үч кварталга бөлүнгөн. Эң чоң аймакты калаа кварталы ээлеген[1].

XVIII кылымдын экинчи жарымындагы Азербайжанда болгон экономикалык жана саясий баш-аламандык Иреван калаасынын өнүгүшүнө терс таасирин тийгизген. Ал феодалдык шаар катары кала берген, «Сардар Хансарайын» эсепке албаганда, көрүнүктүү тамдары менен имараттары жок эле. Үйлөрдүн көпчүлүгүнүн чатырлары жалпак болуп, негизинен бир кабат үйлөр эле бар болучу. Калаадагы үйлөрдүн көбүрөөгү бийик таш коргондор менен курчалган[2]. Белгилей кете турган жагдай, Иреван калаасы биринчи жана экинчи орус-каджыр согуштарында эки ирет кыйроого учураган (1804-1813 жана 826-1828-жж.). И.Шопен калаанын абалын көркөмдөп: «Калааны басып алууда кыйратуулар көп болгонун көрүүгө болот. Талкаланган үйлөр менен ыпыраган тар көчөлөр тозокту элестетет"[3] – деп жазган.

XIX кылымдын баштарында жазылган маалыматтарда Россия басып алганга чейин Түштүк Кавказдын бардык калаа-шаарларында там курган кезде алардын кооз жана архитектуралык жактан туура, ыңгайлуу болушуна көңүл бурулган деген жазуулар бар[4].

---

[1] Əlyev F. Həsənov U. İrəvan xanliği. Baki: Şərq-Qərb -2007., с.64.

[2] Друвиль Гаспар. Путешествие в Персию в 1812-1813 гг., Москва:1826, 48-бет.

[3] Шопен И.И. Исторический памятник…, 1852-ж., 567-б.

[4] Евецкий О. Статистическое описание Закавказского края в исходе XVIII в., Санкт-Петербург, 1835-ж., 45-б.

1783-жылдагы Георгиев трактатынын негизинде Картли-Кахтелия Россиянын кол астына өткөнү, азербайжан хандарынын тышкы саясатына орчундуу таасирин тийгизген. Айрым хандар алгачында Россиянын колониалдык саясатын түшүнбөй, орустардын берген кур убадаларына ишенип алышып, кыялдарында алар менен бирге өнөгөөрүн ойлошкон. Түштүк Кавказдагы туруксуз абалдан Иранда бийликке келген Ага Мухаммед Каджар дагы пайдаланууга аракетин үрөгөн. Анын максаты борбордук бийликти күчөтүп, чачыранды болгон хандыктарды кол алдына алуу эле. Ошентип, түзүлгөн тарыхый кырдаалда, хандыктардын, айрыкча Иреван хандыгынын айланасында, көркөмдөп айтканда, кара булут коюулай баштаган.

Бир жагынан Түштүк Кавказда жашаган христиандар, өзгөчө – армяндар, түзүлгөн кырдаалдан болушунча пайдаланып калууга умтулушкан. Географиялык жана стратегиялык мүмкүнчүлүгү кеңири болгон Иреван хандыгы жана анын борбору – Иреван калаасы, Россия, Каджар жана Осмон империяларын гана кызыктырбастан, бул жерге отурукташып алган армяндардын дагы бүүрүн кызыткан.

Армян тарыхчылары жазышат: «Гянджини (Россиянын – ред.) басып алуу армяндарды чексиз кубанычка бөлөдү. Стамбулдун мурдагы армян патриархы, архи-епископ Григорий менен Нерсес Аштаракеци 1804-жылдын 3 февралында Минас Лазаревге жазган катында, Россиянын Гянджи хандыгын басып алганы армяндар тарабынан терең кубануу менен кабыл алынды деп белгилешкен. Анан дагы, алар орустардын жеңиш байрагынын Иреван сепилинде желбиребегенине өкүнөөрүн жазышкан»[1].

[1] Süleymanov M. Ermәni millәtçiliyi vә tәcavüzkarliği tarixindәn.Baki: Hәrbi nәsriyyati, 2008,с.291.

Армян динчилдери Петр Биринчинин, Екатерина II убагынан бери эле такай кат алышып, падышалык өкмөт менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшүп, Россия империясынын жардамы менен Түштүк Кавказ аймагында армян мамлекетин[1] түзүү кыялдарын оорундатууга, тагыраагы, Россия үчүн стратегиялык пайдасы тие турган Иреван, Нахчыван, Карабах хандыктарынын аймагын тартып алууга күч үрөшкөн.

Кызыгуу жаратарлык фактылар дагы бар, соода-сатык менен байыган армян көпөстөрү Россиянын Иреванды күч менен басып алуусун каалашкан эмес. Маселен, Абрам Мелик Агамоглан жана жүз башы Габриель Гегемацк Тифлиске качып кеткен мурдагы Варанды мелик – Джамшид Мелик Шахназарга мындай өтүнүчтөрү менен кат жолдошкон, алар андан Цициановду Иреванга кол салуудан баш тартууга көндүрүүсүн, анын Мухаммед хан менен тынчтык келишимин түзүүгө макулдугун алуусун суранышкан, себеби, согуш болсо чогулткан байлыктарынан ажырап калуудан коркушса керек[2].

Тилекке каршы, кийинки окуялар тастыктагандай, Грузиянын Россияга кошулуусунан кийин, аскердик аракетинин агымы тездеп, орус армиясы Кавказды бүтүндөй каратып алууга жетишти. Дипломатиялык фронттогу сүйлөшүү аркылуу жетишилген келишимдер иштебей калган.

---

[1] Армяно-русские отношения в первой трети XVIII века, 2-том, 2-бөлүк, Ереван: 1967-ж.

[2] Письмо мелика Абрама и юзбаши Гавриила к Цицианову. Акты, собранные Кавказскою Археогрфическою комиссиею., 12 томдон турат, 2-том. Тифлис. Типография Главного Управления наместника Кавказсого, 1868-ж., 1205-документ, 604-605-бб.

## 1.2. Ирeвандын хандык бийлик тушундагы экономикалык абалы Калаанын социалдык-экономикалык акыбалы

XVIII кылымдын акыры менен XIX кылымдагы ич-ара согушуулар Иреван хандыгынын аймагын күчтүү үч державанын кызыкчылык аренасына айландырып, анын экономикасынын өнүгүүсүнө орчундуу тоскоолдуктар түзүлсө да, Иреван калаасынын ыңгайлуу географиялык жайгашуусу, жана анын табыхый байлыктары өнүгүүсүн токтото албады. XVIII кылымдын акыры, XIX кылымда Иреван калаасынын экономикасынын негизин айыл чарбасы, кен байлыктары менен соода жана кол өнөрчүлүк түзгөн.

**Айыл чарбасы**. Иреван хандыгынын табыгый-географиялык шарттары дыйканчылык менен алектенүүгө ыңгайлуу болгон. Кантсе да, жер түзүлүшү тоолуу келип, кенен талаалары Араз дарыясынын суусу менен сугарууга ыңгайлуу. Иреван калаасынан Гейча көлүнө чейин жана көлдүн түндүк тарабы – кара топурактуу, Гарасу дарыясынын бою саздак, Араз менен Агридаг ортосу, өзгөчө Гарнибасар, Ведибасар жана Сурмали, шор топурак болуп, түштүк тарабы – кумдак жана таштак келет. Дыйканчылыкка ыңгайллуу жерлер Зангибасар, Кёрпубасар, Сардарабат райондоруна туура келет. Сурмалы, Гарнибасар жерлеринен дагы көп түшүм алууга ынгайлуу. Иревандын экономикасында көбүрөөк пайда табуучу тармагы – айыл чарбасы. Айыл чарбасынан өндүрүлгөн товарлардын башка колдорго өтүп кетүүсүн[1] хан тыкыр көзөмөлгө алып, элдин бардык түшүмүн өзү сатып алучу.

Дыйканчылыктын негизин буудай менен арпа эгүү

---

[1] И. Шопен. Указан. работа, 874-б.; Дубровин Н. Указан. работа, 1-т., 2-китеп, Закавказье, СПб. Печатано в типографии департамента уделов, 1871-ж., 327-б.

түзгөн[1]. Региондун көп жеринде буудай менен арпага артыкчылык берилчү. Жерди буурусун менен айдагандан кийин бир-нече жыл катары менен соко менен каңтарышчу. Күздүк айдоо октябрь айында жүргүзүлүп, негизинен сугат жерлерге айдашчу, үрөн себилген соң бир нече жолу сугарышчу. Жогору жакта жашагандар жазгы үрөн себүүгө[2] артыкчылык беришчү. Төмөн жайгашкан райондордун түшүмү тоолуктардыкына салыштырганда беш эсеге арбын болоор эл, а кээде 20, ал тургай 30 эсе көп түшүм алышчу. Күздүк эгиндин түшүмдүүлүгү жаздыкка караганда бир топ эле төмөн болот. Эң жакшы түшүм Гырхбулаг жана Сардарабад магалдарында[3] алынчу. Иревандын ханы элден сатып алган буудайдын жылдык көлөмү 34 халварды, ал эми арпаныкы – 11.5 миң халварды[4] түзчү.

Таруу өсүмдүгүнө азыраак көңүл бөлүнчү, буудай менен арпага караганда алда канча аз себилчү. Себеби, таруунун түшүмдүүлүгү өтө жогору болуучу. Айрым райондордо таруу– 50 сам, ал эми, орто эсеп менен – 10 сам түшүм берет. Ошентип, эгерде 1000 галварга таруу айдалса, түшүмдүн көлөмү, орто эсеп менен 10 000 галварды түзөт. Мол түшүм бере турган жерлерге эл каалаган эгин айдоого укуктуу болуп, хан калкына тыюу салбай, эли кайсыны сепсе да үрөнүн сатып алчу[5]. Ошол себептен, хандын казынасына сатып алынган таруунун көлөмү болгону 3200 халварды[6] түздү.

Айыл чарбасында негизги орунду ээлеп, өндүрүмү туруктуу болгон күрүчтү айдоо дагы акыркы орунда эмес эле.

---

[1] И. Шопен. Указан. работа. 740-б. Кавказский сборник, 12-т., Тифлис, 1901-ж., 21-б.
[2] И. Шопен. Указан. работа. 738-б.
[3] Там же, 739-б.; Дубровин Н. Указан. работа. 1-т., 2-китеп,19-21-бб.
[4] Обозрение …, с.280.
[5] И. Шопен. Указ. работа, с.740.
[6] Обозрение …, с.280.

Күрүчтү отургузуу 20- апрелде башталып, майдын ортосуна чейин уланчу. Саатлы, Гарнибасар, Зангибасар, Гёрпубасар жана Шарур магалдарынын гана калкы күрүч айдоо менен алектенишчи. Сууну өтө көп талап кылгандыктан булардан башка аймактарга күрүч олтургузууга тыюу салынган. Айта турган болсок, 1 халвар күрүчтү өстүрүүгө кеткен сууга 10 халвар буудай, арпа же таруу өстүрүүгө болот. Ошондуктан, күрүчтү саздак гана аймактарда өстүрүшкөн. Жогорку сапаттагы күрүчтү Зангибасар, Кёрпубасар райондорунда өндүрүшкөн[1]. Саадлы, Гарнибасар, Зангибасар, жана Кёрпубасар райондорунда түшүмдүүлүк 10 самдан, 20-, 30 самга чейин жетчү, а Шурурда – түшүмдүүлүк 50[2] самга чейин жеткен. Жылына орто эсеп менен 18 400 халварга[3] чейин сатылчу. Күрүчтүн ар бир халварын 6 сомдон сатып алууга болор эле[4].

Ирევандын калкы өздөрүнөн арткан зыгыр буласы менен күнжутту дагы сатууга мажбур болушкан. Зыгыр менен күнжут да жакшы түшүм берер эле. Бирок, буларды төмөн жактагылар сейрек өстүрүшчү, анткени булар да сууну көп талап кылып, сатыкка келгенде баалары да төмөн болучу. Зыгыр майы үйлөрдү жарык кылуу үчүн колдонулган, ал эми, аябагандай даамдуу келген күнжут майы ашпозчулукта колдонулган[5]. Төрт батман зыгыр же күнжут уругунан 1 батман зыгыр же күнжут майын сыгып алышкан[6]. Мурда зыгырдын сабактарынан аркан эшишчү, басып алынгандан кийин бул өндүрүшкө талап жок болуп калды[7]. Ирევандыктар арканды кара куурайдан эше турган[8]. Жылына хан

[1] И. Шопен. Указ. работа, с.740-741.
[2] Обозрение …, с.278.
[3] Обозрение … с.280.
[4] И. Шопен. Указ. работа, с.873.
[5] И. Шопен. Указ. работа, с.741-742.
[6] Обозрение … с.280.
[7] И. Шопен. Указ. работа, с.741-742
[8] Ошол эле жерде.743-б.

элден 24 халвар күнжут жана 12 халвар зыгыр майын сатып алар эле[1].

Зангибасар, Сардарабад жана Сурмалы райондорунда чигит эгишээр эле. Чигитти апрель-май айларында олтургузуп, түшүмүн октябрь-ноябрда[2] терип алышчу. Бул чөлкөмдөрдүн калкы пахта өндүрүүнүн агротехникалык эрежелерин жакшы өздөштүрүшкөн. Пахтадан түшкөн киреше арбын болгондуктан, Иреван хандары бул өсүмдүккө өзгөчө маани беришкен. Дыйкандардан пахтанын халварын 80 сомдон[3] сатып алышып, өздөрү 120 сомдон[4] сатышчу. Жылына калктан 2100 халвар пахта сатып алынчу[5].

Пахтанын арасына[6] жана пахта себилген аянттын чекелерине кене-күнжут олтургузушчу[7]. Кене-күнжуттун бою бою айрым учурларда 2 дюймга чейин көтөрүлчү. Жергиликтүү элге жакшы таанымал болгон кастор майы анын буурчак данынан алынчу[8]. Эгерде 1 батман урук 50 батман түшүм берген болсо, андан 12½ батман май алынган[9]. Ханга га калк жылына 40 халвар кастор майын сатып турушкан[10].

Тамекини талапка жараша бардык райондордо өстүрүшкөн. Аны негизинен Сурмалы районунда өндүрүшүп, бир канчасын сатыкка чыгарышчу. Сурмалы районунун Архаджы айылында өстүрүлгөн тамекинин түшүмдүүлүгү арбын болчу. Бул жерде 1 фунт тамеки уругунан 1 халвар түшүм алынчу. Эрхаджи кыштагында жылына 40 халвар[11]

---

[1] Обозрение … с.280.
[2] Обозрение … с.278.
[3] И. Шопен. Указ. работа, с.873.
[4] И. Шопен. Указ. работа, с.744.
[5] Обозрение … с.280.
[6] И. Шопен. Указ. работа, с.744.
[7] Обозрение … с.279.
[8] И. Шопен. Указ. работа, с.744.
[9] Обозрение … с.279.
[10] Обозрение … с.280.
[11] И. Шопен. Указ. работа, с.745.

тамеки өстүрүшчү. Жылында бардык райондорду кошкондо 60 халвар тамеки өндүрүлчү[1].

Жылына казынага буудай, арпа, таруу, күрүч, кене-күнжут, күнжут, зыгыр жана тамекиден 830 миң сом киреше кирип турчу[2].

Иреван хандыгында жибек өндүрүү болгон эмес. Анткени, бул аймактардын табыгый-географиялык шарты ага туура келбейт эле. Кышы катуу болгондуктан жибек куртун азык менен камсыздоо кыйынчылык жаратмак. Жибек курттарын багуу үчүн атайын шарттарды түзүү өзүн актамак эмес. Ошондой болсо да, айрым маалыматтарга караганда, Иреван калаасынын тургундарынын арасында, жибек өндүргөндөрү да болуптур. Европалык саякатчылардын бири XVIII кылымдын соңунда Иреванда болгонунда «Иреванда ого эле көп жибек өндүргөндөрдү» көргөнүн[3] жазат. XIX кылымда Иреванда жибек өндүрүшү болгону тууралуу маалыматтар жокко эсе, бирок «тыт дарактарынын калаада өскөнү жибек өндүрүшү болгонунан кабар берет»[4]. Орус окупациясынан кийин Иревандагы жибек өндүрүү көлөмү жылына 10 фунтту түзгөнү, өндүрүштүн бул түрү токтоп калгандыгын билдирет. Анын үстүнө, жергиликтүү калктын жибек өндүрүүгө мамилеси солгундаганын, рентабилдүүлүгүнөн күмөн санашканы болсо керек.

Айыл чарбасынын дагы бир кыры катары жашылча-жемиштерди өстүрүү саналат. Ирeвандын жашоочуларынын тамаркаларынан ар түрдүү жашылча-жемиштерди: пияз, кызылча, буурчак, төө буурчак, сабиз, горчица, баклажан, дарбыз, коон, капуста ж.б[5]. көрүүгө болгон. Ирeвандын дар-

[1] Обозрение … с.280.
[2] Там же.
[3] Армяно-русские отношения в XVIII веке., 1760-1800 гг., Сборник документов, т.;, изд. АН Армянской ССР, 1990, с.215.
[4] И. Шопен. Указ. работа, с.753.
[5] И. Шопен. Указ. работа, с.745-746; Сборник материалов для описания местности Кавказа, вып.1, Тифлис, 1881., с.28.

дарбыздары менен мөмө-жемиштери өзгөчө бааланган. Дарбыздын эле бир-канча түрү болгон: хуни, агабей, курбанага жана хасанбей сорттору, ошондой эле коондун да: дерд шаллаг, досту джан, жарожар жана тутма деген сорттору[1] болгон. Түштүк Кавказда Иревандын өтө ширин коондоруна болгон талап[2] чоң эле. Коон эгилген жерлердин аянты жагынан эң эле чоңу Иревандан ханына – сардарга таандык болгондуктан, ал аны ижарага берүүчү.

Иревандын бактары кеңири аянтты ээлөөчү. Ирevандын айланасында аянты 1233 халвар келген 1473 бак болгон. Иревандагы бактардын жарымынан көбү – жапайы өскөн жаратылыш бактары[3] эле.

Бактардын жарымы – ар-түркүн мөмө бактары болсо, экинчи жарымы – жүзүмзарлар боло турган. Бактарда алма, алмурут, шабдаалы, өрүк, алкор, алча, гиларс, хурма, бээ алма, инжир, миндаль, фисташка, анар, тыт жана башка жемиштин түрлөрү боло турган[4]. Эл ичинде шабдаалынын мындай сорттору бааланар эле – кярди жана ярма; алманын – кербалаи, джафар, ваххаб, дженнет, худжейнали, ахыска жана иль; алмуруттун – хиджмехди, малача, сини[5] жана өтө белгилүү гюлаби сорту, анын эки даанасы бир идишке сыйчу эмес. Бакчалардын теңинде – тыт бактары өсүүчү. Калаада даамынын шириндиги менен өзгөчөлөнгөн кара жана агыш алча, алкордун бир канча түстөгү сорттору, бээ алма; өрүктүн болсо – агджанабад сорту[6] айтууга татыктуу. Жүзүмзарларда жүздөн ашуун жүзүм сорттору болуп, алардын ар биринин өзүнчө аталыштары боло турган. Мисалы, гарашахани – кара түстө болуп, сүйрү болсо; ак сахаби – ак

---

[1] СМОМПК, с.28.
[2] Обозрение … с.280.
[3] И. Шопен. Указ. работа, с.747-748.
[4] И. Шопен. Указ. работа, с.749; Обозрение … с.281.
[5] СМОМПК, с.26-27.
[6] И. Шопен. Указ. работа, с.749-750.

жана чоң; джафти – ак жана чоң; аскери – өзгөчө ак жана майда; каремеганди жана табарза – жашыл, чоң; разибаба – ак түстө, чоң жана сүйрү; меиз – ак, даны жок, майда; разиги – ак, анча чоң эмес; кызыл гулами – кызгылтым, чоң, сүйрү; халлылы – тез өсүүчү, ак, майда жана сүйрү, хачабаши – жашылтым-сүйрүрөөк (башка түрлөрүнө караганда жакшы сакталат); мискали – өтө чоң, ак, тоголок; гырмызы кишмиши – кызыл, дансыз, майдасы да, ириси да болот; зайни – ак, чоң жана сүйрү[1]. Жүзүмдөн сапаттуу шарап менен сирке (уксус) ачытышчу.

Иреван хандары өздөрүнүн жемиш бактарына жакшы карашып, Иран менен Индиядан алынып келген жаңы жана жакшы сорттогу бактардын көчөттөрүн отургузушуп, алардын гүлдөп-жайнашын камсыздап турушкан[2].

Бакчалар ижарага жазында берилип, качан алар гүлдөгөн кезде, түшүмдүүлүк кандай болоорун боолголошкон. Ижарачылар бак арасындагы чөптү чаап, мөмөлөрдү чогултууга милдеттендирилген. Хан дайындаган багбандар ижарага алгандарды текшеришип, мөмө-жемиштердин уурдалып кетишине бөгөт коюп турушкан. Башкы байкоочу багбан бардык бакчалардын үстүнөн текшерүү жүргүзчү. Күзүндө, түшүм жыйналып алынган соң, бактар улуу багбанга кайтарылып берилчү. Октябрдан баштап, хандын талабына ылайык, жемиш бактарын кыркып-түзөгөн жумушчулар кызматка алынчу[3].

Айыл чарба иштерин аткарууда калаанын калкы дан эгиндери менен пахта өндүрүүгө өзгөчө мамиле кылышчу. Калаанын айдоо аянттары 300 халварга чейин жетээр эле[4].

Жаратылыштын шарттары мында мал-чарбачылыгын өнүктүрүүгө да ыңгайлуу болучу. Гырхбулаг, Гейчан, Аба-

---

[1] И. Шопен. Указ. работа, с.749-750.
[2] Там же, 750 – 751.
[3] И. Шопен. Указ. работа, с.959.
[4] Акопян Т.Х. Очерки истории Еревана. Ереван., 1977, с. 122.

ран, Дарачи, Гарнибасар, Ведибасар, Талин, Сурмалы жана Даракан магалдарында мал багууга жайыттары кенен болгон[1]. Малды жайыт которуп багуу маселеси дагы чечилген болучу. Жай келээри менен малчылар жайлоого чыгууга шашаар эле[2].

Ар бир үй-бүлө койлорду, уйларды жана башка да малды кармашчу. Жер айдаганга букалар менен өгүздөрдү пайдаланышчу. Айрым учурда кыштык жер айдаганда 14 өгүзгө чейин кошко салышаар эле. Жазгы себүү мезгилинде 2 кош өгүз чегилген соко тартышчу[3]. Ошондой эле, жүктөрдү бир жерден экинчи жерге жеткизүүдө, же дагы башка оор жумуштарды өгүздөр менен иштетишкен. 6-10 пуд келген жүктөрдү өгүздөр чегилген арабалар менен 30-40 чакырым аралыкка ташышаар эле[4].

Таракеминдик малчылар малын жайлоого чыгарып, кышкысын кыштоолордо багышаар эле. Айрымдары айылында калышып дыйканчылык менен шугулданышчу. Жайкысын малдарын жайлоого айдашып, кыш келгенде айылга келишчү. Таракеминдиктер короо-короо койлорду кармашчу[5].

Адатта малчылардын такай жашаган жерлери – экиден болоор эле. Алар жайлоо менен кыштоого көчүп-конуп жашашчу. Малчылар кеңири аймактарга мал багышчу[6].

Бардык эле феодалдык калаалардай, Ирэвандын тургундары деле дыйканчылык менен катар мал чарбачылыкты кошо өздөштүрүшкөн. Бирок, түшүнүктүү, бул жерде негизинен багбанчылык менен мөмө-жемиш өстүрүү жакшы өнүккөнү белгилүү. Иреван хандыгынын борбору – Иреван каласы хандыктын бардык айылдарында өндүрүлгөн товар-

[1] И. Шопен. Указ. работа, с.523-525.
[2] Дубровин Н Указ.работа, т.1, кн.2, с. 327.
[3] И. Шопен. Указ. работа, с.737-738.
[4] Там же, с. 784.
[5] Там же, с.519–521.
[6] Там же, с.651.

ларды сатууга койгон негизги жана чоң базар болгон. Ушуга байланыштуу, бул бөлүмдө Иреван хандыгынын бардык магалдарында өндүрүлгөндөр туурасында маалыматтар камтылды. Калаанын ичинде зыгыр менен күнжут өстүрүү жайылган. Иреван хандыгында табыгый шарттарга байланыштуу жибек өндүрүү анчалык өнүкпөгөнү менен, XVIII кылымда жибечиликти өздөштүрүү аракети болгонуна далилдер бар, бирок бул тармак анча өнүгө алган эмес. Мал чарбачылыгы да негизинен өнүгүп, калаа тургундары майда жандыктар менен үй куштарын багышчу.

**Жаратылыш ресурстары.** Иреван хандыгынын аймагында жаратылыш кен байлыктары да арбын болучу. Бул жерден жез, курулуш акиташын, мрамор казып алып керектешчү, кварцтан эритип айнек чыгарышчу. Мунун баары кол өнөрчүлүктүн түрлөрүн өздөштүрүүгө түрткү берген. Ун тартуу үчүн тегирмендин ташын, сапаттуу жаргылчак жасоого да жергиликтүү таштарды пайдаланышкан. Туз кенин өздөштүрүү менен балык улоо дагы казынага бир кыйла киреше алып келээр эле. Иревандыктар гырмыз деп атаган кызыл түстөгү кашинель коңузу Агрыдагдын таш беттеринде, Араз дарыясынын эки капталындагы тектирлерде, Гарасу менен Сардарабад дарыяларынын түндүгүндө, ошондой эле Кёрпубасар менен Ведибасар магалдарында көп болор эле. Алар мексика менен польшанын кошинелинен алда канча ири болгон. Бул коңуздар Иранда да, Орто Азияда да өтө кеңири таанымал болушкан[1]. Кызыл коңуздан алган кырмызы боёкту парча жана башка кездлемелерге түр берүүгө, ошондой эле, кармин (күлгүн түс) жасалгалоого пайдаланышкан[2].

Мындан тышкары Иреван хандыгынын аймагында ма-

---

[1] И. Шопен. Указ. работа, с.809-811.
[2] Обозрение…ч.IV, с.266.

рена, наз, мия тамыры жана башкаар түрдүү түстөгү боёкторду жасоого керек өсүмдүктөр көп болоор эле[1].

Жезди Карачичек магалынан алышчу, анда жез чыккан кен иштетилчү. Бул жерди жездин мекени[2] деп аташчу. Бул кенди иштетүүнү хан грек үй-бүлөлөрүнө берген болучу.

Бул жер гранит, базальт, нефрит жана парфирге бай келип, Гулп айылынын жанында казып алынган кызыл нефриттин сапаты египеттин ташынан кем эмес болучу. Арханджы айылынын айланасындагы Бёюк-Агрыдаг дөңсөөсүндөгү кызгылтым куелген парфир менен яшма таштарынан жергиликтүү эл жаргылчактарды жасашаар эле. Бул жерлер Баязиддин элине ижарага берилген. Ар бир жаргылчактан 1 күмүш теңге алынчу. Ал эми, Иревандын калкы бул налогдон бошотулган[3] болучу. Иреван хандыгынын аймагында базальттын бардык түрү бар.

Жаргылчак жасала турган граниттин катмары Гёйчин магаласынын капчыгайы аркылуу созулуп жаткандыктан, Гёйчин магаласынын жашоочулары Гёзельдере (Кооз капчыгай) дешет. Гёйчин магаласынан пемза минералын да кезиктирүүгө болот. Бир кездеги вулкан ташты күйгүзүп кадимки эле кышка айлантып койгон. Мындай пайдалуу минералдар Иреван менен Тал райондорунда арбын. Абаранда алтын түстөгү жалтырак кварц[4] бар.

Бардык эле тоо кыркаларынан обсидиандын көптөгөн түрүн табууга болот. Обсидиан катмарынын эң эле арбын кездешкен жери Гейча көлүнүн түштүк-батышынан Заңги дарыясына чейин созулуп жатат. Бөтөлкөнүн түбүндөгү кочкул айнегине окшогон жылтырак обсидианды архитектурада колдонушчу. Алагёз тоосунан кооз обсидиан алышчу. Бирок обсидиандын өтө сейрек кездешчү үлгүлөрү Га-

[1] Обозрение…ч.IV, с.267.
[2] И. Шопен. Указ. работа, с.816.
[3] И. Шопен. Указ. работа, с.817.
[4] Там же, с. 817.

джи-Байрамлыга бараткан жолдогу кыртыштан табылган. Бул жердин обсидианы кара, кочкул кызыл, сары түстө болот, көпчүлүк учурда кызыл, кара, ак түстөгүлөрү дагы казылып алынган. Бул жерден алынган минералдардан ар кандай буюмдарды: вазаларды, мозаикаларды, түркүктөрдү, ал тургай олтургучтарды да жасашаар эле[1].

Гейчин районунда сланец минералы арбын кездешчү. Сланецтин өңү – кочкул-жашыл. Акиташ сымал агыш түстөгү талаа шпаты чакмак түрүндөгү крissталлдардан туруп, апакай болуп көрүнөт. Иреван хандыгынын бир катар жерлеринде миндаль түрүндөгү сүйрү кооз минерал таштар кездешчү.

Дарачичек районундагы минерал суулар чыккан жерлерден сары кашка мрамор таштары чыгаар эле. Мындай мрамор өтө эле кымбат сатылат. Улуханлы айылы менен Заңгибасар магалынын Гулп айылындагы тоо кыркаларында мрамордун ушул породасы менен акиташ катмарлары бар. Ведибасар магалынан медицинада колдонулуучу магний минералы[2] алынат.

Гипс чыккан жерлер да көп. Гүпинден чыккан гипс өтө апакай, Каррардын алебастрына окшош келет; Деги эле бул айылдын айланасындагы тоо кыркалары кен байлыктарга бай. Бул жерде мрамордун бардык өңдөгүлөрү бар, акиташ дагы арбын казылып алынат. Дарчичегдеги мисхан кенинин түштүгүрөөгүндө гипстин катмары созулуп жатат[3].

Курамында тузу бар гилбото Гулп тоосунан алынат, анын боз, кочкул-боз, саргыч-боз, кызгылтым-боз, бозомук, кызгылтым-күрөң түстөгүлөрү бар. Гилботонун кызыл түстөгүсү тоонун түндүк-батышындагы кырларынан казылып

---

[1] И. Шопен. Указ. работа, с.818.
[2] Там же, с.819.
[3] Там же, с.818.

алынат. Саргыч гилбото негизинен тоонун түндүк-чыгышынан алынса, кызгылтым кумдак гилбото кызыл гилбото менен жандаш жайгашканын көрүүгө болот[1].

Араз дарыясынын боюндагы жерлер жер семирткичке бай, аларды химиялык жол менен иштетип жанар от (порох) алууга болот. Бул жерлер дагы алюминий алуучу рудага бай. Агридагдын айланасындагы кыртыш булак суусуна чайкалып отуруп, тунмасынан квасцы[2] (алюминий рудасы) алынат.

Айылды курчап турган тоолор, Гулп айылнын өзү деле туз кенине бай. Гусейингулу хандын убагына чейин эле тоонун ар кай жеринен шамшыкал туздары казылып алынчу. Туздун баасы кескин көтөрүлүп кеткен соң, аны жакын тоолордон казып алууга уруксат берилген, мисалы, Гулп айылынан 200 сажень аралыктагы тоодон казылчу. Мында эки жерден туз казылчу. Алардын бирин суу «каптап» калган соң туз алуу токтотулган. 1815-жылдан тарта экинчи жерден ала баштаган[3]. Туз алган кендин узундугу 70 саржан болуп, ал эми туурасы 20 саржанга барабар болгон. Туз алуу катмар-катмары боюнча болуп, ордунан эле сатылып кетчү[4].

Туз кенин казып алууга көзөмөл жүргүзгөн хан даййындаган өзгөчө кызмат орду болгон. Аны хан бекиткен султан башкарат. Султандын үч жардамчысы (мырза) болор эле. Бул атайын кызматтагылар жылына казнага 14 000 сом киреше апкелишчи.

Туз кенинен алып кетилген ар бир таңылчакка – салмагы 24 батман (7-8 пуд), хан казынасына деп – 80 тыйын, кароолдорду кармап турууга деп – 4 тыйын, мырзанын эсебине – 2 тыйын, туз казгандардын эсебине – 16 тыйын

---

[1] И. Шопен. Указ. работа , с.822.
[2] Там же, с.840.
[3] Там же, с.824.
[4] Обозрение…ч.IV, с.268.

алынчу. Ар бир туз ташыган арабадан, салмагы 25-32 плиткадан (60 пуд) хандын эсебине 3сом 20 тыйын, кароолорду кармоого 20 тыйын султан менен кенкана башкаруучусуна – 5 тыйын, туз казуучулардын пайдасына – 1 сом алынчу[1]. Бир таңгак майда туз үчүн ханга – 60 тыйын, кароолдорго 4 тыйын, эсепчилерге – 2 тыйын, туз казган жумушчуларга – 4 тыйын алынчу.

Баанын туруктуу болбогонунун себеби ар кандай жагдайлардан келип чыгаар эле. Маселен, Грузиянын калкы тузду Түркиядан алууну самашчы. Мунун жагдайы, 1824-жылы Грузияга Иревандан алып барылган туз – кара[2] туз катары белгилүү болгон. Иревандын тузун грузиндер алышы үчүн хан туздун баасын Түркиядан ташылган тузга[3] салыштырмалуу эки эсеге арзандатып салган болучу. Бут алдында тепселген майда туздар таза деп эсептелбегендиктен, алар такта түрүндө алынган тузга салыштырмалуу, арзан болбогондо, аларды эч ким сатып да алмак эмес, басындыда үйүлүп калып, туз казгандарга жолтоо жаратмак. Ошентип, Иревандан чек ара аттап ташылган туздун баасы – бир арабасы 8 күмүш сомуна бааланып, ар бир тактачасы (7-8 пуд) -25 тыйынга сатылчу[4].

Сурмалин магалына караган Дашбурун айылынан алыс эмес жайгашкан Агырдаг тоосундагы көлдө жайкысын агарып ак туз чыгып калат, бул тузду жергиликтүү калк малына беришет[5].

Ireван хандыгындагы бардык сууларда балык бар. Бул жердин сууларында көлөмү чоң сазан менен карась балыктары, жаян балыгы, форель жана осетр ж.б. жашайт. Говар, Адыяман, Гызылванг, Зод, Тохлуджа, Чубуглу ж.б.

[1] И. Шопен. Указ. работа, с.828.
[2] АКАК. Т.6, часть 2, док. 219, с.167.
[3] И. Шопен. Указ. работа, с.829.
[4] Там же, с.829.
[5] Там же, с.840.

өзөндөрдөн балыкты – арбын кармашат. Гёйча көлүнөн балык кармагандар оброк төлөшчү. Бул жерден кармалган балык 200-300 түк болуп жөнөтүлүп турчу. Гёйча көлүнөн кармалган балыктан эле хан казынасына жылына 100 туман (400 күмүш сом) киреше кирип турган. Хандын буйругу менен сатып алуучу балыктын ар бир түгүнөн (таңгагынан) ирevandын жашоочуларынан 12 шахиден[1] алууга укугу болгон. Балыкчылардын эң көп кармаганы форелдин *шинах* деген чоң түрү болгон. Бул балыктар Грузияга ж.б. жактарга чыгарылып сатылчу[2].

Ошентип, соода-сатык иштерине көңүл бөлүп, анын өнүгүүсү үчүн шарттарды түзгөн хан бийлиги, өзүнүн түздөн-түз көзөмөлү астында Иреван калаасынын экономикасы өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн. Айылдардан ташылып келген койдун жүндөрү, пахта, жибек кездемелери, ошондой эле өздөрү өндүргөн малдын жүндөрүн иштетүү аркылуу калаада текстиль өндүрүшүн калыптандырууга түрткү болгон. Жаратылыш ресурстарынын көптүгү кол өнөрчүлүктүн өнүгүшүнө алып келген.

**Кол өнөрчүлүк**. Башка калаалардай эле, Ирevandын жашоочуларынын орчундуу бөлүгүн кол өнөрчүлөр түзгөн. Кол өнөрчүлүктүн көп түрүн аркалагандар өздөрү өндүргөн продукцияларын өздөрү сатышып, сатуучу менен кол өнөрчү кесиптерин айкалыштырышчу. Кол өнөрчүлөр өнөрканаларында, базарларда, коммерциялык жайларда, үйлөрүндө деле иштей беришкен. Кол өнөрчүлөр базарлардагы мастерскойлорунда болобу же башка ишканалардын кеңселеринде болобу өздөрү өндүргөн буюмдарын ошол эле иштеген жеринде сата алышкан. Өнүккөн ишканалары бар кол өнөрчүлөрдүн өнөрканалары бир нече бөлмөлөрдөн туруп, чыгарган буюмдары дагы арбын болгон. Бир бөлмөсүндө жасалса, даяр болгон товарлары экинчисинде – сатылаар эле. Көптөгөн

[1] И. Шопен. Указ. работа, с.805-806.
[2] Обозрение…ч.IV, с.285.

кол өнөр ишканалары соодагерлердин буйрутмасы менен иштешип, заказдарды аткарышкан[1]. Негизинен, Ирevандын калкы кол өнөрчүлүктүн 61 түрү менен шугулданышкан[2].

Чийки заттын (сырьенун) колдо болгону токумачылык өнөрүнүн биринчи орунда болушуна шарт түзгөндүктөн, аймактагы бирден бир алдыңкы позицияны бербеген тармак болуп эсептелген. Токумачылык өнөрү негизине үй-бүлөлүк кесип болгон. Ар бир үйдө токумачылык станогу бар болгон[3]. Текстил өндүрүшү тармагында аял затынын орду кеңири пайдаланылган. «Үй тиричилигинен башка кыларга иши болбогон аялдар, бош убактысында кечке жүндөн, пахтадан же жибектен ийик ийришип, жип жасап алышып, анан токумачылык менен алектенишет. Ийрип токугандан башка дагы жибекке сайма саюу аркылуу өтө кооз буюмдарды жасашкан»[4]. Иреван хандары бул тармактан дагы жакшы эле киреше алыша турган. Ар бир токума станокко бир түк бөз салык төлөшкөн[5].

Токумачылыкта негизинен пахта, жүн жана жибек колдонулган. Сырье булагы катары пахтанын мааниси зор болгон. Хандыктын ичинде эле эмес, тышкы базарларда дагы пахтадан токулган кездемелерге болгон суроо-талап көп болгондуктан, пахта өстүрүү аянттары улам кеңейген. Өстүрүлгөн пахтанын сапаты жакшы болгондуктан, жергиликтүү калктын токумачылык менен шугулданып, кездеме чыгаргандардын саны дагы арбын болгон. Мында чыгарылган кездемелерден жибектен токулган зарбафт, дараи, мов, джеджим, калагаиге болгон талап көп болгон. Зарбафт деп аталган кездеме (алтын же күмүш жиптер менен ко-

---

[1] Əliyev F.M. XVIII əsrin birinci yarisinda Azərbaycanda ticarət. Baki, Azərb. SSR EA nəşriyyati. Baki, 1964, c.49.
[2] И. Шопен. Указ. работа, с.843-847.
[3] И. Шопен. Указ. работа, с.851.
[4] Егиазаров С.А. Исследования по истории заведений на Кавказе. Гл.2. Городские лавки. Казань.1891 г. с. 183.
[5] И. Шопен. Указ. работа, с.852.

оздолгон) кымбат туруп, андан хан сарайына, байлардын үйлөрүнө терезе пардалар, эшик пардалар тигилген, дубалдарга туш кийиз катары колдонушкан. Бул кездемени хандар менен байлар тандашып, өздөрүнө кийим дагы тиктиришкен. Дараинин түрлөрүнөн аялдар менен эркек кийимдери тигилген. Жайкы кийимдер жибектен тигилген. Өзгөчө бекемдиги менен «джеджим» кездемеси белгилүү болгон. Андан матрастарды, жаздыктарды, тасмалдарды, көйнөк, шымдар, чыптамалар ж.а. тигилген[1]. Калагаи кездемесине кооз оюмдар түшүрүлгөн[2].

Пахтадан жана жибектен токулган кездемелерден тышкары жибек менен пахтаны аралаштырып токулган кездемелер да болгон. Мындай кездемелерден *аладжа* менен *кутни* тигишкен.

Токумачылыктын башка түрлөрүнө салыштырмалуу жүндөн токулган буюмдардын өтүшү өтө солгун болгон. Жүндөн токулган кездемелерден тигилген буюмдарды сырткы базарларда сатуу кыйынга турган, анткени жүндү иштетүү үй-бүлөдө жүргүзүлгөндөн улам сапаты да начар болуп, аларга талап жибек менен пахтадан тигилген буюмдарга караганда жокко эсе болучу, андыктан мындай товарлар ички гана базарларда сатылган. Жүндөн тигилген буюмдарга болгон талапты негизинен европадан келген, жогорку сапаттагы, товарларды алуу менен толукташкан. Британ соодагерлери Персид кысыгын жана Эрзурум-Иреван-Тебриз маршруту аркылуу азербайжан хандыгындагы базарларды товарлар менен камсыздап турушкан. Алар европадан арзан жана жогорку сапаттуу товарларды ташышкан[3].

Өндүрүштүн эң кеңири жайылганы – килемчилик

[1] Mustafayev C. Xanliqlar dövründə Azərbaycanda sənətkarliq. Baki, Elm. 2002, с 82-86.

[2] И. Шопен. Указ. работа, с.852.

[3] Уляницкий В.А. Исторический очерк русских консульств за границей в XVIII веке СПб, 1899, ч.2, с.632.

өнөрү болгон, ал үй-бүлөлүк кустардык ыкмадан башталып, буйрутма килемдерди колдон чыгаруу аркылуу – токумачылыктын эң бийик даражасына жеткен. Хандык учурунда деле, мурдагыдай эле, килем токубаган бир дагы үй-бүлө болгон эмес. Азербайжан хандары калаа элинен салык катары көптөгөн килемдер менен паластарды чогултушчу. XIX кылымдын башында жазылган бир маалыматта, «килемчилик, өтө оор жана көп убакытты талап кылган жумуш болгонунга карабай, аны токугандарга жакшы киреше алып келчү»[1] деп жазылган. Хандыктагы калктын орчундуу бөлүгү жүндөн кооз килемдерди, таарларды, паластарды, каптарды, кышкы кийимдерди, колгап, байпак ж.б. токушчу[2].

Текстиль менен териден жасалган буюмдарды бойокко салуу өнөрү өз убагындагы өнөрлөрдүн эң жогоркусу катары саналып, өтө дыкат чеберчилик менен буюмдардын көркөмдүк сапатын ашырар эле. Азербайжандын аймагында өскөн ар түркүм чөптөрдөн жогорку сапаттагы боёктор алынчу. Боёкторду кошениль деп аталган курт-кумурсактардан дагы жасашчу.

Кездемелер токулганда ак түстө болушкан, андан кийин гана ар-түркүн боёктор менен кооздолуп боёлушчу. Кездемелерди көк түскө салган кызматкерлерди эл ичинде *боёкчу* деп аташкан, ал эми, кызыл түскө боёгондорду – *щилячы* дешчү. Алар сатып алуучулардан ошол түстөргө боё үчүн уруксат алган соң ишке киришчү. Калган түстөр менен боёго уруксаттын кереги жок эле[3]. Андыктан, кызыл түскө боёлгон кездемени *шила* деп аташкан, а көк түскө боёлгонун *кадак* деп; кара түстөгү кездеме көк түстөгү боёкко салынса, аны *чадройю* дешкен[4].

Боёкчулар килем, палас жана башка буюмдар, токула

---

[1] Обозрение…ч. IV, с.62.
[2] İrəvan xanliği. Baki, 2010, c 107.
[3] И. Шопен. Указ. работа, с.851.
[4] Mustafayev A.N. Azərbaycanda sənətkarliq. Baki, 1993, c. 218.

турган жиптерди, ошондой эле, пахтадан токулган кездемелелерди да боёшчу. Казынага тиешелүү болгон боёк мастерскоюнда кездемелерди көк гана түскө боёшкон. Ар бир боёкканада чоподон жасалган чоң карапа менен эки таякча болоор эле. Таякчалар менен боёлган кездемелерди айланта аралаштырып турушчу. Мындай боёкчулук өнөрканалары бир эле Ireванда болбостон, башка магаларда да бар эле[1].

Боёкко салуу процесси Азербайжан хандыгынын бардык аймактарында окшош уюшулган. Демейде текстиль буюмдарын алдын ала боёк кошулган казанга салып кайнатканда боёк туруктуу жугушуна мүмкүн болгон. Боёк мастерскойлору казына тарабынан даярдалган эрежелер менен иштеп, ижарага тапшырар эле. Боёкчулук ишканаларын ачуу үчүн иштеп аткан ишканаларга зыян келбей турган болсо гана уруксат берилчү. Боёкчу да, сатып алуучу да казына тарабынан чектелген баадан ашык сата да, ала да алышчу эмес; токула турган ийрилген жүндү боёгону үчүн бир *стилинен* (139 гр.) жана жүндөн токулган кездемени боёго бир *аршининен* (0.7 м.) – 4 шахи (8 күмүш тыйын), ал эми бир стил токула турган кагаз жиптен жана бир аршин материядан -2 шахи (4 күмүш тыйындан)[2] алынчу.

Иреванда мал чарбачылыгын өнүктүрүү тери иштетүү өндүрүшүнө өзүнүн оң таасирин тийгизди, себеби, сырье өзүнөн болгон соң арзан болуп, кол өнөрчүлөр үчүн ыңгай жараткан. Тери иштетүү заводдору Заңги дарыясынын Даракан жагында, анан Иреванда жайгашкан. Алардын саны 32[3] эле. Мында терини сапаттуу ийлешчү. Айрым мастерлер атайын бир өсүмдүктүн уругун пайдалануу аркылуу терини *чигирим* (шагрень -жумшак) абалына жеткире алса, башкалар ал булгаарыны кара, кызыл, сары түстөргө боёшкон[4].

[1] И. Шопен. Указ. работа, с.859-860.
[2] И. Шопен. Указ. работа, с.860.
[3] Там же. с. 856.
[4] Там же. с. 857.

Иреванда ийленип болгон териге тамга басуу үчүн атайын статьяга ылайык акы алынган: койдун же эчкинин 3 терисине бир шахи (2 күмүш тыйын), өгүздүн же буканын терисине тамга басылганда 2 шахиден (4 к.т.), тамга басылбаган терини сатууга тыюу салынган[1].

Тери иштетүү өндүрүшүнүн өнүгүүсү аркылуу чектеш кесиптеги кол өнөрчүлөрдүн да иши алга жылган. Булгаарыга болгон суроо-талап өтүкчүлөрдөн, папахчылардан, кайышчылардан, жабдыкчылардан үзүлбөй турган. Окупациядан кийин Иреванда 38 булгаары иштеткедер, 131 башмак-маасычылар, 3 өтүкчү, 1 батекчи, 79 папахчы жана 34 жабдыкчы[2] болгон. Булгаары жасаган усталар жергиликтүү сырье менен иштешкен. Терини мал сойгон жерден алышкан. Калаада 27[3] мал сойгон ишкана болгон.

Иреванда металл иштеткен усталар негизинен курал жасоо менен шугулданышчу. Чет элдик интервенция жана тынымсыз согуштар хандын аскерин курал менен камсыздап туруууга түрткү болгон. М. Биберштейн, XVIII кылымдын акырында Түштүк Кавказда болгонун минтип жазган: «Дайымкы согуш-салгылаштар, талап-тоноолор дайыма курал алып жүрүүгө түрткү болгон. Дыйкандар үрөн сепкен учурунда да коргонуу максатында канжарларын тагынып, мылтыктарын асынып жүрүшкөн»[4]. Ар кандай куралга болгон талап бул багыттагы өндүрүштө иштеген кесип ээлерин шаарларда да, айыл жерлеринде да барктуу кылган. Негизги куралдар Иреван калаасында өндүрүлгөн, мында 56 куралчы ишкана[5] болгон.

---

[1] И. Шопен. Указ. работа. с. 857
[2] Там же, с.843-850
[3] Там же, с.843.
[4] Биберштейн М. Описание провинций, расположенных на левом берегу Каспийского моря между реками Терек и Кура. НАИИ НАНА, дело 466, с.48; Mustafayev C. Xanliqlar dövründə Azərbaycanda sənətkarliq. с.113.
[5] И. Шопен. Указ. работа, с.843.

XVIII кылымдын акыры, XIX кылымдын башында Ирevандагы өндүрүштөрдүн ичинде темир устачылык да өзгөчө орунда болгон. Азербайжанда бир да шаар болбогон, көптөгөн темир усталарысыз. Темир устаканалар негизинен шаарларда жайгашкан. Алар негизинен айыл чарба шаймандарын жасашчу. Алар темирден соколорду, буурусундарды, күрөк-кетмендерди, балта, орок, чалгы, тырмоо, чынжыр жасоо менен алектенишчи. Башка чарбага керектүү болгон – көмөч казан, кашык, кайчы, кулпу, бычак, кыпчуур, сүргү ж.б. жасаган атайын адистешкен усталар жасашар эле. Усталардын үчүнчү группасы шаймандарды жасашчу – балка, дөшү, араа, стамеска ж.б. Ошол эле учурда, темир уста бир буюмду жасаганга адистешкен болсо да, керек учурда башка деле буюмдарды жасай берген. Ал кезде Иреван калаасында 41 темир уста иштеген, ал эми Иреван хандыгы боюнча бардыгы 246 темир уста болгон[1].

Карапайым калктын турмушунда жезден жасалган идиштер негизги ролду ойногон. Эң эле кедей жашаган үй-бүлөдө да жезден жасалган кумган, чайнек, көмөч казан, идиштер боло турган[2]. Жез идиштерди калктын дээрлик бардыгы колдонгонунун себеби, жез эритүү ишканаларынын өндүрүмдүү иштегенинен эле. Жез идиштерди жасаган усталар жезчилер көчөсүндө олтуруп алып итштешчү. Жезчи устанын иш бөлмөсүндө кожоюндан башка, шакирттери (подмастерия), кызматкерлери иштеше турган. Иреванда 28 жез иштеткен устаканалар[3] болор эле.

Курулуш ишинде да жергиликтүү усталар негизги орунда болучу. Алар коргонуучу курулуштарды, ак сарайлардын имараттарын, мечиттерди ж.б. мекемелердин имараттарын курушчу. Тигил, же бул имаратты куруу үчүн башка жактан усталарды сейрек чакырышар эле. Мир-

[1] И. Шопен. Указ. работа, с.843.
[2] Mustafayev С. Указ. работа, с.120
[3] И. Шопен. Указ. работа, с.843

джафар, өз ишинин чебери, кыш койгон жагынан алдына киши чыгарбаган уста, өзүнүн Хое айылында эле белгилүү болбостон, Азербайжандын бардык хандыктарында аты чыккан адам болгон. Иревандын ханы Гусейналинин жеке чакыруусу менен, Мирджафар бир канча жолу Иреванга келип, коомдук жайлардын имараттарынын курулушуна жетекчилик кылган[1].

1810-жылы иревандын архитекторлору Сардарабад крепостун курууга катышып, ал Гусейнгулу хан тарабынан негизделип[2], беш жылда курулуп бүткөн[3]. Сардарабад крепосту иреван архитектурасынын жаркын үлгүсү болуп саналат.

Изилденип жаткан убакыт аралыгында Иреван калаасында жыгач иштетүү дагы эң жогоруку өндүрүш баскычында болучу. Иревандын жыгач усталарынын атагы алыскы шаарларга чейин жетип турган. Өзгөчө азиат тибиндеги терезелерди жасаган усталар даңталышчу. Бул терезелер көптөгөн жыгач тактачалары менен түстүү айнектерден куралып, көздүн жоосун алган оюмдар түшүрүлүп жасалат. Мындай терезелер көзгө сүйкүм көрүнүп, адамдын аң сезимин өзүнө тартып турат[4]. Хандыктагы 313 жыгач устанын 78 калаада иштешчү[5].

Калаада карапачылык өнөрканалары дагы өнүккөн болучу. Табылган жазма булактарга караганда, үй тиричилигинде колдонулган, чоподон жасалган карапалардын арасында суу куюла турган чоң карапа идиштерге болгон талап көбүрөөк болуптур, биринчи кезекте кумуралар менен *каюптарга*. Карапачылар Иревандын бардык райондорунда жашашкан. Кумура идиштер менен катар карапачылардын мештеринде өтө баалуу кыштарды дагы бышырышкан.

---

1 Dəlili H. Указ. работа, с. 105.
2 И. Шопен. Указ. работа, с.255.
3 Кавказский календарь на 1851 г. Тифлис, 1850, с. 132.
4 И. Шопен. Указ. работа, с.847-750.
5 Там же, с.843.

Бышырылган кыштардан түшкөн жылдык киреше 12- 14 миң күмүш сомду түзгөн[1]. Айнектен жасалган турмуш тиричиликке керектелген буюмдарды өндүрүүгө болгон суроо-талаптын өсүшү керамика идиштерди жасоонун көлөмүн кескин кыскарткан.

Мурда айнек менен айнек идиштер Нахчыван хандыгынан ташылып келээр эле. Буга Ирevandын башчычы Гусеналы хандын Нахчывандын башчысы Калали ханга жазган катынан далил таптык. Өз катында Гусенали хан Нахчыван ханынан ар кандай түстөгү айнектен 400 берип жиберүүсүн өтүнгөн, Иреванга салынган жаңы мончонун курулушуна[2]. Айнекке болгон муктаждыкты кандыруу үчүн Ирevandын ханы калаага айнек иштетүүчү цех ачып, айнек идиштерди чыгара баштаган. Жакында эле ачылган цехтен чыккан айнек идиштер өтө морт келип, айнектин ичинде көбүкчөлөр көрүнүп турганы менен, ошол кезде бул өндүрүштүн ачылганы чоң жеңиш эле. Иревандагы айнек цехи Түштүк Кавказдагы айнек иштеткен ишканалардын чыгарган продукциясынын көлөмү боюнча үчүнчүсү болгон (Ганджи жана Нахчывандан кийин).

Иреванда ачылган айнек чыгаруучу ишкананын – идиштерди жасаган шаймандары менен чийки затты эрите турган меши болгон. Мештин түзүлүшү – чоподон жасалган түтүк, үстү жылкынын туягына порошок кошуп күйгүзүлгөн сөөктөн жасалган бастырма менен жабылган. Мештин формасы дагарага окшош болгон. Чийки затты эритип дагарада аралаштырган. 25 фунт айнек алыш үчүн 2 куб метр жыгач отун сарпталган, ар бир эритүү төрт күнгө созулган. Идиш жасоо бешинчи күнү башталып, усталар бир күндө 100, 150, кээ бирде 200 гө чейин айнек идиштерди чыгарышаар эле. Шаарда айнек идиштерди чыгарган 5 цех ийтей

[1] И. Шопен. Указ. работа, с.862.
[2] Mustafayev C. Указ. работа, с.171.

турган[1].

Айнек чыгаруу үчүн кварц кумдары менен соданы бирдей көлөмдө аралаштырып, марганец кошуп бышыруу керек болгон. Усталар 7 түстөгү айнек чыгарышкан: кызыл, кочкул кызыл, мала кызыл, жашыл, көк, күлгүн жана кызгылт сары. Тунук айнек алуу үчүн патош кошуп бышырышаар эле. Сода кошкондо кочкул жашыл ирең пайда болгондуктан, андан айнек чырактарды чыгарышкан[2].

Самын өндүрүү өтөлгөгө (откупка) берилип кеткендиктен, аны эркин өндүрүүгө мүмкүн болбогон үчүн кымбат баада сатылаар эле. Колго жасалган шакар самындын жыты сасык болгон. Самын кайнатуу менен Гарнибасар магалынын Шейхзадали айылынын 474 тургуну гана алектенишчү. Самынды коңшу айылдарга алпарышып сатышаар эле, же тамак-ашка айрыбашташчы. Өтөлгөгө алып самын чыгаргандардын кызыкчылыгын коргоо максатында тыштан самын алып келүүгө тыюу салынган болучу. Калаада самын сатуу үчүн өтөлгөчүнүн уруксааты болууга тийиш эле. Анын кабарысыз шаарда эч ким самын жасоого укугу жок болучу. Сатыктагы бир батман самындын баасы 3 миналтун болсо, хан 2 миналтунга эле сатып алчы. Самын сатып алууга каражаты жоктор Араз дарыясынын боюнда өскөн чөптөрдү самын ордуна колдонушчу[3]. Калаада самын кайнаткан 3 мастерской иштечи[4].

Мурда Иреван хандыгында 189 май чыгарган ишкана иштээр эле, окупациядан кийин алардын 30 эле ишеп калды. Майды негизинен айылдарда гана чыгарышаар эле. Май чыгара турган эмеректер өтө эле жупуну болгон. Май ала турган продукт алды менен жаргылчакка тартылып, анан

---

[1] И. Шопен. Указ. работа, с.843.
[2] И. Шопен. Указ. работа, с.858.
[3] Там же, с.256.
[4] Там же, с. 843.

атайын прессте үстүнөн бастыруу аркылуу сыгылып алына турган. Мындай ишканаларда майды зыгырдан жана күнжуттан чыгарып алышчу. Айрым жерлерде зыгыр даны арбын болгондуктан зыгыр майына артыкчылык берилген. Күнжут майынын жыты аңкып, жагымдуу. Бирок күнжутту өстүрүү түйшүктүү. Сапаты жагынан күнжут майы зайтун майынан кем болбогон[1].

Бир ишкана жылына 1500 батман май чыгар алган. 4 батман чийки заттан 1 батман май алынган. Азербайжандар чыгарылган майларды үйлөрүн жарык кылуу үчүн колдонушкан, армяндар болсо тамак жасоого пайдаланышкан. Үйлөрдү жарык кылуу үчүн кастор майы да колдонулган. Кастор майын үй шартында деле жасап алууга мүмкүн. Ан үчүн кене күнжуттун данын кайнатып, тазалап туруп суугa бышырып, таш бетине сүртүү аркылуу даярдаган. Алынган май кара болуп, дары катары колдонгондо даамы менен жыты жагымсыз болгон[2].

Иреванда бир батман күнжут майынын баасы 8 – 12, ал эми зыгыр майыныкы – 6 – 8 аббаси[3] болгон.

Иреван хандыгында эки түрлүү тегирмен болгон – бири ун тарткан, экинчи түрү күрүч тазалаган. Тегирмендердин түзүлүштөрү эң эле жөнөкөй болор эле. Агын суунун шарына жараша жана пара таштарынын көлөмүнө жараша суткасына 15-20 батмандан 1 халварга чейин буудай тарта ала турган. Бир халвар күрүчтү тазалаганда жарым халвар жогорку сапаттагы күрүч алышкан, а начарынан болсо – 60 батманга чейин ун тарышчы[4]. Иреванда 47 ун тарткан жана 6 күрүч тазалаган тегирмен болгон[5]. Тегирмендер ижарага бериле турган. Бардык казыналык тегирмендердин иштешин

---

[1] И. Шопен. Указ. работа, с.860.
[2] Там же, с. 861-862.
[3] Там же, с. 862.
[4] Там же, с. 863-865.
[5] Там же, с. 861-862.

көзөмөлөгөн башкаруучулар дайындалчу. Сатып алуучу тегирменге салган буудайдын 1/20 бөлүгүн кармап калуучу[1].

Жогорудагы маалыматтардан, изилденген мезгилде, Иреван калаасында металл иштетүү, тамак-аш жана текстил өндүрүштөрү өнүккөнүн көрөбүз. Айрым өндүрүштөр үй-бүлөлүк деңгээлде, кустардык жол менен аракеттенишкен. Белгилүү деңгээлде токумачылык жана жез буюмдарын жасоо өнүгүп, алынган продукциялары шаар ичинде гана сатылбастан хандыктын башка бөлүктөрүндө да сатылып турган. Негизинен кол өнөрчүлүк Ireванда феодалдык өндүрүш стадиясында өнүккөн.

**Соода-сатык**. Ошол мезгилде феодалдык өндүрүш орчундуу болсо дагы хандыктын экономикасынын өнүгүшүнө, анын борбору Иреван калаасынын экономикалык турмушунда кол өнөрчүлүк менен катар соода-сатык кошо өнүккөн. Бирок, эгерде кол өнөрчүлөр, негизинен калаа ичиндеги муктаждыкты толуктаган болсо, соодагерлер өндүрүлгөн товарларды сырткы базарларга  ташыган; кол өнөрчүлүк менен жергиликтүүлөр алектенген болсо, соода иштерине чет элдик соодагерлер катышкан[2].

Соодагерчилик киреше алып келген негизги булак болгондуктан, согуштардын кесепетинен сооданы убактылуу токтотуп туруу эки тараптын тең кирешесин төмөндөткөн[3]. Иреван калаасынын финансылык булагы негизинен соода-сатыктан көз каранды болгондуктан, эриван хандары согуш учурунда да соодага олуттуу мамиле кылышаар эле. 1808-жылдын 8 февралында орус армиясынын башкы командачысы граф Гудович падышага кайрылып, «Эриван менен Тфилистин ортосундагы соода-сатык байланыштары мурдагы жылдардан арбып кетти»[4] – деген. Тормасов менен

[1] И. Шопен. Указ. работа, с. 949.
[2] Əliəv F.M. XVIII əsrin birinci yarisinda Azərbaycanda ticarət. Baki,Azərb.SSR EA naşriyyati, 1964, с.31.
[3] Там же.
[4] АКАК, т.3, док. 825, с. 447.

Ртищевдин маалмат каттарында, согуш жүрүп жатканына карбастан Иреван менен Тифлистин ортосундагы соода-сатык токтобостон уланып жатканын белгилешкен[1].

Жакынкы да Ортонку да Чыгыштар менен Иреван хандыгынын ортосундагы соода иштери негизинен хандыктын борбору Иреван калаасында жүргүзүлгөн. Андан тышкары, Иреван калаасы хандыктын борбору болгону менен, Түштүк Кавказдагы ири соода борбору катары эсептелген. Иреван калаасы соода жолдорунун кайчылашында жайгашканы үчүн кошуна өлкөлөрдүн соодагерлери менен катар Ыраакы Чыгыштын да, Европанын да соодагерлерин кызыктырган. Анын үстүнө, Азербайжандын башка хандыктары менен салыштырмалуу Иреван хандыгында соодагерлер үчүн пайдалуу да ыңгайлууу да шарттар түзүлгөн.

Ирeвандын соодагерлери товарларды Стамбулдан, Тебризден, Тегерандан жана башка шаарлардан ташып келишип, аларды наталай акчага Тифлисте сатышаар эле. Грузияга эркин соода кылууга укук берилгенден кийин, эривандык соодагерлер Тифлиске ирандын товарларын ташып келишип, ошондой эле, Лейпцигге жана Москвага чейин жетип соода кылышчу. Иреван калаасы кирешелүү соода борборуна айланган[2].

Иреван калаасында чет элдик соодагерлер дайыма болоор элек. Мында килемдер, жоолук-шарфтар, кант, кофе, жашылча-жемиш, кант пудрасы, хна, миндаль, алкор, майлар, бал, курма, жибек, шайы, булгаары, тери, боёктор, пахтакагазынан токулган кездемелер, меиз, анар ширеси, мыктар менен мис идиштер, Ирандын жана башка хандыктардан алынып келинген буюм-тайымдар; алма, алмурут, хурма, инжир, изюм, грек жаңгагы, кизил, миндаль ж.б. Картли-Кахетиден алынып келинген жемиштер, ошондой эле, Осмон мамлектинен келген кездемелер, май, жүн, ачыткы-

[1] АКАК, т.4, док. 718, с. 498; АКАК, т.5, док. 648, с. 546-547.
[2] И. Шопен. Указ. работа, с.873.

лар, марена, чет элдик вино, арак, жергиликтүү вино, бал, воск, кургатылган жемиш кактары, ж.б. мөмө жемиштер, жыгач такталар, устундар, карагайлар[1] ж.б. Ирвандын кербен сарайлары импорт товарлардын кампасына айланып калган.

Соода мамилелери көп вектордук негизде өнүккөн. Ирвандан алыскы жана жакынкы өлкөлөргө ар түрдүү товарлар ташылып кетчү. Мисалы, Осмон империясына туз, кант, жибектен, жүндөн, пахтадан токулган кездемелер, күрүч, тамеки жалбырактары ж.б[2].

Соода мамлекеттин казынасына киреше алып келген бирден-бир тармак болгондуктан, ирван хандары дайыма өзгөчө мамиле кылышып, көзөмөлдөрүнөн чыгаршпаган. Алар сооданын өнүгүшүнө арбын каражат коротушкан. Гарем, хансарай кызматкерлери, аскерлер соодадан түшкөн кирешенин эсебинен багылышчу. Ирвандын хандары жергиликтүү бай соодагерлер менен өнөктөш болушкан. Ошондой эле, Ирвандын таасирдүү элитасы, хан титулун алып жүргөндөр, соода иштерине кызыгышчу. Мындай адамдар «соодагерлерге акчаларын беришип, аларды коргошоор эле»[3]. Калаадагы таасирдүү фигура болуп эсептелген соодагерлер, хандар менен ири феодалдардын кызыкчылыгына да соодаларын жүргүзүшөр эле, себеби алардан көз каранды болушчу. Товарларын дүкөнгө чыгарбастан, дүңүнөн соода кылгандарды соодагер деп аташчу. Азербайжан хандыгында мындай адамдар салыктан жана кара күчтөн айып төлөөдөн толугу менен бошотулушкан[4]. Калаада майда дүң жана олтуруп сатуу соодасы да болгон. Дүңүнөн жана лавкаларда

---

[1] И. Шопен. Указ. работа, сс.883-884.

[2] Кавказский сборник, т.1, Тифлис, 1876, с.184; И. Шопен. Указ. работа, с.884.

[3] И. Шопен. Указ. работа, с.873; Обозрение…ч. IV, с.284.

[4] Егиазаров С.А. Исследования по истории заведений на КАВКАЗЕ. ГЛ.2. Городские магазины. Казань, 1891, с.79; Mustafayev C. Xanliqlar dövründə Azərbaycanda sənətkarliq. Baki: Tlm. 2002.c.24.

отуруп саткандарды *бинахтары*, майда лавкаларда соода кылгандарды *баззасы*, ал эми, товарларды ташып үйлөргө, айылдарга жеткирип бергендерди – *чарчи* дешкен[1].

Иреванга кирген да, чыккан да товарлар текшерүүдөн өткөрүлүп, бажы салыктары алынып турган. Бажы да казынага бир топ киреше түшүрчү. Бажылык текшерүүлөр Сурмалы, Шарур, Сардарабад, Гарнибасар магалдарында, ошондой эле Иреван калаасында жүргүзүлчү. Абаран магалынын Судаган жана башка бөлүмөрүнө аткезчиликке каршы иш алып баруу жүктөлүп, алар өз кирешелерине ар бир жүк арткан төөгө, атка 20 күмүш тыйындан, жана ар бир эчки үчүн 10 күмүш тыйын салык алышчу. Эгерде товарлар аткезчилик жолу менен киргизилген болсо, алар эки эсе көп салык төлөөгө тийиш болгон[2].

Ирандан алынып келинген товардын ар бир партиясы үчүн, Ирevандын тургундарынан 50 күмүш тыйын, чет элдик соодагерден – 1 сом 60 тыйын, таразага түшкөн товарлардан алынчу. Бажы төлөмдөрү ар кандай боло турган: жибек менен аң терилерине – 4 сом, индиго (кочкул көк боёк) – 3 сом 20 күмүш тыйын, пахтага – 60 күмүш тыйын, меиз, буурчак, анар, жүзүм ширелерине – 54 күмүш тыйын алынчу. Грузиядан алынып келинген мистен, темирден жасалган буюмдардын ар бир партиясына, кант, кофе, бал, май, воск, ж.б. товарларга – 1 сом 60 күмүш тыйын, кургатылган жемиш express кактарынын ар бир таңгагына – алма, алмурут, курма, инжир, меиз, кизил, миндаль ж.б. – 54 күмүш тыйын; Түркиядан алынып келинген товарларга – май, жүн, ачыткы, боёк, ром, арак, вино, бал, воск ж.б. – 1 сом 60 күмүш тыйын, грек жаңгагы, ж.б мөмө жемиштерге – 80 күмүш тыйын, жыгач буюмдарга, тактайларга – 20 күмүш тыйын, жыгач устундарга – 2 күмүш тыйын бажы салыгы

[1] И. Шопен. Указ. работа, с.876.
[2] Там же. сс.882-883.

алынган[1].

Ирevандан Иранга алып кетилген товарларга: бир таңгак жибек, пахта жана жүндөн токулган кездемелерге – 1сом 60 күмүш тыйын, пахта жана меизге – 80 күмүш тыйын, көк түстөгү боёкко – 3 сом 20 күмүш тыйын, жибекке – 4 сом салык төлөнчү. Түркия менен Грузияга алып кетилген товардын бир таңгагына: 1 сом 60 күмүш тыйын, сакчыларга – 1 сом 12 күмүш тыйын, алып чыгылган күрүч үчүн 40 кумүш тыйын пошлина, жана дагы 40 күмүш тыйын сакчыларга төлөнгөн. Бир түк тузга, Иревандан Грузияга чыгарылган, бажы салыгы 32 күмүш тыйын болгон, бир түк меизге – 8- күмүш тыйын, сакчыларга 1 сом 20 күмүш тыйын, бир таңгак индигого – 3 сом 20 кумүш тыйын, бир түк жибекке- 4 сом, сакчыларга 1 сом 12 тыйын, бир таңгак пахтага – 80 күмүш тыйын, сакчыларга – 1 сом 92 күмуш тыйын[2].

Иревандык соодагерлер бажы салыктарын бир тарапка гана төлөшчү. Түркядан акча табууга келген ар кишиден 80 күмүш тыйындан пошлина алынган. Салыктын баардык түрүнө коюлган чен катары таңгактын салмагы каралган: атка артылган таңгак 40 батман деп эсептелген (12 пуд), төөгө артылган таңгак – 80 батман (24 пуд), эшекке артылган түк – 20 батман (6 пуд)[3].

Хандыктагы эң чоң базар Ireван калаасында болгон. Базардын жайгашкан жери «Тепебаши» жана «Шаардык» райондорунун ортосунда болучу. Базардын дубалдары бышкан кыш менен таштан салынып, «Батыштын базарларынан артта калмак эмес, эгерде джубалдары шыбалып-акталганда»[4]. Хандын соодагерлери менен катар чет мамлекеттен келген соодагерлер да соода иштерин жүргүзүшчү.

[1] Там же, сс. 883-884.
[2] И. Шопен, Указ. работа., сс. 884.
[3] Там же, с.885.
[4] Там же, с. 881.

Калаада көптөгөн дүкөндөр менен киоскалар болор эле. Эгерде мурда соода лавкаларынын майда чоңу болуп 1670[1] болсо, орус окупациясынан кийин алардын саны кескин азайып, 851и калган[2]. 102 соода лавкасынан (78 казыналык, 24 жекелик) Гюрджю кербен сарайында окупациядан кийин 62 си гана калган[3].

Кербен сарайлар чет элдик соодагерлерге кандай жогорку денгээлдеги кызмат көрсөтсө, чиновниктер менен саякатчыларга деле ошондой кызмат-сыйын көрсөтүшкөн. Кербен-сарайлардын ишин хан жеке өзү көзөмөлгө алып, анда токтогондорго жакшы шарттарды түзүүнү талап кылган. Ошол мезгилде чет элдик соодагерлердин калаага каптап келгенин, аны менен катар, чыгыш маданиятынын бир кыйла деңгээлге көтөрүлгөнүн байкоого болот. Бардык кербен сарайлар базарлардын айланасында болгон. Окупациядан кийин калаада «Грузин», «Джульфа», «Зохраб», «Тахир», «Сулу», «Сузус» жана «Гаджи Али» кербен сарайлары калган. Окупациядан кийин кербен сарайлардын бай ээлери, бай соодагерлер калааны таштап кетишкен, айрым кербен сарайлар бош калса, кээлери талкаланган болучу. Алардын ар биринде көптөгөн лавкалар болор эле. Маселен, грузин кербен сарайында 78 магазин, Дульфа жана Зограбда – 387ден дүкөн, Тахир, Сулу, Сусуз кербен сарайларында – жалпысынан 74 дүкөн, Хаджи Али кербен сарайында – 40 магазин, 20 магазин Чарси дарбазасынын он тарабында, сол тарабында 31 магазин, 31 магазин Койсары дарбазасынын жанында, 7- мечиттин аянтында, 121 – ахундовдор үйүнүн сол тарабында, 117 – жемиш саткан катарда, Тепебашы махаллясында 4 магазин, Демирбулагда 2 магазин, Залихандын мечити менен Шагар махаллясында 18 магазин, се-

[1] Обозрение… ч.IV, с. 291.
[2] И. Шопен, Указ. работа., с. 881.
[3] Там же, с.879.

пилде 32 магазин[1] болор эле.

Соода түйүндөрү калаанын тургундарына таратылып берилген. Алар үчүн казынага атайын чегерилген салык төлөнчү. Жада калса, соода менен шугулданбагандар да бул салыктан бошотулган эмес[2]. Соода менен алектенбегендер соода түйүнүндөгү өз укугун соодагерлерге тапшырышкан деп эсептешкен[3].

Шаардын кербен сарайлары бир эле мезгилде мейманкана катары да, анан калса, соода жүргүзгөн базар катары да колдонулган. Калаага келген соодагерлер биринчи кезекте кербен сарайдагы бош турган дүкөндөрдү ээлешип, ага апкелген товарларын жайып сатууга камданышкан[4].

Кербен сарайдын бир бөлүгү жеке адамдарга таандык болгон, экинчи бөлүгү – казынага. Казыналык кербен сарайлар ижарага берилчү. Ижарага алган кербен сарайларда кызмат көрсөткөндөргө ижарага алгандар белгиленген өлчөмдө акы төлөшчү. Эгер, апкелген товары дүңүнөн өтсө, ар бир түмөнү үчүн 1 шахы; товары сатылбай туруп бир жерден башка жакка которулса ар бир таңгагы үчүн – 4 шахы, «сактагандыгы үчүн» делип. Соода жолунда жайгашкан Кербен сарайлар ижара акысы үчүн токтогон соодагерлерден ар бир жүк ташыган жаныбарга – 1 шахи, жүгүнө – 2 шахи алышкан[5].

Иреван хандыгындагы соода жолдорунун тоому Иреван шаарынан кезигишкен. Соода жолдорунун кесилишкен жеринде жайгашкан Талы кербен сарайы, Гюмрюну Сардарабад менен, Дарачичек маголундагы Гемигёйду Тифлис-Иреван жолундагы, айылдык Гёйча магалындагы Гарахисар

---

[1] Там же, сс.879- 881.
[2] И. Шопен, Указ. работа, с.882.
[3] Там же, с.942.
[4] Там же, с.880-881.
[5] Там же, сс. 880.

жана Чил кербен сарайлары, гейча-даралаяз жолундагы Селим кербен сарайы сооданын өнүккөнүнөн кабар берет. Соода жолдорунун тоомуна курулган кербен-сарайлар, жолоочулар менен саякатчылар жана соодагерлердин түнөп кете турган жайы катары эсептелчү[1].

Соода жүргүзүүдө акча каржатынын жүгүрүп турушу маанилүү саналат. Иревандын түмөнү хандыкта кеңири тараган каражат бирдиги болгон[2]. Соода операциясында жергиликтүү валюта менен катар, Иранда, Осмон империясында, Россияда, Азербайжандын башка хандыктарында түмөн, сахибхиран, миналтун, панахабад, гарапул, шахи бисти, реал, русский империал, голланддардын червону, осмондордун дарулхилафи жана махмуди, орус рубили, грузиндердин аббаси, осмондордун курушунун үч түрү, орустардын грошу аралаш жүргүзүлө берген[3]. Акча алмаштыруу же майдалоо пункттарынын саны 20 болгон[4]. Мисалы, төрт кара гарапулун орустун 7 копейкасына алмашкан[5].

Калаада бир нече акча чыгарган ишканалар бар эле. Акча баскан мекемелер ханга караштуу болуп, арендага тапшырылчу. Чегип жасаган тыйындардын сапаты чет элдиктердикине салыштырганда жогору болгон[6].

Акчанын бетине хандын ысымы жасылбастан чегилчи. Иревандын күмүш тыйыны болгону белгисиз. Майда акча катары жезден *газбеи* чегилчи, эл арасында «кара тыйын» (гарапул) деп атала турган, «Ireванда чегилген» деген жазуусу болгон[7]. *Газбеи* 4 номиналда чегилчү: 2, 5, 10 жана 14 14 грамм салмакта. Жез тыйындар 1825- жылга чейин чеги-

---

[1] И. Шопен, Указ. работа, сс. 878-881.
[2] Dəlili H. Указ. работа. с. 97
[3] И. Шопен, Указ. работа, сс. 888 -889.
[4] Там же, с. 851.
[5] Обозрение… ч.IV, с. 288.
[6] И. Шопен, Указ. работа, сс. 888 -889.
[7] Rzayev R., Mustafayev C., SeyidovA. Azərbaycan xanliqlari. Baki, c.256.

лип келген[1].

Базарларда, дүкөндөрдө, соода түйүндөрүндө узундук менен салмакты ар башка өлчөшчү. Өлчөө жүргүзүүдө хандык аршин өлчөгүчү (96.4 см); *халвар* (1.5 теше – ондон бири); *сомар* (3 пуд үрөн себиле турган жер аянты); *агадж* (7 км)[2]; *халвар* (450 кг), салмак өлчөөдө халвар (450 кг) кеңири колдонулган; *сомар* (48 кг), *тачкир* (45 кг), *мискал* (4.6 гр.) ж.б[3].

Соодагерлер *аттар* жана *мизан* деген таразаларды да колдонушчу. Аттарды тамак-аш саткан дүкөндөрдө, парфюмерия саткан киоскаларда, аптекаларда колдонушар эле, ал эми мизанды базарларда жана башка лавкаларда колдонушчу. Хан тарабынан дайындалган мизандарылар сатуучуларга гиряларды ижарага беришчи[4]. Калаа дүкөндөрүндө бирдей салмак өлчөмдөрүн пайдалануу максатында мизан таразалары менен өлчөм гиряларын базар чегинен чыгарууга тыюу салынган эле. Кардарлар сатуучулар алдабашы үчүн товарларды мизан-аттар таразаларына тартышчу. Анын акысы алган товардын салмагына жараша чегерилчи. Бир батман жибекке – 45 күмүш тыйын, 1 батман индигону тартканы үчүн – 45 күмүш тыйын, бардык эле башка тартуулар – 2 күмүш тыйын, 1 батман пахта, май, бал, воск, тамеки, жүн, буурчак, чечевица, төөбуурчак, мөмө жемиш, миндаль, грек жангагы ж.б. – 1 күмүш тыйын[5] алынган.

Ошентип, XVIII кылымдан акыры – XIX кылымдын башында Иреван калаасынын экономикалык турмушунда соода-сатык орчундуу оорунду ээлешине калаанын геогра-

---

[1] Rəcəbli Ə. Azərbaycan sikkələri. Baki, 2012, c 262.

[2] И. Шопен, Указ. работа., с. 887., Обозрение… ч.IV, с. 288.

[3] И. Шопен, Указ. работа., с. 886., Обозрение… ч.IV, сс. 286-287.

[4] И. Шопен, Указ. работа., с. 886., Əliyev F.M. Şimali Azərbaycan şəhərləri.,Baki, Azərb.SSR Eanəşriyyati, 1960, сс. 123-124.

[5] И. Шопен, Указ. работа., сс. 886-887

фиялык ыңгайлуу жайгашуусу – соода жолдорунун кайчылашкан тоомунан орун алганы жана кол өнөрчүлөрдүн талыкпаган аракеттери себеп болгон. Белгилей кетчү жагдай, изилдеп жаткан мезгил аралыгында, согуштун кесепетинен саясий абал туруксуз болгонуна карабастан, ички соода да, коңшулар менен болгон тышкы соода да өнүккөнү байкалат. Ички сооданын өнүгүшүнө кандайдыр деңгээлде калаада иштеген акча чыгаруу ишканасынын тынымсыз иштеп, жергиликтүү акча-тыйындын айланууда болуп турганы таасирин тийгизди.

Негизинен Иреван калаасынын экономикасы хандыктар убагында феодалдык мүнөздө болгону менен акча-товардык мамилелер акырындап өнүгүп отурган.

### 1.3. Иреван калаасынын Түндүк Азербайжанды Россия басып алганга чейинки тарыхы Россия аскерлеринин 1804-жылдагы жүрүшү

Иреван калаасы XVIII кылымдын ортосунан 1827-жылга чейин Иреван хандыгынын борбору болгон. Өзүнүн жаратылышы, стратегиялык жайгашуусу, байыркы тарыхы жана коөздугу боюнча калаа өзгөчө мааниге ээ болгон. XIX кылымдын башында Иреван калаасы өз тарыхындагы өтө оор жана туруксуз мезгилди башынан өткөргөн. Иреван сепилин Гусейингулу хандын бир тууганы, каджар династиясынын өкүлү Гасан хан башкарган.

Россиянын тышкы саясий мекемесинде Каджардык Иран, Түркия жана Грузия менен чектеш жайгашкан Иреван хандыгын басып алууга зор маани беришип, ошондой эле, стратегиялык мүмкүнчүлүккө ээ болгон Тифлис – Тебриз транзиттик жолунун боюнда жайгашкан Иреван сепилин алууну көздөшкөн. Эбегейсиз аймакка ээ болуу менен, Россиянын максаты Грузияда бейпилдик орнотуу аркылуу

Каджардык Иран менен Осмон империяларынын таасирдүү саясий күчтөрүн алсыздандыруу болгон. Мунун натыйжасы катары император Александр I указында Россияга баш ийе турган аймактардын тизмесинин биринчи сабында Иреван хандыгынын жазылганын атоого болот[1].

1801-жылдагы манифестке ылайык Грузиянын Түштүк Кавказдагы жерлери Россиянын карамагына өткөндүгүн жарыялаган. Мындан Грузияны эле басып албастан, Азербайжанды да басып алуу башталганын көрөбүз. Указда Россиянын карамагына Памбак, Газаха, Борчалы жана Шамшадиль султанаттары өткөндүгүн жар салган[2]. Джаробалаке жамааты менен Гянджи хандыгын басып алгандан кийин, Россия Иреван сепилин басып алуу планын ишке ашырууга киришти. Памбак менен Шорагөлдү тарттырып ийген соң, абалды тактап алуу ниетинде Иревандын ханы генерал Лазаревге кат жолдоп өзүнүн өкүлүн жөнөтүп, катында Памбак жери хандыктыкы экенин билдирген. Иревандын ханы катына түзүк жооп алалбаган соң, Памбактыктардын 6000 адамы, өз жерлеринен кетүүгө мажбур болушуп, Иреванга кире качышкан[3]. Памбак менен Шорагөлдү басып алганына канаатанбай, Россия Иреван сепилин басып алууга кеңири көлөмдө даярдана баштады. Иреванга кирүү үчүн шылтоо табылып, Памбак провинциясындагы орустар тууралуу орустун аскер тарыхчысы В. Потто минтип жазган: «Биздин Иревандын ички иштерине кийлигишүүбүзгө шылтоо Давид менен Даниилдин Эчмиадзин тагы үчүн карама-каршылыгынын күчөшү шылтоо болду»[4]. Бул тирешүүдө хан Давид-

---

[1] Акты Кавказской Археографической Комиссии (АКАК), т.V, Тифлис,1873, док.1207, 1216 и др.

[2] Дубровин Н. История воин и владычества русских на Кавказе, т.V, СПб, 1886, с.372.

[3] Там же, с. 402.

[4] Потто В. Утверждение русского владычества на Кавказе. Тифлис, 1901, с. 128.

дин тарабында болгону белгилүү, ошол окуяда орустар Даниилдин талапкерлигин колдошкон экен.

Жаңы дайындалган башкы командачы Цицианов[1], Иревандын ханын аскер менен басып киребиз деп коркутуп, 1803-жылдын мартында падышага жазган өзүнүн рапортунда: «Могамед хан, улуу урматтуу императордун буйрук бергенине карабай, армяндардын патриархы кылып Даниилдин шайланышына каршы болууда. Анын жазаланбай калганы, куралдын күчү менен багындырылган аймактардын биздин башкаруубузга өткөнүнө карабай, улуу урматтуунун авторитетинин түшүп кетишине өбөлгө болууда. Ушуга байланыштуу, Могамед ханды жазалоо максатында жана армяндардын патриархы кылып Даниилди дайындаш үчүн мен тез арада Эриванга басып кирип, анда аскер горнизонун орнотуум керек. Жергиликтүү армян көпөстөрү аскерди тамакаш менен камсыздоо милдетин алышты…»[2].

Грузияны басып алгандан кийин, армян улутундагылардын арасында Россияны колдогондору көбөйүп, Иреванга орус аскерлеринин киришин чыдамсыздык менен күткөндөрдүн саны арбыды. Эки жыл алдында Грузияга келгшен жарандык кеңешчи Коваленский орус падышасына жазган катында: «Хандын (Мухаммед хан – ред.) жакын кеңшчилеринин бири, Эривандагы армяндардын Мелик Аврам аттуу башчысы хандын да, элдин да урматына арзыган адам экен. Менин аны менен жазышканыма караганда , ал өзү эле эмес, армяндардын баары тең россияга ыктагандары билинди»[3]. Падышанын 12-сентябрындагы указында, атайын пункт менен армяндарга карата: «Армяндарды өзүбүз тарапка тартуу үчүн, сиздин аракеттериңизге толук ишеним

---

[1] АКАК, т.II, док.1207, Тифлис, 1868.
[2] АКАК, т.II, Тифлис, 1868, док. 34.
[3] АКАК, т.I, док.548.

берем»[1] – деп айтылган. Байкашыбызда, жогорудагы указдын даярдалышына Коваленскийдин справкасы негизги ролду аткарган окшойт.

Орус армиясынын ар тараптуу колдоосуна ээ болгон армяндар, өздөрүн Россиянын тарабында экендиктерин жашырышпай, улам жаңы аймактарды, анын ичинде Иреван хандыгын да, басып алышкан сайын, ар-кай жердеги армяндар көчүп келип отурукташа башташкан. Жогоруда аттары аталган Мелик Авраам менен Гавриил жүзбашынын Цициановго жазган катында Ирекандан 200 үй-бүлө көчүп кеткендигин жана Россияга караган Гаракилься деген жердеги «Иреван крепостунда калган 500 үй-бүлөнү сактап калуусун»[2] жалдырап өтүнүшкөн.

Иреванга жасаган аскерий жүрүшү ийгилитүү аякташы үчүн Цицианов, дагы 4 полк жана 100 000 күмүш рубль талап кылынаарын маалымдаган. Бул өтүнүчүнө кошо ал Иреванды эле эмес, Нахчыван менен Шушини дагы басып алаарын билдирген. Аскерий кампания Кара Аракин багытындагы бир катар аймактарды басып алуу менен аяктаары пландалган[3]. Иреванга болгон жүрүшүн тез аяктоо менен Цицианов бир нече максатты алдына койгон: бул провинцияны Россиянын жутуп алышы аркылуу Иран менен болгон салгылаштарды Грузиянын чек арасынан алысыраакка жылдыруу эле[4]. Согушууга даярданып жаткан Цицианов бул жолу да өзүн дадил сезип, каршылашына ар кандай мазмундагы каттарды жөнөткөн (коркутууларды убада кылган, жагалданган ж.у.с.). Ал Джаро-Балкан жана Гянджи окуяларынан кийин, Иревандын ханы анын айтканы менен болот деп ишенген.

[1] Там же.
[2] АКАК, т.II, док.604.
[3] Там же, т.II, док. 1216.
[4] Кавказский календарь на 1848 г., с.150

Иревандын ханына жазган катында ал андан, келишим – сүйлөшүүлөрүнө чейин Даниилди патриарх деп жарыялап, Давидди Тифлиске жөнөтүп жибер деген талап койгон. Бул талапты аткарса Махаммад хан Иреван сепилине орус аскерлерин гарнизон катары жайгаштырууга тийиш болуп, хараджа төлөп, ак кызмат өтөөгө ант бериши керек эле[1]. Аскер бөлүктөрүн согушка даярдап жатып, Цицианов майданда айрымалангандарга сый көрсөтөрүн айтып, салгылашка үгүттөп, аскерлердин бардык талаптарын орундатарына убадасын берген[2].

Жакында Иран согушка кирээри айдан ачык болуп калган. Түштүк багытына бет алып, чек арадан бир топ алыстап кетишкен орус армиясына каршы туруу бир катар ыңгай жараткан, анын үстүнө, басылып алына элек аймактардын хандарынын жардамга келишине да үмүт чоң эле. Фатали шах өзүнүн фарманында грузин падышасы Соломонон жана Шамшадилдин султаны Насиб бектен кайырдиндери жок кылгыла деп өтүнгөн[3]. Биринчи вазири Мирза Шафини Цициановно жөнөтүп, андан орус аскерлерин Грузиядан чыгарып кетүүсүн талап кылган[4].

Шахтын аскерлерин тыптыйпыл талкалагандан кийин, Түштүк Кавказдагы Каджарлардын абалы бошоңдой түшкөн. Россия менен болгон согушууда бир катар хандар ирандан жардам келээринен түңүлүп калышкан, айрым хандар болсо орус баскынчылыгынын жардамы менен Каджардык Ирандын таасиринен кутулууга аракеттенишкен. Алибетте, болуп жаткан бардык аракеттер, биринчи кезекте, орустардын басып алуу кызыкчылыгынан келип чыккан. Иревандын ханынын Ирандан көз карандылыгы формалдуу эле болгон жана Фатали шах менен мамилеси эбак бузулган

---

[1] АКАК, т.II, док.1224.
[2] Там же, док.1225
[3] Там же, док.1653.
[4] Там же, док.1667.

эле. Ошондуктан Фатали шах Иревандын көз карандысыз башкаруучусу Махаммад ханды бийликтен кетирүүгө күч үрөп жаткан[1].

Иран менен Россия тараптан келген коркунуч менен кошо Гянджинин тагдыры дагы ханды астейдил болууга түртүп, ошол эле кезде тараптардын нааразычылыгын жаратып албас үчүн саясий айлакерликке барды.

Генерал-майор Тучков өз эскерүүлөрүндө: «Отрядды кабыл алганымда ошол эле күнү майданга кирүүгө буйруцк алдым. Цицианов болсо, 3 күндөн кийин, курамында – 1 драгун полку, 8 жөө аскерлер батальону, 2 казактардын полку, 300 грузин атчандары (бардыгы 4370)[2] корпусу менен согушка кирди» – эеп жазган. Июндун башында Тучковдун командачылыгы алдындагы отряд (1 полк, 2 батальон жана 8 замбирек) Иреван хандыгына караган Шурагөл повинциясын басып алды. Бул жерден ага эки архиепископ менен жүздөй армян атчандары кошулушту. Алар эки миңдей үй-бүлө Иреванды таштай качып, жолдо бараткабын кабарлашты[3]. Иреван хандыгындагы аскерлер башкаларга караганда жакшы куралданышкан болучу, а Иреван сепилин коргоо да жетишээрлик уюштурулган эле.

1804-жылдын июнунда Каджарлык Иран Россияга согуш жарыялады. Гюмри менен Эчмиадзинди кармап турган орус аскерлери 2-июлда Иреван сепилин курчоого алышты. Каджарлардын аскерлери дагы Кызылбашы сепилине келишип, орус армиясынын чегинүү жолдорун бардык багытта тороп калышты[4]. Курчоодо турганына карабай, сепилдин коргоочулар бир-нече багытта орус армиясына сокку урушту. Жыйынтыгында орустардын 150 аскери менен 13 офи-

[1] Bi M. Kafkas Tarihi, 2 cilt, Ankara: Berikan Yayinevi, 2011, c.260.
[2] Bi M. Kafkas Tarihi, 2 cilt, c.260.
[3] Потто В. Утверждение русского владычества на Кавказе. Тифлис, 1901, с.138.
[4] Mirzə Adigözəl Bəy. Qarabağnamə, Baki,1991, c.69.

цери катардан чыгарылышты[1].

Махаммад хандын Цицианов менен алты айга созулган кат аркылуу сүйлөшүүлөрү жыйынтык берген жок. Гарнизонунун даярдыгына ишенген Махаммад хан, ошондой эле аба-ырайынын сууктап баратканын дагы эсепке алып, орус аскерлерине тамак-аш провианттарын Тифлистен ташып келишине жолдор жабылып, кыйынчылык жаратаарына ишенди. Ошентип, күн өткөн сайын орустардын жеңилүү мөөнөтү жакындап, Иреван ханынын жанишке ээ болоору билинди. Орустардын тамак-аш запасын толуктоого болгон аракеттеринен майнап чыкпады. Күтүп аткан правианты кечигип келбей жатты. Цицианов майор Монтрезорго 350 солдат жана 3 замбирек берип Тифлистен Гаракильсяга келаткан провиантты тосуп келүүгө жумшады[2]. Жол көрсөтүп берүүгө Мелик Абованын уулу Ростом бек ччыкты. Бул анын үчүнчү жолку сапары болучу[3]. Жалпысынан, орус армиясына жол көрсөтүп берүү милдетин армяндар алышкан эле. Ошондой эле, армяндар орус армиясына эбегейсиз материалдык дагы жардамдарды беришкен[4].

Каджарлардын согушка киришинен кийин баскынчыларга каршы элдик толкундоолор арбый баштаган. «Алды менен Газах жана Борчалы элаттары Россия мамлекетинен бет буруп, орустарга баш ийүүдөн четтеп кетишти. Тифлистен Насиб бектен башка бардык элаттар, айылдар, ал тургай Башыагачка качып баргандар дагы велиге кошулулушту (Александр Мирзага – ред.) көтөрулүш чыгарышты»[5]. Ошондой эле, джаробалакендеги көтөрүлүш, Елиза-

[1] Потто В. Кавказская война в отдельных очерках, эпизоах, легендах и биографиях, т.1, СПб, 1887, с.368.

[2] Дубровин Н., История войны и владычества русских на Кавказе. СПб, 1887, т.V, с.158.

[3] Потто В. Утверждение русского владычества на Кавказе. Тифлис, 1901, с.150.

[4] Григорян З., Присоединение Восточной Армении к России в начале XIX века. Москва, 1959, с.95-96.

[5] Mirzə Adigözəl Bəy. Qarabağnamə, Baki,1991, c.69.

ветполь провинциясындагы[1] кол салуу гарабагдыктардын чыгуулары жалпы элдик мүнөзгө айланып, Россиянын Түштүк Кавказдагы позициясын бир топ бошоңдотту.

Гаракильсянын жанында курчоого алынган Монтрезордун башчылыгындагы орус отряды натыйжада жок кылынды. Бир нече грузиндер гана качып кутулушту, жарадар болгон эки офицер (алардын бири князь Орбелиан) жана 10 солдат туткунга түшкөн[2]. Тамаку-аштын жетишсиздигине байланыштуу, Грузияга кайтарылган 300 грузин тавадилери дагы курчоодо калышты. Алардын ону өлтүрүлүп, 190у туткундалып, Тегеранга жөнөтүлгөн эле[3]. Түзүлгөн абалды жашырып, Цицианов, туткундалган армяндардан 20 кишини бошотуп, аларды сепилге жиберип, акыркы жолу Махаммад хандан багынуусун өтүнгөн[4].

Озүнүн мурдагы коркутуп-үркүтүүлөрүн жайдары мамилеге алмаштыруу аркылуу жагалданып, Цицианов акыркы көз ирмемге чейин Махаммад хан сепилди тапшырып берээринен үмүтүн үзгөн жок. Жыйынтыгында, анын өзүнөзү саясий жооткотуусу башкы аскербашчыны жеңилүүгө апкелди. Окуялардын жүрүшү Махаммад хан Гаджардын аскерий жагынан болобу, дипломатияда болобу князь Цициановдон алдыда экенин көрсөттү. Цициановду аргасыздыкка кирптер кылган адам, анын оюнча артта калаган элдин өкүлү катары эсептегени болду. Эки тараптын ар бири тең калааны курчоонун кажети деле болбогонун, жада калса андан майнап чыкпасын жакшы түшүнүшкөн. Махаммад хандын жетишээрлик аскердик даярдыгы жана ийгиликтүү саясий амалкөйлүгү анын чыгаан саясатчы жана кеменгер ас-

[1] Потто В. Кавказская война в отдельных очерках, эпизоах, легендах и биографиях, т.1, с.372.
[2] Записки Сергея Алексеевича Тучкова, СПб, 1908, с. 141.
[3] АКАК, т.1, док. 1689.
[4] Григорян З., Присоединение Восточной Армении к России в начале XIX века., Москва, 1959, с.275.

кербашчы экенин айгинеледи[1]. 1804-жылдын августунун акырында чакырылган Аскердик кеңеште генерал Цицианов сентябрдын башында курчоону жоюп, 2-сентябрда аскер бөлүктөрү кайтаары тууралуу чечим кабыл алганын жарыялады.

**Россия аскерларинин 1808-жылдагы жүрүшү.** Иреванга болгон биринчи жүрүшүндө уятка калган башкы командачы Цицианов, Тифлиске кайтып келээри менен Россияга каршы көтөрүлүшкө чыккандарды аёосуз жазалоого киришти. Куралдын күчү менен элдик көтөрүлүштү басып, 1805-жылы Гарабаг, Шекин жана Ширван хандарын капитуяциялык келишимдерге мажбурлап кол койдурду. Андан кийин күн тартибине Ириван хандыгын басып алууга өттү.

Ириван менен Нахчыванды басып алуу аракеттери йгиликсиз аяктаган соң Россиянын өкмөтү 1808-жылдын башында Иреванга жаңы жүрүш жасап, анын аймактарын басып алуу менен баскынчылык кампаниясын аякоону чечти. Бул максаттарына жетүү үчүн жана абалды жеринде байкоого, Иреван сепилинин коргонуу системасындагы начар уюшулган жерлерин аныктоого, жана да орустарга жан тартуу маанайын жаратууга Иреван, Карс жана Эрзерумга жергшиликтүү элден лазутчиктерди дайындады[2]. Алибетте, ошол чалгынчылардын арасында Шекиндердин ханын уулу Кичик бектин[3] болгону таң калтырбай койбойт.

1808-жылдын 25-сентябрында башкы командачы Гудовичтин жетекчилиги алдында, аны коштогон 240 офицер жана 7506 солдат менен жүрүшүн баштады[4]. Нахчыванды алуу тууралуу буйрук алган генерал-майор Небольсин 9-

[1] Umudlu V.U. Şimali Azərbaycanin çar Rusiyasi tərəfindən işğali və müstəmləkəçilik əleyhinə mübarizə (1801-1828), Baki, 2004, c.29.

[2] Григорян З., Присоединение Восточной Армении к России в начале XIX века., Москва, 1959, с.451.

[3] АКАК, т.III, с. 519.

[4] Дубровин Н., История войны и владычества русских на Кавказе. СПб, 1887, т.V, с.158.

октябрда батальон менен (78 офицер, 3062 солдат) жана 4 замбирек менен Гарабагдан чыкты[1]. Оз каалоосу менен булжүрүшкө кошулгун шекин ханы өзүнүн отряды менен Нахчыванга карай жөнөп кетти[2].

Иреван сепили француз аскер инженеринин жардамы менен жакшы бекемделген. Иревандыктар тарапка өтүп кеткен подпоковник Кочнев дагы, жүрүш башталаардын алдында сепиди бекемдөөгө тартылган[3]. Сепилдин калың жана бекем дубалынын сыртында окоп казылып, аларда артиллерия жайгаштырылган. Орустардын кайрадан кол салууга даяранып жатканын уккан Гусейнгулу хандын иниси Гасан хан, сепилде 2000 жөө аскерлерди калтырып, өзү 4000 солдат мененорустардын жолун торогону чыкты. Ошондо Аштаракта сокку жеген Гусейнгулу хан бир аз артка кайткан эле. 30-сентябрда Эчмиадзинди алган орус аскерлерин армян динаятчылары кубанып тосуп алышты[4]. 9-октябрда орус аскерлери Иревандын айланасын курчап алып, сепилге кирип-чыккан жолдордун баарын ээлеп, катуу курчоого алышты. Гудович сепилдин коменданты Гасан хандан багынып берүүсүн талапкылды[5]. Гусейингулу хан курчоону бузууга аракет кылып, артиллериянын окторун жаадырды. Гудович убактылуу курчоону токтотуп, Гусейнгулу ханга каршы олуттуу күч жумшады. Өз аскерлерин аман сактап калуу үчүн Гусейнгулу хан Араз дарыясынан өтө чегинди. Гудовичтин багынып берүү талабына жооп катары Гасан хан катында: «Биз силер менен сепилдин ичинде гана эмес, ачык жерлерде да согушууга даярбыз (бул анчалык деле оор иш эмес). Силерге айтып коерубуз, гарнизон ушундай

---

[1] Там же.
[2] АКАК, т.III, с. 520.
[3] Присоединение восточной Армении к России (сборник документов) т.1, с.462.
[4] Там же, с.446.
[5] Там же, с.447.

чечимге келди»[1] – деп жазган. Катты жеткирген Иревандын өкүлү да сепилдин гарнизону акыркы аскерине жок болглнчо куралын таштап, багынбай тургандарын билдирген[2].

1-ноябрда Нахчыван басылып алынды. Нахчывандын коргонуу иштери уюштурулбаган себеби, чоң абройго ээ болгон Нахчывандын башкаруучусу Келбали хан 1808-жылдын жазында хандыктан түшүрүлүп, үй-бүлөсү менен Иранга чыгарылганг. Хандын уулу – Шихали бек өзүнүн кишилери менен Гарабагшка качып кетип, орустарга кошулуп, Нахчыванга болгон жүрүштө жол көрсөтүүчү болгон эле[3]. Гудович, провициянын Россиянын карамагына түбөлүк өткөндүгүн жарыялап, нахчывандыктарга үйлөрүнө кайтып келүү сунушу менен кайрылды[4].

БирокНахчывандын душман колуна өтүп кетиши да, суу менен камсыздоо системасынын бузулушу, да ирevaндыктардын согушчандык жигерин буза албады. Согуш башталганга 40 күн болуп калганына карабай, гарнизондун аскерлери менен ирeвандын жашоочулары бекем турушту. Гудовичтин багынып берүү талаптары жоопсуз калып жатты. Суук күндөр башталып, орус аскерлерин тамак-аш менен камсыздоо кыйындай баштады. Сепилди курчоону улантуу Россиянын кызыкчылыгына каршы иштей баштады. Акыры Гудович сепилге атака коюу чечимин кабыл алды. 17-ноябрда саат 5те чабуулду баштоо белгиленди. Мирза Адыгёзал бек жазыптыр: «Сансыз адамдардын көзүнө тозоктун шамалы караңгылыкты түшүрдү»[5], – деп.

Россиянын аскерлери беш группага бөлүнүп, торт отрядтөрт тарабынан чабуулга өтүп бешинчи отряд резервде

[1] Там же, с.460.
[2] Дубровин Н. История войны и владычества русских на Кавказе, т.V, с.158.
[3] АКАК, т.3, с. 476.
[4] Там же, с.474.
[5] Mirza Adigözəl bəy. Qarabağnamə, c. 75.

туруугa тийиш болгон. Чабуул башталаары менен ирevandыктар артиллериянын күчү менен орус армиясын чоң чыгымга учуратып, артка бүркүп салды. Сепил ичине кирүү үчүн атайын дайындаган шатылары жетишсиз болгон. Акыры, 1000 ге жакын адамынан ажырап, орустар чегинүүгө мажбур болушуп, чабуулду токтотушту[1]. Гудовичтин падышага жазган рапортуна белгилүү болгондой, чабуул учурунда 17 офицер жана 269 солдат навыт болуптур, ошондой эле, 64 офицер менен 829 солдат жарадар болгон экен[2]. Согуш тарыхчысы Дубровиндин жазганына караганда, чабуул койгон полктор тушуккан абалдан улам, кайра жанып чабуулга өтүү ойлоруна келбептир[3]. Багынгыла деп жазган башкы командачынын катына Гасан хан: «… Эгерде өз эрким менен Иреван сепилин тапшырсам, ордуна Иреван хандыгын аламбы. Ушундай аракеттерди туура десеңиз, анда Иреван хандыгына кызмат кылыңыз, ордуна Иреван, Тебри жана башка хандыктарды аласыз»[4], – деп жазыптыр. Алсырап калганда Гудович Небольсинге тапшырма берип, анын орус аскерлери жана аларга кошулган жергиликтүүлөрдүн кимиси каалаcа Гарабагка барууга буйруган[5]. Такымдаган куугунтук менен оор жааган кардын кесепетинен дагы 1000 дей аскеринен ажырап, аргасыз чегинүүгө мажбур болду[6]. Небольсин Нахчывандан чыгып кетээри менен аерди Абасгулу хан ээледи. Россия аскерлеринин артынан

---

[1] Бутков П.Г. Материалы для новой истории Кавказас 1722 по 1803 гг.II часть, с.390.
[2] АКАК, т.3, с. 467.
[3] Дубровин Н. История войны и владычества русских на Кавказе, т.V, с.158.
[4] Присоединение восточной Армении к России (сборник документов) т.1, с.473.
[5] АКАК, т.3, с. 462.
[6] Потто В. Утверждение русского владычества на Кавказе. Тифлис, 1901, с.305.

анын уулу 3000 атчан аскер менен кубалады[1].

Ошентип, орус армиясынын бул жолку жүрүшү да орустарга оңойго турган жок, жүрүшкө катышкан аскерлердин жарымынан көбү катардан чыгып калда. Ирeван хандыгы бул жолу да өзүнүн күчтүүлүгүн даңазалап, орусармиясына сепилди алдырган жок.

**1813-жылдагы Россиянын Ирeванды талап-тоногон жүрүшү.** 1810-жылдын апрелинде Гарабагтын шахынын сунушу боюнча Каджардыык Иран менен Росссиянын ортосунда сүйлөшүүлөр башталды. Сүйлөшүүлөрдө Россия Нахчыван менен Ирeванды берүүлөрүн талап кылды. Каджардык Иран болсо өзүнө Ленкораньды талап кылды. Бир бүтүмгө келе алышпай, тараптар Аскерандан куру кол кайтышты. Жыйынтыгында, кийинки окуялар дал ушул аймактарда башталды, анын ичинде Ирeвандын айланасында.

Абалдын курчтугун эске алуу менен, Ирeвандын ханы Гусейн хан 1810-жылдын майында Осмон мамлекетинин аскербашчысына жазкан каттарынын биринде Россияга каршы биригип, союз түзүүнү сунуш кылган, ошондой эле, жакындап келген коркунучту, орус армиясы Ахыска жекын келип калганын эске алып, хан айтылган союзду кечиктирбестен түзүү талабын койгон[2]. Тилекке каршы, бул союз түзүлгөн жок, ал эми россиянын басып алуу саясаты улана берди.

Ханды өз кол алдына өтүүгө мажбурлоо иретинде Россия Ирeванды талап-тоноого биринин артынан экинчи каракчылык экспедицияларын жөнөтө берди. Бул жүрүштөрдө канкорлуктун бардык түрлөрү колдонулду. Башкы командачы даярданып жаткан Лисаневичке мындай буюртма берди: «Бул экспедициянылкагында аларга эсинен кеткис талколоолорду жасагыла… мүмкүнчүлүккө жараша көбүрөөк

---

[1] Дубровин Н. История войны и владычества русских на Кавказе, т.V, с.158; Başbakanliq Osmanli Arşivleri (BOA), Hatti-Humayunfondu, s.226.
[2] Başbakanliq Osmanli Arşivleri (BOA), Hatti-Humayunfondu, s.226.

туткундарды алгыла»[1]. Ушундай эле тапшырма Джораевге[2] да берилген.

Күтүүсүз кол салууларды 4 батальон жана 200 атчак аскер менен Лисаневич 10 күн бою буйрукту аткарууга аракеттенди. Көптөгбон адамдар өлтүрүлүп, айылдар талкаланды. Кавказ Археографикалык Комиссиясынын Актыларында белгиленгендей, орустардын жакындап келатканын укканда, калк дүрбөлөңгө түшүп, үлөрү менен оокат-эмеректерин таштай качышкан, тоолорго чыга качышып, Араз дарыясынын аркы өйүзүнө өтүшүп, жашынышкан[3]. Алибетте, куралсыз карапайым калктын мындай качып-жашынуулары орус аскерлеринин жергиликтүү элге мыкаачылык мамилесинен келип чыккан.

1813-жылдын мартында полковник Пестель Иреванга жаңы жүрүш баштады. Эбегейсиз аскери жана 6 замбирек менен келишип, Иреванга санда жок зыян келтиришти. Салгылашта «тайманбастыгы» үчүн Пестель башкы командачы тарабынан 2- даражадагы Анна орденине көрсөтүлдү[4].

Көрүнүп тургандай, россия армиясынын бул жүрүштөрү падышалык башкаруучулардын жүзүн сыйрып салды. Ошондой болсо да, канчалык кысымга учурап, жоготуукыйроолорго тушукпасын Иреван хандыгын багындыра алган жок. Бул жүрүштөрдүн негизги максаты Каджарларга орус армиясынын кубаттуулугун даңаза кылып, ошондой эле, аларды чек арада жашагандардын тагдырына такай тынчызданып турушун көздөшкөн.

**Орус армиясынын Иреванды басып алышы**. Белгилүү болгондой, Иреван сепилин басып алуу орустардын Кавказга келишиндеги биринчи күндөн эле күн тартибине

[1] Там же.
[2] АКАК т. IV, с.66.
[3] АКАК, т.V, с.172.
[4] Потто В. Утверждение русского владычества на Кавказе. Тифлис, 1901, с.616.

кирген негизги максаты болучу. Иревенга кайра-кайра жүрүш жасагандары мунун айыгыз далили. Биок алардын Иреванга болгон чабуулдары бирде ийгиликсиз аяктаса, дагы биринде ыңгайы келгенге чейин кое турушкан. Ошондой эле Иреван ханы дагы ыңгайлуу учурун күтүп, кылымдын башында тарттырып жиберген аймактарды кайрадан кайтарып алууну көздөп, качандыр Тифлиске кол салууга даяр турган. Ошентип, ар бир тарап согушууга даяр турушуп, карсылдаша согуша турган күчтөрүн топтоп, алардын санын көбөйтүшү, мамилени курчута берди.

Миракты[1] басып алуу чечимин орустар кабыл алган соң, 1826-жылдын январында орус армиясынын жаңы баскынчылык кампаниясы башталды. Орус куралдуу күчтөрүнүн жакындап кеишинен чоочулаган хан аскерлерин чек арага жакын жайгаштырды. Анедан кийин Дилижандагы армяндар дүрбөлөңгө түшүп кача башташты. Ошого байланыштуу орустун чек ара аскерлеринин командачысы Севарсамидзенин жазышынча: «Солдаттар турбаган чек арага жакын жерлерде армяндар татарларсыз туруугa болбойт. Армяндар тынчтык өкүм сүргөн кездерде берилгендиги жана пайдалуулугу менен айрымаланат…»[2], – дептир. 16-июлда хандын аскерлери Мирак багытында контрчабуулга өтүштү, ал анын бир тууганы Гасан хан Шорагёлгө кирди. Бир топ чыгымдарга учураган орус армиясы чегинүүгө мажбур болушту. Түрк Республикасынын архивинде сакталган «Иреван сардарынын жана анын бир жазылгантууганынын орустарды жеңгендиги» деген аталыштагы документте: «Ирeвандын сардары бир тууганы менен Абаданды бошотуп, орустардын кылычын мокотуп, ал жактан башпаанек издеп Гаракильсяга качышкан. Бирөөлөр Иреван тарапка көчүшсө, экинчилери Гюмри уездинен Аджемди (Иран) көздөй көчүшөт. А улуу урматтуу болсо Тифлиске сапар алууну ой-

[1] АКАК т. VI, док.1374, с.462.
[2] АКАК т. VI\1, док.1372.

лонууда»[1], – деп жазылган. Балыгчай, Садагачай, Гаракилься жана башка кароол каналары талкаланды. Гасан хандын аскерлери Гюмринин жолун өз көзөмөлүнө алды. Ошентип, кыска убакыттын ичинде Памбак менен Шорагёл баскынчылардан тазаланды. Бул тууралуу Мырза Адигазал бек минтип жазат: «Князь Савирза Мирза Памбак менен Шорагёлдөн чыгып кеткенден кийин, анда Гасан хандын аскерлери келишип, орустарга тиешелүү болгон бардык нерселердин талканын чыгарып, отко жагышты[2]. Чындыгында Северза Мирза ал жерден кубаланып чыккан; экинчиден, ирeвандыктар өздөрүнө таандык болгон жерлерди кайтарып алышты. Памбак менен Шорагёлдө хандын аскерлери душманынын 158 солдат, офицерлерин жок кылышкан[3].

Басып алган жерлеринен ажыраганына ичи ачышып, анын үстүнө, груиндердин чек арасына хандын аскерлдери жакындап келатканын укканда Ермолов Балыгчай пунктун карай жаңы отряд жумшады. Бирок, 166 адамдан турган бул отряд, 27-июлда хандын аскерлери тарабынан курчоого алынып, дээрлик бардыгы жок кылынган. Алардын 133 адамы өлтүрүлүп, командири баш болгон 18 адамы туткунга түшкөн, калгандары эптеп качып кутулушкан. Орустар өздөрүнүн жеңилишин отрядынын курамында болгон казактарга жабыштырып, алар тигилерди түздөн-түз душмандарынын позицияларына кириптер кылган[4].

Хандын аскерлеринин жеништери аймакта жашагандардын да, коңшулаш аймактарда жашагандардын да көңүл-

---

[1] Osmanli Devleti ile Azərbaycan Türk Hanliklari Arasindaki Münasibetlere Dair Frşiv Belgeleri (Karabağ, Şuşa, Nahçivan, Bakü, Gence, Şirvan, Şeki, Revan, Kuba, Hoy) 1578-1914, 1 ritab, Ankara: Osmanli Arşivi Yayinlari, 1992, cc. 111-112.

[2] Mirza Adigözəl Bəy. Qarabağnamə, 1991, c. 81.

[3] Гизетти А.П. Сборник сведений о потерях кавказских войск 1801-1885, ТИФЛИС, 1901, С143.

[4] Потто В. Кавказская война в отдельных очерках, эпизоах, легендах и биографиях, т.1, с.50.

дөрүн, жоокердик духун көтөрдү. Султан Артика – Будаг хан тарапка өттү[1]. Поттонун жазышында, Памбак менен Шорагёлдү алгандан кийин «Борчалы, Шамшадил жана Елизаветполь ачыктан ачык эле Россияны сатып кетишти»[2],- дептир. Газахтардын төбоджөрүнө жазган катында (ага) хан: «Качан биз менен орустардын ортосунда тынчтык болгон кезде, силер бизден алардан куткарып бергиле деп жалдырадыңар эле…Азыр ошол учур келди»[3], – деп жазган. Ошентип, казахтардын приставы Сижевскийди сактап калган дегендердин арасында ошол кездеги армяндардын жардамысыз болбогону анык.

Кээ бир жагдайлардын бул окуяларга тиешеси жок болсо да, акыйкаттык үчүн ошол кездеги абалды тактоо иретинде аларга дагы учкай токтолгонубуз туура болор дейбиз. Белгилүү болгондой, Тифлистин жанындагы немистердин колониясын басып алууда, Лориде гректердин колониясын 2-сентябрь күнү басып алууда жергиликтүү элдердин бир тобу набыт болуп, үй-жайы талкаланган[4]. Алибетте, мындай окуяларды эч бир актоого болбойт. Бирок, белгилей кетишибиз зарыл, мунун баары падышалык өкмөттүн элдерди жер которуштуруу саясатынын үзүрү.

1826-жылдагы орус аскерлеринин кол салып, бирок чабууладары таш каап, хандыктын аймагынан чыга качканы тууралуу маалыматты укпаса керек, орус падышасы Николай I Иреванга жүрүш жасоо тууралуу указга кол койуптур. Ошол указында бул жүрүшкө кайсы аскер бөлүктөрү, кайсы полктор катышаары айтылган: «Силерден мындай жооп

---

[1] Дубровин Н. История войны и владычества русских на Кавказе, т.V, с.158.

[2] Потто В. Кавказская война в отдельных очерках, эпизоах, легендах и биографиях, т.1, с.52.

[3] Дубровин Н. История войны и владычества русских на Кавказе, т.V, с.158

[4] Потто В. Кавказская война в отдельных очерках, эпизоах, легендах и биографиях, т.1, с.63.

күтөм, сардар жок болду, Иреван провинциясын алдык. Ийгиликке жетиш үчүн силердин күчүңөр жетишээрлик – 15 миң орус аскери»[1], – деп жазылган. Бирок падышанын 1-августтагы бул указын Ермолов аткара алган жок. Анткени, карамагыындагы бардык хандыктардан ажырап калган кези болгондуктан, Иреванга карай жол алуу кыйынга туруп калган. Жүрүш кийинкиге калтырылып, Ермоллов кайтып кетүүгө аргасыз болгон.

Шамхор менен Гянджанын алдындагы орустардын жеңиши Иреван хандыгына да таасирин тийгизди. Кысылган сезимдерден чыга албаган хан аскерлерине чегинүүгө буйрук берди. Памбак менен Шорагёл орустарга өттү. 21- сентябрдагы салгылаштан кийин Джалалоглуда орус аскерлеринин лагери орун алды. Эртесине баштап Давыдовдун командалыгы алдындагы отряд Иреван хандыгынын ичин карай чабуулга өттү. Бирок, Ермоловдун буйругу менен алар 29-сентябрда өз позицияларына кайтып кетишти[2].

Орус аскерлеринин негизги көздөгөн максаты хандыктарды жоб болгондуктан, жакынкы күндөрү сепилге чабуул койбошу керек, бир-азыраак күч менен Иреван сепилине кол салуу алар үчүн кооптуу болучу, Ирeвандын башчысы өзүнүн контрчабуулу аркылуу, Грузиядагы негизги күчтөрү менен байланышын үзүп коймок.

1826-жылдын акырында генералдык штаб тарабынан басып алуу кампаниясын улантуу боюнча эки долбоор иштелип, Ермолов жана Паскевичтин кошумчалары менен толукталды. Паскевич тарабынан экинчи долбоор жактырылды. Анда Иреван менен Нахчыван провинцияларына күтүүсүз чабуул коюп, аларды башка хандыктар менен болгон байланышын үзүү каралган. Негизги сокку Тебризге[3] урул-

[1] Там же, с.359.
[2] Дубровин Н. История войны и владычества русских на Кавказе, т.V, с.158
[3] Там же.

мак. Ермолов Иреван хандыгын колундагы күчтөр менен алгандан кийин кампанияны токтотуп, сепил ичиндеги армяндарды куралдандырып, ошолордун күчүн пайдаланууну талап кылды. Андан соң, Мешкин провинциясы аркылуу өтүп, Ардебиль, Халхал жана башкаларды алган соң, Ленкаран хандыгы өздөрү эле багынып келишет[1] деп айтты. Николай 1 Ермоловдун планын жактырып, бекитти. Ошентип, негизги соккуну Иреван хандыгына урууну чечишти.

Бул проектини даярдоо үчүн 1827-жылдын февралында Тифлиске генералдык штабдын начальниги барон Дибич келди. Бардык мүмкун болгон жагдайларды сыдыргыдан өткөрүштү. Бул планды ишке ашыруу максатына падыша казынадан 400 миң червонец (алтын теңге) жана 500 миң рубль акча каражатын берди. Ошондой эле, белгилүү өлчөмдөгү буудай менен ун дагы Баку менен Редуткалга[2] жөнөтүлдү. 26-мартта барон Дибич аскер операциясын баштоону жарыя кылды.

Ермолов менен ич келишпестик жана Ермоловдун планын падыша жактырышы Паскевичтин Кавказдан кетишине түрткү болду. Бирок, анын отставкага кетүү боюнча жазган рапортун утурулай эле 28-мартта ал башкы командачы болуп дайындалды. Бир мезгил өткөн соң Вельяминов менен Мадатов генерал Сипягин жана Панкратьев менен алмаштырылышты.

Аскерлердин Иреванга жүрүшү башталды. Апрелдин башында аркер бөлүктөрү Бенкендорфтун башчылыгы астында жана ирандакы армяндардын абройлуу деп саналганг архиепископу Нерсес Аштерекацинин коштоосу менен Борчалы районунан жүрүшкө чыгышты[3]. Белгилей кетели, армяндардын көпчүлүгү, согуштун башталаарын күтүшүп,

[1] Дубровин Н. История войны и владычества русских на Кавказе, т.V, с.158
[2] Там же.
[3] Mirzə Adigözəl Bəy.Qarabağnamə.c.12

орус армиясына жардамга келүүгө даяр турушкан. Армяндардын орус армиясына жардам бергендигине арналган эмгегинде, М.Би белгилейт, Иреванга каптап келаткан Бенкендорфтун командачылыгы астындла14 000 орус аскери Эчмиадзинди алган соң армяндар тарабынан кучак жая тосуп алынды. Архиепископ Нерсес, орустар менен биргеликте экенин жактырып, чогулгандарга ыраазычылык билдирди. Ал чогулгандарды орустар тарапта болууга жана алар менен бирге согушууга үндөдү[1]. Сардарабад багытында бараткан Бенкендорф, жолдо Гасан хандын атчан аскерлерине кабылып, жеңилип баратканда, Эчмиадзинге кайтып келди[2].

12-майда Паскевич өзүнүн аскер бөлүгү менен армян жана грузиндердин коштоосунда чабуулун баштады. Падышанын макулдугу менен уюштурулган биринчи армян атчандар полку 17-майда Паскевичтон артынан Иреванга жөнөп кетти. Армян тарыхчысынын айтышынча Иревандын чек арасында чогулган аскердин саны 1000 кишиге[3] жетти. Анан Иревандын аймагына Красовскийдин 20-дивизиясы жете келди.

Сепилди карап чыккандан кийин Паскевичтин сепил коменданты менен жоолуккусу келгендигин жазган катына, сардар өзү мындай мазмунда жооп жазган эле: «Егер маселе сепилди тапшырып берүү тууралуу болбосо, мен ага уруксат берем, тескерисинче болсо жоолугуунун кажети жок. Мен эч качан сепилди тапшырып бербейм». Сепилди ала албасына көзү жеткен Паскевич, ошол оюнан кайткан эле. Щербатовдун жазганына караганда, сепилди курчоого алуунун өзү аскер бөлүктөрүнүн мүмкүнчүлүгүнүн жеткен чеги

[1] Bi M. Kafkas Tarihi, 2 Cilt, Ankara: Berikan Yayunevi, 2011,c.348.
[2] Umudlu V.U. Şimali Azərbaycanin Çar Rusiyasi tərəfindən işğali və müstəmləkəçilik əleyhinə mübarizə (1801-1828), Baki, 2004, c.91.
[3] Алавердянц М.Я. Граф Иван Федорович Паскевич-Эриванский и его деятельность на Кавказе в очерках армянского историка. 1782-1912, с. 12.

болмок[1].

Аскерлерин Нахчыван тарапка жилерүүнү чечкен Паскевич, армиясын Гарничайдагы лагерине чогултту. 19-июнда жүрүшүн баштаган аскерлер алды менен Дявяли айылына киришти. Айылда эч ким жок болгон[2]. Мурда айтылгандай, сардар элдерди Иреванга көчүрүп жиберген; айрым айылдарда кароол отряддарын гана калтырган болучу. Щербатовдун жазгандарына караганда, сепил ичине 18 000 адам көчүрүлүптүр[3]. Нахчыванда орустарга каршылык көрсөтүлгөнү туурасында маалымат кезикпейт. Кери хан орустарга каршылык көрсөтүүгө кудурети жетпесин билген соң, качып кеткен окшойт деген пикир жөндүү. 26-июнда Нахчыванды алгандан кийин Паскевич бардык аскер күчүн Абассабадды алууга жумшады. 5-июлда Аббаз Мирза Гасан хан менен биргеликте, курчоону талкалоо максатында Хоя тараптан кол салды. Тилекке каршы, Жаванбулгдын жанындагы салгылашта алар желишти. Сепил тынымсыз жааган окко кабылган соң, 7-июлда гарнзон куралдарын ташташты. 1500 туткун менен кошо орустарга бир катар баалуу трофей колго түштү. Генерал-майор барон Сакен сепилдин коменданты жана Нахчыван провинциясынын башчысы болуп дайындалды.

7-августа белгилүү Ушаган согушу болду. Акыры, хан аскердик күчтөрүн топтоп, орустарга катуу сокку берип, жеңишке ээ болду. Гизеттинин маалыматында, Красовскийдин отряды1166 солдат, офицеринен, ажыраптыр (685 өлгөн, 347 жарадар, 134 туткундалган)[4]. Армян тарыхчысы

---

[1] Щербатов А.П. Генерал-фельдмаршал князь Паскевич. Его жизнь и деятельность. СПб, 1890-1891., с. 265.

[2] Щербатов А.П. Генерал-фельдмаршал князь Паскевич. Его жизнь и деятельность, с.273.

[3] Там же, с. 322.

[4] Гизетти А.П. Сборник сведений о потерях кавказских войск 1801-1885гг. Тифлис, 1901, с.145.

Алахвердянц, ошол күнкү согушту минтип сүрөттөйт: «Красовский Иреванга чабуулун токтотуп, Эчмиадзинге бет алды. Бул мүмкүнчүлүктөн пайдаланып сародар 4000 атчанг аскери жана сарбаздардан турган 2 бригадасы менен ошол багытка жол алышты. 4-августа Аббас Мирза өз аскери менен ошол аймактан байкалды. Биригип алып алар орус аскерлерин курчоого алышып, четинен кыра башташты. 200 туткунду эсепке албаганда ошол күнү 24 офицер жана 1130 солдат навыт болду»[1]. Бул жеңиш орустардын андан аркы чабуулдарына тоскоол болду.

29-авгутта Эчмиадзинде чогулушуп, орустар Сардарабадга чабуул коюуну тандашты.14-сентябрда Сардарабадды басып алуу башталды. Ошондо Гасан хан сепилге кирип барууга үлгүрдү. Калаанын армян тектүү жашоочуларына багынгыла деп Нерсес кайрылды[2]. Калааны 24 замбиректен тынбай аткылап атышты. Эки күн бою токтобогон замбиректин аткылоосуна туруштук бере албай горнизон калааны таштап кетүүгө мажбур болду. Бул аргасыз ташталган кадам, согуштук тактикадан алганда, туура болгон. Тилекке каршы, сепилдин ичиндеги байлыктын көбү орустардын колуна тийди. Сардарабадга бригада менен армян полкун киргизгенде, 24-сентябрь күнү Паскевич Нерсес менен Иреванга да кол салышты.

Түрк тарыхчысы Махмуд Би жазгандай, Эчмиадзиндин каталикосу Аштаракеци, «патриотпуз» дегендерден коргоо полкун жыйып алып, аларды 1827-жылдагы Паскевичтин жүрүшүндө Иреванга чабуул жасаган орус аскерлерине жардам берүүгө жана Чыгыш Арменияны басып алууга жумшады[3]. Автордун «Чыгыш Армения» деп «атаганы» жаңылыш, анткени мындай аташка тарыхый негиз жок,

---

[1] Алавердянц М.Я. Граф Иван Федорович Паскевич-Эриванский и его деятельность на Кавказе в очерках армянского историка, с. 12.
[2] Там же, с.21.
[3] Bi M. Kafkas Tarihi, 2-cilit, c.31.

мындай аталышты бул аймакты басып алууга даярданып жаткан кезде Россиянын аскербашчылары атайын киргизишкен. Армян полку туурасында түрк тарыхчысы К.Гюрун мындай деп жазат, «армян патроиотторубуз» дегендердин айланасына чогулган аттуу-баштуу Лазарян жана Аргутян сыяктуу армяндар 1827-жылы орус падышасына мындай бир долбоор тартуулашты. Ал долбоордун маңызы мындай, орус армиясы армяндар жашаган бардык чөлкөмдөрдү бириктирип армян улуттук мамлекетин түзүшөт[1], деген.

Князь Щербатовдун жазганына караганда, Аббасабад менен Сардарабадды басып алганда орустардын колуна тийген провиант менен орус армиясын жарым жылга бакса болот эле. Паскевичтин жазганына да кайрылсак, ал «мунсуз Ireванды курчоого алууну уюштуруу мүмкүн эмес эле[2], – дейт. Бул эки сепилдин ар биринде ушунчалык арбын запастын барлыгы, хандын аскерлери согушка аябай даярдангандыктарын күбөлөндүрөт. Бирок, узак мөөнөткө тынбай сепилди көптөгөн замбиректерден аткылоо хан үчүн күтүлбөгөн жагдай болду. замбиректерден жааган октордун тынбай жарылышы шаар кампаларында чогултулган тамак-аштарды жок кылууга мүмкүндүк бербеди.

Айрым булактарда, Сардараббадды алдыргандан кийин, Аббас Мирза Россия менен Иреван жана Нахчыван хандарынын ортосунда түзүлгөн тынчтык келишиминде көрсөтүлгөндөрдү аткарууну токтотту.

Бир катар жеңилүүгө учураганы менен хандын аскерлери каршылык көрсөтүүнү токтотууну ойлошкон да жок. Сардарабаддан чыгып кеткени менен Гасан хан Иреван сепилинин коргонуу мүмкүнчүлүгүн күчтөндүрө берди. Сепилдин дувалдарынын артында эки бийик мунара бар эле, сепил терең аң менен курчалып, байкалбаган жеринде зам-

---

[1] Gürün R. Ermeni Dosyasi, Ankara: Bilgi Yayinevi, 2012, c.12.

[2] Щербатов А.П. Генерал-фельдмаршал князь Паскевич. Его жзнь и деятельность, с.1.

биректер орнотулган. Сепилди 2000 аскер жана 2000 атчандар коргойт эле.

24-сентябрда Иреванды курчоо башталды. 3 батарея үч күн бою калааны тынымсыз аткылап турду. Бир азга орной калган тынчтыктан пайдаланып горнизондун артиллериясы дагы орустарга жооп кылып замбиректерден ок жаадырышты. Бирок, калааны курчоого алган аскердик корпус куралдуу күчтөрүн улам жакындата чогулта баштады. Орус генералы калааны тапшырып берүү талабын койгондо, сардардан же Иран тараптан жардам келээр деген үмүт менен, бир аз тыныгуу берилишин өтүндү. Паскевичтин кечиктирбей жообун берүү талабы  жоопсуз калды. Калаанын замбиректеринин үнүн басууга каршы орустар 40 замбиректен ок жаадырып, калаага 1000 ден ашуун замбиректин снаряддары түштү. Калаа өрткө чулганып, чаң менен түтүн каптап, имараттардын талкаланган дувалдары додо болуп үйүлүп, карапайым эл жамгырдай жааган октон кайда качаарын билбей эси ооду. Бир жжагынан армяндар багынып берели деп талап кылып жатышты. 1-октябрда шаардын дарбазасы талкаланып, орус сакерлери калаага каптап киришти. Ирeвандагы согушту өз көзү менен көргөн бирөө минтип жазыптыр: «Менимче, калааны 4 күн тынымсыз аткылаган артиллерия, Иреванды кыйратканын көргөндө, 4 кылымда да мындай кыйрата албас эле»[1].

Иреванды алгандыгы тууралуу Паскевич Никалай 1 жазаган рапортунда: «Курчоого алган учурда сеприлдин дувалынын түбүн казып жибердик, артиллерия да өзүнүн милдетин аткарды. Аман калаарынан үмүт үзгөндөр куралдарын ташташып, айрымдары коргонуну улантышты. Бирок калаанын дарбазасын талкалагандан кийин аргасыздан бардыгы багынып беришти»[2]. Гарнизон Гасан ханы баш болуп

---

[1] Потто В. Кавказская война в отдельных очерках, эпизоах, легендах и биографиях, СПб, 1888, т.1, с.516.

[2] Кавказский календарь, Тифлис, 1847, сс. 208-211.

туткундалды. Дагы бир маалыматка караганда Ирevандын башкаруучусу Гасан хан дагы Маку[1] хан тарабынан туткундалып, генералга өткөрүлгөнү айтылат. Бирок бул маалыматты тастыктаган башка документ жок.

Бул жеңиши үчүн Паскевичке граф титулу ыйгарылып, ага 1 миң сом өлчөмүндө сыйлык акы берилген. Иреванда Крассовскийдин жетекчилиги астында убактылуу өкмөт түзүлгөн. Нерсес ушул өкмөттүн курамына бекитилген. Глинка белгилегендей:» Крассовский Нерсес менен биргеликте аракеттенишкен»[2].

Иреванды алгандан кийин орустардын түштүккө карай сапарлары ар кайсы тараптан башталды. Чукул арада Маранд, Тебриз, Хой, Салмаз, Мараганы басып алышты. Дех-Гарахандагы жоолугушууда Паскевичтин койгон ультиматуму аткарылбагандан кийин, согушуу кайра уланды. Урмия менен Ардебиль да орустар тарабынан каратылды. (Ардебилдеги өтө сейрек кездешкен китептерди сактаган китепкана таланып-тонолду). Тегеранга түздөн-түз жакындап келген каргаша шахты тынчтык келишимине кол коюуга мажбурлажды.

Англис кеңешчинин сунушу мененТебризде, егер тынчтык келишими түзүлсө, чек ара Араз дарыясы менен болмок; Сардарабад, Иреван, Нахчыван жана Аббасабад Россиянын карамагында калып, а Тебриз менен Хой – Ирандыкы болмок[3].

1828-жылдын 9-нан 10-на караган түнү Тебризден алыс эмес жерде, Түркмөнчай айылында Россия менен Каджарлык Иран ортосунда 16 статьядан турган келишимге кол коюлду. № 3 статьяга ылайык Иреван менен Нахчыван

---

[1] Osmanli Devleti ile Azərbaycan Türk Hanliklari Arasindaki Münasibetlere Dair Arşiv Belgeleri, 1578-1914, 1 kitab,c.212.

[2] Глинка С. Описание переселения армян Аддербижанских в пределы России, Москва, 1831, с.35.

[3] Başbakanliq Osmanli Arşivleri (BOA). Hatti-Humayun fondu, л.3485.

хандыктары Россиянын карамагына өттү. Төртүнчү статьяга ылайык, мамлекеттер ортосундагы чек аралар такталды. 15инчи статьяда армяндар Россиянын карамагына кирген жерлерге отурукташаары жазылган[1].

Ошентип, Түркмөнчайдагы келишим менен Азербайжандын жери биротоло бөлүштүрүлдү. Азербайжандыне түндүгү падышалык Россиянын карамагына өттү. Иреван менен Нахчыван хандыгынын жерлеринде «Армян обласы» уюштурулду. Азербайжандардын байыркы Иреван калаасы «Армян областынын» борбору болуп калды. Түркмөнчай жана Эдрин келишимдеринин шарты боюнча, Осмон империясынан жана Каджарлык Ирандан армяндар күргүштөп, Иреванга калаасына, көчүп келе башташты. Бул жапырт көчүп келүү калаадагы демографыиялык абалды өзгөрттү.

[1] ГИА АР, ф.202, оп.1, д .34, л.317-321.

# II БӨЛҮМ

# АЙМАГЫ, АДМИНИСТРАТИВДИК БАШКАРУУСУ ЖАНА КАЛКЫ

## 2.1. Иреван калаасынын аймагы жана сырткы көрүнүшү

Көп сандаган жазма маалыматтарда тарыхый Иреван калаасынын жайгашкан жери: $40^{o}08'$ түндүк кеңдик жана $44^{o}$ 10' чыгыш узундукта, Агрыдаг түздүгүнүн түндүк-чыгышында, деңиз деңгээлинен 900-1000 метр бийиктикте орун алган. Иревандагы гидронимдердин, оронимдердин, ойконимдердин дээрлик көпчүлүгү түрк тилиндеги аталыштар экенинин өзү эле, бул жерде байыркы замандарда азербайжандардын ата-бабалары жашаганынан кабар берет.

XIX кылымдын акырында, XX кылымдын башында Иревандын ондогон көчөлөрү азербайжан аталышында болгшон: Шариат, Кербенсарай, Гала (сепил), Султан, Чөлмөкчү (Котелковая), Нахчыван, Базар, Дашлыкөчө (Каменная улица), Гариблер – оджагы (Щчаг иноземцев), Дейирманлы-0көчө (Мельничная улица), Мечит, Фихле-базары (Рабочий рынок), Тепебашы (Верхне-холминская), Гарибстан-көчөсү (Кладбищенская улица), Наиб көчөсү (улица Наиба), Мирджафар көчөсү, Рустам хан көчөсү, Мамыры, Кёрбулаг көчөсү (улица Слепого источника), Бек, Катан (Льняная), Дюканлы-көчө (Магазинная), Саллахлар ж.б.[1]

Калаа ойдунда жайгашып, түндүк-батышында жана түндүк-чыгышында тик келген дөңсөөлөрдүн ортосунан

[1] Мустафаев Н. Город Иреван. Баку, 2013, с.9

орун алган. Түштүк-батышы менен түштүк жагы түз талаа менен уланып, улам арылаган сайын кеңее берип, Араз айдыңына сиңип кетет. Мусулмандар Иреванды «Бактылуу чукур» деп аташкан, ал Николай 1 1837-жылы Иреванга келгенден кийин аны «баткактуу казан» деп атаптыр. Ганагир дөңсөөсүнөн караганда Иреван бир нече тегерек казандарга окшошуп, төбөлөрү жалпак жабылган, негизги бөлгү баткактан салынган үйлөрдөн турат. XIX кылымда гана бир, эки кабаттуу таш үлөр салына баштаган[1].

1859-жылы россиялык тарыхчы А.М.Бурнашов: «Эривань Заңги дарыясынын жанында аккан, Гырхбулак деген кичине суунун Аракска куйган жеринде: сепил жана калаадан туруп, эки жагынан бийик дувалдары Заңгиге такалып, ал ошентип төртүнчү тарабын тосуп, үч тарабында терең чукур казылган. Дувалдар баткакка саман кошулуп, майда шагыл менен аралаштырылып салынган»[2], – деп жазган.

Калаанын периметри 43 чакырым (≈ 45 км), аянты – 4641 дес. Жана 1136 саж (≈50.5 кв.км)[3].

Калаанын жайгашкан жери кургак субтропикалык климаты бар жана жер кыртышы жемиш бактарын өстүрүүгө ыңгайлуу. Климаты – жайында тропикалык, мээ кайнаткан ысык, а кышкысын кычыраган суук келет.

Иреван калаасынын архитектуралык модели долбоорлонгондо ошол кездеги жакынкы чыгыш шаарларынын жалпы каабылданган схемасына окшош[4]. Негизинен калаанын 4 кварталы-махеллеси болгон: Гала (Сепил), Шехер (Городище), Тепебаши (Вершина холма) жана Демирбулак

---

[1] СМОМПК, вып.1, Тифлис, 1881, сс.8-9-; Назим Мустафа. Город Иреван. Баку, 2013, с.8.

[2] Кара: Гаджиев Заур, Эребуни, Ереван или Иреван. http||erevangala 500/com/pagr/77.html.

[3] СМОМПК, вып.1, с.9.

[4] Ереван (статья из Encyclopedia Iranica.bErich Kettenhofen, George A. Bournoution and Robert H.Hewsen).

(Железный родник). Шехер кварталы калаанын түндүк-чыгышында, Тепебашы – батышында, ал эми Демирбулак – түштүк-чыгышында жайгашкан[1].

1827-жылдын 25-сентябрынан 1-октябрына чейин түзүлгөн планга ылайык, Паскаевич баштаган орус аскерлери курчоого алып, чабуулга өткөн жери – Иреван сепилинин Гала каварталынын ичинде – Заңги дарыясынын жээгиндеги бийик дөңсөөдө хандын сарайы (Сардардын хансарайы), үч мечит жана григориан чиркөөсү жайгашкан болгон[2]. Иреван сепили менен Сардардын хансарайы кандай болгондугу тууралуу толук маалыматты көп томдон турган «Утверждение русского владычества на Кавказе»[3] деген тарыхый эмгектен табабыз. Мындан тышкары Россиянын архивдеринде сепилдин көптөгөн схема-чиймелери, пландар сакталган. Чет элдик сүрөтчүлөр Тавернье, Шарден, орус сүрөтчүлөрү Ф.Руба жана Г.Гарина тарабынан XIX кылымдагы Иревандын майда-чүйдөсүнө чейин так тартылган сүрөттөр бар. Бул маалыматар тарыхый жагынан баа жеткис дейбиз, себеби бүгүн ошол кездеги Иревандын тарыхый бөлүгү таптаркыр жок кылынган. Сакталып калган тарыхый абалды күбөлөндүргөн маалыматтардан көрүнүп тургандай, XIX кылымда Иреван калаасы мусулмандарга, азербайжан курулушуна таандык экенин далилдейт[4].

Изилдөөгө алган мезгилде калаа бир топ кеңейген.

---

[1] Шопен И. Исторический памятник состояния Армянской области в эпоху их присоединения к Российской империи, с.124.

[2] План крепости Эривани, с означением осадных работ с 25 сентября по 1 октября 1827 года – Утверждение русского владычества на Кавказе. т. 1, с. 306.

[3] «Крепость Иреван со стороны р. Занги» – Утверждение русского владычества на Кавказе. Тифлис, типография Я.И. Либермана, 1901, т.IV, с. 164.

[4] Фуад Ахундов. «Мы можем представить Армении старые чертежи для восстановления центра Еревана». //http//regnum.ru, Интервью ИА Regnum от 7 фев. 2012 г., (исп. 11/1 -2023).

XVII кылымда Индядан 50 армян цыгандары (боши) мында келип отурукташып, алар Тепебашы (азыркы Конд) кварталынан, калаанын батыш тарабында туруп калышкан. Түркмөнчай (1828-ж), Адрианаполь (1829-ж.) келишимдеринен кийин армяндардын күргүштөп көчүп келүүсү башталган, анын ичинде Иреван калаасына дагы. Алар негизинен калаанын ичиндеги казыналык жерлерди жана шаардын айланасындагы аймактарды ээлешкен. Жыйынтыгында, XIX кылымдын 80-жылдарына келгенде калаа 7 кварталга: Тепебашы, Шехер, Ханбагы, Демирбулак, Молокан, Дерекянд жана Чолмакчы[1] болуп кеңирген. Иреван сепили коштолгон тиштүү дубал менен курчалып, тегерек мунаралары болгон. Аларга кирүү үчүн үч дарбазадан өтүү керек эле: Тебриз, Ширван жана Кёпрю[2] (Өткөөл). Сепилдин дубалы тик бурчтук түрүндө болуп, периметри 1200 метр. Сепилдин түндүк-батышында 640 метрге ичке кирген капчыгай кол жеткис болгондуктан, бул жактагы дувалды алуу аракети максатсыз болучу. Россия оккупация кылгандан кийин, сепилдин ичинде 2000 аскерден турган гарнизон менен административдик имараттарды каржылашкан[3].

Э.Челеби, сепил тууралуу, бир кабаттуу болгону менен кооз эле деп жазган[4].

Сепилдеги байыркы аксарайларын талкалап бузууга катуу тыюу салынган падышанын буйругу[5], 1827-жылдын февралында генерал Ермоловго жеткирилгенине карабай, Иреван сепили орус армиясынын басып алуу учурунда аябагандай талкаланган[6]. Жыйынтыгында сепилди башка жерге

---

[1] СМОМПК, вып.1, 1881 г., с. 10.

[2] Обозрение российских владений за Кавказом, ч. IV, СПб, 1836, с. 289; //http//erevangala 500/com/page/ 77.html.

[3] ОРВЗК, ч. IV, с.290.

[4] Челеби Э. Книга путешествий, т.1, Стамбул, 1324 г.х., с. 271.

[5] АКАК, т. VI, ч.2, док.1132, с.766.

[6] Развитие Еревана после присоединения Восточной Армении к России. Сб. Сб. документов, 1801-1917гг. (сост. Т.Х.Акопян). Ереван, 1978, док.23,

которуу чечими кабыл алынган. Граф Чернышовдун 1837-жылдын 29-декабрында Розен төрөгө Түштүк Кавказды бекем фортификациялык коргонууну камсыздоого байланыштуу жазган катында: «Эривандын климатынын жагымсыздыгына байланыштуу жана сепилдин дувалдарынын борпоң болгонунан падыша сепилди эски ордунан жогору карай 6 чакырым аралыктагы Заңги дарыясынын боюна которууга уруксат берди. 1836-жылы долбоору түзүлдү. Бирок аны биротоло бекитүү маселеси Гюмри сепилин кайрадан куруп бүткөнгө чейин токтолду»[1]. Ошентип ал проект ишке ашпай кагаздагы бойдон калды. 1839-жылы генерал Головиндин долбоорунда 10 миллион рублди займ катары Кавказ крайынын керек-жарагына бөлүү, анын ичинде атайын пункт менен белгиленип «Арткыкавказ крайындагы кечиктирилгис согуш иштерине жумшоого» делип, Иреван сепилин калыбына келтирүү каралган[2]. Бирок, бул проект дагы ишке ашкан жок.

1853-жылы сепил жер титирөөдөн дагы жабыркады, жана да кайрадан сепилди жаңы жерге көчүрүп куруу маселеси көтөрүлдү. Генерал-фельдмаршал Барятинскийдин 1857-1859-жылдардагы отчетунда: «Закавказиянын чек арасындагы Александрополь, Ахалцых жана Эривань сепилдери турушунда өз алдынча сепил катары жакшы куралданган европалыктардан коргонууга мүмкүнчүлүктөрү канааттандырбайт. Эривань сепилинин курулган материалынын борондугу, жана жагымсыз климатынан улам, азыркы абалында калтырууга болбойт». Отчеттун автору көлөмү чакан жаңы сепилди дөңсөө жерге – калаа менен Ганагир айылынын ортосуна, шаар борборунан 3 чакырымга курууну сунуштаган[3].

---

с.76.

[1] АКАК, т.VIII, Тифлис, 1881, док. 271, с.374.

[2] АКАК, т. IX, Тифлис, 1884, док № 20, с.18.

[3] АКАК, т. XII, с. 1303.

Иреван сепилин калыбына келтирүү боюнча түзүлгөн проектилер да, ан башка жерге которуп кайрадан куруу сунуштары да ишке ашкан жок. 1864-жылы Иреван сепилин аскердик максатта пайдалануудан баш тарышып, ал фортификациялык сепил статусунан ажыратылган[1].

Иреван-галанын талкалангандан калганы 1920-жылга чейин сакталган, бирок, Советтик Армения деген мамлекетти курабыз дегендер азербайжандардын орто кылымдардагы тарыхый курулушун түп орду менен жок кылышты[2].

Байыркы Ирвандын карамагындагы бардык курулуш имараттары түп орду менен талкаланып, жок кылынды. Сепил ичинде эң байыркы мечит бар эле, XVI кылымда курулган. Бул мечит түрктөрдүн Сефевиддер династиясынын башталышындагы архитектуранын жаркын үлгүсү эле. 1679-жылдагы жер титирөөдөн бул мечит толук талкаланган[3].

Жума мечити (пятничная) 1606-жылы шах Аббас 1 Сефевиддин буйругу менен тургузулган, ал 1604-жылы Ирeванды осмондордон тартып алгандан кийин[4]. Архитектуралык ыкмасы жана монументалдык жагынан Жума мечити гянжидеги мечитке окшогон эле, себеби экөөн бир эле архитектор – Бахаэддин курган. Ал сепилдин ичиндеги Сардардын аксарайынын чыгыш жагында болучу. Мечиттин архитектуралык комплексинин курамында, медресе, китепкана, коноктор үйү жана кенен короосу бар эле.

Иреван сепилинин ичинде 1725-жылы тургузулгун, төрт тирөөчтүү арка түрүндөгү сунниттердин Раджап пашасынын мечити, ошондой эле, 1807-1817- жылдар аралыгын-

---

[1] Кавказский календарь на 1874 г. Тифлис, 1873-ж., с.252.

[2] Гусейнов Ризван. Материальные памятники и конфликты на Кавказе (на примере Иреванской крепости) – Кавказ и глололизация, т.6, вып.2, сс.177-191.

[3] Буланова О. Как убивали мечети Эривани – http//azerhistory.com/p=75-5/(bcg/11/01/2023)/

[4] ОРВЗК, т. IV, с.289.

да салынган Аббас Мирзанын да мечити бар болучу[1].

XIX кылымдагы немис тектүү белгилүү Кавказ таануучу А. Гастгаузен 1843-жылы Ireванда болуп, көргондөрүн минтип жазган: «Раджап пашанын мечити грек-орус чиркөөсүнө, ал эми Аббас-Мирзанын мечити – арсеналга айландырылыптыр»[2].

Иреван калаасы орустар тарабынан 1827-жылы басып алынгандан кийин, Раджап пашанын мечитинин үстүндөгү жарым жылдыздуу ай алынып, ордуна крест орнотулуп, минаретке конгуроо илинген. Ошентип, мечит праволслав чиркөөсүнө айланып – 1827-жылдын 1-октябрында Покровдук Ыйык эненин күнүнүн урматына, Покров собору деп аташкан[3]. Покров чиркөөсү «Армениядагы» совет бийлигинин тушунда талкаланган.

Хандын сарайына жакын жайгашкан дагы бир мечит – Аббас Мирзанын (Сардардын) мечити – кенен короосунун ортосунда фонтаны жана дагы бир кичине жэайкы мечити бар эле[4].

1864-жылдан кийин, Иреван сепили аскердик максатта колдонулбай калган соң, мечитти арсенал катары пайдаланбай калгандан кийин Аббас Мирзанын мечити акырындак менен талкаланып кетти. Императордук Археологиялык Комиссиянын 1912-жылдын 17-майындагы, жыйынында профессор Н.Марр өзүнүн докладында: «Мечит дагы деле жакшы абалда, бирок аны сактап калууга эч кандай аракет көрүлбөй жатат. А бул жергиликтүү мусулмандардын баалуу маданий эстелиги: куполунун төбөсүндө араб тамгалары менен кыркалекей жазуулары бар. Куполунда жарака

[1] Акопян Т. История Еревана (1500-1800), ЕГУ, 1979, с.370.
[2] АКАК, т. VII, Тифлис, 1878, док № 432, сс.480-481.
[3] ОРВЗК, ч. IV, с.289.
[4] Ерванд Шахазиз. Древний Ереван. Ереван, 1931, с.171 (на арм.яз.); Назим Мустафа. Указ. работа, с. 228.

кеткен, аны эбак эле оңдош керек эле»[1], – деген. XX кылымдан башында Сардардын мечитине Түркиядан келген качкындарды жайгаштырышкан. «Арменияда» совет бийлиги орногондон кийин бул мечитти да акырындап жок кылышып, ордуна эл жашаган үйлөрдү курушту.

Калаанын архитектурасынын бермети – Сардардын аксарайы – Иреван хандыгынын өкүмдарынын үйү болучу.

XVI кылымдын башында, Иреван калаасын куруу башталганда, Исмаил шах өзүнүн Чухурсааддагы башкаруучуларына үй салууга буйрук берген эле. XIX кылымдын ортосуна чейин аксарайды улам жаңылап, жакшыртып, кеңейтип келишкен. Ал сепилдин ичиндеги асканын бооруна салынган.

XVIII кылымда Гусейнали хан Мирза Джафар деген архитекторго аксарай комплексин кайрадан куруп чыгууга буйрук берет. 1791-жылы анын уулу Мухаммед хан Күзгүлүү зал менен Жайкы имаратты курдурат. 1798-жылы Махмуд хан тарабынан жаңы жабыштырып салгынган бөлмөлөр кошулган[2].

Бак-дарактары менен климаты жарашып, аземдүүлүгү өзгөчө архитектурасы менен аксарайдын ички кооздугу шайкешип, келген коноктордун көз жоосун алар эле. Таш дувалдарына да, жыгачтан курулган дувалдарына да көзгө сүйкүм оюмдар түшүрүлгөн. Кийинчирээк, аксарайдын дувалдарына сүрөттөр илине баштаган, ал 1850-жылдар эле. Сүрөттөрдүн автору азербайжандагы атактуу кыл калемчи Мирза Кадым Иревани (1825-1875) болон[3]. Сүргүнгө айдалган декабристтердин күчү менен биринчи жолу А. Грибоедовдун «Акылдан азап» пьесасы, автордун катышуусу ме-

[1] Известия Архиогрфической Комиссии, вып.46, СПб, 1912, с.79.
[2] Арутюнян В., Астарян М., Меликян А. Ереван. М., 1968, сс.33-34.
[3] Миклашевская Н.М. Художники XIX века. Мирза Кадым Эривани и Мир Мохсун Навваб.- В кн.: Искусство Азербайжана. Т. IV, Баку: 1954, с.87.

нен коюлган[1].

Күзгүлүү залынын карнизи түстүү айнектар менен кооздолгон. Шыбы да көркөм сүрөттөр менен кооздолгон. Залдын дувалында полотного тартылган сегиз сүрөт илинген: Фетхали шахтын, Гусейнгули хандын, Гасан хандын, Аббас Мирзанын, Фарамази ж.б.[2]

Акасарайдагы дагы бир чоң бөлүк – гарем. Анын узундугу 61 м., туурасы 38 м. Дувалдарынын ички бети кооздолгон мрамор чапталган. Мончосунда узуну 32 метр, туурасы 9 метр, тереңдиги -2.1 метр бассейни[3] бар эле.

Орустардын окупациясынын кийин гаремдин имараты госпиталга айландырылган[4].

Өзүнүн архитектуралык түзүлүшү, көлөмү, ойлонулган структурасы, көркөмдүгү жагыцнан аксарай чыгыш курулушунун шедеври болучу. XIX кылымдын 60-70- жылдары мында ремонт иштери жүргүзүлгөн[5]. Бирок, бул аксарайга бийликтегилер тарабынан жетишээрлик көңүл бурулган жок, алар бул аксарайдын сакталышына кайдигер болушту.

XX кылымдын башында маселени кабыргасынан коюшуп: реставрациялайбызбы же талкалап салабызбы, деген. 1910-жылы аксарайды Императордун Аскердик-тарыхый Коомунун ардактуу мүчөсү генерал А.З. Мышлаевский келип текшерген. Ал бул имараттын тарыхый баалуулугу жок деген бүтүм чыгарган имиш, ал эми аны калыбына келтирүү

---

[1] Ахундов Фуад. «Мы можем представить Армении старые чертежи для восстановления центра Еревана», – http//regnum.ru Интервью ИА Pegnum от 7 февраля 2012 года (исп.11\1-2023 г.); Полное собрание сочинений А. С.Грибоедова, т.1, СПб, 1839, сс.43-44.

[2] Акопян Т. История Еревана (1801-1879), с.240-242; Гастгаузен Август. Закавказский край. СПб, ч.1, сс.230-231.

[3] Шопен И. Исторический памятник состояния Армянской области. С. 867.

[4] Мустафа Назим. Указ. работа. с. 208.

[5] LynchbH.F. B/ Armenia/ Travels and Studies, vol. I, cc.216-217.

эбегейсиз каражатты талап кылат дептир.

Бирок, Императордук Археологиялык Комиссия академик Н.Я. Маррдан имаратты жеринде карап берүүсүн суранышкан. 1912-жылдагы докладында академик Н.Я. Марр мындай деп бүтүм чыгарган: Аксарайдын бузулушунун негизги себеби, акыркы жыйырма жыл аралыгында тарыхый эстелик каралбай калган, имараттын тагдырына көңүлкоштук аркылуу Түштүк Кавказдын мусулмандарынын жашоо турмушуна болгон кайдигерликти көрүүгө болот. Демек, аны талкалоого атайын кызыкчылык болгон, жана ал адамдардын колу менен талкаланган. Кароолдор коюлбагандыктан, тосмосу болбогондуктан ким көрүнгөн тарабынан таланып-тонолгон[1].

Марр докладынын акырында мындай бүтүмгө келген, Аксарай каралбай калганы анык, бирок азыр эле талкаланып калат деген ойдон алысмын. Падышалык өкмөт вандалдардан коргоого албагандыктан бузула берген. Сардардын Аксарайы 1918-жылы биротоло талкаланган. Анын ордун XX кылымдын ортосунда «Арарат» аскер заводунун имараты курулган[2].

Көңүл бура турган бир фактыны айта кетели, «Ираник энциклопедиясында» атайын Иреван калаасына арналган макалада мындай деп айтылган, «Еревандын эскиден калган негизги имараттары, орто кылымдагы армян (?) соборунун конгурооканасы (XII), XVIII кылымга таандык 4 чакан чиркөө (ыйык Заровор, ыйык Аваннес жана ыйык Петрос-Погос)»[3]. Келгиле, бул храмдардын жаралышын тумандантккан, байыркы деген белгилерди карап көрөлү, дубалдардагы сү-

---

[1] Эривань.Сардарский дворец. // Известия Имперторской Археологической Комиссии, вып. 46, СПб., 1912, сс.75-81.

[2] Буланова О. Сардарский дворец в Эривани // https:// azerhistory.com/ ?p=4919; Nazim Mustafa/İrəvan şəhəri, Baki, 2020, с.224.

[3] Ереван. (статья из Encyklopedia Iranika., Erich Kettenhofen? George A. Bournoutian and Robert H.Hewsen).

рөттөрдө байыркы албандарга таандык, төрт тарабы бирдей христиандардын кресети тартылган. Келгиле, Иревандагы христиан храмдары 1679-жылга чейин талкаланган эски храмдардын ордуна салынган, же алар кийин реконструкцияга алынган деп эле карап көрөлү, же булар таптакыр башка храмдарбы – бу да өзүнчө суроо жаратат, биз ага жооп таба албайбыз, себеби аныкташ үчүн атайын адистерден турган комиссия тыкыр изилдөөгө алуусу керек.

Бул жерде суроо туулбай койбойт: эмне себептен ушул чакан чиркөөлөр «Еревандын байыркыдан калган негизги имараттары» деген, ал эми көздүн жоосун алган калаадагы мечиттерчи, аларга орто кылымдардагы саякатчылар суктанышып «мунаралардын шаары» дешип аташканын, Сардардын жарашыктуу Аксарайын Еревандын маданияттуу армян калкы эмне себептен «байыркыдан калган имарат» деп эскеришпейт, жана бул калаанын чыныгы тарыхын тастыктаган имараттарын сактап калышкан жок? Алибетте бул риторикалык суроолор. Бул суроолордун жообу дайындуу – вандализм.

И. Шопендин[1] маалыматы боюнча, XIX кылымдын 30-жылдарына келгенде Иреванда 1 православ чиркөөсү – Покров чиркөөсү, 6 григориан чиркөөсү жана 8 мечит болгон. Жогоруда айтылгандай, эки мечит сепил ичинде – Раджап пашанын жана Аббас Мирзанын (Сардардын) болгон. Ал эми калган мечиттер тууралуу автор мындай дейт: Зали хандын, Новрузали бектин, Сартип хандын, Гусейнали хандын (Гёй мечити), Хаджи Имамберди, Гаджи Джафардын, жана дагы талкаланган 4 мечит болгонун белгилеген[2]. Башкача айтканда, эгер талкаланган төрт мечитти кошо турган болсок калаада 12 мечит болгон. 13-мечит катары Гаджи Музаффар ага салдырган Чатырлуу мечитти атасак болот. Анын курулушу 1909-жылы аяктаган. Анын архитектурасы

---

[1] Шопен И. Указ. работа, с.869.
[2] Там же, с.869.

өзгөчө, стандартка кирбегендей салынган. Минарети жок, чатырында 1.5 – 2 метрлик квадрат түрүндөгү аянтчага сүйлөшүп олтура турган, айланасы темир тор менен тосулган беседка. Беседканын чатыры калай тактасы менен жабылып, кол чатырды элестетет. Мечиттин Чатырлуу аталышы да ушундан келип чыккан. Архитектуралык көз караштан алганда мындай мечиттин курулушун «Гүлдесте» деп да коюшат. Кийинчирээк бул мечит жайгашкан ордуна ылайык, Демирбулаг шаарчасында жайгашкандыктан Демирбулаг мечити деп аталып кетти. Бул мечитти армяндар 1988-жылдын 23-февралында өрттөп жиберишкен. 1990-жылы Демирбулаг мечити түп-тамырынан жок талкаланып, ордуна эл жашаган там салынган[1].

Иревандын мечиттеринин көпчүлүгү таманына плитка төшөлгөн короолору, сыйынуу алдында даарат ала турган жайлары жана фонтандары бар болучу.

Бүгүн Иреванда байыркы мезгилдерде мусулмандар жашаганын эске салган 1765-жылы Гусйнали хандын бийлиги мезгилинде курулган Гёй мечити (Көгүлтүр мечити) гана калды. 2006-жылы иран реставраторлору тарабынан калыбына келтирилген мечит байыркы азербайжан курулушунун үлгүсү, анын короосунун аянты: (71х47 м.), адаттарды аткара турган курулуш, куполу жана миинарети декаративдик фаянс менен шөкөттөлЂп, маолика менен коздолгон. Мечиттин алгачкы төрт минаретинин үчөө 1945-жылы талкаланган. Сакталып калган минаретинин бийиктиги 24 метр болуп, Ирevандагы имараттардын баарынан бийиги эле, андыктан калаанын кай жеринен болбосун корүнүп турат[2]. Калаадагы башка мечиттерден айрымаланып, эң эле коозу жана бийиги да ушул Көгүлтүр мечит. Балким ошондуктан ал талкаланбай калгандыр. 1936-жылы ушул

[1] Буланова О. Как убивали мечети Эривани – http//azerhistory.com/p=7505., (bcg.11/01. 2023).
[2] Linch H/F/B/ Armenia. Trevels and Studies/ London, 1901, p.214.

Көгүлтүр мечитте Иреван тарыхы муйзейин жайгаштырышкан. А 1952-жылдан мечиттин кичи залында астраномия сүйүүчүлөрү үчүн Планертарий иштей баштаган. Ал эми, 1994-жылдагы Иран жана башка мусулман өлкөлөрү менен болгон дипломатиялык мамиле түзүлгөн соң, Армян Республикасы шаарда, жок дегенде, мусулмандардын бир мечити болушу керектигин моюндашты. Алибетте, бул маселени чечүү үчүн жападан жалгыз сакталып калган Көгүлтүр мечитти калыбына келтирип коюу анча түйшүк жаратпасы анык. Анын ичиндеги тарых музейин чыгарышты. Ал эми мечитти калыбына келтирүүгө кеткен чыгымдарды Иран мамлекети өзүнө алды[1].

Залхангдын мечити же Шехердеги мечит 1687-жылы курулган, бул тууралуу анын дубалдарынын биринде, түрк тилинде жазылган жазуу бар (жазууда хижранын 1098-жыл көрсөтүлгөн). Мечиттин аталышы ошол мезгилде бийлик башында болгон иревандык Зал хан беглярбегдин ысымын алган. 1928-жылы мечиттин чоң залы талкаланып, ордуна «Ереван» мейманканасы курулган. Мечиттин карамагындагы медресенин имаратына сүрөтчүлөрдүн көргөзмө залын уюштурушкан[2].

Жарым-жартылай талкаланган Тепебашы мечитинин имаратын бүгүн конок үйү катары пайдаланышат.

Иревандын өзгөчө сонун жайы катары анын аянттары эсептелген, алардын негизгиси «Хан багы». Калаанын борборунда Бёюк Мейдан (400м х 400м) аянты жайгашкан. Башка дагы аянттары бар эле: Залхан, Гусейнали хан, Фехла базары[3]. Айтмакчы, XIX кылымдын 30-жылдары Иреванда 5 аянт[4] болуп, алардын бардыгы мусулманча аталаар эле.

[1] Назим Мустафа. Указ. работа, с.234.
[2] Арутюнян В., Астарян М., Меликян А. Ереван. М., 1968, с.32
[3] Шопен И. Указ. работа, с.124.
[4] ОРВЗК, ч.IV, 1836 -., с.291.

Бирок, калаа техниги Г. Меграбовдун катында, ирევандын шаар башчысына 1908-жылдын 23-июнунда жазган катында, калаа аянттарын төмөндөгүдөй атаган: Училищалык, Жаңы Бабахан, Сенная (Демирбулагдага), Соодагерлер, Нанчылар, Елмокчилер (балким Чөлмөкчүлөр – ред.)[1]. Көрүнүп тургандай, аянттардын саны өзгөрбөгөнү менен, аталыштарында кыйла айрымачылык бар.

Иреван калаасын көркүнө чыгарып турган жана социалдык-экономикасынын өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн экологиялык ресурсу анын бакчалары эле. Ирევандын бактарын үч категорияга бөлүүгө болот: жүзүмзарлар, жемиш бактары жана токойчолор[2] деп. Жалпысынан бакчалардын саны 1470 болчу, алардын 692 си чоң бактар[3] эле. Калаада 95 токойчо бар эле, аларда актал, терек, кара жыгач өсчү[4]. Сардар багы, Аббасдереси, Абухайат, Кешаглы, Кызылгала, Деребагы, Себзикара, Хосровабад, Сёюдлю, Гүлдереси, Кенкан, Керпичхана сыяктуу бакчалар Иревандан алыскы жактарга чейин белгилүү болушкан. 1843-жылдагы маалыматка караганда казынага караган 9 бакты кароо кожолуктарга барымтага берилген[5]. Сепилге жакын жердеги Себзикара деген орунда жана Сёюдлюда 29 атыз (огород) бар эле. Бул жерлерди, бир гана Арсентия Подтуманян дегенден бөлөк, жалаң азербайжандар иштетишчү. Бул адам тууралуу мындай дешчү: «эч кандай сатып алгандыгы тууралуу күбөлүгү жок эле, 1828-жылдан баштап иштетип калган»[6].

Бакбанчылык чарбаларынын арасында Сардар багы өзгөчө бөлүнүп турар эле, анын турган орду багбанчылыкка

[1] Развитие Армении после присоединения к России, док.224, с.356.
[2] СМОМПК, вып.1, с.24.
[3] ОРВЗК, ч. IV, 1836, с. 291.; СМОМПК, вып.1, с.27.
[4] СМОМПК, вып.1, с.27.
[5] Развитие Еревана после присоединения Восточной Армении к России, с. 109.
[6] Там же, сс. 110-111.

ыңгайлуу келип, топографиялык жагдайынан да, жер кыртышынын байлыгы жагынан да, сугатка да ыңгайлуу болгон. Сардардан багынын аянты, болжол менен 8 га болгон[1].

Сардар багында 1868-жылга келгенде, анда 9304 мөмө бактары, 2513 жыгач өсүмдүктөрү өсүп турган. Бул бак казынанын менчиинде болгон. Бирок, өкмөт XIX кылымдын 60-жылдары бул бакты кармап турууга эч кандай каражат бөлбөгөндүктөн, таптакыр каралбай калып, түнт токойго айланып калган[2].

1913-1914-жылдарга келгенде багбанчылык менен шугулдангандардын саны кескин кыскарып, 730 гана адам бак өстүрүү менен алектенген[3].

Иревандын бактары Заңги, Мамырынын, Абухаяттын, Далманын, Норакектин жана Гыргбулак дарыяларынан тартылган 4 каналдын суусу менен сугарылчу[4].

Мемрин каналы Канакиранын алдынан башталып, Тепебашы кварталында ондогон арыкчаларга бөлүнүп, калаанын бардык чөлкөмдөрүнө жете барчу. Абухаят каналы Мемрин каналынан жогорураактан башат алып, бир канчага бөлүнүп, армяндар көрүстөнүнүн ары жагындагы Чомоклу («чомок» сөзү азербайжан тилинде «соко» дегенди билдирет) жана Азари-Норк (Норк аймагы) чейин сугарчу. Дальмин жана Норакек каналдары Заңги дарыясынын оң жээгинде болушуп, суунун аркы өйүзүндөгү жарлерди сугат менен камсыздашчу. Ал

Эми, Кыркбулак өзөнүнөн болсо, калаанын түндүк жана түндүк-чыгыш тарабындагы жерлерге суу жеткирилчү[5].

---

[1] Там же, с.114.

[2] Развитие Еревана после присоединения Восточной Армении к России, с.117.

[3] Там же, с.180.

[4] СМОМПК, вып.1, с.22.

[5] СМОМПК, вып.1, с.23.

Калааны негизинен суу менен Заңги дарыясы, Сёютлу булактары жана Кыркбулак өзөнү, анан кудуктар камсыздачу.

XX кылымдын башында Кыркбулак өзөнүнөн калаага чейин суу түтүктөрү өткөрүлгөн, анын узундугу 19 км болчу. Түтүктөр аркылуу сүү апкелүүдө иревандык Аббасгулу хандын ролу зор болгон[1].

Бирок, Кыркбулак суу түтүктөрү аркылуу водопровод курулганга чейин шаардыктардын сууга болгон муктаждыгы чоң болгондуктан, алар, 1908-жылдын 28-декабрында шаардык думага кайрылышып, Чолмакчы убактылуу водопроводун өткөрүүнү талап кылышып, калаа бийлигине Чолмакчы суу менен убактылуу камсыздоо водопроводунун курулушуна 22 миң 700 рубль насыя (кредит) бөлүүсүн өтүнүшкөн[2].

Орто кылымдардагы Иреван, тогуз жолдун тоомунда жайгашкандыктан, кербен-сарайлардын шаары болгон. Алардын аталыштары деле белгилүү: Сардар, Шейх-уль-Ислам, Даглы (Нагорный), Сулу (Водный), Сусуз (Безводный), Гаджиали, Кёмюрчу (Угольщик), Гюрджи (Грузинский), Джюльфа, Гаджи Ильяс ж.б[3].

1827-жылы орус армиясы калааны курчоого алуу үчүн сызылган Иреван калаасынын картасында армяндардын кербен-сарайы сепилдин сыртында көрсөтүлгөн[4].

Россиянын окупациясынан кийин Иреван соода-сатык байланыштары менен стратегиялык өзгөчөлүгүн бир кыйла жоготкон. Муну кербен-сарайлардын катары суюлганынан

---

[1] Акопян Т.Х. Очерк истории Еревана. Ереван, 1977, сс. 272-273.; Назим Мустафа. Город Иреван, Баку, 2020, сс. 27-28.

[2] Развитие Еревана после присоединения Восточной Армении к России, с. 358.

[3] http://erevangala500.com/page/77.html.

[4] См.: План крепости Эривани, с обозначением осадных работ с 25 сентября по 1 октября 1827 г.//Утверждение русского владычества на Кавказе, т.1, с.306.

көрөбүз. XIX кылымдын башында калаады 8 кербен сарайы: Афшар, Джульфа, Гюрджи, Зарраби хан, Тахир, Сулу, Сусуз, Гаджи Али болгон[1]. Аталган кербен-сарайлардын бирөөсү дагы сакталып калдбады, баардыгын тең түп-тамыры менен жер жүзүнөн жок кылышкан.

Кебен-сарайлар төрт бурчтуу болушуп, тегерете майда бөлмөлөр салынган жана алардын эшиктери өйдө-ылдый түрүлмө болгон; үстү жабылган караңгы «чаршы» деп аталган чакан дүкөндөр жана кол өнөрчүлөрдүн устаканаларына ылайыкталган галереялар, күндүзү мөмө-жемиш саткандар отурган ары-бери жылдырма лавкалары болор эле. Кеч киргенде алар өз буюмдарын ошол эле лавкаларына жаап кетишчү[2].

Борбордук базарда 980 ар кандай лавкалар менен өнөрканалар, 20-турак-жайы, 8 амбары жана 32 базар атканалары болор эле. Бул азияттардын катардагы эле базарынын бири болучу. Иревандын мындай базарын көргөн адам ойлошу мүмкүн эле, бул жерде соода-сатык менен кол өнөрчүлүк өнүккөн экен деп. Бирок, жүздөгөн лавкалар бош турушчу, ал эми соодагерлердин капиталы жүз, ал турган он рубльга жетпей, бир-нече сомдун тегерегинде эле болучу. Мындай абал ашпоздор, чай саткандар, жемиш саткандар жана жамап-оңдогондордо болучу[3].

Ирeван калаасында, биз изилдеген мезгил аралыгында, 8 мончо болгон экен: Шехердин (Шейхульисламдыкы), Залхандын, Мехти бектин, Гаджи Бейимдин, Тепебашыдагы, Гаджи Алинин, Гаджи Фаталинин жана Керим бектин хаммамдары[4]. Залхандын мончо комплексинин жер төлөсүндө чайканадан тышкары өзүнчө мугам межлистерин өткөрүү бөлмөлөрү да бар эле. Бардык мончолор жеке менчиктерге

---

[1] ОРВЗК, ч.IV, 1836, с.291; Шопен И. Указ. работа, с.124.
[2] СМОМПК, вып.1, с.34.
[3] Там же, с.34.
[4] Назим Мустафа, Указ. работа, с.9; СМОМПК, вып.1, с.38.

тиешелүү болуп, жана ар башка адамдарга таандык эле[1].

Калаада 555 кол өнөр устаканалар иштечү (262си армяндарга таандык, ал 293 – азербайжандардыкы). Калаанын өндүрүш тармагы начар өнүккөн, XIX кылымдан акырына келгендебир коньяк куйуучу, беш кыш чыгарган завуоддор жана бир-нече фабрикалар иштечи[2]. Арак чыгарган заводордун дагы өндүрүмдүүлүгү өтө төмөнкү көрчөткүчтө болгон, алардын саны 75 (66сы багбанчылык чөйрөсүнө караса, 9 – өндүрүштүк), минерал сууларын чыгарган 2 завод, 20 тегирмен болгшон. Калаада 3 басмакана, 19 таш иштеткен завод, 1 бильярдкана, 3 туз кампасы, 6 кампада пахта-кагазын сакташчу, 1 кампада буудай азыгын сакташса, соода кеңселаринин саны – 4, банкирлердин кеңсеси – 5, жана 3 даарыкана болгон[3].

1865-жылы калаада 2900 жеклердин үйү жана 40 казынага караган үйлөр боло турган[4].

Калааны көрктөндүрүү боюнча белгилүү деңгээлде аракеттер болгон. XX кылымдын башында Ирevandын көчөлөрүнө 100 ашуун газ менен жана керосин менен тутандырган чырактар орнотулган[5].

1907-жылы Гаджи Ибрагим оглу деген бай адам Занги дарыясына электростанция куруу боюнча демилге көтөргөн. 1909-жылы дагы бир бай адам – Халил бек Гасымбеков деген инженер өзүнүн кесиптеши Аршак Малхасянц менен биргеликте түзүшкөн «Кооперация» коомдук уюмунун атынан Калаа Башкармалыгына гидроэлектростанция куруу сунушу менен кайрылышкан. Бирок Калаа Башкармалыгы каражаттын жетишсиздине  шылтоолоп бул демилгелерди

[1] Развитие Еревана после присоединения Восточной Армении к России, с.446.
[2] Ереван. Энциклопедия Ираника.
[3] СМОМПК, вып.1, с.38.
[4] Развитие Еревана после присоединения…с.466.
[5] СМОМПК, вып.1, с.38.

колдогон эмес[1].

1908-жылы Ireванда 64 көчө (алардын 6 гана түздөн-түз армянча аталышкан: Тер-Гукасовская, Армянская, Сурбсаркисская, Ходженцмейдикская, Аставацадзинская жана Гарибаноц) жана 551 кыска көчөлөр болгон[2].

Иреван калаасында өлүм-житим менен оорулуулардын пайызы өтө жагару болгондуктан, 1892-жылдагы холера эпидемиясы учурунда Эривандын губернаторунун сунушу менен шаардагы абалды жакшыртуу боюнча атайын Комиссия түзүлгөн. Мунун себебин, негизинен, пландалышы начар болгону аз келгенсип, калаанын көчөлөрү ийри-буйру болгондугу жана кыска көчөлөрдө таштандылар көп, кир экени менен түшүндүрүшкөн. Өзгөчө Шехер жана Демирбулак квардаларындагы абал тначар дешкен. Бул комисси мезгил-мезгили менен көчөлөрдү ондоп-түзөп турган[3].

Калааны көрктөндүрүү маселеси көтөрүлгөндө, айта кетүүгө тийишпис, Кавказдагы наместниктин буйругу менен Сардардын аксарайындагы Күзгүлүү залы капиталдык оңдоого алынган. Буга мамлекеттик казынадан 1978 руль, ошондой эле шаардык казынадан 1770 рубль сарпташкан[4]. Мурда белгиленгендей, ушул ремонттон кийин Кузгүлүү залга да, Сардардын аксарайына падыша өкмөтү тарабынан да эч кандай көңүл бөлүнгөн жок.

Жыйынтыктап келип, белгилей турган жагдай, калаадагы имараттар, шаар кварталдары менен көчөлөрү, алардын салынышы жана аталыштарынын тарыхы Иреван калаасынын азербайжандарга таандык экенин күбөлөндүрөт, анын архитектурасы дагы аазербайжан маданиятынын үлгү-

[1] Развитие Еревана после присоединения Восточной Армении к России, с.359.

[2] Развитие Еревана после присоединения Восточной Армении к России, сс.356-357.

[3] Там же, сс.292-293, 356-358.

[4] Там же, с.288.

лөрү. Тилекке каршы, бул азербайжандардын материалдык байлыктары, өзгөчө тарыхый мааниси бар баалуулуктары, толугу менен жырткычтык мамиле аркылуу талкаланып жок кылынган.

## 2.2. Административдик башкаруу системасы

Иреван хандыгы Азербайжандын башка хандыктарындай эле Россия басып алганга чейин административдик жактан магалдарга жана айылдарга бөлүнгөөр эле. Иреван хандыгындагы жогорку бийликти хан башкарып, ал «сардар» деген титулду алып жүрөр эле. Хандыктагы экинчи бийлик везирге таандык болуп, ал негизинен чарба маселелерин текшерип бийлик жүргүзчү. Хандын алдында кеңешчилер жыйыны (совети) болгон, ага хандын өзү да, везир жана жогорку даражадагы кызматчылар, ошондой эле, шейх-уль-ислам кирип, жыйынды «диван» деп аташып, анын башындагы адамы (диванбей) аркылуу мамлекетти башкарууну ишке ашырып келишкен. Сепилдеги финансыны серкере-али, иш башкаруучу – эшик-агасы, казынаны – казыначы, киреше менен чыгашаларды – сандыгдар-агасы, кампадагы ар кандай буюм-тайымдардын сакталышына – амбардар-агасы, сепилдеги коопсуздукка горугбаши, жана башка да кызматтар болгон[1].

Хандыктын административдик борбору катары Иреван калаасы эсептелген. Түндүгү, батышы жана түштүгүнөн калаа менен Гыргбулаг жана Зангибасар магалдары менен чектешип, ал эми чыгыш жагында Охчу тоосунун аскалары бой тиреп турар эле. Иреван калаасы эки бөлүктөн турчу: ички калаа жана анын тышкы бөлүгүнөн. Ички калаанын курамына сердардын (башкаруучунун) аксарайы, аскерлердин үйлөрү, соода лавкалары жана эки мечит кирчү. Ал

---

[1] Mustafa N.Y. İrəvan şəhəri. Baki, 2020, s.51.

тышкы калаага Шахри, Тепебаши жана Демирбулаг деп аталышкан үч махалле (кварталдар) кирээр эле[1].

Калаадагы административдик жана чарбалык маселелерди чечүү, ошондой эле, салыктардын өз убагында төлөнүп турушуна наиб жоопкер болшгон, аны хан дайындачу. Хан бир жакка кеткенде. Анын милдеттерин аткаруу ушу наибге жүктөлчү. Иреван калаасын коргоо жана калаанын ичиндеги тартипке галабей (комендант) жоопкер болчу. Ал эми сепил ичиндеги тартипти көзөмөлгө алып, анын тынчтыгын сактоо дарганын милдети болучу. Анын карамагында жүзбашы, онбашы (жасоолдор) бар болгон[2].

Калаадагы тартипти сактоодо түнкү күзөтчүлөрдүн ролу чоң болгон, аларо негизинен калаа тургундарынан тандалып алынчу. Түнкү күзөтчүлөр «асас» («негизгилер») деп аталышып, алардын башында «асасбашы» («негизгилердин башчысы») деп аталган. Чынында «асасбашынын» укуктары «дарганынкына» караганда бир кыйла кеңири болгон. Түнкү кароолдорду отряддарга бөлүп, алардын ар бирине калаанын райондорун бекитип, ал жерлердеги тартипти жана коопсуздукту сакташкан. Бул отряддар түздөн-түз асасбашыга баш ийишип, анын алдында жоопкерчиликте болушчу. Негизинен бул отряддар базарлардагы соода лавкаларын, кол өнөрчүлөрдүн иш ордуларын кайтарышкан, алардын аракети соодагерлер менен кол өнөрчүлөрдөн чогулган салык каражаттары аркылуу каржыланчу. Калааны башкаруудагы дагы бир өтө маанилүү маселеге – адамдар арасында этникалык жана диний мамилелерди жөнгө салып турган кызмат – Эмир-е-маруф (полиция нравов) деп атаалар эле[3].

---

[1] İrəvan xanliği: Rusiya işğali və ermənilıərin Şimali Azərbaycan torpaqlarina köçürülməsi. Baki, 2010, s. 143-145.

[2] Mustafa N.Y. İrəvan şəhəri.Baki, 2020, s.52.

[3] Qarayev E.T. Azərbaycanin İrəvan bölgesinin tarixindən (XVII yüzilliyin sonu – XIX yüzilliyin ortalarinda), Baki, 2016, s. 274.

Иреван хандыгын башкарууда өзгөчө орунду сот системасы ээлеген. Шариаттык сотто аны көзөмөлгө алуу казынын милдети болгон. Диний кызматкерлердин калаадагы сот бийлигин жүргүүзүүгө болгон таасири чоң болуучу. Соттор эки бөлүктөн турар эле: биринчи мамлекеттик соттор мамлекеттик кызматтагы сановниктердин көзөмөлүндө болсо, экинчиси мамлекеттик соттор диний кызматкерлердин көзөмөлүндө болушкан[1].

1827-жылдын 6 октябрында граф Паскевич тарабынан жазылган Иреван хандыгын Россия аскерлери тарабынан каратып алган соң, Иреван губерниясын башкарууга генерал-лейтенант Красовский башында турган, курамында епископ Нерсес жана калаанын коменданты подполковник Бородин кирген, Убактылуу администрация жөнүндөгү жобо болгон. Убактылуу администрациянын аткарар милдеттери катарында: «…аймактагы сактык менен тынчтыкты сактоо, касташкандардын кол салууларынан коргонуу, мурдагы өкмөттүн каражаттарын россиянын кызыкчылыгы үчүн пайдалануу, орус гарнизону менен калаа тургундарын, Иреван сепили жана Сардарабадда жашагандарга кам көрүү үчүн топторду түзүү, жана ал топторго орус бийлигине лоялдуу мамиледеги жарандарды тартуу, көбүнесе армян улутундагыларды пайдалануу»[2]. Бул администрациянын аткара турган иштеринин негизгиси, аскердик маанайдагы маңызда, жер-жерлерде коопсуздук жана тартип маселесин камсыздоо, салык жана тарымта акыларын чогултуу, ошондой эле, мында жайгаштырылган аскерлердин муктаждыктарын камсыздоо болгон.

Ошондой эле, белгилей кете турган нерсе, Иреванды басып алгандан кийин 1827-жылдын 4 ноябрындагы императордун буйругу жана Ыйык Синоддун колдоосу менен

[1] Qarayev E.T. Azərbaycanin İrəvan bölgesinin tarixindən (XVII yüzilliyin sonu – XIX yüzilliyin ortalarinda), Baki, 2016, s. 276.
[2] АКАК, т.VII, док. 432, сс.480-481.

калаанын башкы мечитин хрестиан православдар чиркөөсүнө айлантуу болгон[1].

Имератор Николай I 1828-жылдын 21-мартындагы Указы менен мурдагы Иреван жана Нахчыван хандыктарынын аймагында, т.а. Иреван жана Нахчыван провинцияларынан турган аймакта Армян областын уюштуруу чечимин кабыл алган. Иреван провинциясынын курамында Иреван, Шарур, Сардарабад жана Сурмалы округдары болгон, ал эми, Нахчыван провинциясы – Нахчыван жана Ордубаддан турган. Округдар өз кезегинде магалдарга бөлүнгөн: Иреван округунда 10 магал болгон, ал эми, Нахчыван округу – 3 магалдан турган[2].

Паскевичтин 1828-жылдын 2-апрелиндеги башкы штабдын начальнигине жазган катынан белгилүү болгондой, Красовский башында турган Убактылуу администрациянын аракети солгун болгондуктан, областтык башкаруу кескин өзгөртүүгө муктаж. Жаңы каралган талаптарга ылайык, Армян Областын Башкаруу милдети жүктөлгөн генерал-майор князь Чавчавадзе эки штаб офицери менен биргеликте (эки жарандык чиновник бекигенге чейин), жергиликтүү таасири бар эки жаран табылганда, алардын бирине кеңеш берүү укугун кошо берип (калаадагы мусулмандардын жана армян калкынын кызыкчылыгын коргой турган кылып) бектитет. Нахчыванда да Иреванда да жаны талаптарга ылайык башкаруу системасы улам өзгөрүп келди. Калааны башкаруу органы дайындалып, алардын карамагына полиция бөлүктөрү бекитилип, ошондой эле, соттук жаза чечимдерди аткаруу аларга жүктөлдү. Иреван калаасынын башкаруу органынын курамына орус улутундагы полиция начальниги, анын эки жардамчысы: бири армян, экинчиси азербайжан улутундагылар кирди. Иреван калаасында каз-

[1] Там же, док.433, с.481.
[2] АКАК, т.VII, док.437, с.487.

начы кызматы бекитилди[1]. 1829-жылдын 2-августунда Ереван калаасында жана сепилинде коменданттык башкаруунун бир түрү болгон 2-формадагы «ordonans-haus» киргизилген[2].

1829-жылдын 10-сентябрында Армян областын башкаруунун жаңы эрежелери кабыл алынып, ага ылайык Ереван калаасында област начальнигинин жетекчилиги алдында областы башкаруу башкармалыгы, шаардык сот жана казыначылык (казначейство) түзүлдү. Жаңы кошулган штаттык бирдиктерди каржылоо максатында казынадан 43 040 күмүш сому жана имаратты жылытуу максатына 1080 күмүш сом бөлүндү. Шаардык соттун башчысы катары полциянын начальниги бекитилип, курамына шаар казыначысы жана жергиликтүүлөр тарабынан шайланган төрт кетхуда (айыл башчысы) кирди. Сот жарандык да, кылмыш иштерин да кароого укуктуу болгон. Калаанын полиция башкармалыгын орус чиновниктеринин ичинен полицмейстер жетектеп, анын жардамчылары катары (жүз башы) жергиликтүүлөрдөн болушу каралган[3].

Армян областын финансылык башкаруу курамына иш алпаруучу жана анын жардамчысы, бухгалтер жана анын жардамчысы, эки башкы чиновник (столдо отуруучу чиновниктер), алардын дагы бирден жардамчылары, 8 жазмакер, өзгөчө тапшырмаларды аткарган чиновник, эки котормочу жана жер ченегич кирген[4].

XIX кылымдын 30-жылдарынын башында Армян областын башкаруу системасында бир катар өзгөрүүлөр болду. Анык стат кеңешчи Паловандовдун 1833-жылдын 3-февралындагы рапортунда барон Розенге жазгандай, «обла-

[1] Там же, док. 432, сс.480-489.
[2] Полное собрание законов Российской империи. Второе собрание (1825-18290, часть 2-я, закон 3062, с.578.
[3] АКАК, т.VIII, док. 389, сс.508, 511.
[4] Там же, док. 388, с.508.

стын жергиликтүү калкына пайдалуу болушу үчүн, ошондой эле бийликтин кызыкчылыгын дагы эске алуу менен учурдагы башкаруу системасын өзгөртүү муктаждыгы келип чыгууда» дептир. Анын сунуштаган эрежелеринде Армян областын башкарууда област начальнигине кошумча дагы өзгөчө тапшырмаларды аткаруучу эки чиновникти бекитүү керек; област башкаруу канцеляриясына секретарь менен котормочудан башка дагы эки иш жүргүзүүчү жана керектүү сандагы чиновниктерди дайындоо зарыл; Армян областын башкаруу – председателден, анын кеңешчисинен, эки орунбасарынан жана жергиликтүү калк тарабынан шайланган эки депутаттан; областтык соттун алкагында соттук териштирүүлөр жана граждандык териштирүү маселелери болууга тийиш; мындан тышкары областтык сот кылмыш иштерин кароодон бошотулууга тийиш, анткени мындай иштерди Иреван шаардык коменданттык «ordonans-haus» аскердик-соттук комиссиясына өткөрүп берип, андан кийин Иреван шаардык сотун жоюп; ал эми Иреван полиция башкармалыгында полицместерден тышкары приставдынфункциясын аткара турган дагы эки орус улутундагы чиновниктин кызматы киргизилиши зарыл; аларга жергиликтүү элдерден кварталдык сакчылар бекитилип берилсин; Армян областындагы финансылык абалдын мышык ыйлаарлык абалын эске алып, аны областтык башкармалыктын карамагынан чыгарып, Иреван калаасында өз алдынча «Армян областынын финансылык башкармалыгы» бөлүмүн түзүү керек; бул бөлүм жетекчиден жана анын эки жардамчысынан туруу керек[1].

Бул Армян областын түзүү боюнча сунуштар 1833-жылдын 23-июнунда мыйзам аркылуу бекитилген. Ушул мыйзамга ылайык Иреванда атайын Башкармалык уюштурулуп, кирешелер жана казыналык буюм-тайымдарды баш-

---

[1] АКАК, т.VIII, док. 388, сс.506-508.

каруу боюнча төрага, анын жардамчысы жана казыначыдан турган. Сот иштери Иревандагы ordonans-haus сотунда каралган. Иреван менен Нахчыванда провинциалдык соттор да уюшулган. Полиция начальнигине жардам берүү иретинде Иреван калаасында пристав кызматы киргизилип, ага орус тектүү чиновниктер бекитилген. Иреванга жайгаштырылган комендант башкармалыгы жарандык башкармалыктан өзүнчө каралчу. Армян областын башкаруу боюнча жаңы штаттар бөлүнүп, ошентип, 1829-жылдын 10-сентябрында бектилген мурдагы штаттар күчүн жоготуп, жоюлган[1].

Иреван калаасында бекитилген соттун курамына граждандык жана соттук иштерди териштирүү: төрагасы, орус тектүү бир кеңеш берүүчү, жергиликтүүлөрдөн эки өкүл, катчы, эсепчи, эки жазмакер, азербайжан тилиндеги кагаздарды карай турган бир жазмакер, ассистент-повытчик («повытчик» – сот иштерин жазуу түрүндөгү иш кагаздарына жооптуу катчы- кат түрүндөгү соттук чечимдерди ишке ашыруучу столоначальник), котормочу – бардыгы 11 киши. Иревандын шаардык полициясынын курамы: начальнигинен (полицмейстер), бир пристав, төрт кварталдык көзөмөлчү, 10 онбашы, ишжүргүзүүчү, котормочу, үч жазмакер, азербайжан тилиндеги кагаздарды жөндөөчү жазмакер, кызматкерлердин жалпы саны – 22 адам болгон[2].

Жаңы тартипе ылайык, сот системасы үч тепкичтүү болгон, биринчи тепкичинде талаш-тартыш маселелери каралган, кийинки тепкичинде доо арыздарды карашчу. Үчүнчү баскычында, апелляциялык арыздар менен катар Кавказдагы Россия аскерлеринин башкы командачысына кайрылууларды кабыл алчы. Аскер соту (же талаа соту) Иреван ка-

---

[1] Полное собрание законов Российской империи. Второе собрание (1825-1881) т. VIII, (1933), часть 1-я, закон 6282, сс.374-375.

[2] Полное собрание законов Российской империи. Второе собрание (1825-1881) т. VIII, (1933), часть 2-я, закон 13368, с249; часть2-я, штаты и табели, сс.60-62.

лаасынын комендантынын башчылыгы менен өткөрүлчү[1].

Кавказ крайынын бардык административдик системасы 1840-жылдын 10-апрелиндеги жаңы мыйзамына ылайык россиянын борбордук губернияларынын үлгүсүндө түзүгөн. Түштүк Кавказда эки административдик бөлүм Грузин-Имеретин губерниясы жана Каспий областы түзүлгөн. Армян областы өзүнчө административдик бөлүм катары жоюлуп, Грузин-Имеретин губеринясынын курамына киргизилген. Мында Ирeван, Нахчыван жана Александрполь уезддери түзүлгөн[2].

1840-жылдагы жаңы мыйзамга ылайык Иреван калаа полициясынын курамын анын башчысы катары шаар башчы, эки пристав, эки жергиликтүү калктын шайлаган өкүлү, төрт кварталдык тыңчы, иш алыпбаруучу жана анын жардамчысы, бухгалтер, алты жазмакер жана 22 кенже полицейский кирген. Бардыгы бул структурада 40 кызматкер болгон. Уездик полицейскийлердин жана уездик соттордун ишин көзөмөлго алуу үчүн уездик прокурор кызматы киргизилген. Уездик сотторду шаарларда жайгаштыруу менен жергилитүүлөрдүн кылмыш иштерин алдын ала териштирүүгө мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Ирeвандын уездик сотунун курамы уездик казыначы, бухгалтер жана анын жардамчысы, беш жазмакер, үч  присяжный – жалпы 11 адамдан турган[3].

Николай I падышанын 1846-жылдын 14-декабрындагы Указы менен Түштүк Кавказ 4 администативдик губернияга бөлүнгөн: Тифлис, Кутаиси, Шамахан жана Дербент губерниялары деп. Иреван менен Нахчыван уезддери Тифлис гу-

---

[1] Qarayev E.T. Azərbaycanin İrəvan bölgəsinin tarixindən (XVII yüzilliyin sonu – XIX yüzilliyin ortalarinda) Baki, 2016, s. 282.

[2] Семенов И.Я. Русские в истории Армении. Ер.: Лусабац, 2009, с.48.

[3] Полное собрание законов Российской империи. Второе собрание (1825-1881) т. XV, (1840), часть 1-я, закон 6282, штаты и табели, сс.136-137.

берниясынын курамына кирген. Императордун 1849-жылдын 9-июнундагы указында Иреван губерниясын уюштуруу каралып, Тифлис губерниясынын курамына кирген Иреван, Нахчыван жана Александрполь уезддерин (Ахалкалаки пунктунан башкасын), Шамахан губерниясынын Мегрин учаскасынын аймагын кошуп Иреван губерниясы түзүлгөн. Иреван губерниясы беш уездге бөлүнгөн: Иреван, Жаңы Баязид, Нахчыва, Ордубад жана Александрополь болуп. Иреван калаасы жаңы уюшулган губерниянын административдик болрбору болуп бекитилген[1].

Иреван губерниясы түзүлгөндүгү тууралуу жарыялангандан кийин губерниялык да шаардык да органдар өзгөрүүлөргө дуушар болду. Ошентип, 1850-жылдан баштап Иреван калаасында губерниялык башкаруу органдарынын саны көбөйө берди. Алардын курамына губерниялык башкаруу, губерниялык сот, уезддик башкаруу, шаар поициясы кирди. Башкаруунун полициялык системасын жаңы өзгоргөн эрежелерге ылайык, шаар башчысы башкарбастан полицмейстер башкарып калды. Белгиле кете турган жагдай, ошол эле жылы губерниялык башкаруу органдарында иштеген үч азербайжан (губерниялык соттун заседателдери Назарали Султан Асад бек оглу, Мола Таги Гурбан оглу жана Али Миррафи Абуталиб оглу) менен бирге эки армян да болгон[2].

Кавказ менен Түштүк Кавказды кезектеги кайра куруда 1867-жылдын 9-декабрындагы чечим болду, ал чечим менен Иреван губерниясынын административдик башкаруусу дагы өзгөртүлдү. Бул чечим менен Түштүк Кавказдагы Тифлис, Баку жана Иреван губернияларындагы жерлер ажыратылып, жаңы Елизаветполь губерниясы түзүдү. Ушул

[1] Полное собрание законов Российской империи. Второе собрание (1825-1881) т. XXIV, (1849), часть 2-я, закон 23303, с.312.

[2] Кавказский календарь на 1851 год. Кавказский адрес-календарь, отд. 5-е, сс.18-19.

эле жылы жүргүзүлгөн административдик-аймактык кайра курууда Иреван губерниясындагы Ордубад уезди жоюлду. Азыр деле, мурдагыдай эле Иреван губерниясында беш уезд бойдон калды: Иреван, Жаңы Баязид, Нахичеван, Эчмиадзин жана Александрополь[1].

Иреван губерниясын башкаруунун административдик системасына өзгөрүүлөр кирип, 1874-жылдын 3-ноябрындагы чечим менен 1875-жылы губерниянын курамына дагы эки уезд кошулду, алар: Сурмалы жана Шарур-Даралеяз уездери. Жыйынтыгында Иревандун губернаторуна баш ийген аскер жана граждандык чиндеги 7 орус уезддерди башкарып калышты. Жаңы жүргүзүлгөн реформага ылайык административдик-аймактык бөлүнүү төмөндөгүдөй болду: Иреван, Жаңы Баязид, Нахичеван, Сурмалы, Эчмиадзин, Шарур-Даралеяз жана Александрополь уездери.[2] Бул административдик –аймактык бөлүнүү 1917-жылга чейин өзгөргөн жок.

1870-жылдагы Иреван калаасындагы турмуш эрежелери 1877-жылдын 17-ноябрындагы указ менен өзгөрдү. Мыйзамдагы эрежелерге ылайык Иреван калаасында думага шайлоо боюнча комиссия түзүп, ошондой эле, жаңы башкаруу органдарынын түзүлгөндүгүнө байланыштуу шаардагы бардык мамлекеттик башкарууну жаңыдан уюшулган шаардык мекемелерге өткөрүп берүү каралган. Жаңыдан уюшулган шаардык башкаруу органдарынын курамынан мурдагы курамда болгон бухгалтерлик кызмат менен Иреван полициясынын эсебиндеги базарларды көзөмөлдөөчү кызматтары жоюлган[3]. Ошол эле учурда, жаңы эрежелерде шаардык полиц иянын курамындагы архитектордун кызматы шаар-

[1] Полное собрание законов Российской империи. Второе собрание (1825-1881) т. XLII, (1867), часть 2-я, закон 45259, сс.382-386.
[2] Полное собрание законов Российской империи. Второе собрание (1825-1881) т. XLIX, (1874), часть 2-я, закон 54010, с.353.
[3] Там же, т.LII (1877), часть 2-я, закон 57882, сс. 254-255.

дык коомдук башкаруу «Башкармалыгына» өткөрүлгөн[1].

Ушул мыйзамдын негизинде, Иреван шаарынын абалы тууралуу тийиштүү эрежелерди карап чыгуу комиссиясынын төрагалыгына Корганов дайындалган. Комиссиянын курамына бештен азербайжан жана армян улутундагы өкүлдөр кирген. Комиссиянын азербайжан улутундагы өкүлдөрү болуп: Ахмед хан Сулейман хан оглу, Мирза Жаббар Казиев, Ага бек Хаджи Абасгулу бек оглу, Абагулу хан Могбий (? – авт.) хан оглу, Хаджи Абдулали Хаджи Мамед оглу жана Ага Мирхаджи Сеид Хасан оглу[2] киришкен.

Калаанын өзүн-өзү башкаруу системасына катышуу шаар казынасына төлөнүүчү салык суммасы менен барабар болучу. Калаа думасынын депутаттарынын үчтөн бирин эң көп салык төлөгөндөр ээлеп (шайланышып), алардан кийин 2-группуадагы салык төлөөчүлөр эл журтка таанымал болгондуктан (кийинки ⅓) ээлешип, андан кийин гана элге таанымал, бирок салыкты аз төлөгөн жарандар шайлана алышкан – алар көпчүлүктү түзүшкөн. Шайлоо маселесин аныктаган падышалык Курия (буржуазиялык бийлик шайлоочулары) шайлоочуларды үч группага бөлүү, империянын баардык калаа-шаарларында колдонулучу. Ошентип, калаадагы шайлоочулар үч категорияга (курияга) бөлүнөр эле. Иреван калаа думасына шайлоого биринчи кезекте салыкты көп төлөгөндөр куриясы укуктуу болушуп, алар дукмадагы орундардын үчтөн бирине атсалышса, кийинки үчтөн бирине, жалпы салыктын үчтөн бирин чогулушуп төлөгөндөр куриясынын өкүлдөрү шайлоого катышып, анан акырында, калган орундарды салыкты аз төлөгөн жарандарга шайланууга мүмкүндүк берилчү. 1879-жылдын 1-октя-

[1] Развитие Еревана после присоединения Восточной Армении к России (Сборник документиов, 1801-1917-жж), Ереван, 1978, с.82.
[2] Развитие Еревана после присоединения Восточной Армении к России (Сборник документиов, 1801-1917-жж), Ереван, 1978, сс.81-82.

брынан тарта Иреван шаардык Дума сы иштей баштаган[1].

Шаардык думанын биринчи төрагасы, ошондой эле шаар башчысы да В.А. Кегамов болгон. Белгилүү болгондой, шаардык думадагы 64 депутаттын 22 си азербайжандар болгон[2]. Ушул эле маалыматта көрсөтүлгөндөй, аздыр-көптүр маанилүү делген административдик орундарды мусулман эместер ээлешчү экен. Губернатордун креслосун генералдык штабдын генералы, генерал-майор М.Ю. Шаликов ээлеген, губерниянын ушул борбордук мамлекеттик органында ортомчу кызмат болгон коллеждик-кеңешчи ордун мусулмандардын өкүлү Исмаил бек Казиев ээлеген. Бирок, ушул эле бөлүмдүн элдештирүүчү судьясы Карл Карлович Шон болгон. Элдештирүүчү соттун жардамчылары Курносов менен Губенко болушкан. Приставдардын экөөнүн бири сөзсүз армян улутундагылар ды койгон. Иреван уездиндеги полиция башкармалыгында иштеген 14 чиновниктин экөө гана азербайжан болгон: уездик полициянын начальнигинин жардамчысы – коллеждик кеңешчи Мехти бек Султанов (ал ушул кызматты аркалаган – авт.) жана котормочулук кызматын аткарган Аляшраф бек Кязимбеков. 1886-жылдагы шайлоонун жыйынтыгына салыштырганда, кийинки жылдардагы шайлоолордо шаардык думага өткөн азербайжандардын саны кескин азайган. 1900-жылга келгенде шаардык башкармалыкта болгону бир гана азербайжан иштеген – ал Фараджулла Шейхов болгон, ал эми , шаардык думанын курамында үч азербайжан: Панах хан Макинский, Мираббас Мирбабаев, Мирзе Жаббар Казиев[3]. Полиция башкармалыгында иштеген 16 адамдын 2 эле азербейжан улутундагылар болгон.

1905-жылы шаардык думадагы 45 мүчөнүн 10 ну

---

[1] Там же, сс.83-84.

[2] Кавказский календарь на 1887 год. Тифлис, 1886. Адрес-календарь.сс.49-50.

[3] Кавказский календарь на 1900 год. Тифлис, 1899. Адрес-календарь, сс. 201-203.

азербайжандар болгон. Ушул эле маалыматта, Ирeван калаалык 16 адамдан турган башкармалыктын курамында бир гана азербайжан улутундагы чиновник болгон: базарды көзөмөлдөгөн Мамед бек Везиров эле[1]. 1917-жылга түзүлгөн Кавказ календарында көрсөтүлгөндөй, Иреван шаардык башкармалыгында иштеген 14 адамдын 3 азербайжан улутундагылар – полицмейстердин жардамчысы Гасан бек Везиров, шаардагы 1-участканын приставы Тофик бек Султанов жана көзөмөлдөөчү полицейский Рашид Шамшаддинов. Ал эми, Иреван калаа управасында 17 адам иштесе, алардын арасында азербайжан улутунан бир дагы кызматкер болбогон. Шаардык думадагы 56 адамдын 15 белгилүү азербайжан улутундагы адамдар эле[2]. Бир сөз менен айтканда, Иреван думасында азербайжан улутундагылар эч качан думадагы орундардын жарым ээлеген эмес.

Белгилеп айта турган болсок, Түштүк Кавказдын калаарындай эле, Тифлис, Елизаветполь, Кутаиси, Баку, Иреван шардык полициялары уездик башкармалыкка баш ийген эмес. Округдук соттор шаарларда жайгашкандай эле Иреван округдук соту деле Иреван калаасынан орун алган. Айрым бир маанилүү иштерди тергөөдө Иреван калаасында жайгашкан ар бир округдук сотторго котормочу менен катар экиден соттук тергөөчү каралгшан[3].

1893-жылдын 17-апрелиндеги указы менен Иреван калаасынын полициясын башкаруу боюнча жаңы шататтык бирдиктери бекитилген. 1894-жылдын 1-январынан баштап шаардык полициянын штаттык бирдиктерин каржылоого жылына 24 156 рубль каралып, беш жыл бою төлөнүп келген. Бул каражаттар төмөндөгүдөй бөлүнгөн: 1894-жылы 10

---

[1] Там же, сс.217-218.
[2] Кавказский календарь на 1917 год. Тифлис.1916. Адрес-календарь, сс.302-305.
[3] Полное собрание законов Российской империи. Второе собрание (1825-1881), т.III (1883), часть 2-я, закон 1522, сс. 201-203.

миң рубль мамлекеттиик казынадан бөлүнүп, чыгымдын калган бөлүгү Иреван калаасынын кирешесинен каралган. Мамлекеттик казынадан каралган сумма жылдан жылга азая берип, бешинчи жылга келгенде болгону 1000 рубль гана бөлүнгөн. Ушул себептен, 1894-жылдан баштап түштүк кавказдагы шаар полицияларына каралган каражаттан Иреван полициясына делген 13907 рублдан 3355 руб.84 тыйыны төлөнбөй келген[1].

Иреван полициясын кармоого керектелчү каражаттарды бөлүү 1898-жылдын 18-ноябрындагы токтомдун негизинде мамлекеттик казына менен шаар казынасынын салымдары чегерилген. Мыйзамга ылайык, шаар полициясын бир жылга каржылоо 1893-жылдын 17-апрелиндеги указда 24156 рубль каралган, жана 1899-жылдын 1-январынан баштап 8 миң рублди мамлекеттик казынадан, ал калган сумманы – 16156 рублди Иреван калаасынын кирешесинен деп чечилген[2].

Иреван калаасынын административдик башкаруу системасын талкуулап атып, бул тармакта падышалык өкмөттүн улуттук-колонизатордук саясатын айтпасак болбойт. Эгерде, жергиликтүү азербайжан калкынын санына алып караганда, башкаруу бийлигиндеги азербайжан улутунун өкүлдөрү ар кайсы жылдары канчадан болгонунан эле падышалык өкмөттүн бул маселеде аша-чапкан саясатын көрөбүз.

1846-жылы Иреван губерниясынын бийлик органдарында болгону 2 азербайжан иштеген. Алар экөө тең соттук заседатель болушкан, шаардыктардын арасынан шайланышкан – Ага Миррафи Мирабуталиб оглу жана айыл жашоочуларынан шайланган өкүл Паша Агабаба Султан

[1] Там же, часть 2-я, закон 9501, сс. 202-203.
[2] Полное собрание законов Российской империи. Второе собрание (1881-1913), т. XVIII (1898), часть 1-я, закон 16082, с. 990.

оглу эле[1].

1847-жылы Иреван губерниясындагы башкаруу системасында иштеген азербайжан улутундагылардын саны бир адамга кыскарып, бийлик бутагында соттук заседатель болуп шаар тургундарынан шайланган  Ага Миррафи Мирабуталиб оглу болгон[2].

1849-1850-жылдарга келгенде, белгилүү болгондой, Иреван  калаасынын башкаруу органдарында – уездик башкаруу органдарында, уездик сотто жана  шаардык башкаруу системасында бир дагы азербайжан болгон эмес[3].

Иреван губерниясы өз алдынча уюшулгандан кийин башкаруу органдарында да өзгөрүү болду. 1851-жылга тиешелүү маалыматта учурдагы Иреван калаасындагы башкаруу органдары – губерниялык башкаруу, уездик башкаруу, губерниялык сот жана шаардык полицияда азербайжан улутунун өкүлдөрүнөн болгону 3 адам губерниялык сотто иштеген. Кошумчалай кете турган болсок, губерниялык соттордо бирден грузин жана бирден армян иштеген[4].

1890-жылы Иреван шаардык башкаруу системасындагы 13 мүчөнүн бирөө гана азербайжан (Ирeвандык Багир хан) болгон. Думанын курамында иштеген 60 белгилүүнүн 20сы азербайжан улутундагылар болушкан[5]. 1896-жылы думада 7, а управада болгону 2 азербайжан бар эле[6].

---

[1] Кавказский календарь на 1846 год. Тифлис, 1845. Кавказский адрес-календарь, сс.169-170.

[2] Кавказский календарь на 1847 год. Тифлис, 1846. Кавказский адрес-календарь, с.187.

[3] Кавказский календарь на 1849 год. Тифлис, 1848. Кавказский адрес-календарь, сс.12-13; Кавказский календарь на 1850 год. Тифлис, 1849. Кавказский адрес-календарь, сс. 12-13.

[4] Кавказский календарь на 1851 год. Тифлис, 1850. Кавказский адрес-календарь, сс.18-19.

[5] Кавказский календарь на 1890 год. Тифлис, 1889. Отд.2-е, с.142.

[6] Кавказский календарь на 1896 год. Тифлис, 1895. Кавказский адрес-календарь, сс.163-164.

1916-жылдагы маалыматта, Ireван полициясынын начальнигши болуп П.Г.Игнатьев, анын жардамчысы Гасан бек Везиров иштешиптир. Иреван калаасынын шаардык башкаруу мекемесин С.А.Хачатурян башкарып, курамында бир дагы азербайжан болбогон. Шаардык думадагы 56 мүчөнүн болгону 16сы гана азербайжан улутундагылар болучу[1].

1917-жылы дагы С.А.Хачатурян башында болгон шаардык башкаруу органында жалаң армяндар болуп, азербайжан улутунан бир дагы адам болбогон. Шаардын полиция башкармалыгында болгонуүч азербайжан: начальниктин жардамчысыц Гасан бек Везиров, шаардык пристав Тофик бек Султанов жана полиция көзөмөлчүсү Рашид Шамсиддинов. Ошол жылы шаардык думаны С.А.Хачатурян жетектеп, катчысы Г.Б.Тер-Ионисян болгон учурда белгилүүлөрдүн 16сы азербайжан улутундагылар болгон[2].

Жогоруда келтирилген жүйөлөр көрсөтүп тургандай, романовдордун бийлик жүргүзгөн режими, 90 жыл бою бийлик үстөмдүгүндө болгон мезгил аралыгында, башка областардай эле, Иреван жергесинде деле административдик башкаруу системасында, улуттук-диний кызыкчылыктарга каранды болуп, ушунчалык кызганчаактык менен жергиликтүү бийлик бутактарына жергиликтүү элдин өкүлдөрүн сейрек аралаштырып, ошол аймактардын чыныгы кожоюндарына – азербайжандарга мүмкүнчүлүк бербей келген. Өз кызыкчылыгына тарткан, өз мүмкүнчүлүгүнө ишенген падышалык бийлик башка, каранды болгон элдерге карата өзүнүн жырткычтык саясатын жүзөгө ашырып, карапайым калкты христиандаштырууга күч үрөп, мусулмандардын жана түрктөрдүн укуктарын тебелеп келген.

[1] Кавказский календарь на 1916 год. Тифлис, 1915. Кавказский адрес-календарь, сс.253-256.

[2] Кавказский календарь на 1917 год. Тифлис, 1916. Кавказский адрес-календарь, с.304.

## 2.3. Калкы

XIX кылымда – XX кылымдын алгачкы жылдарында Иреван калаасындагы демографиялык процесстердин жүрүшү падышалык саясаттын адам чыдагыс карама-каршылыктарды жаратканын, жергиликтүү элдерди мажбурлап христиандаштыруу, ассимиляциялоо жана автохтондуу элдерди – азербайжан түрктөрүнө карата этноцид жүргүзгөнүн көрөбүз.

Азербайжан элинин байыртадан жашаган тарыхый мекени, этникалык өнүгүүсү өткөн тарыхый тамырланган жеринде, анын ичинде Иреван хандыгынын борбору болгон Иреван калаасында мындай өзгөрүштөрдүн келип чыгышынын түпкү саясий сыры – орус империясы армяндарды күргүштөтүп көчүрүп келип отурукташтыруусунун негизги себеби, Түндүк Азербайжан жеринде жалаң мусулман түрктөр жашаган чөлкөмдө, өзүнө таяныч болсун деп христиан динindеги армяндарды – диндештерин чогулткан. Падыша өкмөтүнүн армяндарга өзгөчө мамиле кылып, Россиянын колониалдык саясатын жергиликтүүлөргө карата ийгиликтүү жүргүзүүсүнө жардам бере турган ушул армяндар башкалардан артык көрүнгөн. Биринчиден, экономикалык көз караштан алганда, Иран менен Осмон империясында жашаган армяндарды көчүрүп келип отурукташтыруу Россиянын ички губернияларынан орустарды кочүрүп келегенге караганда алда канча арзан болгон. Экинчиден, орустарга караганда армяндар мусулмандардын артыкчылык-кемчиликтерин, алсыздыктарын жакшы билишкен. Үчүнчүдөн, армяндар орустарга караганда климаттык шаттарына да көнүккөн болучу[1].

Ерванд Шахазиздин «Байыркы Иреван» деген китебинде, калаада жалаң түрктөр жашаган, ал армяндар соода

[1] Балаев А. Азербайджанская нация. М., 2012, с.66.

лавкаларын гана иштетишкен[1], – деп жазылган. 1701-жылы Исраель Ори Орусиянын борборуна келип, Петр I ге Түштүк Кавказды басып алуу жолдору көрсөтүлгөн жазмаларын тапшырган. Исраель Оринин жазгандарынын 7-пунктунда, Иреван калаасында 300 армян жашайт, эгерде алар менен тил табыша алсаңар калаа сепилинин дарбазасын ачып беришет[2], – деп жазылып турат.

1728-жылдагы Иреван провинциясын сүрөттөгөн документте мусулман түрктөрдүн 428 үй-бүлөсү катталганын, ал эми христиандардын саны болсо 224 үй-бүлө жана 9 бойдок жашаары жазылган. Бул документте мусулмандардын бойдоктору жазылбаганын эске ала турган болсок, анда жалаң гана никеге тургандарды эсепке алышып, торөлгөндөр эсепке алынбаганынан, бойдокторун санга кошпопур, анда мусулмандардын саны бир канча эсе көп экенин боолголоого болот. Бирок, ушул эле көрсөтүлгөн санды алы паны орто эсеп менен үй-бүлөдө беш адам деп эсептесек деле, ошол кезде Ireванда жашап, санакка алынгандардын саны 3369 адам болууда, алардын 63.5% – түрктөр, 21.6% армяндар жана 14.9% (100 түтүн) боштор (христиан дининдеги армян цыгандары, алардын туруктуу жашаган жери болбогон, көчүп-конуп жашаган)[3].

1740-жылы каталикос Газар Чахсестин демилгеси менен, ал Надир шахтын ишенимине киргендиктен, анын уруксатын алып, Чыгыш Анатолиядагы көптөгөн армяндарды көчүрүп келип Эчмиадзиндин айланасына отурукташтырган[4].

---

[1] Yervand Şahəziz. Qədim İrəvan. Erevan, 1931 (на армянском языке); Nazim Mustafa, c.31.

[2] Эзов Г.А. Сношения Петра Великого с армянским народом. Документы СПб., 1898, с.88.

[3] İrəvanəealətinin icmal dəftəri, s.18; Nazim Mustafa,c.32.

[4] James Justinian Morier/ A second journey through Persia, Armenia and Asia Minor? To Constantipole, between the years 1810-1816, London,1818, p.320-321; Nazim Mustafa, c.33.

Армяндарды башка жактардан күргүштөтүп көчүрүп келип Иреван хандыгынын аймактарына отурукташтыруу орус аскерлери киргенден кийин кеңири жолго коюлган. Армяндарды Түндүк Азербайжандын жерлерине отурукташтыруу падышалык өкмөттүн колониалдык саясатын оорундатуудагы бирден бир тагдыр чечерлик маселеси болгон: басып алынган жерлердеги душман элдердин, диний да, тил жагынан да, этникалык жактан да башка болгондугунан, алардын арасына өздөрү менен диндеш элдерди көчүрүп келүү аркылуу «орусиянын кызыкчылыгын» коргоого өтөлгө түзүшкөн. Бул көз караштан алганда, Иреван менен Нахчыван хандыктарынын аймактары бир жагынан Осмон мусулман империясы менен чектешип турса, экинчи тарабынан, мусулман Каджарлардын мамлекети менен чектешкени орустар үчүн өтө ыңгай жараткан. Көрсөтүлгөн хандыктардын аймактарындагы элдердин саны көбөйүп «канча болбосун, христандарды» батырып, «Армян области» деген аталыштагы «буфердик» аймак түзүп, ага Ирандан, Осмондук Түркиядан армяндарды Түркмөнчай (1828) жана Александрополь (1829) келишиминин негиз кылып көчүрүп келип отурукташтырган. Кавказдагы элдердин этникалык курамын изилдеген белгилүү окумуштуу Б.Ишханян өз изилдөөлөрүндө, армяндардын байыркы тарыхый мекени Кичи Азияда болгонун, б.а. Орусиянын территориясынан тышкары болгонун аныктап жазган[1]. Ошентип, армяндар өздөрү үчүн чоочун аймакка келп отутурукташып калган. Ошону менен катар, жергиликтүү азербайжан түрктөрүн ата журтунан кууп чыгуу, аларды «чачыратуу» жана «суюлтуу» саясаты жүргүзүлгөн.

Иреван жана Нахчыван хандыктарынын ордуна «Армян обусун» (1828-жылдын 21-марты) уюштуруу убагында Батыш Азербайжанда 81.749 мусулман жана 25.131 армян

[1] Ишханян Б. Народности Кавказа. С.18.

жашаган. Бул сандар деле ошол кезде Батыш Азербайжанда жашаган элдер тууралуу толук жана анык маалымат бере албайт, себеби Орусия бул аймактарды толук басып алып, армяндарды массалык түрдө көчүрүп келгенге чейин эле, орус баскынчылыгы башталган кезден бери карай, мусулмандар кубаланып, куугунтукталып, зордолуп, өз жерлеринен көчүп кетүүгө аргасыз болуп, алардын ордуна армяндар келип, отурукташа баштаган. Аталган мезгилде карапапахчандардан эле 800 үй-бүлө Араз дарыясынын өтө качышкан, 100 үй-бүлө – Карска; улуханлы уруусунан 600 үй-бүлө Баязетке качкан жана аймур уруусунан 300 үй-бүлө Карска көчүп кетишкен. 1800 үй-бүлө качып Түркиядан турук алып калышкан. Ошентип, «Армян облусу» уюушлардын алдында 18 миңден ашуун мусулман (3.600 үй-бүлө, орто эсеп менен 5 кишиден деп алганда) Иреван хандыгынан чыгып кетишкен. Жогоруда көрсөтүлгөн фактыларга таянуу менен, Иреван хандыгын Орусия империясы басып алганга чейин хзандыктын аймагында 100 миң мусулман жана 25 миң армян жашаган деп, жогорку жоопкерчилик менен аныктама берүүгө болот[1].

Бул айтылгандардын тууралыгын кыйыр болсо да генерал Н.Сипягиндин пикири тастыктап турат, алминтип жазыптыр: Иреван хандыгын «Армян областына» трансформация кылуу үчүн мында 15 миң армян үй-бүлөсүн көчүрүп келүү жетишээрлик кылат[2], б.а. болжол менен 80 миң армянды көчүрүп келүү падыша өкмөтүнүн азербайжандардын бул чөлкөмдө көпчүлүктү түзгөнүн жоюсуна жетиштүү экенин белгилеген.

Иреван калаасына келе турган болсок, батыш окумуштуулары Г.Бурноутян менен Р.Хьюстондун «Энциклопедия Ираникага» жарыяланган «The Persian khanate of

---

[1] Bayramov İ. Azərbaycan: tarixi həqiqətlər vəya Ermənistanin etnik təmizləmə sayasəti. Baki: 2012, cc.33-34.

[2] Ениколопов И.К. Грибоедов и Восток. С.129.

Erevan» деген макаласында минтип жазышат: 1804-жылдагы согуштун кесепетинен Ireван калаасынын калкынын саны 6 миң адамга кыскарды. 1827-жылы акркы хандын башкарып аткан мезгилинде, адамдарыныгн саны 20 миңге өстү. Армяндар жалпы калктын болгону 20 пайызын түзгөн. Туркмөнчай келишиминен кийин гана Иран менен Туркиядагы армяндардын иммиграциясы аркылуу шаардагы армяндар 40 пайызга жетишти. Ал эми, персиялык башкаруучулар жана алардын аскер күчтөрү Иревандан чыгып кеткенден кийин, шаардын тургундарынын саны 12 миңге чейин кыскарды. Ошентип, ушул булакка таяна турган боьлсок, Иреван хандыгын Орусия армиясы басып алганга чейин, армяндардын саны 4 миң адам болсо (20% 20 миңден), ал азербайжандар 16 миң болгондо (20 миңдин 80%). Ал эми, басып алынгандан кийинки калаа калкынын 12 миңдин 40% (4800 адам) армяндар  болгон. Болжол менен, качкандан калган азербайжандардын саны 7200 адам (басып алынганга чейинки 16 м иңден калганы). 8.800 азербайжан улутундагылар өлүп жок болушкандан  калгандары башка жактарга ооп кетишкен[1].

1829-1832-жылдары француз тектүү орус изилдөөчүсү И.Шопендин камералдык (талаада табылган маалыматтарды иштеп чыгуу) аныктоолорунун негизинде, Армян областы деп аталган чөлкөмдүн бардык  жеринде, мурда Иреван жана Нахчыван хандыктарынын аймагында, 31.201 үй-бүлө же 164.450 адам жашаганы катталган. Алардын 16.078 үй-бүлөсү(51.5%) же 81.749 адамы азербайжандар болсо, армяндар (49.5%) түзгөн; көчүп келгендерге чейин мында – 4.428 үй-бүлө (14.2%) же 25151 адам (15.3%), армяндар, ирандан көчүп келгендердин саны – 6949 үй-бүлө (22.3%) же 35560 адам (21.7%); Түркиядан очүп келген армяндар-

[1] www.iranika.com\articles\v8f561.html,(04.07.2022); Nazim Mustafa. İrəvan Şəhəri: Baki, 2020, c.34.

дын саны – 3682 үй-бүлө (11.8%) же 21.666 адам (13.2%)[1]. Көрүнүп тургандай көчүп келген армяндардын саны пайыздык көрсөткүчтө алганда 34.9% түзгөн.

Архивдик маалматтарда көрсөтүлгөндөй, 1843-жылы Иреван уездиндеги армяндардын саны: 22.641 эркек, 19879 аял болсо, азербайжандардыкы: 30.425 эркек жана 27.855 аял болгон[2]. Бирок, бул маалыматтарда Иреван калаасынын калкын бөлүп көрсөткөн эмес. Башка булактарга кайрылып, калаа калкынын XIX кылымдын 1-жарымындагы өзгөрүү динамикасына серп салалы.

**Ирeвандын калкынын 1829-1856-жж. саны**

| 1829-1832-жж.[3] | | | 1842-ж.[4] | | | 1856-ж.[5] | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Эркек. | Аял. | Бардыгы | Эркек. | Аял. | Бардыгы | Эркек. | Аял. | Бардыгы |
| 5897 | 5566 | 11463 | 6365 | 5945 | 12310 | 6744 | 6435 | 13179 |

Жогорудагы таблицадан көрүнүп тургандай, 1829-1832-жылдардан 1842-жылга чейин, шаардын калкы 847 адамга (7.3%) көбөйсө, ал эми, 1842-жылдан 1856-жыл аралыгында – 8659 адамга (7.1%) көбөйгөн. Баардыгы болуп, 1829-1832-жылдан 1856-жылга чейин шаар калкы 1716 адамга (14.5%) өскөн, чынында, эң башкысы, Норк айылын калаага кошкондон кийинки көрсөткүч[6].

Көңүлдү өзүнө бурган жагдай, 1842-ж. жана 1856-жы-

---

[1] Шопен И. Исторический памятник состояния Армянской области в эпоху её писоединения к Российской империи. СПб, 1852, с.539.
[2] РГИА, ф.1268, оп.1, д.744, л.35.
[3] Шопен И. Указ. работа, сс.543-546.
[4] Статистические таблицы о сотоянии городов Российской империи. СПб., 1842, сс. 8-9, 48-49.
[5] Статистические статистического комитета, вып. V, за 1856, СПб., 1858, сс.174таблицы российской империи, составленные и изданные по распоряжению МВД. Статистическим отделом Центрального -175.
[6] Акопян Т.Х. Очерк истории Еревана. Ереван. 1977, с.174.

лы аялдардын саны экекетерге караганда аз: 1842-ж. – 420 кишиге, ал 1856- ж. – 309 кишиге. Бул жагдай, сөзсүз түрдө, калктан санынын табыгый өсүшүнө таасирин тийгизбей койгон жок. Кыйыр болсо да, бул фактыдан көрүнүп тургандай, Ирвандын адам саны табыгый жол менен өнүкпөстөн, башка жактан көчүп келгендер аркылуу көбөйгөнү анык.

Ирвандын калкынын этникалык составы жана жашоочуларынын улуттук айрымачылыктары, изилденген мезгилде кескин өзгөрдү.

Ирван хандыгынын убагында Ирван калаасында 2400 үй-бүлө болгон. Алардын 15% гана армян үй-бүлөлөрү болгон болсо, анда Ирван тургундарынын калган 84.6% – азербайжандар болгон.[1] Орусиянын басып алуусу учурунда азербайжандардын бир тобу өлтүрүлгөн, дагы бир тобу согуш апаатынан качып, Ирвандан көчүп кетүүгө мажбур болгон. Орус баскынчыларына ирвандыктардык капндай каршы тургандыгы белгилүү. И. Шопендин изилдөөлөрүндө Ирван провинциясында, Орусия бул аймактарды басып алгандан кийин, 2.984 азербайжан үй-бүлөсүнөн калганы 847, же 28%, б.а. жергиликтүү азербайжандар 3.5 эсеге азайган. Качкындар Иран жана Осмон империяларынын аймактарына көчүп кетишкен[2].

Ирванды Орусия басып алгандан кийин хандын гарнизону орус аскер гарнизону менен алмаштырылып, ал хандын чиновниктеринин ордуна – орустар келген. Хандын үй-бүлөсүнө жакындардын көпчүлүгү шаарды таштапкетүүгө мажбур болушуп, Иран аймагында жашап калышкан.

Ирвандын калкын армяндар менен толуктоодо Түркмөнчай келишиминин ролу чоң, өзгөчө анын 15-беренесине

---

[1] История армянского народа. Ереван, ч.1, 1951, сс.219-220, 236; Исмаил-Заде Д.И. Неселение городов Закавказского края в XIX – началеXX вв. Москва, 1991, с.69.

[2] Шопен И. Указ работа, с. 541; Вердиева Х.Ю. Указ. работа, с. 113.

таянып, Иранда туруктанган армяндар 1828-жылы орус армиясынын басып алган Ириван менен Нахчыван хандыгынын жерлерине көчүп келип, ээн-эркин орун-очок алышына.

Көчүрүп келүүнү жетектөө полковник Л.Е. Лазаревге жүктөлгөн[1]. Паскевичке жазган рапортунда А. Грибоедов жазган: «Армяндар көбүнесе мусулман помещиктеринин жерлерине отукрукташтырылды… Көчүрүп келингендер кысылтып жайгаштырылды жана алар мусулмандардын жашоосу кысылууда, алар дын нааразылыгы өсүүдө»[2].

1828-1829-жж. Тундүк Азербайжандын аймагына Ирандан 40-45 миң армян, бардыгы – 8249 үй-бүлө көчүрүлдү. Алардын 1715и (366 түтүн) армян – Иреванга отурукташкан[3].

Мындан да көп армян 1828-1829-жылдардагы орус-түрк согушунан кийин Түндүк Азербайжанга көчүп келишти. Осмон империясынан көчүп келгендердин саны 90 миңге жеткен. Бирок алардын 48 миңи (11 миң түтүн) Иреванга отурукташтырылган[4].

Түркиядан көчкөн армяндардын көпчүлүгү шаарлардан орун алгандан заарканышып, Гейча (азыр Севан көлү) көлүнүн түштүгү менен батышындагы магалдарда конуш алышты. Бул жердеги Ковар айылынын ордуна Жаңы-Баязет шаары түптөлдү[5].

Ушул жагдайлардын жыйынтыгында жана армяндардын Түркмөнчай келишиминен кийин күргүштөп көчүп келүүсү, 1832-жылы шаар калкын төмөндөгүдөй сүрөтөөгө болот:

**Ирeвандын калкынын 1832-жылдагы этникалык жана**

---

[1] См.: Глинка С. Описание переселения армян, с.52.
[2] Грибоедов А. Записка о переселении армян в наши области, с.174.
[3] Шопен И. Указ работа, с. 539.
[4] Акопян Т.Х. Очерк истории Еревана. Ереван, 1977, с. 174.
[5] Ерицов А.Д. Данные об армянском населении России, Известия КОИРГО. Тифлис, 1882-1883, т.77, с.93.

**жыныстык курамы**[1]

| азербайжандар | | | армяндар | | | | | | баардыгы | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | жергиликтүүлөр | | | Көчүп келгендер | | | | | |
| эрк. | аял. | бард. | эрк. | аял. | бард. | эрк. | аял. | бард. | эрк. | аял. | бард. |
| 3749 | 3582 | 7331 | 1220 | 1149 | 2369 | 928 | 835 | 1763 | 5897 | 5566 | 11463 |

Көрүнүп тургандай, азербайжандар үчүн жагымсыз болгон жагдайда деле, калаанын азербайжан жарандары армяндарга караганда көптүк кылат: калктын 65% – азербайжандар түзгөн, ал армяндардын саны 35% (20% жергиликтүүлөр, 15% көчүп келгендер) түзгөн.

Калктын санынын мындан аркы динамикасы кийинки таблицада:

**Иревандын тургундары 1859-1880-жылдарында**[2]

| 1859 | 1863 | 1965 | 1873 | 1880 |
|---|---|---|---|---|
| 12.267 | 12.575 | 14070 | 12.050 | 12.449 |

1859-1880-жылдар аралыгында – калаа калкынын саны дээрлик өзгөрүүсүз болгон. 1865-жылында гана гарнизондогу 1147 аскерди дагы санакка кошуп жибергенин эске албаганда, ошонгдой эле 1865-жылда убактылуу жашаган 300 адамды да кошуп санашкан, аныгшында мындай кошуп эсептөөгө жол берилген эмес[3].

Ireван тургундарынын өсүү темпи, башка жүйөлөр

[1] Шопен И. Исторический памятник состояния Армянской области в эпоху её присоединения к Российской империи. СПб., 1852, с. 539; РГИА, ф. 384, оп.4, д.8, л.23.

[2] Акопян Т.Х. Очерк истории Еревана. Ереван, 1977, с.174; Эриван. Географическо-статистический словарь Российской империи, т.5, СПб., с.870; Статистический временник Российской империи, сер.2, вып.1, СПб., 1871, с. 191; там же, вып.10. СПб., 1875, с.108.

[3] Акопян Т.Х. Указ. работа, с.174.

менен катар, анын экономикалык өнүгүүсүнүн ыкшоолугунда. 50 жыл ортосунда (1229дан 1879-жылга чейин) шаар калкынын саны болгону 986 адамга көбөйгөн, б.а. бир жылдык өсүш 0.1% эле болгон. Мунун себеби, өндүрүш күчтөрүнүн өсүү темпинин начардыгы жана табыгый өсүүнүн төмөндүгү. Ошондой эле, иммиграциянын арбын болгону, т.а. калктын экономикасы өнүккөн жактарга көчүп кеткендиги болгон.

XIX кылымдын 80-90-жылдары Ирevандын калкынын саны ылдам темпте өсө баштады. Алсак, 1886-жылы калаанын калк саны 14683[1] болсо, ал эми, 1897-жылы -29006 адам болгон, б.а. эки эсеге көбөйгөн. Демография мыйзамы боюнча, табыгий көбөйүүнүн эсебинде ар бир жыйырма беш жылда калктын саны эки эсеге көбөймөк. Бирок 1886-жыл менен 1897-жылдын аралыгында болгону 11 жыл болууда, эгерде армяндардын балдарынын өлүмү ошол кезде 64% дан 84% чейин болгон (ал жөнүндө кийин айтылат – авт.), эсепке ала турган болсок, анда, элдин санынын мындай өсүшүнө механикалык жол берилгени айдан ачык эле болууда.

XIX кылымдын 90-жылдарында армяндардын «Гнчак» жана «Дашнакцутюн» партияларынын Сасун менен Вандагы толкундоолору буга түрткү болгонун көрүүгө болот. Вандагы элдик толкундоону баскандан кийин Түштүк Кавказга, негизинен Түндүк Азербайжанга Осмон империясынан армяндар самсып келе баштады. Архивдик маалыматтарга ылайык, алардын саны 75 миңге жетти[2]. Бул качкындардын арбын бөлүгү Иреван калаасынан турук алганы кадиксиз экени анык, болбосо калаанын эл саны бул убакта кескин көбөймөк эмес.

[1] РГИА, ф. 1293, оп. 167, д. 28, карта 8.
[2] ГАПП жана ОД, ф. 276, оп.8, д.265, л.12; Вердиева Х. Указ. работа, с.125.

XIX кылымдын 50-жылдарында азербайжандар Иреван калкынын көпчүлүгүн түзүп турган, ошондой болсо да, алардын салыштырма салмагы кескин кыскарган күндө деле шаар калкынын 52.6% түзүп турган. Ошол жылдары армяндардын саны Иреван калкынын 46.4 % түзгөн эле[1].

Калаанын орус улутундагы өкүлдөрү негизинен чиновниктер менен дин кызматкерлеринен турган, алардын салыштырма салмагы 1% араң жетет болучу[2].

Этностордун шаар ичиндеги жайгашуусу өзгөчө кызыгууну жаратат. Иреванда болгонунда Ленчтин келтирген күбөсүндө: «Чыгыш тарабы – татарлар (азербайжандар – ред.), ал эми батышында – армяндар жашашат. Биричи эле мечиттерди көрөсүз, анан барып чиркөөлөр көзгө учурайт»[3].

Этостордун шаар ичинде таркалышы, армяндардын дээрлик көпчүлүк бөлүгү Иреван калаасына кийин келген келгиндер экенин дагы бир жолу тастыктап турат. 1829-1832-жж. жана 1880-жылдагы этностордун курамын салыштырганда кызыктай абалды корөсүз.

**Иреван калаасынын 18229-1832-жж. жана 1880-ж. салыштырма таблицасы[4]**

| жылдар | Түтүн саны | | | | Жан саны | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | орус | армян | Азербайжан | грузин | орус | | армян | | азербайжан | | грузин | |
| | | | | | эрк | аял | эрк | аял | эрк | аял | эрк | аял |
| **1829-1832-жж** | - | 944 | 1807 | - | - | - | 2148 | 1984 | 3749 | 3582 | - | - |
| Бардыгы | 2751 | | | | - | | 4132 | | 7331 | | - | |
| **1880-ж.** | 46 | 1509 | 1318 | 7 | 79 | 76 | 3216 | 275 | 3252 | 3041 | 18 | 8 |

[1] Д. Исмаил-заде. Указ. работа, с.85.
[2] Там же, с.87.
[3] Линч Х. Путевые очерки и этюды. Т.1, Тифлис, 1910, сс.275-276.
[4] Сборник материалов для описания местностей и племен Кавказа, вып.1, Тифлис, 1881, сс.40-41.

| | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | 9 | | | | |
| Бардыгы | 2880 | | | | 155 | | 5975 | | 6293 | | 26 | |

Көрүнүп тургандай, азербайжандардын жан саны изилденген мезгилде 1038 адамга (14%) кыскарып, ал эми, армяндардын жан саны 1843 адамга (44.6%) көбөйгөн. Бирок, армяндардын күргүштөп көчүп келгенине карабай, 1880-жылы деле азербайжандар 50.6% түзгөн.

Кызыктыруучу факт катары, 1880-жылы 1 армян түтүнүнө 3.9 адам, ал эми 1 азербайжан түтүнүнө – 4.8 адам туура келген экен. Балким, армян калкын такай «куюштургандыктан» алар көчүп-конуп жүрүп, үй-бүлөдө аз сандуу болуп калышкандыр. Армяндардын турмуш-тиричилиги, орус падышалык бийлигинин калканычында болуп жүрүп, куугунтук-сүрөөнгө алынган азербайжандардыкына караганда жайлуураак болушу керек эле. Ошондой болсо деле, азербайжан үй-бүлөлөрүндө төрөт жогору болгон. Чамасында, изилденген убакыттын акырында деле, азербайжандар үчүн түзүлгөн адам чыдагыс шартка карабай, алар шаарда көпчүлүктү түзгөнүнө ушул жагдай себеп болгондой. Түштүк Кавказ областтарынын жана Иреван калаасынын 1886-жылга карата түзүлгөн этнографиялык карталардын биринде азербайжандардын саны 7228 (49.2%), армяндар – 7142 (48.6%), орустар – 313 (2.2%), бардыгы – 14.683 адам болгону белгиленген[1].

Калаанын социалдык тармагы да бир кыйла кызыгуу жаратат. Падыша өкмөтүнүн Түндүк Азербайжан аймактарында жашаган элдерге, алардын ичинде, калктын өзгөчөлөнгөн катмарына карата саясаты басып алган алгачкы жылдарында бирдей калыпта болгон эмес, себебит ар кандай факторлор буга өз таасирин тийгизген. Түндүк Азербайжандын аймактарында, анын ичинде Иреван калаасында

[1] РГИА, ф. 1293, оп.167, д. 28, карта 8; Пагирев Д.Д. Эриванский сборник. Вып. 1. Эривань, 1892, с. 32.

деле жерге болгон феодалдык өзгөчөлүк формасы, социалдык катмарлардын статустары, демейдеги укук чени менен так белгиленбегендиги маанилүү таасирин тийгизген. Бул аймактарда орун алган социалдык катмарларга бөлүнүү, чексиз бийликке каныккан падышалык өкмөт үчүн бир топ кыйындыктарды жараткан.

Бир топ олуттуу мааниге ээ болгон факты катары, бул аймакты басып алуу учурунда Орусия тушуккан жагдай, мажбур кубаланып чыгылган жана мажбур көчүп кеткен азербайжандардын көпчүлүгүн атактуу адамдардын үй-бүлөлөрү болгонунда. Түркмөнчай келишиминде каралган беренелерге ылайык Карабах, Нахчыван жана Иреван хандыктарынын аймактарына жамы журтка таанымал болгон, атактуу азербайжандардын: «хандар, бектер, руханий жетекчилер же молдолор; алар өз үлгүлөрү менен, же жашыруун үгүт жүргүзүшүп, өздөрүнүн кандаштарынын, мурдакийин кол алдында иштеген, же жакындыгы барлардын арасында бүлүк салышат деген шылтоо менен алардын отурукташуусуна тыюу салынган»[1].

Ошого карабай, 1829-жылы калаада 4 хандын үй-бүлөсү (41 адам), бектер менен султандардын 51 үй-бүлөлөрү (304 адам), маликтердин 8 үй-бүлөсү (55 адам) бар эле[2].

XIX кылымдын 20-30-жылдарында падышалык өкмөт тарабынан пайда болгон офицеалдуу теория боюнча, Азербайжанда жеке менчиктеги феодалдык жерээлөөчүлүк жок делип, алардын бул саясаты жергиликтүү феодалдардын укугун тааныбай тургандыгын айгинелеген[3].

1840-жылдагы соттук-административдик реформага

---

[1] Сборник приграничных договоров, заключённых Россией с соедними гасударствами. СПб., 1891, с. 171; Балаев А. Азербайжанская нация. М., 2012, с. 63.

[2] Шопен И. Указ. работа, с. 690.

[3] Колониальная политика российского царизма в Азербайжане, ч. 1, с. 101.

ылайык жергиликтүү феодалдар өздөрүнүн жерге болгон менчиктеринен ажыратылган. Бирок, бул реформа ишке ашпай калганы үчүн орус өкмөтү Азербайжандагы үстөмдүк кылган катмарга карата көз карашын өзгөртүүгө мажбур болгон. 1843-жылы падыша Түштүк Кавказда жогорку мусулман катмары бар экенин моюндаган. 1846-жылдын 6-декабрындагы падышанын кол алдындагыларды сыйлоо буйругунда (рескриптисинде) бектер менен агалардын үстөмдүгүн кабылдап жана каттоо керектигин моюндаган.

Көптөгөн булактарда жазылгандарга караганда, Азербайжандын бардык шаарларынындай эле, Иреванда да феодалдык аристократия, шаар калкынын санына алганда, азыраак болгонуна карабай, шаар турмушуна өздөрүнүн белгилүү мерчемдеги таасирин тийгизип турчу.

«Армян областынын» камералдык жазмалары Иревандагы чиновниктер менен көпөстөрдүн этникалык жана жыныстык курамын аныктаган төмөндөгү таблицаны түзүүгө мүмкүндүк берет[1].

| **Этникалык таанымы** | **Түтүнү** | **Эрк.** | **Аял.** | **бардыгы** |
|---|---|---|---|---|
| **Азербайжан** улутундагылар: | | | | |
| Хандар | 4 | 22 | 19 | 41 |
| Бектер | 51 | 167 | 137 | 304 |
| Мырзалар (чиновниктер) | 19 | 64 | 41 | 105 |
| **Армян**: меликтери | 3 | 13 | 13 | 26 |
| Бектер | 5 | 16 | 13 | 29 |
| Мырзалар (чиновниктер) | 1 | 1 | 3 | 4 |

[1] РГИА, ф.384, оп.4, д.8, л.24.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Жалпысы:** | **83** | **283** | **226** | **509** |

Көзгө шыр көрүнгөнү, шаар тургундарынын бул группасында азербайжандардын кыйла арбындыгы.

Көрүнүп тургандай, 30-жылдардын башында хандар, бектер, мырзалар, меликтер Иреван калаасында бардыгы 83 үй-бүлө болгон, же жалпы шаар тургундарынын 3.0% түзгөн[1]. Бирок, Шопендин маалыматтары башка булактардан айрымаланып, жада калса карама-каршы экенин көрөбүз. Мисалы, 1842-жылдагы маалыматта Иревандагы чиновниктер менен көпөстөрдүн саны 90 адамды түзүп, 12310 адамга алганда болгону 0.7% болгон[2].

Көрүнүп тургандай, 1842-жылдагы эсепке алуудан он жыл мурда эле И.Шопен эбегейсиз көп, сандагы адамдардын Иреван калаасында артыкча укуктарга ээ болгондугун белгилеген. Чамасында, мындай айрымачылыктын чыгышы, кандайдыр-бир деңгээлде, «дворянчылык» менен «чиновниктердин» жана жогоруда айтылгандай, падыша өкмөтүнүн 1843-жылга чейин калаада мусулмандардын таасирдүү бөлүгүн эсепке албагандыгнан болушу мүмкүн. Ошондой эле, 1842-жылдагы эсепте көпөстөр менен чиновниктердин өздөрү гана саналып, үй-бүлө мүчөлөрү эсепке кирбей калган.

XIX кылымдын 50-жылдарындагы Кавказ календарында көрсөтүлгөндөй, Иреванда 126 адам хандын үй-бүлөсүнө карааары жана бектер болгондугу (жалпы калктын санына алганда 0.9%) жазылган[3]. Иревандын көпөстөрүн кожолугунда шаардагы дүкөндөр, бактар, атыздар, тегирмендер, мончолорго гана ээ болбостон, айыл жерлериндеги жер үлүштөрү да аларга караган.

---

[1] Шопен И.И. Указ. работа, с.690.

[2] Статистические таблицы о состоянии городов Российской империи, Великого Княжества Финляндского и Царства Польского. СПб., 1842, с. 8-9.

[3] Кавказский календарь на 1855 г. Тифлис, 1854, сс. 280-281.

Маалыматта көрсөтүлгөдөргө[1] караганда, Ireванда дворояндар сословиеси, үй-бүлө мүчөлөрү менен эсептегенде – 553 адам: алардын 320 армян жанан 333 азербайжандар болгон.

С. Акопджаняндын тарыхый-экономикалык очеркинде 1887-жылы Ирevандагы дворяндардын саны 1250 адам болгон деп көрсөтүлгөн[2].

1897-жылдагы кат алышууда дворяндардын саны 2.043 адамга жеткени, бул – 7% түзөөрү жазылган[3].

Иреван калаасы боюнча статистикалык маалыматтар камтылган архивдик документтердин биринде, 1897-жылы Иреванда 1.318 укумдан-тукумга өтүп келаткан дворяндар жана 852 жеке дворяндар катталганы айтылган[4].

Булактардагы маалыматтардын ар кандай болуп түзүлүшүн, падышалык орус статистикасынын ошол кездеги баш-аламандыгы менен түшүндүрүүгө болот. Бирок, Иреван калаасындагы дворяндардын саны барган сайын арбып баратканын ишенимдүү белгилөөгө болот.

Диний кызматкерлердин саны дагы мындан кем эмес кызыгуу жаратат. «Армян областынын» камериалдык анык-тамасында XIX кылымдын 30-жылдарында Иревандагы дин кызматкерлеринин саны төмөндөгүдөй болгон[5].

| **Кайсы динге таандык** | **Түтүнү** | **Эркек.** | **Аялдар** | **Бардыгы** |
|---|---|---|---|---|
| Молдолор | 50 | 181 | 151 | 332 |

[1] Сборник материалов для описания мест и племен Кавказа, вып.1, сс.40-41.
[2] С. Акопджанян. Ереван: историко-экономический очерк\ Ереван, 1940, с.22.
[3] Первая всеобщая перепись населения Российской империи. 1897-ж., Эриванская губерния, СПб., 1905, с. 168.
[4] РГИА, ф. 1288, оп. 25, д.81, л. 23.
[5] РГИА, ф. 384, оп. 4, д. 8, лист 24.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Сеиттер | 39 | 92 | 96 | 188 |
| Дервиштер | 3 | 6 | 4 | 10 |
| Поптор | 13 | 55 | 354 | 90 |
| **Бардыгы** | **105** | **334** | **286** | **620** |

Таблицадагы көрсөткүчтөр мусулман дининин кызматкерлери арбын экенин далилдеп турат. Айта турган жагдай, бул таблицада дин кызматкерлери эле көрсөтүлбөстөн, алардын үй-бүлө мүчөлөрү да көрсөтүлдү. 1842-жылдагы көрсөткүчтө дин кызматкерлери калктын санына алганда 1% (119 адам) түзгөн экен[1]. Статистикалык маалыматта дин кызматкерлеринин саны өтө аз көрсөтүлгөнүнүн себеби, алардын үй-бүлө мүчөлөрүн эсепке албагандыгында болсо керек.

Бирок, XIX кылымдын 50-жылдарында Түндүк Азербайжандын дээрлик бардык шаарларда, а.и. Ireванда да дин кызматкерлеринин саны кескинг өскөнүн байкоого болот. Иреванда бул көрсөткүч 504% пайзга өскөн, адам саны 720 жеткен. Дин кызматкерлеринин саны кайсыл диндин таралышы кандай болгондугун эле көсөтпөстөн, ошол диндегилердин этникалык курамы жагын да, андактан бул эки көрсөткүч тең түздөн-түз аныктап турат. 80.6% (580 адам) Иревандагы дин кызматкерлеринин XIX кылымдын 50-жылдарында азербайжандар болгондугун, ал эми, армян улутундагы дин кызматкерлеринин саны 140 адам (19.4%) болгонун көрөбүз[2]. 1880-жылга алганда дин кызматкерлеринин 151 адамы армяндар болуп, ал эми, азербайжандардын саны 58, грузиндердики – 7 адам болгон[3]; бардыгы – 216 адам. 1887-жылы армян-григорян дин кызматкерлери – 32 адам, православдардыкы – 2, мусулмандардыкы – 14

[1] Статистические таблицы о состоянии городов Российской империи, 1842, сс.8-9.

[2] Исмаил-заде Д. Указ. работа, сс. 119-121.

[3] СМОМПК, вып.1, сс. 40-41.

адам болгон[1]. Ошентип, 1897-жылга келгенде Ирevaндагы духовенствонун саны 334 адам болгон (жалпы элдин 1.1%). Алардын ичинде: орустар – 26, азербайжандар – 57, армяндар – 251 адамга жеткен[2]. Сан жагынан бир топ алдыга чыккан армян духовенствосу, чынында, диний кызматкерлер топтому жайгашкан чиркөөлөрдүн иштеши менен түшүндүрүлөт. Анын үстүнө, архивдик документтер көрсөткөндөй, Эчмиадзиндеги чиркөөгө караштуу Иреван калаасында имениелери болгон: «Нурагюни» багы (беш тилке, кирешеси – 600 руб.) жана «Зоравари» (5 тилке, кирешеси – 650 руб.), 9 соода түйүнү, 3 тегирмени болгон[3]. Мындан тышкары, шаардагы жүзүмзарлардын бири Севан деп аталган чиркөөгө таандык болгон. Бирок, дин кызматкерлерин кандай гана жол менен эсепке албасын, талашсыз, муссулман диний кызматкерлеринин саны XIX кылымдын акырында кескин азайганы анык.

XIX кылымдын 50-жылдарынын ортосундаИревандагы соодагерлердин саны калктын 1.8%же 252 адам болгон. Алардын 195 (27.4%) – азербайжандар, ал 576 адамы – армяндар (22%) болгон[4]. 1880-жылда соодагерлердин саны 563 адам болсо,(307 азербайжандар, а армяндар – 256)[5] эле. Башкача айтканда,25 жыл аралыгында соодагерлердин саны 2 эседее көбүрөөккө көбөйгөн. Соодагерлердин арасындагы армяндардын салыштырма салмагы дагы өскөн (45.5%).

1897-жылдын жыйынтыгындагы эл каттоодо Ирevaндагы ар кандай соода түйүндөрүндө1503 адам алектенсе, алардын ичинде азербайжандардын саны 849 адам (56%)

---

[1] Акопджанян С. Указ. работа, с.32.
[2] Первая всеобщая перепись населения Российской империи 1897 г. Эриванская губерния, СПб., 1905, сс. 168-169; РГИА, ф. 1288, оп. 25, д.81, л.23.
[3] РГИА, ф. 821, опю7, д.167, л. 461.
[4] Кавказский календарь на 1855 г. Тифлис, 1855, сс.332-333.
[5] СМОМПК, вып. 1, с. 36.

болгон. 1897-жылдагы эл каттоо материалдарында көпөстөр боюнча маалымат кирген. Ошол жылда көпөстөрдүн саны 182 адам болсо, алардын 22си – азербайжандар жана 158 – армяндар болгон[1]. Бул маалыматтар XIX кылымдын акырында армяндар бараандуу соодада орчундуу оорунду ээлешкенинин далили, Кавказ окуу округунун камкору катында, «армяндардын чоң тобу соодагерлик сословиясына кирген. Бул эл Батыш Азиянын бардык жерлдеринде олтурукташып, өздөрүнүн соодагерликке жакындыгын сактап келишти. Өз алдынча мамлекет болбогондуктан, армяндар жалпы бийлик эмне экенинен кабары жок эле»[2].

Шаар калкынын арасында дыкандар катмары да бар эле. Дыйкандардын шаарга көчүп келиши, алардын кесипкөйлүк-катмарда аркалаган функцияларын жоготуу менен коштолгон. Алардын ар кандай багыттагы кесиптерге трансформация болуу процесси жүрүп: айрымдары кол өнөрчүлүккө, соода-өндүрүш иштерине аралашып, же болбосо, жалданма жумушчуларга айланышкан.

Калаанын салык төлөөчү калкын майдачылдар деп аташкан. Булар кол өнөрчүлөр, майда соодагерлер, айыл чарбасында убактылуу жалданып иш кылгандар эле. Өздөрүнүн экономикалык жана укуктук абалы боюнча алар мамлекеттик дыйкандар менен барабар болушуп: ошондой эле өлчөмдөгү салыктарды төлөшүп, ошондой эле жазага тартылышчу. Ошол себептен алар расмий докумиенттерде, статистикалык каттоо баракчаларында мамлекеттик дыйкандар деп жазылып калышкан. Бирок, 1837-жылы калаанын калкы мамлекеттик жерлер менен бактарда бекер иштегенден (биярдан) бошотулушкан эле.

50-жылдардын ортосунда Ереванда дыйкандар катмарынан чыккандар (шаардык майдачыл тургундары) төмөн-

---

[1] Первая всеобщая перепись населения. 1897ю Эриванская губерния, сс. 168-169.
[2] РГИА, ф. 733, д. 259, л. 22.

дөгүдөй бөлүнүшөр эле: азербайжандар – 51.3%, армяндар – 48.6%.

Түздөн-түз жер иштетүү менен шугулдангандар болсо, алар калаа тургундарынын 3.7% түзүп, алардын 80% – армяндар, 20% – азербайжандар болгон[1].

Калаадагы айдоо жерлердин аорбын бөлүгүн Норк айылынын тургундары иштетшчү. Бул жерлер, мурда айтылгандай калаанын карамагына 1837-жылы өткөн. Шаардык думанын токтомуна ылайык, жерди иштетишкени үчүн Норк айылынын тургундары алынган түшүмдүн 23% шаардык башкармалыкка төгүп берүүгө милдеттүү болушкан. 1882-жылы Норк айылынын тургундары шаардын үлүшүн 16% төмөндөтүүнү талап кылышкан. Бирок, шшардык дума алардын талабын кулагыны сыртынан кетиришкен. Кийинчирээк калаанын айдоо жерлери арендага бериле баштаган. Норк айылынын тургундары арендаторго кутулгус карыздар болуп калышкан[2].

1897-жылдагы эл каттоо матенриалдарында майда мүдөөчүлдөр (мещандар) жана дыйкандар деп көрсөтүлгөн. Майда мүдөөчүлдөрдүн саны калаада – 14.685 (калктын 50.6%) түзгөн. Алардын ичинен: орустар – 275, азербайжандар – 8092, армяндар – 6318 адам болгон.

Дыйкандар катары каттоодон 7715 адам өтсө, алардын: 1187- орустьар, 2259 – азербайжандар, 4269 – армяндар болуптур[3].

XIX кылымдын 50-жылдарынын ортосунда калаадагы кол өнөрчүлөрдүн саны 2.3% (320 адам) болгон. Ошону менен бирге, кол өнөрчүлөрдүн арасында армяндар көпчү-

---

[1] Кавказский календарь на 1855 г., сс. 280-281, 332-333; Исмаил-заде Д. Указ. работа, с.149.

[2] Акопян Т.Х. Указ. работа, с.240.

[3] Первая всеобщая перепись населения Российской империи 1897 г. Эриванская губерния, сс.168-169.

лүктү түзгөн – 163 (50.6%), а азербайжандардын арасында кол өнөрчүлөрдүн саны 157 адам (48.7%) болгон[1].

1886-жылдагы маалыматта калаада 396 кол өнөр-устаты, 138 устаттын шакирти жана 293 окуучу бар[2] деп жазылыптыр.

### Иревандагы кол өнөрчүлөрдү кесиптерине карай бөлүү (1886)

| Кол өнөрчүлүктүн аталыштары | Бардыгы | | |
|---|---|---|---|
| | **устаттар** | **шакирттер** | **окуучулар** |
| I.**Тамак-аш даярдагандар:** | | | |
| Наавайчылар | 19 | 60 | - |
| Булчка чыгаргандар | 2 | - | - |
| Касапчылар | 32 | - | - |
| Кондитерлер | 3 | - | - |
| II. **Кийим тиккен кол өнөрчүлөр:** | | | |
| Тигүүчүлөр | 59 | 21 | 48 |
| Өтүкчүлөр | 95 | 18 | 75 |
| Модисттер | 1 | 2 | - |
| Калпакчылар | 35 | - | 35 |
| III. **Тиричилик керек. жасдар:** | | | |
| Мешчилер | 19 | - | 19 |
| Жыгач усталар | 34 | 7 | 32 |
| Мискерлер | 27 | 17 | 18 |
| Кайышчылар | 11 | - | 11 |
| IV. **Калгандар:** | | | |
| Арабакечтер | 47 | - | - |

[1] Исмаил-заде Д. Указ. работа, с.140.
[2] Развитие Еревана после присоединения Восточной Армении к России. Сборн. док., Ереван, 1978, сю 127.

| | | | |
|---|---|---|---|
| Атчылар | 8 | 6 | 1 |
| Саатчылар | 4 | - | - |
| **Баардыгы:** | **396** | **138** | **239** |

«Кавказдагы уруулар менен аймактар жазылган Жыйнакта» (СМОМПК) Иревандагы кол өнөрчүлөр тууралуу жазылганга караганда, 80- жылы калаада 944 устаттар, ал алардын шакирттери менен окуучуларынын саны 901 адам болгон экен. Алардын ичинде азербайжандардын саны – 525 жана 542 (56.6%), а армяндардын саны – 415 жана 359 (41.1%) болуптур[1]. Кол өнөрчүлөрдүн арасындагы айрымачылыкты «Жыйнакка» чайчылар, музыканттар, сүрөтчүлөр ж.б. кошо киргизгендиги менен түшүндүрүүгө болот. 1897-жылдагы эл каттоодо Иревандагы кол өнөрчүлөрдүн саны – 1607 адам болгону катталган[2].

XIX кылымдын 50-жылдарынын ортосунда калаадагы чиновниктер 118 адам[3], ал 1880-жылы – 168 адам[4] болгон. Алар калаадагы орустардын негизги бөлүгүн түзүшкөн.

Мурда белгилегендей, 1880-жылдан 1897-жылг аралыгында калаанын калкы кескин көбөйгөн: 12 449 адамдан 29 006 адамга чейин өскөн. Бирок, бул көбөйүү табыгый көбөйүү эмес, мунун далили катары 1897-жылдагы эл каттоодо 29 006 адамдын 16 673 төрөлгөндөр аркылуу көбөйсө, калган 12 373 адам башка жактардан көчүп келгендер болуптур[5].

1897-жылдагы маалыматтар боюнча түзүлгөн табли-

---

[1] Сборник материала для описания местностей и племен Кавказа, вып.1, Тифлис, 1881, сю 37.

[2] Распределение населения по группам занятий 1897 г.

[3] Кавказский календарь на 1856 г., сс. 484-485.

[4] СМОМПК, вып. 1, с. 40-41.

[5] Первая всеобщая перепись Российской империи, 1897. Эриванская губерния, сс. 26-28.

цада көрсөтүлгөндөр бир катар кызыгуу жаратат[1].

**Ираван калаасынын калкын жыныстык белгилери жана эне тилдери боюнча бөлүү**

| Баардыгы: | | Азербайжан тили | | Армян тили | |
|---|---|---|---|---|---|
| эркек. | аялдар | эркек. | аялдар | эркек. | аялдар |
| 17 328 | 11 678 | 6 940 | 5 419 | 7 331 | 5 192 |
| 29 006 | | 12 359 | | 12 523 | |

Алды менен көзгө учураганы, эркектерге салыштырмалуу аялдардын 5 650 адамга аз болгону. Аялдан калаа калкынын 40.3% түзгөн. Бул жагдай, алибетте, табыгый жол менен көбөйүүгө кедерги болгон.

Ошондой эле, Иреван элинин табыгый көбөйүүсүнө мындан да жаман таасирин тийгизген – экология болгон. Иревандыктардын ден соолугуна залакасын тийгизген, эң башкы жагдай, жеринин саздак болгону менен таза суунун жетишсиздиги болгон. Кудуктардагы суулар саз даамданып, анын курамында органикалык заттар бар эле.

Экологиянын начардыгы өлүм-житимдин арбын болушуна алып келген. Өзгшөчө бир жаштан 10 жашка чейинки наристелердин арасында өлум көп болгон. Ошентип, 10 жыл ичинде 1870-1879-жж. Иреван калаасында 2299 христиандардын балдары (орустар менен армяндардын; мусулмандардын метрикалык катто китеби болбогондуктан, алардын арасындагы өлүм эсепке кирген эмес), анын ичинде 10 жашка чеинки балдардын саны – 1324 (48.7%) болгон[2]. Кийинчирээк балдардын өлүмү андан да көбөйгөн.1886-жылы ал 64.3%, 1896-жылы – 84.7%, 1906-жылы – 64.8%, 1910-

[1] Первая всеобщая перепись Российской империи, 1897. Эриванская губерния, сс. 52-55.

[2] СМОМПК, вып.1, с.18.

жылы -87.8% жеткен[1].

Белгиленген мөөнөттө 1870-жылдан 1897-жыл аралыгында 2299 бала өлсө, төрөлгөндөрдүн саны – 3 271 болгон[2]. Демек, табыгый жол менен 10 жыл аралыгында калаанын калкы 972 адамга, же жылына 97 христианга көбөйгөн.

Башка маалыматтарда, 1858-жылдан 1897-жылга чейин калктын көбөйүшү (булакта көрсөтүлбөгөн, жалаң эле христиандар, деп – ред.) 15 827 адам, же болжол менен жылына 395 адамга көбөйгөн, бирок, 1897-1904-жылдарда калктынсаны 148 адамга көбөйгөн (болжол менен жылына 21 адамга), ал эми, 1904 – 1910-жылдарда – болгону 96 адамга өскөн ( жылына 16 адамга)[3]. Бирок, бул жерде калктын жалаң эле табыгый өсүшү камтылган жок. Мындай, эл санынын эң төмөнкү деңгээлде өсүүсүно калаадагы экономиканын илең-салаң өнүгүшү кедергисин тийгибей койгон жок, келгиндердин көпчүлүгү калааны таштап айыл жерлерин көчүштү. Элдин кетип жатышы Ирeвандын демографиялык абалына таасирин тийгизип, ансыз да жагымсыз көрсөткүчтөрдү ого бетер начарлатты.1913-жылдагы көрсөткүчтөрдө Ирeванда 818 бала төрөлсө, чарчап калган балдардын саны – 689 болгон[4]. Башкача айтканда болгон 129 адамга өскөн.

Ирeван калаасынын калкынын XX кылымдын башындагы өсүшүн карай турган болсок, кызыктай маалыматка туш болобуз. 1904-жылы Ирeвандын калк саны – 28 910 адам, 1910-жылы – 32 369, 1913-жылы – 29006 адам[5]. Белгилүү деңгээлде, мындай ойку-кайкы болуунун себеби, Ирeван калаасы келгин армындар үчүн убактылуу турук алып,

---

[1] Развитие Еревана после присоединения Восточной Армении к России. Сб. док., Ереван, 1978, с.216.
[2] СМОМПК, вып.1, с. 22.
[3] РГИА, ф. 1284, оп.194, д.15, л. 30.
[4] Там же, ф. 1288, опю25, д.81, л.27, об. 28.
[5] Там же, ф.1288, лл.3, об.5.

анан отурукташчу жерине көчүрүлгөн пункт болгонунда. Ошентип, 1902-жылы Осмон империясынан Иреванга келген армян-качкындары 3896 адам болгон[1].

XX кылымдын башында Кавказды интенсивдүү түрдө армяндар менен отурукташтыруу Орусиянын бийлик өкүлдөрүнүн арасында олуттуу тынчсыздануу жаратты. Атап айтканда, Н. Шавров жана анын тарапташтары иликтөөнү сунушташты, анда алар падышалык администрация Кавказда жаңы Россияны түзүүдөбү же Арменияныбы[2]. Бул маселеде М.Меньшиков туталануу менен: «Кавказдагы жарым кылымдык согуш Орусиянын ушунчалык күчүн алды, Кытайды чаап алууга да жетет эле ошол чыгымдар, бирок, Кавказды басып аларын алып орустарга колонизациянын үзүрүн көрсөтпөй, армяндардыкы кылганга жол болсун» -деп белгилеген. Ошондуктан, ал орустарды «эң эле дөөпөрөс баскынчылар»[3], – деп атаган. Ошондой болгондо деле, XX кылымдын башында Иреван калаасында азербайжандар сан жагынан армяндардан арбын болушкан[4].

Кийинки жылдары Түркиядан качкан армяндардын саны көбөйө берип, чегинен ашып да кетти, өзгөчө биринчи дүйнөлүк согуш башталганы. 1914-1916-жылдары Кавказга эмигрировать этип келген армяндардын саны 350 миң адамга жетти. 1914-жылдын акырында 1915-жылдын башында Иреванга келген армяндардын саны 40 миңге жетти. Армяндардын көчүп келүүсү согуштан кийин деле улана берди. Бирок, Иреванга келген качкын армяндардын баары эле

---

[1] Акопян Т.Х. Указ. работа, с. 242.

[2] Шавров Н. Русская колонизация на Кавказе. – Вопросы колонизации, т.8, СПб., 1911, с. 65; Балаев А. Указ. работа, с. 68.

[3] Меньшиков М. Национальная империя. М., 2004, с.466; Балаев А. Указ. работа, с.68.

[4] Эривань. Энциклопедический словарь. Ф.А.Брокгаузе и И.А.Ефрона, т.81, СПб., с.15

анда калышкан жок. Шаар качкындарды отурукташтыруу пункттарынын бири болгон. 1917-жылы Ереванда дагы деле 17 505 качкын калган эле. Осмон империясынан качып келген армян-качкындарынын негизги бөлгү Иреван аркылуу Гейча көлүнө, андан ары түндүккө жайгаштырылган[1].

Советтик изилдөөчү Т.Х.Акопяндын Иревандын тарыхын изилдеген эмгектери өзгөчө кызыгуу жаратат.

Ал өзүнүн китебинде төмөндөгү таблицаны сунуштайт:[2]

**1912-1916-жж. Иреван калаасынын калкы**

| 1912-ж. | 1914-ж. | | | 1916-ж. | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Калктын жалпы саны** | Жергиликтүүлөр | Убактылуулар | Бардыгы | Жергиликтүүлөр | Убактылуулар | Бардыгы |
| 36836 | 20204 | 9162 | 29366 | 22001 | 29285 | 51286 |

Калаанын калкынын саны өйдө-ылдый секиргенинин өзү эле шаардын армян эли үчүн убактылуу турук алып, анан башка жекке кетүүчү пункт болгондугун күбөлөдүрүп турат.

Аты аталган автор өзү түзгөн таблицасына мындай коментарий берет: «Калктын басымдуу бөлүгүн армяндар түзгөн. Ошентип, 51 286 шаар тургунунун 37 204 армяндар болгон, 12 257 – азербайжандар, а 1059 – орустар болучу»[3].

Учкай көз менен караганда деле, анын оюн түшүнүш үчүн, Иревандагы армяндардын санын көп көрсөтүүгө далалаттанып, автордун убактылуу келген качкын армяндарды, башка шаарлар менен уездерге бөлүнүшүп кете турган

---

[1] ГАПП и ОД, ф.276, оп.8, д.513, лл. 8 об. 9.

[2] Там же, с.321.

[3] ГАППиОД, ф.276, оп.8.

болсо дагы, тизмеге кошкону көрүнүп эле турат.

Ал эми, чынында абал кандай болгон?

Т.Х.Акопяндын пикирин толук колдоого алган күндо деле, 22001 адам Ирейандын туруктуу тургундары болгондо, туруктуу жашаган армяндар – 8685 адам дейли, анда 12 257 – азербайжан жана 1059 – орустар, б.а. армяндар шаар тургундарынын 40% түзөт экен. Азербайжан улутундагылар калаанын элинин 55% түзүүдө (12 257 адамды жалпы 22 001 адамдан эсептегенде), башкача айтканда, армян калкынын эң эле көп санда келип-кеткен убагы 1916-жылда деле азербайжандардын саны Иреван калаасында, салыштырмалуу арбын болгон.

Кийинки 3-4 жылда калаанын калкы ачарчылыктын, эпидемиянын айынан бир топ кыскарды, бул анчалык деле таң калычтуу эмес, себеи армян калкынын келгиндеринин аягы баары бири суюлган эмес.

Качкындардын курамын карамы да бир катар ойлорду пайда кылат. Эмесе, 1917-жылы Иреванга качып келген армяндардын жалпы саны – 17 505 адам болсо, алардын 5491 – аялдар, 8350 – балдар, 2281 – кары-картаңдар жана инвалиддер, ал эми, ишке жарактуулардын саны богону – 783 эркек[1] болгон. Болжол менен, бардык шаарларга келен качкындардын абалы бирдей болгон.

Жыйынтыктай келгенде, падышалык өкмөттүн максаттуу жана толук кандуу саясаты Иреван калаасына армяндарды көбүрөөк жайгаштыруу аркылуу христиандаштыруу болгон болсо да, алар өз максаттарына толук жете алган эмес. Иреван азербайжан түрктөрү арбын жашаган калаа бойдон кала берген.

[1] Развитие Еревана после присоединения Восточной Армении к России. Сб. док. 1978. с. 216.

# III БӨЛҮМ

# КАЛААНЫН ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

## 3.1. Кол өнөрчүлүк жана өндүрүш

**Кол өнөрчүлүк.** Азербайжандын аймагында байыркы замандардан эле калаалардын болгондугу кол өнөрчүлүктүн өнүгүшүнө өбөлгө түзүп келген. Табыхый географиялык шарттары жарашкан Азербайжан жергесинде, жашаган жергиликтүү элердин кол өнөрчүлүккө ыктаганынын себептеринин бири, өлкөнүн тогуз жолдун тоомунда болуп, соода жүргүзүүгө ылайыктуу болгону дагы кол өнөр өндүрүшүнө ыңгайлуу болгон. Өлкөнүн экономикалык өнүгүш жүрүшүндө кол өнөрүнүн ар кандай түрлөрү: токумачылык, саймачылык, калпакчылык, боекчулуук, теричилик, кайышчылык, токардык өндүрүш, темирчилик, калайчылык саатчылык, жибек токумачылык, чарбага керек шаймандарды жасоо өнөрү, музыкалык аспаптарды жасоо өнөрү, жасалгаларды жасоо, тамак-аш түрлөрүн даярдоо сыяктуу толуп жаткан тармактардын ролу зор. Азербайжанда 100 дөн ашуун ар кандай кол өнөрчүлүк өндүрүшунун түрлөрү болгон.

Өндүрүштүн кол өнөрчүлүк менен даярдалгандары биринчи орунда туруп, адамдар үчүн эң зарыл болгон буюм-тайымдар, алсак, кийим-кечелер, ашканага керектүү идиш-аяк түрлөрү, чарбачылыкка зарыл болгон шаймандар, экинчи орунда адам баласына керек болгон башка заттарды өндүрүү болгон. Кол өнөрчүлүк менен эркектер кандай шугулданса, аялдар дагы алардан артта калбай аракеттрин кылып келишкен. Эгерде жүндү ишкетүүдө негизиненаялдар аракеттенсе, металл, жыгач менен жана чоподон ар түрдүү

идиштерди жасоодо эркектер күч үрөп эмгектенишкен[1].

Хандардын убагында колөнөр өндүрүшү гүлдөп өнүккөн мезгил эле. Шаарды курчоого алып басып алуу башталагандан кийин, көптөгөн кол өнөрдүн мастерлери шаарды таштап, жер колторуп кетүүгө мажбур болушту, бул өз кезегинде шаардын өнүгүшүнө терс таасирин тийгизди. Иреван калаасын орус аскерлери басып алгандан кийцин кол өнөр устаканалары иштегени менен мурдагыдай болбой, кол өнөрчүлүккө болгон кызыгуу кескин солгундап кетти. Ошентип, 1829-жылдан 1832-жылга чейин шаарда жашаган кол өнөрчүлөрдүн саны (усталардын жардамчылары менен окуучуларын кошкондо) 1115 адам, б.а. XIX кылымдын 50-жылдарына келгенде алардын саны эки эсеге азайып, болгону – 559 адам калды. Орус бийлиги орногондон кийинки мезгилдердин ичинде 60-70-жылдары кол өнөрчүлөрүчүн түзүгүрөөк болду. Бирок, бул жагдай өнүгүүгө деле жол ачкан жок. 1865-жылдагы маалыматта калаада кол өнөрчүлүк менен шугулдангандардын саны 2204 адам болгону белгиленген, ал эми 80-жылдардын башында бул сандын кыскарганын көрөбүз, көл өнөрчүлүк менен алектенгендер 1845 адам болгон[2].

Өлкөнүн өнүгүү жолунда саясий жана экономикалык өңүттө болуп жаткан өзгөрүүлөрү кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн сапаттуулугу жана санжаптуулугу өсүшүнө да тер таасирин тийгизбей койгон жок. Убакыттын өтүшү менен эскирген өнөр түрлөрү улам жаңысына орун бошотуп берди. Эгер XIX кылымдын 50-жылдарында Иреван калаасында 65

[1] Пиралов А.С. Краткий очерк кустарных промыслов Кавказа. Тифлис, 1900. С.9.

[2] Шопен И. Исторический памятник состояния Армянской области в эпоху её присоединения к Российской империи. СПб. Типография императорской Академии наук, 1852, сс.843-844; Орловский К. Эривань. Кавказский календарь на 1852 г.3 отд. С.450; Зелинский З. Город Эривань (историческое сведение) \\Сборник материалов для описания местностей и племен Кавказа. Вып.1. Тифлис, 1881, отд. 1, с.37.

кол өнөрчүлүк тармагы катталган[1] болсо, 1863-жылдагы маалыматтарга караганда Иреванда 28 кол өнөр устаканалары иштегени, ал устаканаларда 816 (уста), 692 устанын жардамчысы жана 667 окуучусу болгону[2] айтылган. 1881-жылы кол өнорчүлүктүн 46 тармагында 555 кесиптешен устаканалар болуп, аларда 944 уста, 901 устанын шакирти, жардамчылары жана окуучулары болгон[3]. XIX кылымдын акырында калаада завод, фабрикалардын саны көбөйгөн сайын, кол өнөрчүлүктүн коомдогу аткарган орду басаңдап отуруп, калаада 17 гана устакана[4] калды.

XIX кылымдын 80-жылдарынын башында калаада 256 батинке тигүүчү, 104 темир уста, 118 кайышчы, 102 жыгач уста, 71 курал жасаган уста,150 тикмечи, 60 зергер, 106 өтүкчү, 167 наавайчы, 134 калпакчы[5] болсо, а 1886-жылдагы көрсөткүчтөрдө, калаада 128 тигүүчү (59 устат, 48 окуучу, 21 жумушчу), 188 өтүкчү (95 устат, 75 окуучу, 18 жумушчу), 70 калпакчы(35 устат, 35 окуучу), 73 слесарь (34 устат,32 шакирт жана 7 жумушчу), 63 адам жез буюмдарын жасашкан (27 устат. 18 окуучу, 17 кызматкери жана башка кол өнөрчүлөр)[6] болгону жазылган. Ал эми 90-жылдардын башында ар түрдүү заттардын буласынан жасалга буюмдарды чыгарган кол өнөрчүлөрдүн саны 39 адам болгон, жаныбарлардыан алынган заттар (жүн, тери ийлөө) менен иштегендер – 143 адам, жыгач усталар – 205 адам, темир усталар – 223 адам, карапа жасагандар – 17, тамак-аш өндүрүшүндө

[1] Орловский К. Эривань// Кавказский календарь на 1852 г., отд.3, с.450.
[2] Сборник статистических сведений о Кавказе. т.1, отд.1, сс.28-32.
[3] Зелинский С. Город Эривань. сс.37-38.
[4] Производитель Эриванской губернии в 1900 году// Памятная книжка Эриванской губернии на 1902 г., Эриван, типография Р.К.Эдильсона, 1902, 3 отд., с.197.
[5] Зелинский С. Город Эривань. с.37.
[6] Развитие Еревана после присоединения Восточной Армении к России. Сб. документов, 1801-1917. Ереван. Ереванский университет, 1978, с.127.

– 260, зергерчилик менен шугулдангандар – 55, териден буюм жасагандар – 665 адам[1] болгон. 10 жыл аралыгында кол өнөрчүлүк тармагы өлкөдөгү капитализмдин өнүгүшүнө байланыштуу өзгөрдү.

Өндүрүштүн башка тармактарына салыштырмалуу, кол өнөрчүлүктүн байкалаарлык артта калгандыгы айрым өнөр жай өндүрүшүнүн ылдам өнүгүшүнө жана чет өлкөлөрдөн эл керектөөчү сапаттуу, арзан товарлардын ташылып келиши, айрым көл өнөрчүлүк тармагынын илең-салаң иштешине, ал тургай, таптакыр жоюлушуна алып келди.

Ошондой болсо да, кол өнөр устаканалары турпатын өзгөртпөй калса деле, мурдатан келаткан өндүрүштүк адатка ылайык жана өндүрүлгөн буюмду сатыкка алып чыгууда, бирок, бул жагынан алганда деле, капиталисттик өндүрүш процесстеринин таасири астында калганы байкалат.

1879-1914-жылдар аралыгында шаардык кол өнорчүлүк өндүрүшүндө байкаларлык өзгөрүү болду, алар бул тармактардын жаңы сапаттуу процессине аралашып өнүктү. Кол өнөрчүлүктүн жаңы тармактары пайда болушу менен катар аны менен алектенип иштегендердин дагы саны кескин жогорулады. Тармактардын айрымдары жаңы ачылган тармактарга орун бошотушуп, жаңы замандын талаптарына жооп бере ала турган жагдай түзүлдү[2].

Хандыктар учурундагыдай эле, кол өнөр устаканалары бири-бирине жакын жайгашып, же өз алдынча топтошуп эмгектенише, көпчүлүк учурда, алардын устаканалары соода борборлорунун ичинде болгон. Көп көл өнөрчүлөр атайывн устакана жайлары болбогондуктан, көбүнесе өз үйлөрүндө эле иштешээр эле. Кээ бир кол өнөррчүлөр буйрутма менен иштешчү. Шаарда кеңири тараган кол өнөрчү-

---

[1] Распределение населения Закавказья по группам занятий 1897 года// Кавказский календарь на 1908 год. Тифлис, тип. К.П.Козловского, 1907, 2 отд. Сс.146-147.

[2] Акопян Т.Х. Очерк истории Еревана, сс.226-227.

лүк түрлөрү төмөнкүлөр болгон: өтүкчүлөр, башмакчылар, тигүүчүлөр, кайышччылар, жыгач усталар, слесарлар, темир усталар, куралчылар, күмүш чапкан усталар, ээр жасаган усталар, калай менен иштегендер жана карапачылар[1].

Иреван губерниясында килем токуучулук кеңири жайылганы менен, Иреван калаасында ушул жол менен пайда көргөн үй-бүлөнү табуу кыйын, мындайлар жок[2].

XIX кылымдын 60-жылдарында калаадагы иштеген устаканалардан, бир гана мануфактура менен соода кылган устакана таасирдүү болуп, дайымкы кардары болгон, экуинчи орунда, чакан ашканалар турган. Ирeвандагы пайда алып келген устаканаларга башмакчылар, өтүкчүлөр, тери иштеткендер, булгаарычылар, жыгач устаканалары жана зергерчилик устаканалары кирген. Мындай абал 80-90-жылдары деле сакталып келген. XX кылымдын башындагы маалыматтарда өтүкчүлөр – 21 миң табышса, башмакчылар – 24 миң, тикмечилер – 21 миң, теричилер – 11.7 миң, жыгач усталар – 11.6 миң, зергерлер – 17 миң рубль бир жылдык киреше табышкан[3]. Кол өнөрчүлөрдүн Иреван калаасында өндүргөн продукциясынын баасы 50.9% түзгөн (157000 рубль) губернияда өндүрүлгөнгө салыштырганда. Бул башка тармактардагы өндүрүштүн 1.1% түзөт[4].

XIX кылымдын акыры – XX кылымда, калаада таза суу маселеси чечилгенден кийин, карапачылардын жумушу көлөмү көбөйдү. Мунун себеби, шаар башчылары, шаардык

---

[1] Производительность Эриванской губернии в 1900 г.// Памятная книжка Эриванской губернии на 1902 год, с.107.

[2] А.М. О ковровом производстве в Эриванской губернии// Памятная книжка Эриванской губернии на 1902 год, Эривань, типография Р.К.Эдильсона, 1902, отд.4, сс.133-134.

[3] Производительность Эриванской губернии в 1900 г.//Памятная книжка Эриванской губернии на 1902 года, с.107; Развитие Еревана после…, с.156.

[4] Производительность Эриванской губернии в 1900 г.//Памятная книжка Эриванской губернии на 1902 года, с.108.

дума, суу апкелүү үчүн темир түтүктөрдүн кымбат болгонуна байланыштуу, карапдан жасалган түтүктөрдү колдонууну чечкени болду. 1899-жылдын 15-16-марттарында шаардык дума, бул калаа бюджетине 4.125 рубль 33 тыйын болот[1] деп жарыялады.

Кол өнөрчүлүк менен шугулдангандар жана кол өнөр буюмдарын саткандар салктын эки түрүн төлөшкөн – негизги жана кошумча. Негизги салык кол өнөрчүлүк менен алектенүүгө атайын уруксат күбөлүгүн алганда төлөнгөн. Мындай уруксат күбөлүгү болбосо эч ким кол өнөрчүлүк менен 14 күндөн ашык алектенүүгө болбойт эле. Негизги салыктын көлөмү устакананын категорияссына карата коюлган. Кол өнөрчүлөр менен колөнөр буюмдарын саткандардан салык чогултуу 1863-жылдын 1-январындагы мыйзамдын негизинде жүргүзүлгөн[2].

Бирок, бул мыйзам 1875 жылдан кийин гана иштей баштаган. Бул мыйзамга ылайык, салык көлөмүн чектөө жана жыйноо, кол өнөрчүлүк менен иштөөгө жана даяр буюмдарын сатууга атайын күбөлүктөрдү берүү, ж.б. сфераларга салык салуу укугу полиция башкармалыктарынын колунда болгон.

1901-жылы Иреван калаасында кол өнөрчүлүктүн тармактарын кеңейтүү жана кесипкөй адистерди даярдоо үчүн кол өнөрчүлүк окуу жайын ачуу маселеси көтөрүлгөн. Бул мектептин курамына айыл чарба багытындагы адистерди даярдоо бөлүмүн ачуу каралган. Окуу жайдын негизги максаты техникалык жактан сабаттуу адистерди даярдоо болгон, ошондой эле, айыл чарба шаймандарын сабаттуу тейлей ала турган кесипкөй адистерди даярдоо болгон. Бул мектептин ар бир бөлүмүндө 80-100 дөн окуучулар билим

[1] Акопджанян С. Ереван (Историко-экономический очерк). Ереван, 1940, с.28.
[2] ПСЗ Рос.имп., собр. Второе, т. 38, отд.1, 1963, СПб., типография II отделения, собственной Е.И.В. канцелярии, 1866, ст. 39118.

алышмак. Анын иштей башташына бир топ каражат керек болгон: ар бир окуучуну окутууга – 6050 рубль, мектептин имаратын курууга – 50 миң рубль, эмеректерин сатып алууга – 7 500–10 000 рубль талап кылынган[1]. Мындай мектептин ачылышы бир топ жылга созулуп кеткен.

Иреван калаасында кол өнөрчүлөр мектебин ачуу 1913-жылы кайрадан актуалдуу маселелердин бири болуп, чечим кабыл алынды. 1914-жылдын 24-майында губернаторго мектепти ачуу боюнча думанын чечими тапшырылды[2].

Ошентип, Азербайжандын башка калааларындай эле, Иреван дагы капиталисттик жолго түштү, анын аркасы менен жер иштетүү соодасы, рынок шартына ылайык товарларды өндүрүү жолго коюлду. Товар-акча мамилелеринин өсүшү менен, бир жагынан, үй-бүлөлүк кол өнөрүнүн товар өндүрүү деңгээлине жете өнүгүшү байкалса, экинчи жагынан, көнүмүш болгон кустардык өндүрүштөр четинен жок боло баштады.

Изилденип жаткан мезгил аралыгында калаа калкынын саны көбөйүшү менен кол өнөрчүлөрү тарабынан иштелген буюмдарга болгон талаптардын жогорулашы менен кол өнөр рыногунун өсүшү дагы байкалат.

**Өнөр-жайы.** Өнөр-жайынын өнүгүшү шаар экономикасынын негизин түзөт. XIX кылымдын биринчи жарымында Иреван калаасында кол өнөр өндүрүшү менен мануфактура өндүрүшү үстөмдүк кылган.

Капиталисттик мамиленин өнүгүшү жана рыноктун калыптанышы аркылуу жаңы сапатка карай өзгөрүүлөр болуп: базарга чыгарылчу өнөр жайынын өндүрүмү артып, жалданма эмгекти колдонуу күчөйт.

Жалпы крайдын бардык аймактарындавй эле, Иреван-

[1] Развитие Еревана после присоединения Восточной Армении к России (сб. документов 1801-1917 гг.). Ереван, 1978, с.177.
[2] Там же.

да да социалдык-экономикалык шарттар бышып жетилип, майда-барат өндүрүштөн завод-фабрика өндүрүш деңгээлине өтүү башталды. Бирок, бул процесс падыша өкмөтүнүн, өнөр-жайынын өндүрүш циклдарын аягына чыгууга жол бербей келген колониалдык саясатынын айынан, аябай кечеңдеди. Башкача айтканда, им периянын чет-жакаларындагы колонияларында, анын ичинде Ереванда, балким өнөр-жай ишканаларынын өнүгүшү сырьену алгачкы иштетүү деңгээлинде болгондур.

Ирevandагы абалдын курчушуна XIX кылымдын биринчи жарымындагы, өзгөчө анын үчтөн биринде азербайжан улутундагыларды кысымга алып, Ирevandан чыгып кетүүсүнө кырдаал жаратканды ктан, негизинен өндүрүштү алга жылдыргандардын кетип калышына алып келип, алардын ордун соода менен гана алектенген армяндар ээлегени, б.а. өндүрүшкө кара күчүн жумшап эмгектенбегендер келгени болду. Кавказ окуу округунун камкорунун 1854-жылы жазган куш тилиндей катында: «Армян улутундагы калктын орчундуу бөлүгү соодагерлер катмарына кирет. Бул эл Батыш Азиянын бардык аймагына отурукташтырылды, алар өздөрүнүн соодагерчиликке таандык калк экенин сактап калышты (бул дайыма кыймылда болуп, көчүп-конгон элдерге таандык – авт.)»[1].

Чынында, кийинчирээк ошол соодагерчилик жана армяндарга берилген жеңилдиктерден (льготалар) пайдаланып, алардын арасындагы айрымдары «таканчык капитал» чогултууга үлгүрүп, акыры капиталисттик өндүрүшкө салышты. Бирок бул XIX кылымдын экинчи жарымында гана ишке ашат. Ал эми, XIX кылымдын биринчи жарымында, мурда белгиленгендей, Ирevandын жергиликтүү өндүрүшчүлөрү – азербайжандар кысымга туш болуп, өз жерлеринин куугунтукталышкан.

[1] РГИА, ф.733, оп.82, д.259, л.22.

Иреван калаасында өнөр-жайынын өнүгүшү бир жактуу агымда болгон. Аздыр-көптүр өнүгүү жолундагы өндүрүш катары шаардагы тамак-аш өндүрүшүн, өзгөчө анын тармактарынан арак-шарап, ун тартуу, күрүч тазалоо, консрва чыгаруу сыяктуу өндүрүштөрдү атоого болот.

Ирeвандагы эң алгачкы өнөр-жай ишканалары катарында 1857-жылда уюшулган Алашраф бек Султановдун күрүч тазалаган фабрикасын жана 1862-жылдан 1875-жылга чейин тынымсыз иштеген Николай Смаковдун пиво кайнаткан заводун, ошондой эле, ар биринде алтыдан жумушчу иштеген үч күрүч тазалаган заводдорду атоого болот. Күрүч тазалаган заводдордун бардыгы буу казан кыймылдаткычтары менен жабдылган эле[1].

1884-1885-жылдары шаарда 6 күрүч тазалаган жана 45 ун тарткан тегирмен иштеген[2]. Гильдиялык жана гильдиялык эмес өнөр-жай ишканалардын ведомостторунда көрсөтүлгөндөргө караганда, бардыгы 9 ун тарткан тегирмен ишканалары болуп, алардын бири К.Г. Сильченкого таандык болгон. Ал электр тогу менен иштеген тегрмен эле, анда тартылган унду темирден жасалган амбарда сактачы[3]. Тегирмендердин санынын кескин кыскарышын алардын ирилештирилиши менен түшүндүрүүгө болот. Булардын өндүрүмдүүлүгү боюнча маалыматтын жоктугунан ишканалардын абалына толук жана ишенимдүү аныктама бергенге мүмкүн эмес. Башка жагынан караганда, бул ишканалар тууралуу маалымат чогултуудагы кемчиликтерден да болушу мүмкүн. Балким, 1884-1885-жылдары бул тизмге майдатовар өндүргөн ишканалардын да кирип калышы ыктымал.

1914-жылдагы маалыматта шаарда 11 күрүч тазалаган ишкана иштегени, алардын жылдык обороту – 14 миң рубль, жана 12 ун тарткан тегирмен-ишканасынын жылдык

[1] РГИА, ф.20, оп.12, д.245, лл.1-5.
[2] Там же, ф.1405, оп.83, д.11224, л. 44.
[3] Там же, ф. 20, оп.6, д.862, лл.7, об. -8.

акча айландыруусу – 24 миң рубль болгону жазылган[1].

Изилденген мезгил аралыгында Иреван калаасында өнүккөн тамак-аш ишканасынын дагы бир тармагы, жемитерден консерва чыгаруу болгон. Мөмө-жемиштерден как кургатуу аракети Иреван калаасында Ф. Золотарев менен Буланбекбург тарабынан жасалган. Алардын заводу июндан ноябрга чейин иштеген, б.а. мезгидик ишкана болгон. 1890-жылы бул заводдо 32 адам эмгектенген. Ал Рифер системасындагы меш менен камсыз болуп, 14 кургатуучу аппараты болгон. Өндүрүшүнүн көлөмү – 30 миң рублду түзгөн[2]. XX кылымдын башында калаага темир жолу алып келингенде, бул ишкана өнүгүүнүн жаңы баскычына көтөрүлгөн.

1911-жылы чоң көлөмдөгү консерва чыгаруу заводу курулган. 1913-жылы заводдо 60 жумушчу иштеген, алар 213 тонна мөмө-жемиш консерваларын, 197.7 тонна абрикос пюресин, 10 миң банка маринаддалган бадыраң чыгарышкан. Чыгарылган продукциясынын дүң баасы, ошол эле 1913-жылда – 99 миң рубль түзгөн. Мындан тышкары, Иреванда XX кылымдын башында дагы эки чакан консерва заводу компот чыгарган[3].

Изилдөөгө алынган мезгилде Иреванда бир катар ийгиликке жеткен өндүрүш тармагы – арак-шароап чыгарган ишканалар болгон. Өнөр-жайынын бул тармагыгы стабилдүү иштешин калаада сырьенун жетишерлик болушу камсыздаган. 1895-жылдагы маалыматта Иреван калаасынын жалпы жер фонду 1 206 дес., анын ичинде 1 185 дес. – жүзүмзарлар болгон (98.8%)[4].

XIX кылымдын акырында, өндүрүштүн бул тармагы

---

[1] РГИА, ф.1284, оп.194, д.15, л.29.

[2] Обзор фабрик и заводов Закавказского края. Сост. Гулишамбаров. Ст. Тифлис, 1894 г., сс. 373-374.

[3] Акопян Т.Х. Указ. работа, с. 224.

[4] Сборник сведений по виноградарству и виноделию на Кавказе, вып. IV, Тифлис, 1896, с.154.

мануфактуралык стадиядан завод-фабрикалык стадияга көчтү. 1887-жылдын 17-июнундагы мыйзам боюнча спирт жана шарап чыгарган заводдор өркүндөтүлгөн өндүрүш жана өрүндөтүлбөгөн өндүрүш заводдору болуп бөлүндү. Өркүндөтүлгөн завод деп эсептелген заводдун перегон кубунан тышкары муздаткычы жана ректификация кылууга ылайыктуу атайын механикалык аспабы болушу керек эле. Улам өндүрүмдүүлүгү жогорулаган сайын бул заводдор өзүнө майда барат ишканаларды кошуп ала берди[1].

1865-жылы Н. Таиров Иревандын аймагында чакан винзавод курду, ал 1887-жыл ректификацилоочу механикалык атайын аспап сатып алып, алгачкы өркүндөтүлгөн завод катары катталды. Бул заводдо вино, арак жана коньяк чыгарылчу. Н.Таировдун заводу 1890-жылы – 167 886 градус спирт кууп чыкты (выкурил)[2].

Өз кезегинде, вино ачытуу эки тармакка бөлүнүчү: жөнөкөй вино ачытуу жана коньяк өндүрүшү болуп. Биринчисинде, вино жасоодон калган калдыгынан спирт кубаланып чыгарылчы, көбүнчө кубалнуучу кубдар аркылуу. Изилдөөгө алган мезгилдин акырында ири винозаводчулар өрүндөтүлгөн конструкциядагы кубалап чыгаруу аппараттарын сатып алышкан. Коньяк өндүрүүчүлөр аны жалаӊ гана өркүндөтүлгөн аппараттарда чыгарышчу[3].

Белгилей кетишибиз керек, өндүрүлгон вино толук көлөмдө өз кардарын тапчу эмес. Өндүрүштүн бул түрүндө өндүрүлгөн товар талап-суралтан жогору болгон. Бул, өз кезегинде, винонун баасынын ички рынокто төмөндөшүнө алып келген. Арак менен коньяк чыгаруу өндүрүшү туруктуу болгон.

1893-жылы Иреванда Африковдун, Гёзаловдун, а

[1] Туманян О.Е. Экономическое развитие Армении, ч.1 Ереван, 1954, с. 190.
[2] Обзор фабрик и заводов Закавказского края. Тифлис, 1894 г., с. 169.
[3] РГИА, ф. 1284, оп. 194, д. 15, л.16 об.

1894-жылы Сараджевдин коньяк заводдору пайда болгон.

1893-жылы жана 1894-жылы коньяк өндүрүү Иреван калаасында заводдор ортосунда (градусуна жараша) төмөндөгүдөй болгон:[1]

| **Заводдор** | **1893-ж.** | **1894-ж.** |
|---|---|---|
| Африковдуку | 115 749 | 84 811 |
| Сараджевдики | - | 156 439 |
| Гёзаловдуку | 31977 | 202 283 |

Иревандагы коньяк өндүрүү боюнча пикир жаратарлык маалыматтар тындай (градусу боюнча):[2]

| | |
|---|---|
| 1914-жылдын 1-январына калган коньяк спиртинин көлөмү | 9 125 |
| 1914-жылы заводдон чыккан көлөмү | 115 255 |
| **Бардыгы:** | **124 470** |

| | |
|---|---|
| 1915-жылдын 1-январында калганы | 106 332 |
| спирттин сарпалышы | 18 138 |
| **анын ичинде**: жергиликтүүлөргө сатылганы | 13 510 |
| чет жактарга чыгарылганы | 613 |
| сакталганы | 4 015 |

Көргөнүбүздөй, Иреванда спиртке болгон талап анча деле жогору болгон эмес. Белгилүүсү, 1914-жылы Иреван губеринясында жалпы 15 коньяк чыгарган заводдору иштеп, алар 6 820 645[3] градус чыгарышкан. Демек, Иреванда өндүрулгөн коньяк көлөмү губернияда чыгарылган коньяктын 2% гана түзөт.

[1] Акопян Т.Х. Очерк истории Еревана. Ереван, 1977, с. 218.
[2] РГИА, ф. 575, оп.3, д.4957, лл.147 об. -148.
[3] Там же, л. 147 об.

Эң чоң көлөмдө арак-шарап чыгарган өндүрүш барон Шустовдун аты менен байланыштуу, анын Варшава, Самарканд, Кишенев жана башка шаарларда да заводдору болгон- 1899-жылы Шустовдор Таировдун заводун сатып алышып, спирт ичимдиктерин өндүрө баштаган. Алар бочкаларды жасай турган ишкана да ачышып, вино сакталуучу жертөлө да курушкан. 1902-жылы Иреван калаасында иштеген барон Шустовдун коньяк заводунда 13 жумушчу эмгектенген[1].

1907-жылы Шустовдор ири механизауиялашкан коньяк жана арак заводдорун жана гидроэлектр станциясын курушат. Электр энергиясын алар спирт кубалаш үчун колдонушкан. 1913-жылы «Шустов жана балдары» өндүрүш компаниясында, Иреван калаасында 80 жумушчу эмгектенген. 1914-жылы Иреван губерниясында өндүрүлгөн коньяктын 50% Ирevandагы барон Шустовдун заводу чыгарган.

XX кылымдын башында дагы бир коньяк заводу ишке берилген, ал Согомонянга таандык болгон. 1914-жылы губерниядагы бардык заводдордо өндүрүлгөн 6 820 000 градус коньяк спиртинин, 4 026 588 градусу (60% жакыны) Иреван калаасындагы беш коньяк заводунан чыгарылган[2].

Тилекке каршы, Иревандагы өнөр-жай ишканаларына байланыштуу табылган маалыматтар, изилдөөгө алган мезгилдеги өндүрүштүн өсүү динамикасын аныктоого негиз боло албайт. Бул багытта табылган маалыматтар чар жайыт, салыштырып кароого жана теңештирүүгө жарабайт. Ошондой болсо да, жалпы маалымат алуу үчүн, төмөндөгү таблицада, 1896-1900-жылдары Иреван калаасындагы өнөр-жай ишканаларынын саны, алардын чыгарган продукцияларынын көлөмү, жумушчуларынын саны көрсөтүлдү[3].

---

[1] РГИА, ф.1284, оп. 194, д.15, л.29.

[2] Акопян Т.Х. Укз. работа, сс. 218-219.

[3] Обзор Эриванской губернии за 1896 г. Эриван, сс.19-20; Обзор Эриванской губернии за 1900 г. Эриван, сс. 22-23.

| Өндүрүш тармактары | Ишканалардын саны | | Өндүрүлгөн көлөмү | | Жумушчулардын саны | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | жылдар | | жылдар | | жылдар | |
| | **1896** | **1900** | **1896** | **1900** | **1896** | **1900** |
| Май чыгаруу | 2 | 2 | 400 | 700 | 4 | 4 |
| Самын кайнатуу | 2 | 1 | 600 | 1200 | 5 | 3 |
| Булгаары иштетүү | 18 | 18 | 6700 | 7500 | 65 | 57 |
| Жүзүм-жемиш-арак чыг. | 61 | 12 | 22200 | 20000 | 127 | 40 |
| Спирт тазалоочу | 2 | 2 | 96000 | 98000 | 40 | 35 |
| Пиво кайнатуу | 2 | 2 | 8170 | 15000 | 87 | 13 |
| Ун тартуу | 9 | 17 | 5700 | 29000 | 27 | 27 |
| Күрүч тазалоо | 8 | 8 | 11760 | 17250 | 32 | 25 |
| Кыш куюу | 5 | 5 | 635 | 800 | 32 | 29 |
| Карапа жасоо | 3 | 4 | 2500 | 700 | 16 | 9 |
| Акиташ чыгаруу | 4 | 5 | 3220 | 4000 | 18 | 25 |
| Боёкчулук | 10 | 7 | 710 | 560 | 18 | 14 |
| Жасалма минерал.суу чыг. | 3 | 4 | 2790 | 6000 | 11 | 15 |
| Каучук штепелдерин чыг. | - | 1 | - | 1800 | - | 1 |
| **Бардыгы:** | **125** | **88** | **161385** | **202510** | **403** | **297** |

Таблицада корсотулгөн өндүрүш тармактарынан май чыгаруу, самын кайнатуу, булгаары иштетүү, ун тартуу, жана курулуш материалдарын чыгаруу мавйда соода ишка-

наларынын катарында калган эле.

Таблицада келтирилген көрсөткүчтөр күбөлөндүрүп тургандай, XIX жана XX кылымдар айкашында өндүрүштөрдүн саны азайганы (129 дан 88ге) менен, өндүрүлгөн кирешенин көбөйүшү (161 385 рублдан 202 510 рублга) байкалат. Ошентип, көрсөтүлгөн мезгилде, өндүрүштү борбордоштуруу процесси жүрүп, капиталдын бир колго топтолушу болгон. Таблицада көрсөтүлгөн маалыматтардан, бул процесстер, өзгөчө, спирт ичимдиктерин чыгарган өндүрүштөрдө анык байкалат. Ачыгын айтканда, XX кылымдын башында алар аябагандай тездик менен өзгөргөн экен. Архивдик документтер тастыктагандай, 1914-жылы Иреван калаасында 14 жүзүмдөн вино чыгаруу заводу, 4 спирт тазалоочу завод, 150 жумушчусу менен жана чыгарылган продукциясынын көлөмү 601 миң рубль болгон, ошондой эле, 1 пиво кайнатуучу мекеме 20 жумушчусу менен, жана өндүрүлгөн көлөмү 36 миң рублди түзгөнүн көрөбүз. Спирт чыгарган заводдор акциз мыйзамына (1887-жылдын 15-июнундагы мыйзам) ылайык эки разрядга бөлүнгөн экен: «өндүрүштүк» жана «бак өстүрүүчүлүк», же өнүкпөгөн завод делип. Айта кетишибиз керек, арак чыгаруу, көбүнесе, «бак өстүрүүчүлүк» заводунда ишетилген, себеби мыйзам боюнча аларга жеңилдиктер берилген. Демейде, бай көпөстөр жүзүмзарларды сатып алышып, бак өстүрүүчүлөргө айланып, мыйзамда көрсөтүлгөн жеңилдиктерге ылайык эч кандай чектөосүз көлөмдө арак чыгарыша берген. Бул өндүрүшчү-соодагер көпөстөр майда барат жүзүм бактарын дагы сатып алышчы. Мындай бак өстүрүүчү-соодагерлер арактын рынокту толтуруп, сатыш үчүн гана чыгарышчы[1]. 1904-жылдагы маалыматта Иреван калаасында вино чыгарган, бак өстүрүүчүлүк соода өндүрүшү менен 40 адам

[1] Туманян О.Е. Экономическое развитие Армении, ч.1, Ереван, 1954, сс.192-193.

шугулданган[1].

Өнөр жай ишканаларын ирилештирүү кыш чыгаруу өндүрүшүндө да байкалат. Ошентип, 1914-жылы Иреван калаасында 4 кыш куйган заводдо 20 жумушчу иштеп, тапкан кирешеси 4 миң рубль болгон[2].

Дагы бир, Иревандагы өндүрүштүн маанилүү тармагы пахта тазалоочу завод болгон. Эң алгачкы пахта тазалоочу машине Иреван губерниясына XIX кылымдын 60-жылдарында Кавказ айыл чарба коому тарабынан жөнөтүлгөн. 1888-жылдан баштап, москвалык даярдоо фирмалары Иреван губерниясындагы пахта тазалоону уюштурган. Көрсөтүлгөн жылы Иреван уездинде – 60, Эчмиадзин уездинде – 70 пахта тазалоочу жабдуу иштеген[3].

Иревандагы эң чоң пахта тазалоочу завод, түркиялык көпөс Сейлан-оглына таандак болгон. Анда күнүнө 1 000 пуд пахтаны тазалоого болот эле. Пахта тазалоочу заводдо пахтаны тазалап эле тим болбостон, аны тюктарга пресстешчү, ташыганга ыңгайлуу болсун үчүн.

1887-жылы эле, падышалык өкмөт, пахта айдаган райондордо үлгүлүү тажрийба станциясын ачуу пайдалуу экенин моюндаган. Мындай станцияны Иреванда куруу чечими кабыл алынган. Калаада бул максатка ылайыктуу 16 дестен (ондуктан) турган жер тилкеси бар болучу. Бирок, сугат маселеси чечилбегендиктен, бул жер тилкесинен баш тартууга мажбур болушкан. Тажырийба станциясы үчүн Иреван багынан 2 десятин жер тилкесин бөлүп беришкен, бул жердин жалпы аянты 8 дес келет. Тажрийба түрүндө үрөн себилген. Ишти алып баруу Таратынов деген агрономго тапшырылды, ал Америкада пахтанын кандай өсүшүн изилдеп келген.

Иревандын пахтасы Москвага эле жөнөтүлбөстөн,

[1] РГИА, ф. 1290, оп. 5, д. 216, л. 3 об.
[2] РГИА, ф. 1284, оп.194, д. 15, л. 29.
[3] Туманян О.Е. Указ. работа, с.194.

Лодзьга да жиберилди (40% кем эмеси)[1].

Ирevandагы эки транспорт компания: «Орусия коому» жана «Надежда» пахта ташуу менен эмгектеништи. Транспорт компаниясынан Акстафга чейин пахтаны өгүздөр, аттар, төөлөргө жүктөп, Иреван даңгыр жолунда, кербен кылып чубатып темир жол станциясына жеткиришип, кайтканда керосин жүктөп келишээр эле. Ар бир фургонго төрттөн ат чегилип, 1.5 тонна пахта жүктөлчү, ал эми, арабага экиден өгүз тартылып – болжол менен 960 кг, ар бир төөгө 250 кг пахта жүктөлчү. Иревандан Акстафга чейинки (175 чакырым) аралыкты фургондор 6 суткада, төөлөр 8 суткада, ал эми, арабалар 12 суткада жетишчи. Бир пуд (16 кг) жүктү жеткирүүгө 30-40 тыйын сарпталчы[2].

1902-жылдагы маалыматта Иреван калаасында, пахта тазалоочу ишканада 7 жумушчу ишегени[3] белгилүү.

1914-жылдагы архивдик документте, Иреван калаасында жылдык кирешеси 12 миң рубль, жумушчуларынын саны 40 адам болгон 3 слердык-механикалык ишкана көрсөтүлгөн[4]. Мастерскойлор калаадагы вино заводдорун тейлешчи жана шаардыктардын металл буюмдарга болгон муктаждыктарын чечишчү.

XX кылымдын башында өнөр жайынын өнүгүшү менен энергосактоо маселеси өзгөчө актуалдуу орунга чыгат. 1907-жылы ирevandыктардын бир өтө бай адамы Гаджи Ибрагим оглу Заңги дарыясына гидроэлектростанция куруу маселесин көтөрдү.1909-жылы «Кооперация» компаниясынын атынан инженер Халил бек Гасымбеков шаардык башкармалыкка гидроэлектростанция куруу сунушу менен кайрылды. Бирок. Ал мезгилде бул пректи ишке ашыруу

[1] Обзор фабрик и заводов Закавказского края. Сост. Гулишамбаров. Ст. Тифлис, 1894, сс.274-282.
[2] Пагирёв Д.Д. Эриванский сборник, вып.1, Эривань, 1892, с.103.
[3] РГИА, ф. 22, оп. 2, д. 2928, лл.1-7.
[4] РГИА, ф. 1284, оп.194, д. 15, л.29.

мүмкүн болбоду.

XX кылымдын башында Гырхбулак дарыясынан Иреванга узундугу 19 км болгон суу түтүктөрү тартылды. Бул водопроводду тартып келүүдө Аббасгулу хан Иревандык чоң кызмат өтөдү[1].

Ошентип, изилденген мезгил аралыгында Иреванда өнөр-жай өнүгүшүнүн бардык баскычтары болгон: кустардык-устачылык, мануфактуралык жана фабрика-заводдук. Мануфактуралык баскычка ун тарткан тегирмен өндүрүшү менен күрүч тазалаган ишканалар кирген. Баарынан маанилүүрөк өнүгүүгө спирт өндүргөндөр, механикалык ишканалар менен пахта тазалаган заводдор жетишкен. Бирок, бул тармактагы өндүрүштөрдө деле, завод-фабрика баскычындагы, жетишээрлик көлөмү бар мезанизацияланган өндүрүш ишканалары менен катар, майда мануфактуралык, ал тургай кустардык-устаканалар дагы болгон. Мисалы, спирт ичимдиктерин чыгарган ири заводдор менен катар, майда, бак ээлөөчүлө рдүн ишканалары дагы болгон.

Ошону менен бирге, изилденүүгө алынган мезгил аралыгында, өзгөчө XIX кылымдын акырында – XX кылымда өнөр жай ишканаларынын ирилешүүсү жана өркүндөшү байкалат.

Эгер Иревандагы 125 ишканада 1886-жылы 403 жумушчу иштеген болсо, 1908-жылы 61 өнөр-жай ишканаларында – 482 жумушчу, ал эми, 1913-жылы калаадагы ишканаларда эмгектенгендердин саны 800 адамга жеткен[2]. Эгерде 1887-жылы Иревандагы ишканалардын продукциясынын дүң баасы 74 279 рубль болсо, а 1908-жылы 724 600 рубль, ал эми, 1913-жылы бул көрсөткүч 3 млн. рублга жеткен[3].

Жергиликтүү сырье ресурстарынын өсүшү менен, ка-

[1] Nazim Mustafa. İrəvan şəhəri.B., 2020, сс. 27-28; Акопян Тадевос. Очерк истории Еревана. Ереван, 1977, сс.269-273.
[2] Акопян Т.Х. Указ. работа, с 226.
[3] Там же.

питалдын чогулушу, жолдордун курулушу, өзгөчө темир жолунун курулушу ж.б. факторлор калаада капиталисттик өнүрүш ишканаларынын көбөйүшүнө өбөлгө түзгөн.

Бирок, айта кетишибиз керек, Түндүк Азербайжанга мүнөздүү болгон өнөр-жай ишканаларын XIX кылымдын акырында – XX кылымдын башында Ереванда монополдоштуруу процесси солгун жүргөн.

## 3.2. Соода

Белгилүү болгондой, Россия империясы Иреван хандыгын басып алагандан кийин, киреше табуунун жаңы рыногуна кирүү мүмкүнчүлүгүнө жана чийки заттардын бай булагына ээ болду. Иревандын жаратылыш байлыктарын өздөштүрүү үчүн империя, эң алды, өзүнүн башкаруу системасын киргизүү менен катар, жергиликтүү ресурстарды чыгарып кетүү жолдорун мыйзамдаштырды. Россиянын башкаруу бийлигинде отургандар Түштүк Кавказды чийки зат базасы жана орус өнөр-жай продукцияларын сата турган рынок катары карашып, бул багытта активдүү иш жүргүзө башташты. Ушул позицияда финансы министри Каркиндин 1827-жылдын октябрындагы «Эриван провинциясын кошуп алууга байланыштуу финансы министрлиги тарабынан көрүлгөн чаралар» деген отчетунда орус чиновниктерин жаңы кошулуп алынган областка жиберүүнүн максаты – жалпы бийлик жүргүзүү системасын аныкташ үчүн жергиликтүүлөр менен алдын ала иш жүргүзүү экенин тастыктаган[1].

Иреван хандыгын басып алган күнү Орус армиясынын башкы командачысы Паскевич өзү жазган «Жалпы эреженин» негизинде бардык жарандык иштерди жүргүзүү макса-

[1] Рожкова М.К. Экономическая политика царскогоправительства на Среднем Востоке во второй четвыерти XIX века и русская буржуазия., Москва: изд. Академии наук СССР, 1949, – 392 с.\ с.94.

тында Эриван областын убактылуу башкаруу Башкармалыгын түздү. Айтылган «Эреже» 19 беренеден туруп, бул Башкармалык, башка иштер менен катар экономикалык маселелерди да колго алып, анын ичинде соода мамилелерин калыптандырып, Грузиядан Абаран жана Дилижанс капчыгайлары аркылуу каттаган жолдорду калыбына келтирүү болгон. Анын үстүнө, Башкармалык орус аскерлери тарабынан Иреван менен Сардарабадды басып алганда колго тийген чыт кездемелердин пайдалуу сатылышын камсыздап, ошондой эле, ушул продукциянын өндүрүлүшүнө жана сатылышына камкордук көрүшү керек эле[1].

1827-жылдын декабрында, императордун тапшырмасына ылайык, Генералдык штабдын башчысы, тышкы иштер, ички иштер жана финансы министрликтери менен биргеликте орус армиясы багындырган Иреван жана башка территорияларды башкаруунун жаңы долбоорун иштеп чыгуу керек эле. Иреван областын башкаруу долбоорунда соода байланыштары менен өндүрүш тармактарына көмөк көрсөтүү, ошону менен бирге, пахта тазалоо ишин жакшыртууга көңүл бөлүп, дан азыктары, мал чарбачылыгы, жибек куртун багуу, багбанчылык боюнча маалымат жыйнап, жана, негизинен, соода-сатык, фабрикалар менен өнөр-жайын калыбына келтирүү каралган. Маалымат жыйноо жеңил болушу үчүн Башкармалык хандардын, бектердин кирешеси жазылган, жана башка документтерди табууга аракеттенип, транзиттик соода туурасында, бажы салыктары, бажы системасынын уюшулушу, өзгөчө, бажы пункттарынын жана чек ара постторунун жайгашкан ордулары, рахтардык салык тууралуу маалыматтарды финансы министрлигине тапшыруу каралган[2].

---

[1] Общие правила, начертанные генералом Паскевичем для управления Эриванской областью, от 6 октября 1827 года. Эривань//Акты, собранные кавказскою археографическою комиссией. т. VII, Тифлис, 1878. док. № 432, сс.480-481.

[2] Отношение гр. Дибича к генералу Паскевичу, от 15-го декабря 1827

1831-жылдын 3-июнунда император эки Жобону бир бекитти: «Түштүк Кавказ крайындагы бажы башкармалыгы жөнүндө Жобо»[1] жана «Түштүк Кавказ крайында соода жана бажы кызматтарын калыптандыруу жөнүндө Жобо»[2]. Биринчи Жобонун негизинде Түштүк Кавказ Бажы округу түзүлүп, Граджар жана Осмонг мамлекеттери менен чектешкен жерлерге Агоглан, Нахчыван жана Иреван бажы пункттарын жайгаштырып, о.э. Тифлис менен Бакуда «амбардык бажы» уюушулду. Армян областы аркылуу өткөн кургак жерлерге: Мехри (мигри), Ордубад, Джульфа, Аббасабад, Шахтахты, Гараоглан, Багиджувазлы жана Гюмрюда заставалар орнотулду[3].

Экинчи «Жобо», чынында, 1821-жылдын 8-октябрындагы падышанын указынын 10 жылдык мөөнөтү толгондуктан кабылданды. Бул «Жободо» карайдагы бажы кызматы жана сооданы кайра куруу башталганы, бир жагынан, жаңы жобого ылайык, жергиликтүү мануфактуралык өндүрүштүн кызыкчылыгы, экинчиден, тышкы соодага болгон талаптарды, колдон келишинче жөнөкөйлөтүү каралган[4].

---

года. № 2417//Акты, собранные кавказскою археографическою комиссией. т. VII, док. № 436, сс.482-484.

[1] Высочайще утвержденное положение о Таможенном управлении вЗакавказском крае//Полное собрание законов Российской империи. Собрание 2-е, т.VI, 1831, отд. 1-ое. СПб.: типография 2-й отделении собственной его императорского величества канцелярии, 1832, № 4621, сс.432-435/ с.432.

[2] Высочайще утвержденное положение о Таможенном управлении в Закавказском крае//Полное собрание законов Российской империи. Собрание 2-е, т.VI, 1831, отд. 1-ое. СПб.: типография 2-й отделении собственной его императорского величества канцелярии, 1832, № 4622, сс.435-449.

[3] Отношение гр. Паскевича к гр. Канкрину, от 5- октября 1830 г. № 342, // Акты, собранные кавказскою архиографическою комиссией, т. VII, док. 108, сс.136-141.

[4] Высочайще утвержденное положение об устройстве торговых и таможенных дел в Закавказском крае//Полное собрание законов Россий-

Бул «Жобо» менен 1832-жылдын 1-январынан тарта крайда соодагерлерге берилген жеңилдиктер алынып ташталган[1]. Ошол эле мезгилде, азия товарларына каралган 5% бажы тарифи сакталып калган, европа товарлары Кара Деңиздеги порттор аркылуу гана кирүүгө тийиш болуп, аныкталган шарттарда; ошону менен бирге, европалык тарифтер боюнча алынып, анан да, орус өндүрүшчүлөрүнүн кызыкчылыгына каршы келген товарларды киргизүүгө тыюу салынып, чет элдик товарларды Түштүк Кавказ аркылуу Орусияга кирүүсүнө бөгөт коюлуп; орустардын товарларын жана Түштүк Кавказда өндүрүлгөн товарларды чет өлкөлөргө пошлинасыз чыгаруу каралган[2]. 1821-жылдагы соода-сатык тууралуу мыйзам «жеңилдетилген бажы тарифи» деп аталса, 1831-жылдагы жаңы «Жобо» айтып тургандай «бажы тарифтериндеги жеңилдиктерди кыскартуунун» башталышы болгон.

1831-жылдын 3 июлунда кабыл алынган Жободогу бажыга байланышкан беренелердин иштөө мөөнөтү, крайда соода жана бажы кызматтары падышаны 1836-жылдын 2 январындагы указы 1937-жылдын 1-январына чейин узартылган, б.а. дагы бир жылга бекитилген[3], аларга ылайык, Түштүк Кавказ бажы башкармалыгынын жаңы штаттык ти-

ской империи. Собрание 2-е. т. VI. 1831. Отделение первое. СПб.: Типография 2-й отделении собственной его императорского величества канцелярии, 1832, № 4622, сс.435-449.

[1] Отношение кн. Воронцова к кн. Чернышеву, от 31 августа 1846 года, № 725. – Кисловодск//Акты, собранные кавказскою археографическою комиссией. том Х. – Тифлис: Типография Канцелярии Главноначальствующего граждансою частью Кавказа, 1885, док. № 187, сс.181-187/с.186.

[2] Там же.

[3] О продолжении действия постановлений по таможенной части Закавказском крае, пл 1 января 1837 года//Полное собрание зхаконов Российской империи. Собрание 2-е. т. XI. Отд. 1-е, 1836., СПб.: Типография 2-е отделении собственной его императорского величества канцелярии. 1837, № 8739, с.1.

зими таянып, Ирeван бажыканасы жоюлган.

XIX кылымдын 40-жылдары соода-сатык тууралуу мыйзам кайрадан күн тартибине коюлду. Түштүк Кавказ аркылуу келип турган товалар токтошу сооданын солгундашына апкелгенинен чоочулаган Кавказ наместниги Воронцов, европа товарларын пошлинасыз аып кирүүгө байланышкан бир катар сунуштары менен чыкты. Жергиликтүү бийлик өкүлдөрү, өзгөчө наместник Воронцов, жеңилдетилген бажы укугун калыптандырууга жан үрөштү. Бирок, алар канча аракети кылганына карабай, мурдагы пошлиналык укуктарды калыбына келтире алышпады. Бул маселе боюнча Воронцов Головиндин өзүнө кайрылып, сооданы калыптандыруу боюнча бир катар сунуштарын ага берди[1]. Өзүнүн Кавказ комитетине жиберген катында, финансы министри макулдугун билдирип, Кавказ наместнигинин сунушунда айтылган Гаджар мамлекетинен Түштүккавказ таможнясына чейин транспорттук унаада келбеген товарларга бажы салыгынын үстүнө дагы 50% штраф салуу сунушун колдогон. Наместниктин бул сунушу министрлик тарабынан жана падышанын өзүнөн да колдоого алынган соң, ал жаңы мыйзамдан да орун алмак[2]. Наместник Воронцовдун 1846-жылдын 31-августунда Чернышёвго жазган катында, финансы министрине Тифлистен чыккандан баштап: Гори, Гасанбейли, Дилижан жана Иреван бажы постторун ачуу боюнча маалымат берилгенин жазган[3]. Акыры, наместниктин

---

[1] Отношение гр. Воронцова к ген. Головину, от 31 марта 1842 года, IX № 182//Акты, собранные кавказскою ариографическою комиссией, т. IX. Тифлис: типография Канцелярии Главноначальствующего гражданскою частью Кавказа. Док. 67, с. 61.

[2] О штрафе за неоказавшиеся товары, привозимые с Персидской границы//журнал мануфактур и торговли. Часть IV, кн.1. – Октябрь – 1849. № 10, с. 1.

[3] Отношение кн. Воронцова к кн. Чернышёву, от 31 августа 1846 года, № 725, – Кисловодск//Акты, собранные кавказскою археологическою комиссией, т. X. – Тифлис: типография Канцелярии Главноначальь-

демилгеси 1846-жылдын 14-декабрындагы «Закавказ крайындагы соода иштерине женилдик берүү» деген указ менен бекитилип, ишке ашкан[1]. Указга ылайык, беш жылдык мөөнөт менен, 1847-жылдан баштап орусия пахтасынан токулган кездемелерге, Керчиден Редуттал менен Сухумгалага алынып келинсе, анда чет жакадан келген кездемелерге салынган салыктын 50% гана алынчы. Бекитилген эрежелер боюнча, европадан келген товарлар Редуттал менен Сухумгаладан транзит болуп алынып келинсе, салык төлөнгөн эмес. Бул указ ишке 18948-жылы гана кирген[2].

1850-жылдын 26-январында кабыл алынып, 1851-жылдын 1-январынан күчүнө кирген жаңы указ боюнча транзиттик соода шарттары жеңилдетилген[3]. Бул мыйзам бажы төлөмдөрүн азайткандыгына жана мурда уруксат берилбеген товарларды алып кирүүго уруксат берилгендигине байланыштуу, ал кандайдыр бир деңгээлде жергиликтүү элдин дагы муктаждыктарын канааттандырган[4].

1865-жылдын 25-мартынан тарта европа товарларын

---

ствующего гражданскою частью Кавказа, 1885, док. № 187. – сс. 181-187/ с.183.

[1] Об облегчениях Закавказского края в торговле// Полное собрание законов Российской империи. Собрание 2-е. Том X, отделение 2-е, 1846, -СПб.: типогрфия 2-й отделении собственной его величестватканцелярии, 1847. № 20699. – сс. 642-646/с. 644; о ходе пограничной торговли Закавказского края в 1847 году// Закавказский вестник, 19 февраля 1848 года, № 8.

[2] Тихоцкий Е.А. Закавказский транзит и наша с ним конкуренция по торговле с Персией в 1862-81 гг. –Киев: Типография С.В.Кульженко, 1883. – 37 с./с. 9.

[3] О мерах обеспечения транзита Европейских товаров через Закавказский край в Персию//Полное собрание законов Российской империи. Собрание 2-е, том XXV. Отд. 1-е. 1850. –СПб.: Типография 2-й отделения собственной е.и.в. канцелярии.1851. № 23878, сс.90-91.

[4] Статистическое описание губерний и областей Российской империи. Том.XVI. Кавказский край. Часть 5. –СПб.: Типография Департамента Генерального штаба. 1858. 334с./с.112.

Түштүк Кавказ аркылуу Гаджар мамлекетине жеткирүү жана ал жактагы товарларды ташып келүү «Орус пароаходствосу жана соода» компаниясы менен «Надежда»[1] («Надежда» компаниясынын кеңсеси Ireванда жайгашкан[2]). 1868-жылы өзгөчө Бажы Башкармалыгы уюшулгандан кийин, транзиттик товарлардын кыймылын тездетүүгө карата токтомдордун кабыл алынышы тездеди[3]. 1877-жылы кабыл алынган мыйзам, транзитке байланышкан эрежелердин бир тобуна өзгөртүү киргизди[4].

«Закавказ крайындагы соода иштерин уюштуруу жана бажы төлөмдөрү боюнча Жобо» зандыктардан бери келаткан чыгым-төлөмдөрдүн көлөмүн өзгөрткөн жок. Бул маселеде чечим кабыл алуу Кавказдагы жетекчилерге берилген. Кавказ жетекчилиги Ермоловдон бери Түштүк Кавказда рахдарды жоюу маселесин көтөрбөй келген. Ермоловдун 1824-жылдагы Жобосунун 6- беренесинде көрсөтүлгөндөй, рахдар, откупка (салыктарды өндүрүүнү жекелер сатып алып иштешкен) берилгени менен казынага кыйла киреше киргизгендиктен, кийинки чечимге чейин сакталып калышы керек[5], – деген.

---

[1] Контора С.-Петербургской компании под. фирм. «Надежда»//Кавказский календарь на 1866 год. Тифлис: Типография Главной Управлении наместника Кавказского, 1865. Отел II, с. 112.

[2] Эксельбирт М. Краткий обзор трангзитных операций Персии с Европою в 1863 году//Кавказ. 6/18 февраля 1866 г., № 11

[3] Эксельбирт М. О промышленной и торговой деятельности Закавказского края//Кавказский календарь на 1869 год. Тифлис: Типография главного управления наместника Кавказского, 1868, Литературный отдел, сс. 37-54/ сс. 53-54.

[4] Об изменении Правил о транзите, через Закавказский край, Европейских товаров в Персию и Турцию и Азиатских из Персии и Турции в Европу//полное собрание законов Российской империи. Собрание 20-е. том LII. Отлеление 1-е. 1877. – СПб.: Типография 2-й отделении собственной его императорского величества канцелярии, 1879. № 56796. – с.1-7.

[5] Отношение генерала Ермолова к ген. Канкрину, от 31 августа 1824

Жобо бекитилгенден кийин финансы министри Канкрин өзүнүн колдонмосунда, «рахдар» деп аталган ички соода пошлиналарын жок кылуу, талапка ылайык, – деп, басым жасаган[1]. Бул борбордук бийликтин, өнүгүүгө жолтоо болгон, ушуга окшогон тоскоолдуктарын жоюуга карата аракетин көрсөтөт.

Бирок, крайды башкарган Розен бул «Жобонун» ишке ашышына, ошондой эле, «рахдарды» жок кылууга да тоскоолдуктарды жаратып келген[2]. Рахдарды сактап калуунун ашынган тарапташы катары, Розен 1832-жылдын январында рахдарды жойгону үчүн Ирevандын бажысына катуу эскертүү берип, аны кайрадан калыбына келтирүүсүн талап кылган[3]. Бал боюнча Розен финансы министрлигинин колдоосун алууга да үлгүргөн[4]. Мамлекеттик Кеңештин жыйындарын каттаган 1836- жылдагы журналдардын биринде, Түштүк Кавказда товарлардан кош салык алуу – рахдардык жана бажы салыгын, сакталып калышы тууралуу жазуу бар[5].

---

года, № 97. – Кр. Нальчик// Акты, собранные кавказскою археологическою комиссией, т. V. – Тифлис: Типография Главного управления наместника Кавказского, 1873, док. № 286, с.232.

[1] Записка ген.-адъютанта Сипягина о. с.с. Сальватори и н.с. Хрипкове, командированных в Закавказский край. – Представлена гр. Паскевичу при Рапторе, от 19-го сентября 1828 года, № 4098// Акты, собранные кавказскою археографическою комиссиею. Т.VII. Тифлис: Типография Главного Управления наместника Кавказского, 1878. Док. № 105, сс. 125-126.

[2] Рожкова М.К. Экономическая политика царского правительства на Срекднем Востоке во второй четверти XIX века и русская буржуазия./М.-Л. 1949. С. 98.

[3] Там же.

[4] Выписка из записки Канкрина, внесенной в Государственный Совет 20-го марта 1836 года, № 3845//Акты, собранные кавказскою аргеографическою комиссиею. Том. VIII, док 97. с.172.

[5] Выписка из журнала Государственного Совета 11-мая 1836 года по делу о предположениях на счет коммерческих сношений России с Азиею во-

Ирevандын соода түйүндөрүндө ар кандай акча түрлөрү колдонулар эле. Бул жерде орус империалы – 10 күмүш рублга тете болучу;голланд червонеци – 16 грузин аббасисине же гаджарлардын 8 миналтынына; гаджарлардын түмөнү – грузин 2- аббасисине; даруль-ли-ахваси – орустун 1 рубли 34 күмүш тыйынына; махмудиййенин номиналы 4, 2 жана 3 – 1 күмүш рублга; рупий – 50 күмүш тыйынга, башкасы – 30 тыйынга, орус рубли – грузиндерилдин 5 аббасисине же 2.5 гаджар миналтынына; грузиндердин аббасиси – ½ гаджар миналтынына же гаджарлардын 10 шахисине; гарабахдын панабады – 1 грузин аббасисине; гаджарлардын сахибгыраны – 2 грузин аббасисине; осмондордун 1гурушу = 2 грузин аббасисине же 6 жез тыйынына. Мындан тышкары, айлантууда күмүш 10 тыйындыктар, пара (7 пара = 6 жез тыйын), ошондой эле хандыктардан калган жез тыйындар – гара пул (4 гара пул = 6 коп.)[1]. Грузиндердин аббасиси орустун 20 күмүш тыйынына барабар болгон[2].

«Закавказ крайында соода жана бажы иштерин уюштуруу боюнча Жобо» го ылайык, Кара Деңиз порттору аркылуу Түштүк Кавказга червонецтерди, талерди жана 5 франк гана алып кирүүгө уруксат эле. Европанын башка акчаларын алып кирүүгө тыюу салынган. Түштүк Кавказ бажыканаларында пошлинаны орустун алтын жана күмүш акчалары, же червонец менен гана төлөө каралган. 1 күмүш рублди 1 руб. деп кабылдашып, жарым империал – 5 руб, ал

---

обще и о Закавказской орговле нашей в особенности//Акты, собранные кавказскою археографическою комиссиею. Т. VIII, док. 98. с.177.

[1] Зубарев Д. Эриванская провинция//Обозрение Российских владений за Кавказом в стратегическом, этнографическом, топографическом и фоинансовом отношениях. Часть 4. – СПб.: Типография департамента внешней торговли. 1836. – сс. 252-3--/с.287.

[2] Зубов П. Картина Кавказского корая, принадлежащего России и сопредельных оному земель. Часть первая. СПб.: Типография Конрада Вингебера, 1834, с. 270/ с.225.

червонец болсо – 2 руб 80 тыйын болгон. Финансы министрлигине стабилдүү, туруктуу деп эсептелген европа жана гаджарлардын акчаларын колдонууга уруксат берилген. Ассигнациялар Тифлис калаасында гана, бир жылга белгиленген бажы курсу боюнча колдонулчу[1].

Сенаторлор Кутайсов менен Мечниковдун императорго берилген отчетунда, Түштүк Кавказдын башка шаарларындай эле Ireванда дагы Побирка палаткасын уюштуруп, калк ичинде азиаттар колдонгон акчаны орус акчаларына ушул палаткаларда алмаштыруу сунушталган. Мындай палаткалар бир жыл иштегенден кийин Тифлистен башка шаарларды алардын итши токтотулган. Бирок финансы министринин тигил же бул сунуштарга карата пикири бир кылка болгон эмес. Ал мындай палатканы Тифлис калаасында эле уюштурууну колдоп, оордуна Тифлистеги акча чыгарган ишкананы жоюну сунуштаган[2]. Ошондой эле болду. 1832-жылдын 1-июнунда Тифлис тьыйын заводу жабылды, 1835-жылдын 14 августунда Тифлис пробирка палаткасы ачылды. 1837-жылдагы маалыматта Тифлис пробирка палаткасы Иреванда колдонулган сахибгыран акча бирдигин 30 миң орус күмүш рублинин көлөмүндө, панабадды – 20 миң күмүш рублинин, гази менен ярымгазини 60 миң рубль көлөмүндө, грузиндердин икиаббасисин – 10 миң рубю жана аббасисин – 10 миң рубль көлөмдө айлантуудан чогултуп алды. Белгиленген мезгилде 1 сахибгырандын курсу 1:35 күмүш тыйын, панабад – 17½ тыйын, гази – 1

[1] Высочайше утвержденное положение об устройстве торговых и таможенных дел в закавказском крае//Поллное собрание законов Российской империи. Собрание 2-е, том VI. 1831. Отделение первое. СПб.: Типография 2-й отделении собственной его императорского величества канцелярии, 1831, № 4622, сс.435-449.

[2] Монеты царствования императора Наколая 1. СПб.: Типография путей сообщения. 1890, сс. 40-41.

руб. 40 тыйын, ярымгази – 70 тыйын болгон[1]. Аны менен катар калаада түмөн, ашрафи жана Иреван хандыгынын тыйын чыгарган ишканасынан чыккан жез тыйындар дагы колдонулар эле. 1849-жылдын 18-июнундагы мыйзамга ылайык Туштүк Кавказда дагы деле гаджар жана осмон акчалары колдонулчу.

Салмак менен узундук ченөөдөгү бирдей эместиктер ички жана тышкы соода жүргүзүүдө кедергисин тийгип келген. Хандык мезгил ичинде, ал жоюлгандан кийинки он жыл аралыгында деле салмак жана узундук өлчөмүнө хандыктан калган – орустардын, гаджарлардын, осмондордун жана жергиликтүү гиря таштары колдонулуп келген. Иреван халвары 100 батманга же чанагга, батман – 4 чаракка, чарак – 5 стилге; стиль, орус фунтунун 89 уна барабар болуп, 50 мискалды түзгөн. Бул жерде халвар -28 пуд 3 фунт 5715/89 золотникке; батман – 1121/89 орус салмак фунтуна тең болгон. Дүңүнөн сатуу тилак менен өлчөнчү, алардын көлөмдүүсү 2 батман, майдасы 1 батман жана чирак. Тебриз баманы менен жибек кездемесинин, балдын, калайдын, канттын, татымалдын, хнанын ж.б. салмагы өлчөнчү. Дандын салмагы теджри же сомар, чанаг жана код менен өлчөнчү. Теджри же сомар 6 кодго барабар деп эсептелчи. Чанаг батмандан бир аз чоңураак, кээде, кичирээк деле болчу. Узундук ченөөгө аршинди колдонушчу., ал орустун 24 вершоку менен тең деп эсептелчи[2].

XIX кылымдын 40-жылдарында Иреван калаасында салмакты өлчөөгө кантарды пайдаланышчу, ал 40 батманга же 12 пудга; батман 12 стилгше же 12 фунтка; стиль – 96

---

[1] Там же, с. 67.

[2] Зубарев Д.Эриванская провинция//Обозрение российских владений за Кавказом в статистическом, этнографическом, топографическом и финансовом отношениях. Часть 4. – СПб.: Типография департамента внешней торговли. – 1836. – сс. 252-300/s. 287.

золотник жана 1 фунтка; халвар -10 тачгирге же 30 пудга; тачгир, код жана сомар, ар бири өзүнчө, 10 батман же 3 пудга; батман же чанаг – 12 стилге же 12 фунтка барабар болушкан. Узундук ченөөгө аршин колдонулчу (24 вершок) жана осмондордун алабиси (15.5 вершок)[1].

1832-жылдын 2-августунда Кавказда, анын ичинде Ireванда салмак жана узундук ченөөдө орус чен өлчөмдөрүнө өтүү тууралуу мыйзам кабыл алынды[2]. Бирок бул мыйзам бир топ кечигип ишке кирди. Ошентип, салмак менен узундуктуу ченөодө колдонулган көп түрдүү өлчөм системаларынан бир кылка орус орус системасына өтүү XIX кылымдын 40-жылдарында ишке ашты. Ошону менен бирге, Түштүк Кавказда, анын ичинде, Иреванда, хандар мезгилитнен бери колдонуп келаткан чен өлчөмдөрүн, акча бирдиктерин дагы деле колдоно беришти[3].

Пайдаланууга эң ыңгайлуу жолдор катары Ирevандан кеткен: Иреван – Эчмиадзин – Сардарабад – Гюмрю; Иреван – Нахчыва – Ордубад; Иреван – Сардарабад – Баязед; Иреван – Сардарабад – Кулпинск туз алуу; Иреван – Нахчыван Джульфинск ашуусу аркылуу Гаджар мамлекетине; Иреван – Новобаязед – Селим кербенсарайы – Гёйча көлүнүн чыгыш жээги; Иреван – Эчмиадзин – Карс; Иреван – Дилижан – Новый путь Тифлис багытында кеткен жол саналган[4]. Джулфадан чыккан жол, Маранд жана Сульфиян

---

[1] Таблица весов и мер, употребляемых в Закавказском крае, в сравнении их с русскими//Кавказский календарь на 1846 год, – Тифлис: Типография главного управления Закавказским краем. – 1845. – сс.127-128/с.127.

[2] О введении в Грузии и Закавказском крае российских мер ивесов//Полное собрание законов Российской империи. Собрание 2-е. том VII, 1832 год. СПб.: Типография 2-й отделении собственной его императорского величества канцелярии. 1833. № 5 535, сс. 538-539.

[3] Воронкевич-Бассанец К. Описание мер, весов и монет Закавказского края//Журнал министерства внутренних дел, № 9, 1840.сс. 380-415.

[4] Шопен И. Исторический памятник состояния Армянской области в

аркылуу Тебризге жетчи[1]. Тифлиске келген товарлар, Аскер-Грузин жолдору аркылуу Россияга жеткирилчи. Тифлистен түндүккө жана түштүк тараптарга жөнөтүлгөн товарлардын: жарымы Кавказда калтырылып, экинчи бөлүгү кайда жеткирилүүгө тийиш болсо, ошол адреске жөнөтүлчү[2].

1856-жылы Тебриздеги Ролле үй-бүлөсүнүн өкүлү Тебриздеги орусия консулдугуна Тифлиске кеткен транзиттик жолдордун абалы, жана аларды жаңылоо тууралуу кайрылгандан кийин[3], өмөттүн көңүлү жогоруда көрсөтүлгөн соода жолдордун абалына жана аларды оңдоого бурулду. 1863-1864-жылдары Поти-Орнари жолун салуу иши башталып, андан кийин «Падыша жолу» деп аталган (1837-жылы ушул жол аркылуу Николай 1 өткөн) Ереван-Гюмри-Ахалкалах-Ахалцых-Кутаиси[4] жолун оңдоого киришишти. 1865-жылы шосселик жолдорду жылдырууда бир кыйла иш аракеттер жасалып, Тифлистен Гаджар мамлекетинин чек арасына чейинки жолдор түзөтүлдү (Джульфага чейин)[5]. Бул

эпоху ея присоединения к Российской империи. СПб.: Типография Императорской Академии наук, 1852. Сс. 719-720.

[1] Берже А. Отрывки из путешествия в Персию в 1853 и 1854 гг.//Кавказский календарь на 1855 год/ Тифлис, 1854, отд. IV, сс. 596-597.

[2] Зубов П. Картина Кавказского края, принадлежащего России и сопредельных оному земель. Часть первая. СПб.: Типогрфия Конрада Вингебера, 1834.сс. 208-234.

[3] Зейдлинц Н. Заметка об отношении г. Баку к Закавказскому транзиту// Кавказ. 23 июня/ 5 июля 1866, № 48.

[4] Отчет по главному управлению наместника Кавказского за первое десятилетие управления Кавказским и Закавказским краем его императорским высочеством великим князем Михаилом Николаевичем 6 декабря 1862 – 6 декабря 1872. Тифлис: Типография главного управления наместника Кавказского, 1875, с. 474/ с. 341.

[5] Эксельбирт М. О промышленной и торговой деятельности Закавказского края// Кавказский календарь на 1869 год. Тифлис: Типография главного упроавления наместника Кавказского, 1869, Литературный отдел, с. 37-54/ с. 53.

жол транзиттик жол катары каралган. Бажы-карантини боюнча Жободо көрсөтүлгөндөй, Түштүк Кавказда, транзиттик посттордун функциясына транзиттик сооданы көзөмөлго алуу каралган[1]. Жолдорду оңдоп-куруу иштери аяктагандан кийин, 1870-жылдын 6-октябрында Мамлекеттик Кеңештин Токтому менен транзиттик шоссе жолдорун пайдалануу палатасы ишке кирищти[2]. 1871-жылдын 1-июнунда биринчи категориядагы Тифлис-Дилижанс-Гюмри-0Иреван жана Тифлис-Баку жолдорунун Кавказ жолдор башкармалыгы, негизги тарнзиттик жолдор катары бекитти[3]. 1871-жылдын 17 августунда Тифлис-Поти жолу[4] иштетүүгө берилип, жүктөрдү ташууга эбегейсиз таасирин тийгизди. Тифлис-Баку темир жолу ишке киргенден кийин, Иреван транзит постун жоюу жөнүндө чечим кабыл алынган. Ошентип, 1883-жылдын 1-февралында император, Мамлекеттик Кеңештин Кара Деңиз чек ара бригадасын түзүүнү аяктоо, жана Иран менен Каспий деңизи аркылуу бажылык көзөмөлдү күчөтүү тууралуу пикирин (чынында, долбоорун) бекитти. Ушул мыйзамдын негизинде,1883-жылдын 1-январынан тарта 20

---

[1] Высочайще утвержденное Положение о карантинно-таможенной части Кавказа и за Кавказом//полное собрание законов Российской империи. Собрание 2-е. том XVII. Отделение 2-е. 1867. – СПб.: Типография 2-й отделении собственной его императорского величества канцелярии, 1871. № 45266, с. 399-404/ с.399.

[2] Отчет по главному управлению наместника Кавказского за первое десятилетиие управления Кавказским и Закавказским краем его императорским высочеством великим князем Михаилом Николаевичем 6 декабря 1862 – 6 декабря 1872. Тифлис: Типография главного управления наместника Кавказского, 1875, с. 474/ с.145.

[3] Герсеванов М. Сеть Кавказских дорог, утвержденная великим князем наместником 1 июля 1871 года/Кавказ, 8(20) августа 1871 года, № 92.

[4] Отчет по главному управлению наместника Кавказского за первое десятилетие управления Кавказским и Закавказским краем его императорским высочеством великим князем Михаилом Николаевичем 6 декабря 1862 – 6 декабря 1872. Тифлис: Типография главного управления наместника Кавказского. 1875, с. 474/с.210.

талаа-карантин посттору жана 3 транзиттик – Тифлистеги, Елизаветпольдогу (Гянджидеги) жана Иревандагы посттору жабылды[1]. Падышанын «Закавказ крайы аркылуу чет элдик товарларды транзит катары өткөрүүгө тыюу салуу жөнүндө» деген 1883-жылдын майында кол койгон указы, крайдын аймагы аркылуу өткөрүлгөн че өлкөлүк товарларты ташуу эрежелерин түп тамырынан өзгөрттү. Түштүк Кавказ аркылуу транзиттик товрларды ташуу токтотулду[2].

1864-жылы Тифлисти Дилижан, Иреван. Нахчыван, Джульфа менен байланыштырган телефон линиясы тартылып, Гаджар мамлекетинин[3] аймактары менен да байланыш түзүлгөн соң, соодага да таасирин тийгизди.

Белгилей турган нерсе, 1831-жылдын 3-июнунда кабыл алынган мыйзамда каралган маселелердин бири, Түштүк Кавказдагы соодагерлерге гилдиялык даража берүү эле. Бирок, бул маселе Түштүк Кавказда бажы кызматы толук орноп, соода иштери жолгон коюлганга чейин токтотулган. Ушул кезде барон Розен финансы министрине кайрылып, биринчи кезекте, убактылуу болсо да, «соода кылууга укук берген» күбөлүктөрдү берип туруу керкетигин, анан кийин, Түштүк Кавказда акырындап гильдиялык соода кылуу си-

---

[1] О довершении устройства Черноморской бригады пограничной стражи и об усилении таможенного надзора на границах, прилегающих к Персии и Каспийскому морю//полное собрание законов Российской империи. Собрание 3-е. том III. 1883. – СПб.: Государственная типография, 1886. № 1355, с.30.

[2] О прекращении транзитного провоза иностранных товаров через Закавказский край//Полное собрание законов Российской империи. Собрание 3-е., том III, 1883. – СПб.: Государственная типография, 1886. № 1581, с. 234.

[3] Отчет по главному управлению наместника Кавказского за первое десятилетие управления Кавказским и Закавказским краем его императорским высочеством великим князем Михаилом Николаевичем 6 декабря 1862 – 6 декабря 1872. Тифлис: Типография главного управления наместника Кавказского. 1875, с. 474/с.300.

стемасына өтүшөөрүн билдирген[1]. 1858-жылы Кавказ комитети «Закавказьедеги гильдиялык Жобонун» кабыл алынышын талап кылышты. Бирок, ошол кезде Кавказ крайындагы наместниктин уруксаты менен, ишенимдүү деп эсептелген чет элдик 10 соодагерге 10 жылдык мөөнөт менен шаардагы жана жер салыктарын төлөөдө, ага ылайык гильдиялар түзүлөөрү жазылган. жеңилдиктер берилген, Кавказ наместникгинин берген рецензиясында гильдиялык Жобонун ишелип чыгышы финансы министрлигинин өзгөчө комитетинин жыйынында жаңы мыйзамдын долбоору иштелип чыкканга чейин токтотулгандыгы, жана жаңы Жобонун негизинде гильдия түзүлөөрү жазылган[2].

XIX кылымдын 60-жылдарынын башында бул багытта белгилүү деңгээлде иш жүргүзүлдү. 1863-жылдын 20-декабрында мыйзам кабыл алынып, ага ылай ык, соодагерлер менен кол өнөрчүлөр салыктарды төлөшүп, 1863-жылдын 1-январындагы Жободо көрсөтүлгөнү боюнча соода кылууга жана көл өнөрчүлүк менен иштегенге уруксат бериле турган күбөлүктөр тапшырылып, ошондой эле, соода жана өндүрүш ишканаларына: Тифлисте –II, Кутаисиде, Иреванда, Сухумгалада, Бакуда, Дербентте. Ленкоранда жана Владикавказда – III, башка аймактарда – IV даражадагы билеттерди тапшырды.[3]

---

[1] Выписка из записки гр. Канкрина, внесенный в Государственный Совет 20-го марта 1836 года, № 3845//Акта, собранные кавказскою археографическою комиссиею. Том VIII, док 97, с.174.

[2] Макиевский-Зубок Н.Г. Кавказ и кавказские наместники. Статья III//Вестник Европы. – 1906. – т. 2, сс. 91-130/с.109.

[3] О причислении местностей Закавказского края и Земли Войско Донского к клаасом по платежу пошлин, в 1864 году, за свидетельства на право торговли и промыслов, и билетов на торговых и промышленные заведения// Полное собрание законов Российской империи. Собрание 2-е. том XXXVIII. 1863. Отделение 2-е. СПРб.: Типография 2-й отделении собственной его императорского высочества канцелярии, 1866. № 40409, с. 304.

Акыры, 1875-жылдын 28-январында бекитилдген мыйзамда, кол өнөрчүлөр менен катар өндүрүш ишканалары, көпөстөр дагы чектелген пошлиналарды төлөөгө милдеттүү болушту[1]. Мыйзам соода менен шугулдангандарды 3 группага бөлдү, I, II, III гильдияга. Бул мыйзам 1865 жылдын 9-февралындагы Жобонун аткарылышын Түштүк Кавказ аймагында таратты.

Бул мыйзам актысы киргизилгенге чейин иреван соодагерлери, гильдия даражасы жок эле, калаадагы казыналык дыйкандар катары катталышып, белгиленген капиталысыз эле соода кылышып, мурдагыдай эле абалда иштешкен.

Ошентип, 1876-жылдын 1-мартында айтылган мыйзам ишке аша баштаган[2], ошого байланыштуу соода кылуунун эрежелери да түп-тамырынан өзгөрдү. «Соода кылуу укугу жана кол өнөрчүлүк өндүрүшү тууралуу Жобо» деген жобого ылайык, соодагерлер пошлина төлөшсө, кол өнөрчүлөр – билеттердин негизинде салык төлөшкөн.

Биринчи гильдиядагы көпөстөргө биринчи даражадагы күбөлүк берилген, анын негизинде алар дүңүнөн соода кылышкан, ошондой эле, чекене соода кылышкан экинчи гильдиянын көпөстөрүнө дагы берилген; өндүрүштүк күбөлүктөр майда соодагерлерге, товарларды кардарга жеткизип бергендерге, келишим менен иштегендерге жана буйрутма аркылуу соода кылгандарга берилген. Соода мекемелери, банкирлер, комиссия аркылуу иштегендер, камсыздандыруучулар, сурап-битлүү тармагындагылар, далдалчы-

[1] О введении в Закавказском крае Высочайще утвержденного, 9 февраля 1865 года, Положение о пошлинах за право торговли и других промыслов//Полное собрание законов Российской империи, Собрание 2-е, том L. 1876. Отделение 1-ое. СПб.: Типография 2-й отделении собственной его императорского величества канцелярии, 1877. № 54329, сс.95-96.

[2] Кавказская летопись//Кавказ, 10 (22) марта 1876 года, № 30.

лар, транспортчулар, параход компаниялары жана алардын көмөкчү бөлүмдөрү, ошондой эле, акционердик коомдор менен компаньон фирмалар, Жобонун негизинде, билеттерди ала алышмак. Фабрикалар менен башка дагы өндүрүш ишканаларынын ээлери, билеттик салыктарды төлөгөндөр, өздөрү чыгарган продукцияларын сатуу үчүн лавкаларды жана соода түйүндөрүн, атайын билет албастан эле, ачууга укуктуу болушкан. Биринчи гильдиядагы көпөстөр колдоруна берилген күбөлүктүн негизинде бүт империяда белгиленген бирдей салык суммасын төлөөгө милдеттүү болушкан.

Экинчи гильдиядагы көпөстөр төлөй турган салык суммасы империянын аймактарында ар башка болгондуктан, аларды даражаларга бөлүшкөн. Күбөлүктөр менен билеттердин негизинде 1-ноябрдан 1-декабрга чейин төлөмдөр төлөнгөн учурда аларды жаңыртып беришкен. Эгерде, күбөлүктөр менен билеттер боюнча төлөмдөр 1-январга чейин төлөнбөсө, алар күчүн жоготуп, алардын ээлери күбөлүк, билеттерин жанырту укугунан ажырашкан[1].

Иштеп жаткан башка бир мыйзамдын негизинде, 20 жыл үзгүлтүксүз биринчи гильдияда болгон көпөс, үй-бүлөсү менен укум-тукумуна чейин ардактуу жаран укугуна ээ болмок[2]. Иреван губернаторунун 1888-жылдагы отчетунда Иреван калаасында 1037 көпөскө 19775 рубль өлчөмүндөгү күбөлүктөр берилгени жазылган[3].

---

[1] Высочаше утвержденное положение о пошлинах за право торговли и других промыслов// Полное собрание законов Российской империи. Собрание вторoе. Том XV. 1865 года. Отделение первое. СПб.: Типография 2-й отделении собственной е.и.в. канцелярии. Ст. 41 779, сс. 157-175/сс.157-162.

[2] О порядке возведения купцов в потомственное почетное гражданство//Полное собрание законов Российской империи. Собрание 2-е. т. XV, 1865 год. Отделение 1-ое, – СПб.: Типография 2-й отделении е.и.в. канцелярии. № 41 789, с. 182.

[3] Обзор Эриванской губернии за 1888 год. – Эривань: 1889. С.136 (51)

Ереван – Тифлис жана Тифлис – Ереван багыттарында сырткы транзиттик соода байланыштары менен катар ички соода дагы өнүккөн эле. Ирeвандын соодагерлери Азербайжандын Нахчыван, Ордубад ж.б. региондорунда соода кыла беришкен. Тифлис калаасы крайдын административдик борборуна айлангандан кийин, мында амбардык бажыкана ачылып, бул шаар Түштүк Кавказдагы ири соода борборуна айланганы менен, Россиянын курамына киргенден кийин, соода тармагында бир катар өзгөрүүлөр болуп өтсө да, Иреван менен Гаджар мамлекети ортосундагы мамилелери кемиген жок. Орусия аскерлерининин акыркы жүрүшүндө Иреванга өтө чоң сокку урулуп, анын соода иштерине кедергисин тийгизди. Согуш абалында бир топ белдүү соодагерлер Иреванды таштап кетишти[1], калаанын калкынын бир бөлүгүн жок кылышты, бир бөлүгү таптакыр жакырлыктын сазына батышты. Согуштан кийин калаа тургундары талкаланган үйлөрүн калыбына келтирүү менен алек болушту, соода иштерин калыбына келтиришти, бирок 1829-жылы калааны халера эпидемиясы каптап, кербен сарайларга эл келбей калды, соода түйүндөрү жабылды. Мындай шартта, 1830-жылы Гаджар мамлекети өзүнүн бажы постору аркылуу дан азыктарын пошлинасыз алып өтүүгө уруксат берди.

Согуштун кесепети көптөгөн соодагерлер, акча каражаттарын карызга алып соода жүргүзгөндөр карыздарын кайтара албай калышты. Себеби, ички соода жүргүзүүдөн түшкөн киреше азыраак болгондуктан, Иревандагы соодагерлер ишин башка нукка буруп, акча табуунун жаңы багытын табышы керек болду[2].

---

с.54.

[1] Шопен И. Хозяйственные очерки части Аракской долины, вошедший в состав Грузинско-Имеретинской губернии. СПб.: Печатано привиллегированной типографии Фишерь, 1843 г. с. 135/ с. 116.

[2] Шопен И. Исторический памятник состояния Армянской области в

Орус армиясы калааны басып алгандан кийин, көптөгөн жылдар бою элин «кыңк эттирбей» башкарган Ирevandын сардарын областтын аймагынан кууп чыкканы, калаанын өнүгүшүнө өзүнүн терс тасирин тийгизди. Согуштун калдыктарын жок кылуу бир топ убакытка созулду. Калаанын калкынын өрчундуу бөлүгү бул аймакты таштап кетип, алардын ордуна көчүп келгендер жергиликтүүлөргө бир топ бушаймандык жаратышты[1].

1831-жылдын 3-июнунда жазылган бажы мыйзамдары, контрабанданын келип чыгышына жана анын күчөшүнө шарттарды түздү. Буга каршы биринчилерден болуп Тифлистик көпөстөр чыгышты. Алар өкмөткө кайрылышып, мурдагы мыйзамдардын иштешин, дагы, жок дегенде 10 жылга узартууну өтүнүштү. 1837-жылы, Никаолай 1 Иреванга келгенде иревандык 9 көпөс ага өтүнүч менен кайрылып, товарларын Батыш Европага алып чыгып сатууга уруксат берүүсүн өтүнүштү, себеби, алар ушул тьаварларын «тыюу салуу тарифтерине» чейин европадан пахта менен күрүчкө айрыбаштап алып киришкендиктерин, жана эми алары сатылбай жаткандыгына даттанышты. Жооп катары Николай 1 алар өкүлдөрүн Москвага жиберишин, ал жактан завод, фабрикалардын кожоюндары менен менен келишимдерди түзүп, россия товарларын алып келип сатууларын сунуштады[2]. Жыйынтыгында атактуу көпөс Гаджи Али Гасымов Москвага өкүл катары жиберилди. Бул сапарында падышанын кабыл алуусунда болуп, Гасымов падышага жаңы

эпоху ея присоединения к Российской империи. СПб.: Типография Императорской Академии наук. 1852, сс. 875 – 876.

[1] Военно-статистическое обозрение Российской империи. Том XVI. Часть 6. Эриванская губерния. – СПб.: Типография Департамента Генерального штаба, 1853. – с.300/ сс. 163-164.

[2] Рожкова М.К. Экономическая политика царского правительствыа на Среднем Востоке во второй четверти XIX века и русская буржуазия. – Москва: Издтельства Академии наук СССР, 1949, – с.392/сс.100-101.

өтүнүч тапшырды[1]. Сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгында соода байланышын түзүү боюнча 2-гильдиядагы көпөс Иван Бабурин менен мамиле түзүлүп, ал Владимирдеги пахта кездемелерин токуу фабрикасы жана жибек жандыруу ишканасынын кожоюну болгон. 1838-жылдын күзүндө Бабурин Иреванга 85 000 рублдук товарын жөнөткөн. Бул товардын арбыныраагы 12 айга кредит катары сатылып, а калганы анын пахтадан кездеме токуучу заводу үчүн 400 пуд пахтага айрыбашталган. Бирок, Бабуринге мануфактуристкенешчи деген наам ыйгарылып, Иреван калаасында соода кылуу түйшүктүү болгондуктан, ал шаар менен байланышын үздү[2].

XIX кылымдын 50-жылдарында, Иреван калаасында сооданын начар өнүккөнүнө карабай, белгилүү бир өлчөмдө жылыш байкалып, мында иштин көзүн билген көпөстөр бар эле. Алар төрт группага бөлүнүшчү: соодагерлер, бинакдарлар, баззаздар жана чарчи делип. Соодагерлер дүңүнөн сотууга келишимдерди түзүшөр эле. Бинакдаарлар соода түйүндөрүндө отуруп соода кылышчу. Баззаздар майда сатуучулар болушкан. Чарчылар товарды котөрүп жүрүп, жылып соода кылгандар эле. Бардар соодагер катары айландырган акчасы 6000 рулбден ашкандарды айтышчу. Бирок, калаада мындайлар жокко эсе болгон[3].

Ошентип, кийинки жылдарда соода эрежелери такай алмашкандыктан, сооданын жаңы түрлөрү пайда боло берген. XIX кылымдын 60-жылдарында Иреванда «Баззаз» деп аталган соодагерлердин саны арбыган. Мына ушул баззаздар айланган капиталдын көп бөлүгүнө ээлик кылышкан. Ошентипр 223 баззаздын бир жылдык айланган капиталы

---

[1] Там же.сс. 271-272.

[2] Рожкова М.К. Экономическая политика царского правительства на Среднем Востоке во второй четверти XIX века и русская буржуазия. – Москва: Издтельства Академии наук СССР, 1949, – с.392/с.272.

[3] Орловский К. Эривань// Кавказский календарь на 1952 год. III отдел, – сс. 436-452/ с.447.

310 миң күмүш рублди түзгөн.

Европа галантереясын саткан соодагерлердин саны 30 адамга жеткен. Алардын соода обороту 43 миң рублдан кем болбогон. Азиаттардын галантериясын саткандарды «аттар» дешчи; алардын саны 52 адам болгон. Алардын айландырган каражаты 20 миң рубл болгон. Калаадагы «алаф» деп аталган 67 сатуучунун айландырган каражаты 16 миң күмүш рубль, 42 бакалчынынкы – 14 миң күмүш руб., ичимдик саткан 63 сатуучунуку – 1500 күмүш рубль болгон. XIX кылымдын 60-жылдарында Ireванда негизинен 480 соодагер болуп, алардын айландырган капиталы 437 миң күмүш рублди түзгөн[1]. Иревандыктардын өздөрү айткандай, калаада неизинен текстил жана галантерея буюмдары көбүрөөк сатылчы. Иревандыктар Тифлис жана Москва менен активдүү соода жүргүзүшчү. 1878-жылы калаага 600 миң күмүш руб. көлөмүндө товар келген. Мындай өсүү гильдилык мыйзам кабыл алынгандан кийин биринчи жолу байкалды. Буга чейин соодагерлер калаага жылына орто эсеп менен 250 миң күмүш рублдин товарын алып келишчи. Мурдагыдай эле, негизги экспортточу товар катары пахта менен күрүч эсептелчи. Жылына 700 миң күмүш рублдик пахта (95 миң пуд) жана 300 миң күмүш рублына күрүч (150 миң пуд) алынып кетээр эле.

XIX кылымдын 70-жылдарынын акырында калаада 77 алаф (туз саткан соодагер), 56 аттар (чарбалык химия саткандар), 62 бакалчы (жемиш саткандар), 135 баззаз (текстиль саткандар) жана 8 эски-уску буюмдарды саткандар болгон. Мындан тышкары калаада килем, палас, аркан саткан 9 адам, кийим саткан – 22 сатуучу, 42 – майда-чүйдө (ине, жип-шуу ж.б.), шам саткан – 1, темир буюмдарын саткан – 6, кант-шекер саткан – 7, керамикалык идиш саткан –

[1] Статистическое описание городов Тифлисской и Эриванской губернии//Кавказский календарь на 1866 год. – Тифлис: Типография Главной Управления наместника Кавказского, 1865. Отд. III, сс.47-98/сс.63-64.

10, нефти менен керосин саткан – 12, бут кийим саткан – 5, урук саткан – 2, мис идиштерин саткан – 6, тамеки жана тамеки буюмдарын саткан – 29, жибек ж.б. жиптерин саткан – 21, тери саткан -2, жашылча саткандар – 4 адам болгон. Калаада вино саткан магазин да болгон, анда 1 сатуучу болгон, о.э. шарап барында (мейхана) 36 кызматкер[1] иштеген.

Мурда ички соода менен азыраак гана капиталга канааттанган соодагерлер убакыттын өтүшү менен көбүрөөк тапканга аракеттенишип, көбүрөөк акча салынган операцияларга аралаша башташты. 1883-жылы Баку-Тифлис темир жолунун ишке кириши менен соода товарларын ташуунун көлөмү өсүп, төрт дөңгөлөктүү арабалар менен ташыгандардын түйшүгүн жеңилдетти[2]. Темир жолун ишке киргизгенден кийин Нахчыван – Иреван – Агстафа багытында товар ташуу башталды. Түштүк Кавказ боюнча, соода көлөмү жагынан Иреван экинчи орунга чыкты[3]. Ошол кездеги адистердин бири жазгандай, Иревандын жайгашкан орду Гаджар мамлекети менен соодалашканга өтө ыңгайлуу болгон[4]. Фон-Гребнер белгилегендей, XIX кылымдын акырында Иреван жетишээрлик бай калаага айланган. 1895-жылдагы маалытаматта Иреванда мамлекеттик банктын бөлүмү, 3 банктык кеңсе, 1 акча алмаштыруу пункту, 2 аптека, 8 мончо, 5 шарап лавкалары, 18 галантереялык лавка, темр буюмдарын саткан 3 лавка, зергер буюмдарын саткан 2 лавка, канцелярдык товарларды саткан 3 лавка, 1 китеп дүкөнү, 1

---

[1] Зелинский С.П. Город Эривань/Сборник материалов для описания местностей и племен Кавказа. Выпуск 1. – Тифлис: Типография Главного Управления Наместника Кавказского, 1881. сс. 1-54/с.36.

[2] Фон-Гребнер А.В. Торговые дороги Закавказья. СПб.: Типография Исидора Гольдберга, 1896. – с.55/ с.20.

[3] Там же.

[4] Гольмсен Н.А.Приаракская долина и тифлисско-эриванская торговая дорога (Экономическо-статистический очерк)//Сборник сведений о Кавказе. том IX. Тифлис: Типография Канцелярии Главноначальствующего гражданскою частью на Кавказе, 1885, сс.40-53/с.41.

килем саткан дүкөн, 5 тери-кайыш саткан лавка, 8 лавкада «колониалдык» товарлар сатылчу, 1 лавкада таттуу-паттуу сатылчу, мануфактуралык буюмдар сатылган 31 лавка, 2 лавкада мис буюмдар, 2 дүкөндо тигилүү кийимдер, бир туз саткан дүкөн, анда дан азыктарын кошо сатчу, 1 фот ограф, бир лавкада тигүүчү машинкаларды сатчы, 1 тигүү устаканасы иштеген[1].

1897-жылдагы Биринчи Жалпыроссиялык эл каттодо, Ирeван калаасында 29 006 адам жашаганы, алардын 187си – көпөстөр[2] болгону катталган. Айтылган эл каттоодо, 1635 адам (а.и. 11 аял), б.а. 5.7% Иревандын тургуну, сооданын 15 түрдүү тармагы менен шугулданган. Баарынан арбын соода айыл чарба буюмдары болгон. 22 адам тирүүлөй мал саткандар болгон, 34 адам ден эгиндерин сатышкан, 745 адам айыл чарба азыктарынын ар башка түрлөрүн сатуу менен алектенишкен. 290 адам кийим-кече сатышкан. 171 бир адам колуна тийген буюм-тайымдарды сатуу менен алектенген, ашканаларда, мейманканаларда, клубдарда жана аларды эмеректер менен камсыздоо сферасында 135 адам эмгектенген. Ичимдик саткан 29 адам, курулуш материалдарын жана күйүүчү май саткандардын саны 26 адам, тиричилик буюмдарын саткандар – 11 адам, темир буюмдар, курал жана станокторду саткан 11 адам, кайыш туюмдарын саткандар – 25, башка түрлөрүн саткандардын саны 46 адам болгон. Мындан тышкары калаада 60 адам чарчи болушкан, б.а. майда барат товарларды көтөрүп жүрүп саткандар. Калаада, ошону менен бирге 33 далдалчы болгон, жана насыя берген коомдук соода мекемелериболуп, аларда 22 адам эм-

[1] Вся Россия. Русская книга промышленности, торговли, селского хозяйства и администрации. Том 1, часть 2-я, – СПб.: Типография А.С.Суворина, 1895. – с. 2319/ сс.2063-2064.

[2] Первая всеобщая перепись населения Российской империи, 1897 г. LXXI. Эриванская губерния. – СПб.: Типография кн. В.П. Мещерского, 1905, с.1.

гектенген[1].

1893-жылы Ireванда Мамлекеттик банктын бөлүмү[2], 1895-жылдан Тифлис соода банкынын бөлүмү[3], Бажы башкармалыгы, Уезддик казына башкармалыгы жана почта-телеграф контораларынын алдында сактык кассалары[4] болгон.

1899-жылдагы маалыматтарда калаада 458 ири жана чакан соода мекемелери болгон, алардын ичинде айландыруу каржысы 5 миң рубль болгондору 260 болсо, 149 – 20 миң руб., 34 – 50 миң руб., а 15 – 50 ммиң рулбдан жогору.[5]

XX кылымдын башында Иреванда соода капиталын чордондоштуруу жана борборлоштуруу процесстери байкалып, акционердик жана кредиттик соода өнүгүп, соода кылган уюмдардын катары өсүп, майдасы да, дүңүнөн соода кылгандары да көбөйүп, ири фирмалар менен кенен масштабда соода кылган компаниялар арбыды. Бул мезгилде ички сооданы уюштурууда ийгиликтер жаралып, алардын формалары жаңырып, жаңы сапаттагы мазмунга ээ болду.

1898-жылы падыша «Мамлекеттик соода салыгы тууралуу Жобо»[6] жобосун бекитти. Бул 1899-жылы күчүно

---

[1] Первая всеобщая перепись населения Российской империи, 1897 г. LXXI. Эриванская губерния. – СПб.: Типография кн. В.П. Мещерского, 1905, с.105.

[2] Обзор Эриванской губернии за 1893 год. – Эривань: Типография-скоропечатня Р.К. Эдельсона.1894. 39 [45] с. / с. 10.

[3] Обзор Эриванской губернии за 1893 год. – Эривань: Типография-скоропечатня Р.К. Эдельсона.1894. 32 [43] с. / с. 8.

[4] Вся Россия. Русская книга промышленности, торговли, сельского хозяйства и администрации. Том 2, часть 2-я, – СПб.: Типография А.С. Суворина, 1897, – 3888 с./сс. 3115-3118.

[5] Торговые заведения в 1899 году//Памятная книжка Эриванской губернии за 1902 год. Эривань: Типография Р.К. Эдельсон, 1902. С.109.

[6] Высочайще утвержденное Положение о государственном промысловом налоге»//Полное собрание законов Российской империи. Собрание III. Том XVIII. 1898. Отделение I. СПб.: 1901. № 15601. С. 489-515; Государственный промысловый налог//Кавказский календарь на 1910 год, – Тифлис: Типография и переплетная т-во «Либерман и Ко»,

кирген мыйзам, жылдык акча айландыруусу 20 миң рулдан кем болбогон соодагерлерди I-гильдияга, ал 6 миңден 20 миңге чейинки кирешеси барларды II- гильдияга, 1200 дөн 6 миңге чейинки акча айланткандарды III-гильдияга которду. Соода салыгы кредиттик, касыздоо, ортомчулук кылган мекемелерден, бардык кошулуп иштегендер менен заготовителдерден да алына баштады.

XIX кылымдын акырында жана XX кылымдын башында соода мекемелери дүңүнөн, дүңү жана чекене түрүндө деле, бир гана чекене түрү менен, ошондой эле майдалап сатуу менен алектенишкен. Ошол эле кезде, майда соода, көтөрүп жүруп сатуу (чарчилик), менен Иреванда 99 адам шугулданган[1].XX кылымдын башында Иреванда узундукту өлчөөдө:агач (7 чакырым), хан-аршини (22 вершок – 1 вершокто 4.4 см болгон), алаби (1 кез – 0.71 см); салмак өлчөодө: батман (10-12 кадак – 1 кадакта – 409.5 грамм), гирвенке (76 мыскал), кантар (11 пуд 10 кадак), мисгал (1 мыскал – 4.26 гр.), сомар (10 батман), стил (½ кадак), таджиргир (2 ½ пуд),танаб (900 кв. хан-аршини же 1809 кв. саржан – 1 саржан 2.134 мертге барабар), тилан (15 мыскал), тунга (8 мыскал), халвар (25 мыскал), ошондолй эле акча бирдиктери: шахи (5 тыйын), аббаси (20 тыйын), танат (1 руб.) ж.б.[2]

1902-жылдагы маалыматта, Иреванда азия товарларын саткан 1 дүкөн, 2 даарыкана, аптекалык товарларды саткан эки мекеме, 8 бакалчылык дүкөнү, 8 галантереялык дүкөн, «Оргaнт» мейманканасы, темир буюмдарын саткан 4 дүкөн, тегирмендин пара таштарын жасаган бир устакана, 2 зергер

---

1909, Отдел V, сс. 634-637.

[1] Памятная книжка Эриванской губернии на 1908 год. – Эривань: Типография Губернского Правления, 1908. Отдел IV. с.12.

[2] Алфавитный перечень употребительнейших туземных мер в Закавказье// Кавказский календарь на 1908 год, – Тифлис: Типография К.П. Козловского, 1907. Отлел1, сс. 222- 224.

буюмдарын саткан дүкөн, териден жасалган буюмдарды саткан 5 дүкөн, «колониалдык» товарларды саткан 5 лавка, татты-патты саткан 1 дүкөн, мануфактуралык товарларды саткан 34 лавка, 1 эмерек дүкөнү, майда-барат буюм саткан 3 дүкөн, 1 ун саткан дүкөн, аялдардын даяр тыш кийимин саткан 2 дүкөн, идиш-аяк саткан 4 дүкөн, мөмө-жемиш саткан 9 лавка, 4 пахта фирмасы, 3 дан азыктарын саткан дүкөн, тигүү машинелерин саткан 1 лавка болгон[1].

Иреванда ири капиталга ээ болгон көпөстөрдүн катмары пайда болуп, алар кээ бир товарларды сатууда чечүүчү позицияга ээ болушуп, Россиянын ички губерниялары менен да, чет өлкөлөр менен да соода кыла башташты. Акырындап эл аралык соода иштеринде негизги борборго айлана баштаган калаада, тездик менен көпөстөрдүн саны арбып, алардын капиталынын көлөмү дагы көбөйүп, соода операцияларынын түру да кеңйе баштады. 1902-жылы Иреванда 1 гильдиядагы 1 көпөс, 2-гильдиядагы 11 көпөс катталды[2]. Калаада ошондой эле, Мамлекеттик банктын Иреван бөлүмү, Тифлис соода банкынын Иреван бөлүмү, Иревандын ымалалык кедит коому[3], почта-телеграф депозит кассасы, Иреван губерниялык казначейством.[4]

1905-жылдагы армяндар менен мусулмандардын ортосундагы кагылышуудан кийин 28-февралда[5] жана 18-мартта калаада тартип сактоо боюнча чыңдалган абал киргизилген[6]. 13-майда Иреван губерниясынынбашка аймактарында

---

[1] Кавказ и Закавказье//Вся Россия. Русская книга промышленности, торговли, сельского хозяйства и администрации. СПб.: Тиография С.С. Суворина. 1902. сс.2758-2760.

[2] Памятная книжка Эриванской губернии 1904 года. – Эривань: Типография Р.К. Эдильсон, 1903. Отдел IV. с.16.

[3] Там же. сс.75-76.

[4] Там же, с.138.

[5] Хронологический указатель //кавказский календарь на 1906 год. – Тифлис: Типография К.П. Козловского, 1906. сс. 231-260/с.237.

[6] Там же, с. 238.

дагы кагылышуулар болду[1]. 16 июнда Ереван калаасында кайрадан чукул абал киргизилди[2]. 28-августа Иреван менен Нахчыванда салтанаттуу түрдө армяндар менен мусулмандардын ортосундагы кагылышуулардын бүткөндүгүн[3] белгилешкенине карабай, 18 сентябрда кайрадан кагылышуу болду[4]. Талкалап бузуулар 1906-жылдын 27-майында, 8-9-июндарында дагы кайталанды. Мунун кесепеттери Иревандагы соодагерлерге тийди. Эки жыл бою шаарда соода солгун жүрдү.

Биринчи дүйнөлүк согуштун алдында соода капиталынын ыкчам концентрацияланышына, Иревандагы банктык-кредиттик ишканалардын, алардын ичинде, Иреван казыналык палатасы, Иревандагы губерниялык казначейство-су, Мамлекеттик банктын Иреван бөлүмү, Тифлис соода банкынын Иреван бөлүмү, Иревандагы депозиттик майда кредит бирикмеси[5], жылдык капиталы 130 миң 300 рубль болгон 2 жардамдаштык ишеним кредиттик коомдору, 3 ссудалык-сактык кассалары, 42 камсыздоо агенттери[6], Азов-Азов-Дон соода банкынын Иреван бөлүмү, Волга-Камск соода банкынын Иревандагыв коммиссионерлиги[7] түрткү болушту.

1912-жылдагы маалыматтарда, калаада: 6 адамга таандык 5 дарыкана товарларын саткан дүкөн; 11 адамга таандык 4 бакалейялык жана «колониалдык» буюмдарды саткан дүкөн; 2 адамга таандык болгон тегирмен таштарын даярдаган 2 устакана, керосин саткан 2 дүкөн; 7 адамга таандык болгон: 2 зергердик дүкөн, 2 концтовар саткан, 7

---

[1] Там же, с. 240.
[2] Там же, с.241.
[3] Хронологический указатель //кавказский календарь на 1906 год, с. 244.
[4] Там же, с.227.
[5] Памятная книжка Эриванской губернии на 1908 год. Эривань: Типография Губернского Правления, 1908. Отлел 1. сс.37-42.
[6] Там же, с. 25.
[7] Там же, сс.55-60.

«колониалдык» товар саткан, 1 татты саткан, 1 жыгач тактайларын саткан дүкөн, тигүү машинелерин саткан – 1, эмерек саткан – 1, майда-барат саткан – 3, боёк саткан – 1, мис идиштерин саткан – 1, 1 – бут кийим дүкөнү, аялдардын даяр кийимин саткан – 2, идиш-аяк саткан – 4, керамикалык буюмдарды саткан – 2 дүкөн; 12 адамга тиешелүү болгон жер жемиш саткан 3 кеңсе; 5 дамга таандык 2 жемиш лавкасы болгон. Калаада 19 адам вино сатуу менен алектенген; 6 киши галантериялык товарларды саткан; 7 адам темир жана темир буюмдарын сатышкан; 3 адам – кайыштан жасалган буюмдарды сатышкан; 60 адам – мануфактура сатуу менен алектенген, 1 адам ун азыктарын саткан, 2 адам гаджарлардын товарлдарын саткан,7 адам – пахта саткан, 5 адам дан азыктарын сатышкан. Иреванда 2 мейманкана болгон.[1] Мындан тышкары калаада 148 трактирь, чайкана жана тез даам жайлары[2] болгон. Бир фунтнан калаада 2.3 тыйын, бир фунт эт – 11 тыйын, 1 фунт туз – 2 тыйын, 1 фунт кант – 16 тыйын[3] турган.

Тифлис – Карс темир жолунун ишке кириши жана Гюмри – Иреван жолун кайрадан эксплуатацияга тапшыргандан кийин жүк ташуу менен алектенген чарвадарлардын кирешелери кескин төмөндөдү. Иревандан Агстафка чейинки шоссе жолу салынгандан кийин бул багытта жүк ташуу таптакыр токтоду[4].

Тифлис – Иреван темир жолунун салынышы калаадагы соода ишине аябагандай зор таасирин тийгизди. Ар кан-

---

[1] Вся Россия. Русская книга промышленности, торговли, сельского хозяйства и администрации. Часть 6. – Москва: Типография В. Каракина, 1912. сс. 4950-4952.

[2] Памятная книжка Эриванской губернии на 1908 год. – Эривань: Типография Губернского Правления, 1908. Отдел IV, с. 13.

[3] Памятная книжка Эриванской губернии на 1908 год. – Эривань: Типография Губернского Правления. 1908. Отдел IV, с. 16.

[4] Обзор Эриванской губернии за 1901 год. – Эривань: Типография Губернского Правления, 1902. -35 [4] с. / с. 9.

дай товарларды сатып алууда, Ирevандын негизги жана маанилүү кардарга айланышына, анын соода-экономикалык байланыштарынын өнүгүшү, губерниянын ички уезддери менен болгон карым-катнаштын жакшырышы, ошондой эле, Россия жана Гаджар мамлекеттери менен болгон байланыштар товар алмашууга жакшы шарттарды түздү. 1908-жылы Иреван калаасынан 909 021 рублга товар алынып чыкса, ал эми 3 120 296 рублдин товары сырттан киргизилген[1]. 1910-жылы калаадан 891 616 рублдик товар алынып кетсе, 3 116 700 рублдик товар киргизилген[2]. 1912-жылдагы көрсөткүчтөр: 1.098.105 рублдин товары чыгарылса, 3. 262.389 рублдин товары киргизилген[3].

Калаадагы соода иштеринин болуп көрбөгөндөй ылдамдык менен өсүшү Иреванда дүңүнөн соода кылган мекемелердин, б.а. 1-соода гильдиясына таандык болгондору көбөйгөндөн болду. 1914-жылы калаада бир акционердик коом жана 7 соода үйү[4] болгон. Иревандагы соода үйлөрүнө мүнөздүү болгон өзгөчөлүк алардын продукция өндүрүү менен катар товар алмаштырууга барышып, сооданын бардык тармактарына киришкендиги болгон.

Иревандын тышкы соода иштеринде, мурдагыдай эле, негизги орунда Гаджар мамлекети жана Осмон империясы менен болгон мамиле түзгөн. Бул мамлекеттерге Иревандан меиз, бадам, кургатылган жемиш кактары, төрт түлүк мал, тери, пахта алынып барылса, ал жактан: кант, кумшекер, керосин жа ар түрдүү кездемелер ташылган[5].

Жыйынтыктап айтканда, Иреванды орус аскерлери ба-

---

1 Памятная книжка Эриванской губернии на 1910 год. – Эривань: Типография Губернского Правления. 1912, с. 46.
2 Там же, с. 16.
3 Там же, с. 105.
4 Там же, с.185.
5 Обзор Эриванской губернии за 1901 год. – Эривань: Типография Губернского Правления, 1902. -35 [4] с./ с.13.

сып алуу учурунда, жана падыша өкмөтүнүн колониалдык саясатынын негизингде, Иреван калаасынын соода жүргүзүүсүнө бир-топ зыян келтирилген. Бирок, XIX кылымдын соңунда, XX кылымдын башында, ошол мезгилге мүнөздүү болгон капиталды чордондоштуруу жана борборлоштуруу саясатынын үстөмдүгү менен, ошондой эле, коммуникациянын өнүгүшү, банк бөлүмдөрүнүн тамырланышы, калаада ири соода түйүндөрүнүн, акционердик уюмдардын, соода үйлөрүнүн пайда болушу ж.б. факторлор өнүгүүгө түрткү болуп, Иреван калаасы кайрадан негизги маанилүү соода түйүнүнө айланып, Азербайжанда эле эмес, Түштүк Кавказ менен Алдыңкы Азияда алдыга чыкты.

### 3.3. Транспорт жана байланыш

**Транспорт.** Түштук Кавказдын көптөгөн шаарларындай эле, Иреван (Эривани – ред.) калаасындагы транспортук-коммуникациялык структуралар, XIX кылымдын экинчи жарымынан башталып, капиталисттик чарба жүргүзүү формасы ишке кирип, өзгөчө өндүрүш тармагында, анын артынан соода-сатык да ылдам өнүгө баштаган. Түндүк Азербайжандын экономикасы Россиянын эл-чарбасынынын бирдиктүү бөлүгүнө айланып баратканы транспорт тармагынын өнүгүшүнө таасирин тийгизди. Бул бай өлкөнүн байлыгын көбүрөөк ташып кетүүгө болгон умтулуу өрчүгөн сайын, анын байланыш түйүндөрүн жакшыртууга ыкчам мамиле жасала берди.

50-жылдары жана 60-жылдардын башында Лысогорск менен Абдалярдын (Карабахта) ортосуна жол салынды. Евлах – Шуша – Герусы –Нахычыван – Иреван шоссе жолу Түндүк Азербайжандын бир катар райондорун туташтырууда оорду чоң болгон. Бул соода-экономикалык байланыштардын чыңдалышына, өзгөчө Борбордук Орусия менен Түндүк Азербайжандын, ошондой эле Иран менен болгон

мамилеге көптөн-көп таасир эткен. Гянджечайдын үстүнөн чоюндан көпүрө салынган, Агусин шоссе жолу узартылган[1].

Түштүк Кавказда темир жолдорун салуу планы 1861-жылы бекитилип, бирок аны ишке ашыруу 1867-жылы гана башталган. 1872-жылы Потиден Тифлиске чейинки темир жолунун курулушу аяктаган[2].

1883-жылдын 8-майында Тифлис менен Бакунун ортосунда каттаган темир жолу ишке киргизилген, бул крайдагы чоң өзгөрүүлөрдүн бири болду[3].

Иреван калаасына темир жолун алып келүү бираз кечирээк ишке ашат, XX кылымдын башында, бирок, 80-, 90-жылдарда Эриван губерниясына темир жол салуунун пландары иштелип, кандай салуунун ыкмалары тандалып жаткан. 1894-жылдагы «Эриван губерниясынын абалы» жыйнагы тастыктагандай, «Тифлистен Александрополь, Карс жана Эриванга темир жолу кандай салынаары талкууланды. Эривань калаасынан башталган темир жол линиясы, долбоор боюнча, аны жандай өтүп, Чарпах, Джафар-Абад, андан ары соолуп калган Селяв-Мастара дарыясынын оң жээгин бойлой, Карабурун бекетинин жанынан өтүп, Богутлу тоосу жана Кара-Кула менен Кызыл-Кула кыштоосун аралап, Селяв-Мастарудан өтүп, Арпачай өзөнүнүн сол жээгин бойлой, Гегерчин айылынын урандысын аралап өтүп, Бугдашан, Кызыл-Килиса, Кешач, Казар-Абат, Товшан-Кышлак жана Баяндур айыларын аркылуу Дагарлы айылынан, Карс линиясы менен туташат[4].

Колубузга тийген документтерде көрсөтүлгөндөй, XIX кылымдын башынан аягына чейин жол-транспорт инфраструктурасы Иреван калаасын Орусия аскерлери 1827-жылдын октябрында басып алгандан кийин, дегинкиси

[1] История Азербайджана, 2, с. 230.
[2] История Азербайджана, 2, с. 230.
[3] Там же, с. 231.
[4] Обзор Эриванской губернии за 1894 год, Отд. V, с. 187.

өнүккөн эмес. 1837-жылдагы «Эриван калаасынын статистикалык абалы туурасында Рапорт» документинин байланыш түйүндөрү бөлүмүндө «суу аркылуу агызып жеткирүү калаада жок болгондуктан, ал эми кургак жолдордун абалы түзүк; Заңги дарыясынан кечип өткөрүүгө болбойт. Калаада болгону бир көпүрө бар. Почтанын кыймылы, жүктордү ташуу, курьерлердин эстафетасы жана чоң жана капталдардагы тракттардан ары-бери каттагандар үчүн, 16 ат кармаган, жалгыз почта станциясы бар»[1].

28 жыл өткөндөн кийинки «Эриван шаардык полициясынын 1865-жылдагы шаардын абалы боюнча Отчету» документинде: «Эриван калаасында шоссе жолдору жок. Почта жолдорунун узундугу 17 чакырымга созулуп жатат, алар оңдоого муктаж. Калаада чоңу-кичинеси болуп 23 көпүрө бар. Почта станциясы бирөө, анда 21 ат кармалат»[2].

Ошентип, жогоруда айтылгандардан корүнүп тургандай, белгиленген убакыт мезгилинде Ереван калаасында болгону көпүрөлөрдүн саны гана көбөйгөнү болбосо, ал почта бөлүмүндөгү жылкынын саны беш атка өскөн.

Түштүк Кавказ аймагында жол-транспорт инфраструктурасынын өнүгүшү XIX кылымдын 70-жылдарында башталган. Граждандык курулуш башкармалыгынын башкы инспекторунун Кавказ наместнигине жазган отчетунда көрүнуп тургандай, Тифлис – Ереван жол участкасында жүргүзүлгөн иштер жол-курулуш комитети тарабынан жүргүзүлүп «жолдорду курууга, шоссени оңдоого албастан, 1872-жылдан 1875-жылга чейин 725.000 рубль жумшалып, алгач каржыланган 1.800.000 рублиди кошкондо, бардыгы 3.525.000 рублды түздү. Жумушту бүткорүүгө 2. 270.000 рубль талап кылынган. Бул суммага курулган жолдор: Тифлистен Эриванга чейин, ошондой эле Эривандын ары жа-

[1] Развитие Еревана после присоединения Восточной Армении к России. (Сб. документов, 1801-1917 гг), с. 424.
[2] Там же, с. 429.

гындагы Арпачай участкасы, Делижандан Гамзачеманга (Александрополь шоссеси), ошондой эле, Элизаветполдогу (Баку жолунда) темир көпүрөлөр салынды. Пайдалуу дагы ыңгайлуу дагы багыт катары Тифлистен Джульфага кеткен жолду салууда Тифлистен Эриванга жетүү үчүн, 1865-жыл жана андан кийинки жылдар аралыгында Виньча шаарындагы иликтөөдө, Тифлистен чыккан жол Кызыл-Көпүрө аркылуу, андан ары, Иор-арх, Акстафа дарыясынын сол жээгин бойлой – почта станциясына жетип, анан Акстафа дарыясынын жогору жагындагы Гёкчөнүн ашуусунан ашып, андан ары Гёкчө көлүнүн жээгиндеги Еленовкадан өтүп, Занге суусуна паралель кетип Эриванга чейин жол салынды»[1].

Отчетту андан ары караганыбызда, «Тифлистен Джульфага чейинки жолду салууда, 1865-жылы башталганда, жумуштар участкаларда жүргүзүлгөн; шоссе жолдор Эриванга чейин 250 чакырымды түзүп, Кавказ крайындагы өтө эле узун шоссе жолу болуп эсептелет»[2].

Отчетто кызыгуу жаратарлык жагдай, анын экономикалык анализинде көрсөтүлгөн Тифлис – Ирeван жолуна кеткен финансылык чыгымдары. Аны карап көрсөк, «негизинен бул Тифлис –Эриван жолу, Тифлистеги эски бажыкананын жанынан, 184,72 саржан бийиктикте башталып, Эриванга жеткенде деңиз деңгээлинен 461 саржан бийиктикке көтөрүлүп, жолдун узундугу 250 чакырым 62 саржанды түзгөн жолдун чыгымы – 1.712.200 рублды түздү, жде орто эсеп менен алганда бир чакырымына 6849 рубль кетти. Бул чыгымды Орусиянын ички губернияларындагы жолдоруна кеткен чыгымга салыштыра турган болсок, өтө эле үнөмдүү болду десек болот. Жол Байланыштары Министрлигинин 1871-жылдагы журналында жарык көргөн маалыматта, 1870-жылы Орусияда болгону 7363 чакырым шоссе жолдо-

---

[1] Кавказский календарь на 1876 год. Тифлис, 1875, отд. II, часть 2, сс. 95-96.

[2] Там же.

ру болуп, алардынбул жолдорго кеткен чыгымдын колөмү 85½ миллион руб., ар бир чакырымга кеткен чыгым орто эсеп менен 11.600 раблди түзөт»[1].

Түштүк Кавказ коммуникация системасындагы Иреван участкасына булар мүнөздүү: «Закавказиядагы маанилүү жолдордун бири болгон Акстафтагы темир жол линиясына бир бутак кошулат, өзүнүн стратегиялык жана соодадагы мааниси боюнча: бул – шоссе, рельса жолун Делижан аркылуу, бир, Эривань менен, ал экинчи тарабынан, Александрополь жана Карс менен… сиздердин көңүлүңүздөрдү шоссе жолуна бургум келди, ал Эривандан чыгып, анын үстүнө, ушул эле жол менен перстердин жүктөрүнүн басымдуу бөлүгү Джульфадагы, Ордубаддагы жана Шаруурдагы бажыканалар аркылуу «тазаланат»…Бул жол шоссе жолу»[2].

Андан ары автор «соода айландыруу жагынан Эривань – Закавказиядагы Бакудан кийинки экинчи орунда турат. Жергиликтүү товарлардан болгон пахта менен винодон тышкары, Эривань Персия менен болгон соодада да орчундуу оорунду ээлейт. Дегинкиси, персиядан келген товарлардын анча-мынчасынан башкасы, ушул жерде сатылат, башка кожоюндун колуна тийгенден кийин сырткы оромолун алмаштырып, андан ары соодаланат. Бул жерге Адербеджандын ар кайсы тарабынан перстер чогулушуп, өз товарларын сатып, орустукун сатып алышат. Бул жер Персияга жана ал жактан келген товарлар жүрчү станция»[3].

Жогоруда белгиленгендей, Иреван калаасынын өнүгүшүнө Тифлис – Александрополь-Иреван – Джульфа темир жолунун курулушу миинилүү болду.

1ё895-жылы Тифлис – Карс темир жолунун курулушу башталды; 1899-жылдын 1-декабрында бул жол эксплуата-

[1] Кавказский календарь на 1876 год, Тифлис, 1875, отд. II, ч.2, с.99.
[2] Фон-Гребнер А.В. Торговые дороги Закавказья. СПб., 1896, с.41.
[3] Там же, с.43.

цияга берилди.

Александрополь-Иреван жолун куруу боюнча изилдөө иштери 1894-жылы эле аяктаган, Тифлис-Карс жолунун изтлдөөсү менен бирге, бирок анын акыркы проектиси 1898 жылы гана бекитүүгө сунушталган. Бул темир жол проекти боюнча Александропольдон чыккан жол Сардарабад жана Улуханлы аркылуу өтүп, орустар менен перстердин чек арасына жакын жайгашкан Джульфага чейин салынмак, Улуханлыдан 13 чакырым аралыктагы Иреванга кирбестен. Ошол жылдын июнунун акырында, шаардык дума өзүнүн чукул чакырылган жыйынында, буга тиешелүү оргaндардын алдында Александрополь-Джульфа жолун Иреван аркылуу салуу маселесин кабыргасынан коюп, 6 адамдан турган комиссия түздү. Шаардык думанын тадлдабы канааттандырылган жок: Иреван тупикте калды, негизги жол Улуханлы аркылуу өттү, калааны өзүнчө бир бутак менен туташтырып[1].

Иреван жолунун салтанаттуу ачылышы 1902-жылдын 5-декабрында өттү.

Закавказ темир жолунун түштүк магистралынын акыркы бөлүгү болгон Иреван-Джульфа участкасы Александрополь-Иреван линиясынан кийин салынды. Анын курулушу 1906-жылы аяктады, ошондой болгону менен бул жолдогу каттамдар регулярдуу болбоду. 1916-жылы Джульфаны Тебриз менен тута штырды[2].

Ошентип, темир жолдору Иреван үчүн байланышуунун негизги артериясы болуп калды. Бирок, ошону менен бирге, калаанын экономикалык өнүгүшүндө шоссе жолдору менен жергилитүү жолдор дагы орчундуу ролдорду аткарышты.

Рельсасыз жолдор, Иреван-Эчмиадзин-Игдыр жолун оңдоп-түзөө аскердик бийликтин өтүнүчү менен 80-

---

[1] Акопян Т.Х. Очерк истории Еревана. Изд. ЕГУ, Ереван, 1977, с.228.

[2] Там же.

жылдары башталып, 1913-жылга чейин жүргүзүлүп, акыры мамлекеттик маанидеги жолго айланды, мындан тышкаркы Иреванга кирип-чыккан кара жолдор мурдагы абалында эле калды. Мурдагыдай эле, Иреван үчүн рельсасыз жолдордун негизгиси катары Иреван-Агстафа шоссесинин мааниси зор болгон, бирок темир жолу салынгандан кийин ал деле маанисин жоготту. 80-жылдары Ирeвандан алып чыгарылып, 100 чакырым аралыкка жеткирүүдө ар бир пуд жүккө 25 тыйын зарпталчы. Кийинчирээк, 90-жылдары, XX кылымджын баштарында жүктү фрахтоо бир кыйла кымбаттады, бирок, темир жолунун салынышы менен Иреван-Агстафа багытында жүк ташуу көлөмү кескин төмөндөдү[1].

Темир жолдорунун курулушу жана жөнөкөй жолдордун оңдоп-түзөтүлүшү калаадагы соода иштеринин жакшырышына өбөлгө түздү, өзгөчө тышкы жана транзиттик соодада. Жүк ташуунун көлөмү жогорулап, алып келинген товарлардын ассортименти көбөйүп, соода жана соода-өндүрүштүк компаниялары пайда боло баштады.

Падыша өкмөтү ар тараптуу аракеттенип, Эриван губерниясы жана башка чек арага жакын жайгашкан аймактагылар товарды чет өлкөлөрдөн ташыбай, Орусиянын базарларынан алышына шарт түзүлдү.

XIX кылымдын 90-жылдарында Эриван губерниясынын борбору болгон Ириван калаасы менен Орусиянын ортосунда эки жүк ташыган компания: «Надежда» жана «Русское товарищество» иштеген. Такталбаган маалыматка караганда, темир жолдору салынганга чейинки 8-9 жыл аралыгында, бир жылдын эле ичинде (1813-ж.) «Надежда» компаниясы Иреыван-Агстафа жолу аркылуу 215 942 пуд жүк жөнөтүп, 103 280 пуд ар кандай жүк ташып келиптир. Ошол эле жылы «Русское товарищество» 285 000 пуд жүк жөнөтүп, 90 000 пуд товар ташып келиптир. Ирeвандан пахта,

[1] Акопян Т.Х. Очерк истории Еревана. Изд. ЕГУ, Ереван, 1977, с.228.

жер-жемиш, вино, спирт, коньяк, ал Орусиядан: кездемелер. Темир буюмдар, ошондой эле кант, дан азыктары ж.б.[1] Темир жолдору курулгандан кийин, Орусиянын ар кайсы аймактарынан алынып келинген товардын түрлөрү көбөйдү. XX кылымдын башында Иреванга келген товарлардын муурда саналгандарынан башка, курулуш тактайлары, нефть, антрацит ж.б. эскерилет[2].

Ireван мамлекеттен эч кандай дотация алган жок. Тескерисинче, мамлекеттик-административдик чыгымдардын арбын бөлүгүн шаардын каражатынын эсебинен жабышкан. Шаар дайыма карыз үстүндө болуп келген. Негизинен, мына ушунун айынан шаарда клуб, оорукана жана башка объектилерди куруу улам кийинкиге жылдырылып, булардан да көбүрөөк каржы талап кыла турган таза суу чыгаруу, көңкө (темир жолунда ат чегип жүргүзө турган вагондор), электр станциясын ж.б. шаардын каражатынын эсебинен куруу таптакыр мүмкүн эмес эле.

Биринчи көңкө куруу маселеси чечилди. Аны эксплуотацияга берүүгө чейин шаарда кареталар менен жүрүү менен гана чектелишкен. Кареталар кымбат болуп, аны менен жалаң гана бай шаардыктар жүрүшчү. Жумушчунун бир күндүк тапкан акысы шаардын бир четинен темир жол вокзалына чейин эле төлөгөнгө жетчи. Шаардагы кареталар менен арабалардын саны 100 чамалаш болучу[3].

Калаада көңкө куруу маселеси күн тартибине XIX кылымдын 90-жылдарында коюлган. Мурда белгилегендей, шаардын бюджетинде көңкө курууга каражат жок эле. Жападан жалгыз жол, анын курулушун акционердик коомдорго же жеке адамдарга берүү болгон.

1895-жылдан баштап, ар кандай компаниялар менен

[1] Там же, с.229.
[2] Акопян Т.Х. Очерк истории Еревана. Изд. ЕГУ, Ереван, 1977, с.229.
[3] Там же, с. 267.

айрым бир шаардык жарандар калаа башкармалыгына жана думага көңкөнүн курулушу боюнча келиши түзүү сунуштары менен кайрылышты. Алардын арасында шаар үчүн өтө ыңгайлуу жана пайдалуусу инженер-механик А. Бабовдун сунушу болду, ал эки долбоор менен кайрылган, бири көңкөнүн курулушу болсо, экинчиси суу түтүктөрүн куруу болгон[1].

1903-жылдын 2-майында бул эки долбоор тең биротоло бекитилди. 1904-жылдын февралынын акырында көңкөнүн курулушу башталды. Бир аз убакыттан кийин бул курулуш башка бир адамдын колуна өтүп, ал өзүнүн өкүлү аркылуу иревандагы көңкөнүн курулушун улантты[2].

Келишимдин шарты боюнча, узундугу 4 чакырым болгон көңкө жолу эки бөлүктөн туруп: бирнчиси негизги базар менен темир жол вокзалын туташырса, экинчиси, ошол эле базарды Астафьев көчөсүндө жайгашкан соттун кеңсеси менен байланыштыруу болгон. Көңкөнүн бекитилген долбоорун алгандан кийин, аны бир жарым жылдын ичинде куруп, эксплатацияга ташыруу керек эле. Арендага алган киши, көңкө жолун жакшы карап. Чегерилген тарифтерди кармануугa милдеттендирилген. Көңкөнү иштетүүдөн түшкөн каражаттын 20% калаа казынасына өткөрүп, 80% арендатор өз алган. Иштин жүрүшүн көзөмөлгө алуу үчүн шаар башкармалыгы атайын комиссия түздү. Астафьев линиясы 16- сетябрда колдонууга берилип, ал экинчи, вокзалга кеткен линия 1906-жылдын 11-декабрында аяктады. Көңкөнүн курулушу концессионерлерге 100 000 рублга турду[3].

Көңкөнүн вагондору чакан болуп, катуу жана кунар-

[1] Акопян Т.Х. Очерк истории Еревана. Изд. ЕГУ, Еревн, 1977, сс.267-268; Развитие Еревана после присоединения Восточной Армении к России. (Сб. документов, 1801-1917 гг.), Ереван, 1978, с. 342.
[2] Там же.
[3] Развитие Еревана после присоединения Восточной Армении России. (сб. документов, 1801- 1917 гг.) Ереван, 1978, сс. 333-335.

сыз эле. Анын жүрүшүнүн атайын расписаниеси аныкталган, бирок ал тез-тез бузулуп турган.

Линияда чоң техникалык мүчүлүштүктөр бар болучу. Ошентип, көңкө деле транспорт проблемасын чечкен жок. Ал кең аймакка созулган калаанын бир бучкагында эл ташып, ошондо джа бир калыпта иштебеген. Көңкөдө жүрүү өтө жай болуп, ага караганда жөө басуу ылдамыраак болгон. Көнүмүш болгон араба менен каретада жүрүү дале күчүндө эле.

1913-жылы автомобильдин келиши менен калаанын транспорттук каттамдары анча деле өзгөргон жок. 1914-жылдын башында, калаада атайын техника-курулуш компаниясы иштей баштап, ал жеке адамдарга же мекеме-ишканаларга, компанияларга ар кандай маркадагы жүк ташуучу жана жеңил автоунааларды сунуштады. Бирок, ал кездеги автоунаалар техникалык жактан анча жакшы болбогон, саны деле азыраак болгондуктан, анын бар-жогу калаада анчалык деле байкалбаган[1].

1918-1920-жылдары дашнак башкаруусунун убагындагы келишимдин негизингде шаардын башкармалыгы менен концессионер Мирзоев менен макулдашып 1918-жылдын августунан баштап көңкөнүн иши токтотулду.

**Байланыш.** Падышалык өкмөт, өлкөнүн экономикасынын өнүгүшү үчүн байланыш каражаттарынын мааниси зор экенин түшүнүп, анын ичинде ички жана тышкы байланыш түйүндөрүн орнотууда, Түндүк Азербайжанды басып алгандан кийин, бул регионду башкарууда кезиккен кыйынчылыктарды эске алуу менен, ошондой болсо да, биринчи кезекте бул ишти жолго коюуга бир катар аракеттерди көрүп, бирок айта кетишибиз керек, XIX кылымдын ортосуна чейин бул маселеде жылыш болтура алган жок.

Андыктан, окупациянын башталышында кандай бол-

---

[1] Акопян Т.Х. Очерк истории Еревана. Изд. ЕГУ, Еревн, 1977, с. 268.

со. Кийин деле, тагыраак айтканда, XIX кылымдын 60-жылдарында Түштүк Кавказ регионунун башка аймактарындай эле, Иреванда деле биринчи кезектеги коммуникация каражаттарын – почта түйүндөрүн курууга алылыктуу иш-аракети болбогондуктан, бул тармак алынча, акырындап жылып отурган. Бир жагынан, бул падышалык өкмөттүн колониалдык саясаты – билип туруп четки аймактардын өнүгүшүн атайылап солгундаткан (коммуникацияга бөлүнгөн каражаттар бекринен Ички иштер министрлигинин көзөмөлүндө болбосо керек)[1] десек, экинчи жагынан, байланыш түйүндөрүнүн өтө начар абалда болгону, почта байланышынын ишин солгундаткан. Бул жолдордун көпчүлүгү, айыл жолдору болгондуктан, таштак, баткак, укур-чукуру көп кезиккен.

Дөңгөлөктүү унаанын жоктугунан почта бул жолдордо жалаң гана мингич унаалар менен ташылган. Бул кызматты, негизинен төө, ат жана букалар аткарган.

Ошол мезгилде, почта ташыган жолдор же Иревандан башталган, болбосо, Иреван аркылуу өткөн, алар төмөнкүлөр:[2]

а) Негизги (чоң) почта жолу, Иреван аркылуу өтүп Эчмиадзинге, андан ары Гюмриден Нахчыван жана Ордубадга ташыган жол;

б) Иревандан – Зодго – Карабахка почта ташыган жол;

в) Иревандан – Баш Абаранга –Джалалоглуга;

г) Иреван – Эчмиадзин – Карс почта жолу;

Экономикалык көз караштан алганда Иреван үчүн өтө маанилүү жол катары Тифлиске Джалалоглу менен Бузовдаг аркылуу кеткен жол эсесптелген.

Мурда белгиленгендей, XIX кылымдын 60-жылдарында почта кызматын өнүктүрүүдө алгылыктуу деле өзгөрүш

---

[1] Azərbaycan tarixi. 7 cilddə, IV c. Baki, c.236.

[2] Акопян Т.Х. История Еревана (1801-1879). Автореферат, дис. На соис. ст. д-ра ист. Наук. Ереван, 1980, с.24.

болгон эмес: ошондой эле, мурда деле почта ташыган негизги унаа катары, токулган жаныбарлар эсептелген. Ирევандан Тифлиске жана башка багыттарга да ташылган жүктөрдүн арасында, негизги орунду буудай, ун менен пахта ээлеп, анан бул процесс өтө кымбатка турган. Мисалы, бир фунт буудайды ИРевандан Тифлиске жеткирүү, орто эсеп менен 60 тыйынга турган, анда Приаразх долинасынан Иреванга алып келинген ар бир фунт жүк, болжол менен ушундай эле, 60-80- тыйынга турган.

Бул жүктөрдү ташуунун наркы Орусиядан (мисалы, Тамбов областынан)[1] импорттолгон эгиндин наркы менен бирдей болгон. Алибетте, мындай абал жолдордун ыңгайсыздыгынан, жергиликтүү рельефтин татаалдыгынан, почта каражаттарынын аздыгынан улам Иревандын башка региондор менен жүк алмашуусун төмөндөткөн.

Көрсөтүлгон мезгил аралыгында, почта катнашынын начар өнүккөнүнөн Иреванда болгону бир гана почта станциясы иштеп, анда болгону почта ташыган 16 ат болгон[2].

1865-жылдагы маалыматта, Иреван калаасында болгону бир гана почтс станциясы катталганы менен кызматтагы аттардын саны көбөйүп, 21 жеткен[3].

Белгилей кетчү жагдай, бул почта станциясы империядагы эл аралык, немис жана француз тилдериндеги корреспонденцияларды ташыган станция катары саналган[4]. Булактарга таяна турган болсок, ошол кезде, калаадагы почта жолдорунун жалпы узундугу 17 чакырым болгон. Бул жолдордун бузулгандыгы, жана почта ташууга болгон өтө зор

[1] Гольмсен Н.А.Приараксинская долина и Тифлис-Эриванская торговая дорога//Сборник сведений о Кавказе, т. IX, Тифлис, 1885 г., с. 43.
[2] Развитие Еревана после присоединения Восточной Армении к России. Сборник документов. 1801-1917 гг. Ереван, 1978 г., с. 424 (сост. Акопян Т.Х.).
[3] Там же.
[4] Календарь на 1873 год. Под редактором А. Гапцука, М., 1873 г., сс.190-195.

талаптар, ошондой эле, бул маселени чечүүгө 300 рубл бөлүнгөндүгү тууралуу маалымат дагы булактардан өз ордун тааптыр[1].

XIX кылымдын 60-жылдарындагы край турмушундагы саясий, экономикалык жана маданий өзгөрүүлөр, байланыш каражаттарынын жаңы түрлөрүнүн келип чыгышына түрткү болду.

1864-жылдын 21-январында Тифлис-Иреван-Нахчыва-Джульфа телефон линиясынын ишке берилиши менен, Нахчыванды Джульфа[2] менен байланыштырган, Түндүк Азербайжандын аймагында биринчи жолу байланыштын жаңы түрүнө – телеграфка[3] жол ачылды. Бул байланыш түрү, Дилижан аркылуу өтүп, Тифлис менен Иреванды байланыштырды[4].1868-жылы Бакудан-Тифлиске телеграф линиясы өткөрүлүп, Тифлис менен Баку калааларын байланыштырда.

Айта кетчү жагдай, телеграф байланышы ишке ашкан соң почта байланышын такай ишке ашырып туруу мүмкүнчүлүгү түзүлдү.

Түндүк Азербайжандын бардык аймактарындай эле, Иревандагы почта-телеграф мекемелери, Ички иштер Министрлигине баш ийгендиктен, мамлекетке караган.

Почта-телеграф тармактарынын тыкыз байланышта болгонун эске алып 1884-жылы падыша өкмөтү бул эки тармакты бириктирип почта-телеграфтын Башкы башкармалыгын түздү[5]. Бул жаңылык, Түндүк Азербайжандын ай-

---

[1] Развитие Еревана после присоединения… сс. 428, 436.

[2] Багирова Р.Г. Возникновение и развитие телеграфа в дореволюционном Азербайджане. Известия АН Азербайджанской ССР. Серия экономики, 1968, № 3, с. 61.

[3] РГИА, ф. 1289, оп.1, д. 1919, лл. 218, 223 об., 233, 234, 236; Багирова Р.Г. Указ. работа, с.61.

[4] Кавказский календарь на 1868 год. Тифлис, 1868 г., с. 134; Памятная книжка Эриванской губернии на 1902 г. Эривань, 1902 г., отд. V, с. 40.

[5] Почтово-телеграфный, 1905, №4, с.375; Багирова Р.Г. Указ. работа, с.

магында, Ирevандын почта жана телеграф тармактарына да тиешелүү болгон.

Жогоруда аталган байланыш тармактарынан айрымаланып, Азербайжанда өтө тездик менен телефон байланышы өнүгө баштаган. 1876-жыдын 14-февралында Вашингтондо официалдуу түрдө телефон байланышы ишке киргенден кийин, 1880-жылдын сонунда Баку шаарында, алгачкы болуп «Кавказ жана Меркурий» кеме жолдору компаниясы тарабынан телефон линиясы тартылды[1].

Мамлекеттик мүлк болуп эсептелишкен почта жана телеграф ишканаларынан айрымаланып, телефон ишканалары жекекапиталисттик мекеме катары калыптанды (1881-жылы кабыл алынган мыйзам, жеке жактарга телефон линияларын тартып иштегенге уруксат берди)[2].

XIX кылымдын акыркы чейрегинде телефон байланышы көптөгөн шаарларда кадимки эле байланыш каражатына айланып калган кезде, Иревандагы почта-телеграф мекемелеринин кайдигерлигинен, бул калаанын турмушуна шыдыр кире албады. Иревандагы почта-телеграф кеңсеси эмнегедир байланыштын бул түрүн өнүктүрүүгө шашкан жок.

Акыры, 1896-жылы, биринчи болуп, Иреванда телефон байланышын жүргүзүү маселеси көтөрүлдү. Тилекке каршы, бул маселе бат эле унутулуп, анан 5-6 жылдан кийин кайрадан көтөрүлүп, талкууга алында. 1902-жылдын январынын башында Иреван шаар башчылыгы Тифлис почта-телеграф округуна Иреванда телефон линиясын куруу сунушу менен кайрылды. Округдун башчысынын шаар администация башчысына жазган катында алды менен мамлекеттик телефон байланышы канча абонент колдоноорун тактоону сунуштады. Катта, ошондой эле, ички телефон

---

61.

[1] Кавказ, 1880, № 279; Azərbaycan tarixi, 4 с., с. 237.

[2] Azərbaycan tarixi, 4 с., с. 237

түйүнүн түзүү маселеси, ошондой эле, телефон колдонуудагы абоненттик акынын жогорулугу ж.б., жогоруда айтылган тизмедеги талаптар аткарылганда гана. Телефон линиясы тартылаары жазылган[1].

Иреванда телефон түйүнүн куруууда, белгилей турган жагдай, калаадагыкаалаган компания же мекеме телефон линиясын курууга концессиялык түрдө катыша ала тургандыгы, жана аларга чексиз укук берилери расмий айтылган. Мындай укук берилгенине карабай, бир катар сүйлошүүлөр жана талкууларга карабай, кайра эле бул маселе эстен чыгып калды. 7 жыл убакыт өткөндөн кийин гана, 1909-жылы, Даниянын Бакудагы консулу Л. Биеринг менен бир катар сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп отуруп, консулдун концессинердик кызматы аркылуу Иреван менен Александрополдо телефон линиялары тартылаары аныкьталды. Бул маселе боюнча Биерингдин Иреван губернаторуна кат жүзүндө кайрылуусунун негизинде, ага, Кавказ наместнигини ортомчулугу менен укук берилген. Калаа думасы менен белгилүү консультацияларды өткөрүп, бул тармактагы абалды тактагандан китйин, Иреван губеринясынын башчылары телефон линияларын тартуу тууралуу жылдын этегинде Биерингге бир катар талаптар менен оң жооп жазышты[2].

Акыры, дагы бир ишкер, инженер-электрик Н.В. Фалаза, Иреванда телефон түйүнүн курууга белсенгенин билдирди. Мындай абалдан пайдаланып, калаа жетекчилиги губернаторго жогоруда аталгандардын ортосунда конкурс өткөрүү аркылуу 75 рубль болгон абоненттик акыны азайтуу сунушу менен кайрылды[3].

---

[1] Акопян Т.Х. Очерк истории Еревана. Ереван, 1977, с. 274.

[2] Акопян Т.Х. Очерк…, с. 275.

[3] Там же, с. 307. Некоторые вышеизложенные факты отличаются от данных, приведенных а сборнике, состаавленном тем же автором и относится к 1901 году, при этом Биеринг там представляется в каче-

Акыры, 1912-жылдын январында, өкмөт тарабынан Ириван калаасында телефон линиясын жүргүзүүгө расмий уруксат берилип, тагыраак айтканда, долбоор жактырылып, кабыл алынган.

Ошол эле жылдын нгоябр айынын башында, Тбилисидеги почта-телефон округунун механиги Кукулинский жана жумушчулардын тобу Иреванга жиберилип, шаар телефон түйүнүн түзүп, телефон аппараттарын орнотуу башталат[1].

Белгилей турган нерсе, долбоор боюнча Ереванда телефон линиясын куруу үчүн 30-40 абонент куерек бюолсо, ошол эле 1912-жылдын соңунда, абоненттердин саны 80 адамга жетти. Абоненттердин катарына биринчи кезекте «Русское общество навигации и торговли», Шутовдун вино-коняк чыгарган заводу, губерния башчылыгы, округдук сот, шаардык оорукана ж.б. шаардагы ишканалар менен мекемелер, ошондой эле, калаада атактуу адамдар тизмеге киргизилди.

Болжол менен алты айдын ичинде, телефон линияларын тартуу менен аппараттарын орнотууга кеткен чыгымдар акыбетин кайтарып, акыры, 1913-жылдын 13-майында Иреван телефон станциясынын салтанаттуу ачылышы болду.

Ошентип, Ереванда почта, телеграф жана телефон кызматтарын ишке киргизүү өзүнүн оң таасирин тийгизип, шаар турмушу жакшырып, шаардыктар үчүн бир кыйла жеңилдиктер пайда болду.

---

стве не частного, а юридического лица, т.е. речь идет о предприятии «E.F. Biering and Ko». В том же сборнике указывается, что предлогалоось снизить абонентскую плату до 70 рублей, в место 75 руб. См.: Акопян Т. Развитие… с. 307.

[1] Акопян Т. Очерк…, с. 275.

# IV БӨЛҮМ

# КАЛААНЫН КООМДУК-САЯСИЙ ЖАНА МАДАНИЙ ТУРМУШУ

## 4.1. Калаанын коомдук-саясий турмушу

Капиталисттик мамилелеридин Азербайжанда ыкчам өнүгүшү XIX кылымдын акыры менен XX кылымдын башында улуттук аң-сезимдин ойгонушуна алып келип, калктын коомдук саясий активдүүлүгүн жаратты. Мындай факторлордун жаралышы оор жашоо шартта жашап жаткан жумушчуларды ансыз да, социалдык-саясий укуксуздукка кириптер кылып, эзилүү сазына терең батырып, улуттук сезимдерин тебелегени аларды күрөшкө түрттү.

XX кылымдын башында империяда экономикалык кризис башталып, башка улуттук округдардай эле, Ирeванды дагы оор акыбалга кириптер кылды. Ошол жылдары жумушчулар менен аларды кожоюндары катарында ишке салгандар менен айыгышкан тирешүү күч ала баштаган 1901-1904 жылдар эле. Вино-коняк чыгарган заводдордо Сараджев менен Шустов заводдорунда, гимназияларда (эркектердин да, аялдардын да) толкундоолор менен бирге үгүт революциячыл маанайдагы баракчалар таратылып жатты.[1]

Наразычылык толкуну акырындап каршылык көрсөтүүгө айланып бараткан шартта Иреван губерниясында па-

[1] Овсепян С.М. Деятельность большевиков и революционное движение в Ереване (1901-1920 гг.) Автореф. дисс. кан. ист. наук. Ереван, 1971, с. 8.

дыша өкмөтү 1903-жылдын 12 июнунда армян-григориян чиркөөсүнүн оокаттарын секуляризация (конфискация – ред.) кылуу мыйзамын кабыл алып, анын кесепетинен армян калкынын каршылыгын күчөтүп, армян кыймылы Түштүк Кавказды, анын ичинде Иреванды да каптады.

Бул мыйзамды ишке ашырабыз деп армяндардын куралдуу каршылык көрсөтүүсүн жаратып, бул күрөш бир нече жылга созулду. Ошентип, «өздөрү аны каалабаса да армяндар биринчи болуп абсолютизмге каршы күрөшкө чыгышты».[1]

Иревандагы күч алаган иш таштоо кыймылын темир жолчулар баштап, натыйжада Тифлис-Иреван-Гюмрю жана Карск багытындагы поезддер бирж ума жүргөн жок. Андан соң, Иревандагы дагы бир-нече ишкананын жумушчулары менен кызматкерлери иш таштоого кошулду. Мурдагы жылдардагы толкундоолорго салыштырмалуу бул жолу иш таштагандар ишкана ээлерине бир катар экономикалык жана саясий талаптарды коюшту.[2]

1905-жылдагы иш таштоо кыймылы почта-телеграф кызматкерлеринин узакка созулган, 15-ноябрдан 23-декабрына чейинки толкундоолорунан кийин токтоду.[3]

Толугураак айтканда, белгилей ктк турган жагдай, Иревандагы революциялык кыймылдын өзүнчө өзгөчөлүгү болгон. Маселен, Вакудагы, Тифлистеги ж.б. иш таштоо толкундоолору менен салыштырсак, бул жерде жумушчулардын каршы чыгуу акциялары кинчирээк башталып, себеби бирлешкен борбордук жетекчилиги болбогондуктан, айрым бир гана социал-демократтык багыттагы майда топтор аркылуу башкарылып, айрым учурларда тетири багытка

---

[1] Süleymanova S. Azərbaycanda ictimai-siyasi hərəkat (XIX yüzilliyin sonu –XX yüzilliyin əvvəlləri). Baki, 1999, c. 208.

[2] Арутюнян А.Б. Народы Закавказья в борьбе против царизма в годы первой русской революции. Ереван. 1957. С. 54.

[3] Акопян Т.Х. Очерк истории Еревана. Ереван, 1977, с. 256.

кетип, айтор, бул жердеги толкундоолор уюшуусуз, чаржайыт мүнөздө өнүктү.

Ошол себептүү, бул кыймылга уюшмалуулук жана бирбагыттуулук берүү максатында, калаадагы социал-демократиялык группалардын башын бириктирүү керек болгон. 1905-жылдын майында Россия Социал Демократиялык Рабочий Партиясынын (РСДРП) Кавказ крайдык комитетинин чечими менен Ереванда жыйналыш болуп, анда РСДРПнын Иреван шаардык комитетин түзүү чечими кабыл алынган. Белгилей кете турган жагдай, ошол кездеги бийлик башындагыларды төнкөрүшчүл күчтөр өтө кабатырлантанкандыктан, алар ар кандай кадамдарга барышкан, жада калса улуттар аралык жаңжал чыгаруудан кайра тартышкан эмес. Ошол эле кезде, бийлик башындагылардан тышкары, революция абалынан пайдаланып калалы деген да күчтөр болгон, өздөрүнүн ишке ашыра албай жүргөн пландары, максаттары менен. Маселен, ошол учурда, бийликтегилер куралданган армяндарды мусулмандарга каршы тукуруп, ал эми, мусулман отряддарын армяндарга каршы үгүттөп, «дашнактар, гнчакистер, элдик көтөрүлүш класстык мүнөзгө айланып кетпеши үчүн, аза күтүү кийимдерин кийинишип, кара желектерди көтөрүп алышып, улуттук гана маселелерди козгоп, аза күтүүгө чакырышып, армяндар жашаган жерлерде башка улуттарга тиешелүү нерселердин бардыгын жок кылуу чакырыктарын кыйкырышып» жүрүштү.[1] Мурда айтылгандай, армян авторлору, падыша өкмөтү максатына жетүү үчүн «Дашнакцютунду» пайдаланып, «элдерди бири-бирине карама-каршы тукуруп», анан ушул партиянын армян элинин келишкис душманы деп эсептешкен.[2] С. Шаумян өзүнүн «Дашнакцютун» деген эмгегинде

---

[1] Məmmədov İ. İrəvan dəftəri. İctimai fikir tariximizin qəribsəyən üfüqləri. Baki, 2002, c. 48.

[2] Арутюнян А.Б. Народы Закавказья в борьбе против царизма в годы первой русской революции, Ереван, 1957, с. 63.

«эч кандай принциби жок, ашынган реакциячыл партия, армян коомчулугун шовинизмдин уусуна сугарган», – деп, – «дашнактардын саясатынын беткабын сыйрып, армян эмгекчилерине алардын чыныгы жүзүн көрсөтүүгө» чакырган.[1]

Ал «Дашнакцютун алсыз, ашынган бети жок партия болуп туруп, жада калса дашнакцакандардын (өз мүчөлөрүнүн) арасында деле анчалык таасири болбогону менен армяндар менен татарлардын (азербайжандардын) ортосунда душмандыкты күчөткөн. Дагы бир армян лидери – А.Мясникяндын, ушул партияга байланыштуу айткандарын карайлы: «Дашнактар психикасы өтө кооптуу саясий авантюристтердин партиясы… алар негедир, ишенимдүү жана эч кандай жазага тартылышпастан мусулмандарды кырышкан». Дашнактар, «Түркияда түрктөрдү кырышып», анан Кавказды түрктөрдөн «тазалайбыз» дешип, А.Мясникян аларга «такай мусулман жегичтер» катары мүнөздөмө берген. Ал жазгандай, «алардын түркөфобствосунун чеги жок эле… Дашнакчылардын саясатынын жетер чеги… Арменияны бардык мусулмандардан тазалоо, биринчи кезекте, жек көрүнчү татарлардан жана… түрктөрдөн. Дашнакцютун ушинтип ойлогон оюн ишке ашырууга аракеттенген. Мусулман айылдарын өрттөп, элин кыргынга учураткан»[2].

Ушул окуяларга байланыштуу дагы бир армян окумуштуусу В Ананикяндын пикирине кайрылалы. Анын пикиринде «Бул өтө коркунучтуу оору, Дашнакцютундун ырайымсыздыгы адам чыдагыс кайгы апкелди… бир катар күчтөрүн топтоп алгандан китйин, дашнакцютун аренага чыгып, кавказдыктарды өлтүрүп, үйлөрүнө нефть чачып өрттөдү»[3].

---

[1]Акопян. Т.Х. Очерки истории Еревана. Ереван, 1977, с.256.

[2] Мясникян А.Ф. Избранные произведения. Ереван, 1965, сс.360, 361, 634, 643, 644; Məmmədov İ. Tariximiz, torpa\imiz, taleymiz. Baki, 2003, c. 493.

[3] Məmmədov İ. Tariximiz, topra\imiz, taleymiz. Baki, 2003, c.489.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, армяндардын айрым авторлору менен лидерлери өз убагында тарыхый чындыкка таянышып, жеткиликтүү далилдердин негизинде «Дашнакцютунду» армян калкынын душманы деп жазышып, кийинки мезгилдерде деле ошол позицияны карманышкандардын айрымдары, XX кылымдын 80-жылдарында армян тектүү көптөгөн авторлор, мурда дашнакчылардын бетин ачып, алар келтирген зыяндарды ачык айтышып, алардын бийликке келиши армян элине болгон чыккынчылык дегендер, кийинки кездерде алар тууралуу оң пикир жаратууга аракеттенишип, дашнак өкмөтү демократиялык принциптердин негизинде иш алып барууда дешүүдө. Эгерде алардын табияты менен принциптери өзгөрбөстөн калганын эске ала турган болсо, бул метамарфоза, жок эле дегенде, акыл эси бар адамды таңкалтырат.

Белгилей турган жагдай, Азербайжандагы коомдук-саясий жана улуттук уюмдар ошол XX кылымдын башында уюшулган. 1904-жылдын октябрында азербайжан интеллигенция өкүлдөрү тарабынан уюшулган улуттук социал-демократиялык «Гуммет» уюмунун таасири бүткүл Түштүк Кавказ сыяктуу эле, Ереванда да күчтүү болгон. Айта турган болсок, бул коомдук уюм формалдуу түрдө, РСДРПнын Баку Комитетинин бөлүмү катары каралганы менен, иш жүзүндө өз алдынча аракеттенген уюм болгон[1]. Бул мезгилде, уюштуруу иштери жаңыдан башталган чакта, азербайжан интеллигенция өкүлдөрүнүн көңүлү социал-демократтар тарапка оогонун мындай түшүнсөк болот, азчылык тараптын укуктары бузулуп жаткан кезде, большевиктер партиясынын өкүлдөрү тарабынан улуттук маселеге маани берилип, шексиз түрдө революциялык-демократиялык маанайдагы интеллинеция менен жумушчуларды көп нерседен үмүттөндүрүп, өзүнө тарткан. Жогоруда айтылгандай, баш-

[1] Azərbaycan Xalq Cümhuriyyəti Ensiklopediyasi. 1 c. Baki, 2004, c.430.

ка жактардай эле, Иреванда дагы «Гуммет» уюмунун бөлүмү иштеп аткан. Бул бөлүм, Тифлистеги «Мусулман социал-демократтар (меншевиктер) «Гуммет» партиясы тарабынан, 1905-жылы уюшулган. Бул тууралуу такталган маалымат бөлүмдү уюштуруучулардын бири Мир Багир Мир-Гейдарзаденин автобиографиясында ачык жазылган. Ал мурда Тифлисте молдо болгон, кийин Н. Нариманов менен таанышкандан соң социал-демократия идеологиясына өткөн. Анын автобиографиясында: ««Гумметтин» бөлүмүн Батуми, … Иреван жана Нахчыванда уюштуруп, ошондой эле, жумушчулардын арасында үгүт иштерин жүргүзүү үчүн… Тифлистеги уюмдан бул жакка командировкага жөнөтүлдүм»[1].

1905-жылы Иранда революция башталганына байланыштуу «Гумметтин» аракети бир кыйла өстү. Гумметчилер, Ирандагы революциянын жеңиши менен Түштүк Азербайжанды эркиндикке чыгаруу үмүттөрүн байланыштырып, айта берсе болот дегендей, ошол революцияга катышышты. Көп жерлерде иран революционерлерине жардам көрсөтүү пункттары ачылды. Түштүк Азербайжанга жардам көрсөтүү комитетине Н.Нариманов, М.Б. Мир-Гейдарзаде, А.Байрамов ж.б. кирди. Көмөк көрсөтүү иши 1908-жылдагы Тебриз көтөлүлүшү убагында андан бетер көбөйдү. Ыктырчылардын саны, алардын арбын бөлүгү азербайжандар болгон, 800 адамга жеткен эле, Тебриз калаасын коргоодо алардын 50 сү курман болушту[2]. 1911-жылы Иран революциясын баскандан кийин, Орусияда гумметчилер куугунтукка учурап, кармалгандары туткунга айдалышты, бул, алибетте, шаар, уезд, оодандардагы «Гуммет-

---

[1] АДПДУДП АР, f. 456, s 18, iş 73, м.5; Багирова И.С. Политические партии и организации Азербайжана в начале XX века. Баку, 1997, с. 41.

[2] Магеррамов Дж. Пролетариат Азербайджана и Иранская революция 1905-1911 гг. Автореферат канд. дис. Баку, 1987, с. 19.

тин» филиалдарына, анын ичинде Иревандагы бөлүмүнө да таасирин тийгизди. (Ошол убакыттан кийинки маалыматтарда «Гуммет» тууралуу эчтеке табуу мүмкүн эмес. 1917-жылдан кийин гана «ГШуммет» коомдук кыймылы кайрадан калыбына келип, ишин улантты).

Улуттук-саясий күчтөрдүн активдешүүсү жана революциялык кыймылдын тынымсыз күчкө келе башташы императордук чексиз бийликтин кулашына алып келди. Падышалык өкмөт, мурда ар түрдүү ыкмаларды колдонуп, «токоч» берип алдоо менен катар «камчы» менен согуп башкаргандан, эми өзүнө мүнөздүү ыкма болгон – улуттар арасына от жагуу аркылуу аларды бири-бири менен кагыштырып, бийлигин сактап калууга далбастады.

Падышалык башкаруунун ою боюнча, революциялык кыймылдын күчөгөн кезинде бул ыкма, элди падышаны тактан кулатуу максатынан адаштырып, элдик пикирди башка нукка буруу. 1905-жылдын февралында Бакуда башталган армян-азербайжан кагылышуусу бири-бирин кырууга апкелип, натыйжада XX кылымдын акырына чейин бул эки калктын ортосуна ташталган чагым, улам кайталанып, жанып келди. Ошентип, бул кагылышуу Иревандын азербайжандар жашаган квартылана жетип, өлкөнүн коомдук-саясий турмушуна тетири таасирин тийгизди.

М.С.Ордубади[1], жана М.М.Наввааб[2], Иревандагы кандуу окуялардын күбөлөрү катары, деталдуу түрдө өз чыгармаларында чагылдырышкан: « 24-31-майга чейинки аралыкта калаада үйлөрдү өттөп, тынымсыз ок жаадырган армяндарга бийлик тарабынан эч кандай чара көрүлгөн жок, тартип бузгандарды жөнгө салууга аракет кылуу, бийлик тарабынан болбоду. Армяндар каалашынча элди атышып, үй-жайга кол сала беришти. Аларга эч ким жолтоо болгон

[1] M.S. Ordubadi. Qanli illər. Baki, 1991.
[2] M.M. Nəvvab. 1905-1906-ci illərdə ərməni-müsəlman davasi. Baki, 1993.

жок»[1]. Бийлик органдары байкоочулук позицияны кармап, арaң дегенде 31-майда гана абалды түзөтүүгө белсенишип, карама-каршылыктарга бөгөт койо баштады. Ошол күнү бийликтегилердин демилгеси менен А. Эиванскийдин үйүндө жоолугушуу болуп ага мусулмандардын казысы шейхульислам менен армян эпископу жана дагы башка эки элдин өкүлдөрү катышты. Ушул жолугушууда араздашууну токтотуп, келишүү чечимине макул болушту, анданкийин Иреванда, бир аз убакыт болсо да, атышуу токтоду. Калаада тынчтык өкүм сүргөндөй абал түзүлгөнү менен, чет жакадагы айылдарда талап-тоноолор, өрт коюулар, талкалоолор улана берди. М.С. Ордубади ошондогу армян вандалдарынын кылгандарына мындай мүнөздөмө берген: «Иревандын магалы өрт каптаган тоого айланды, атырылган вулкандай болуп, кудай деген мусулмандарды күйгүзүп, думуктуруп жатты»[2]. Таң калтырган жана өкүндүргөн факт, бул окуяларда григориян чиркөөсү менен армян дин кызматкерлери вандалдарга «батасын» берип, кыйратуу, өлтүрүүлөрдү колдоп эле тим болбостон, өздөрү дагы ошол процесстерге катышканы болду.

Ар кайсы чет элдик, анын ичинде америкалык дагы авторлордун чыгармаларында[3], келтирилген тыянактар бар: «армяндар менен мусулмандар ортосундагы араздашуунун тамыры армян чиркөөсүндө катылган», алар саясатка кийлигишип, «сепаратизм менен экстремизмге жол ачышкан», – деп жазышкан. Бул айтылгандар, XIX кылымдын акырында, региондо башталган окуялар жүрүп отуруп курчуганын, ортодо калыс позиция кармангандардын объективдүү пики-

---

[1] M.S. Ordubadi. Göstərilən əsəri, с. 25.

[2] M.S. Ordubadi. Göstərilən əsəri, s.7; Məmmədov İ. İrəvan dəftəri. İstimai fikir tariximizin qəribsəyən üfüqləri, с. 48.

[3] Weems S. Armenia. Sekrets of a “Christian” Terrorist State. Dallas. St. John Press, 2002, pp.10, 14, 44; Дж.Маккарти, К.Маккарти. Тюрки и армяне: Руководство по армянскому вопросу. Баку, 1996, с. 14.

ри десек болот. Акыйкаттык үчүн айта кете турган дагы бир жагдай, «1905-жылдын июнундагы шейхульислам менен епископтун тынчтык келишимин түзүү боюнча жоолугушуусунда шейхульислам жай баракат, чын ыкыласынан тынчтыкка чакырса, епископ, тескерисинче, өтө агрессивдүү түрдө мамилени тынчтык жолу менен оңдоого каршы чыккан. Жыйынтыгында, бул жоолугушууга катышкан бийлик өкүлү генерал Шведов менен Ирандын консулу, тынчтык келишимин түзүүгө жетише алышпады[1].

«Дашнакцютун» бул учурда мусулмандарга, негизинен түрктөргө каршы өзүнүн иш-аракетин кеңейтээринен бийликтегилердин кабардар экенин, алар менен болгон кат алышууларынан көрүүгө болот. Мисалы, Виттеге жолдонгон Воронцов-Дашковдун докладында: «Дашнактар толугу менен Кавказдагы мусулмандарга каршы күрөш уюштуруу менен алектенүүдө»[2], – деп жазылдан. Столыпин болсо Воронцов-Дашковго мында мазмундагы кат жолдогон: «Дашнакцютун» партиясы. Негизинен полициянын милдеттерин өзүнө алды… Ал соттук жана административдик бийликке ээ болуу менен, чоң көлөмдөгү акча каражаттарын чогултуп, курал-жарак сатып алып, устаканалар менен лабораторияларды бомба жасоочу жайларга айландырып… өзүнүн түрмөсүн куруп, эркиндигинен ажыратып жана акчалай штрафтарды салууда. Аталган уюм өкмөт тарабынан таанылып, ачык эле аракеттенүүдө…»[3].

Армяндардын улуттук партиялары, анын ичинде «Дашнакцютун» да бар, өздөрүнүн мусулмандарга эле эмес, жалпы адамзатына каршы турган саясатын жүргүзүүдө «Улуу Арменияны» курабыз дешип, «бөлүп башкар» деген позициядан чыга албай, эч качан Түштүк Кавказдагы элдер-

[1] Həyat, 1905, 9 iyun.
[2] Арутюнян А.Б. Народы Закапвказья в борьбе против царизма в годы первой русской революции, с. 63.
[3] Там же.

дин тынчтыкта жашашына шарт түзүүгө умтулбаган өкмөт органдарынын көз алдында, XX кылымдын башында катуу аракеттене баштаган, бирок, алардын бул уюшмалары XIX кылымдын акырында эле пайда болушкан[1].

Дал ошол мезгилде, армян улутчулдарынын Осмон мамлекетиндеги диверсиясы ишке ашпай калган кезде, алардын аракетинен көптөгөн армяндар жабыр тарткандан кийин, аталган партиялар иш аракетин Түштүк Кавказга көчүрүшкөн. Ошентип, региондогу, буга чейин тынчтыкта эле жашап келишкен тургундардын турмушунда оор күндөр башталып, мезгил-мезгили менен саясий буйрутма аркылуу өлтүрүлгөндөр, кыйратуулар, карапайым калкты массалык түрдө армян улутчулдары кырып салган учурлар кайталана берди.

Белгилей турган жагдай, улутчулдук идеяларды Ирεвандын аймагында үгүттөгөн уюмдар туурасында архивдик маалыматтарда, так ошол XIX кылымдын акырында жазылгандары арбын кездешет. Ал документтерде көрсөтүлгөндөй, 1882-жылы эле Иреван калаасында «Армян кайрымдуулук коому» деген уюмдун бөлүмү иштей баштаган күндөн тарта өзүнүн уставында көрсөтүлгөн беренелерден аша чаап, өз алдына койгон максаттарында «армян калкынын биримдигине» жетишип, акыры «армян мамлекетин» түзүүнү көздөгөнү айтылат[2]. Ошол документтерде, жогоруда айтылгандарга кошумча Ireванда «Гайа-сер» жана «Аска-сер» деген саясий кружоктор болгондугу маалымдалат. Бул уюмдардын уюшулуп жаткан кезиндеги максаттары

[1] «Гнчак» был создан в 1887 году в Женеве, а «Дашнакцютун» – 1890 году в Тифлисе. Создание другой националистической армянской партии – «Арменикан» 1885 году в Марселе. Еще в начале XIX века на территории Османского государства общество «Спасатели армянской общины» можно считать предшественником выше названных организаций. См.: Наджафов Б. Лицо врага. История армянского национализма в Закавказье в конце XIX – нач. XX вв. Баку, 1993, сс. 11-55.

[2] РГИА в Санкт-Петербурге, ф. 1405, оп. 83, д. 11224, л. 237.

армян тилин өнүктүрүү, армян маданиятын көтөрүү, мектептерин ачуу болсо, кийин ал максаттарын өзгөртүшүп, «эркин армян мамлекетин» курууну көздөп калышканы жазылган. Бул максаттарына жетүү үчүн ошол уюмдар өздөрүнө бардык каражаттарды колдонуу мүмкүн дешип – армян жаштарын «тарбиялоо», деги эле, армян коомун даярдоодо коркутуп-үркүтүү, анан калса, айрым бул максаттарына каршы чыккан орус кызмат адамдарынын көзүн тазалоого чейин барышып, купуя каражат топтоо жана Осмон империясынын аймагында күрөш жүргүзүү үчүн чогулган акчага курал-жарактарды сатып алуу болгон[1].

Жогоруда аты аталган кружок-уюмдардын мүчөлөрү айрым бир, алар армян элинин, армян тилинин жана дининин душмандары деп эсептешкен чиновниктерге каршы практикалык аракетке өткөндөрү бийлик органдары тарабынан бул кружоктордун иш-аракетин көзөмөлгө алууга болду. Белгилүү болгондой, бул кружоктордун негизги максаты армян коомун тарбиялоо жана окутуп-чокутуу эле болбостон, «максаттарынын негиги маңызы Орусия манан Осмон мамлекеттерине каршы багытталган иш-аракеттерди жүргүзүп, өздөрүнгүн мамлекетин куруп, түрк армяндарына жардам берүү үчүн каражаттарды топтоо»[2] болгон.

Алибетте, бул кружоктордун аракеттеринен саясий мүнөздү көрүүгө болоорун, аты аталган өлкөлөрдүн аймагында жашагандарына карабай, алардын кызыкчылыгына каршы багытталганын бийлик органдары жакшы түшүнүшкөн. Балким, ушул окуяларга байланыштуу бул кружоктордун мүчөлөрүн жазага тарткандан кийин, падыша, армян мектептерин жабуу тууралуу буйрук чыгарганы, мүмкүн, Иреванда болгон окуяларда белгилүү өлчөмдө роль ойногондур.

Белгилей кете турган жагдай, армяндардын улутчул-

[1] РГИА в Санкт-Петербурге, ф. 1405, оп. 83, д. 11224, л. 237.
[2] Там же.

дук партиялары «Ганчаг» менен «Дашнакцютун» өз аракеттеринде кандайдыр деңгээлде жакындашканы менен, армян элиннин кеңири чөйрөсүнүн аң сезимине таасирин тийгизүүдө дайыма атаандашып келишкен, өзгөчө «Дашнакцютун» өзүнүн экстремисттик маанайы менен айрымаланган.

1903-жылдагы мурда эскерилген мыйзамда армян чиркөөсүнүн эмеректерин конфискациялоо жарыяланган соң, дашнакчылар онтойлуу учур келгенин сезишип, өздөрүнүн аракекттерин географиялык дагы үгүт иштерин жүргүзүүдө дагы бир топ кеңейтишти. Ошол күндөн тарта «ар бир армянин орус бийлиги менен күрөшүүдө партияга жардам берүүгө өзүн милдеттүүмүн деп эсептеди»[1].

Ireванда ошол учурда болуп жаткан иш таштоолордо жетектөөчү ролду социал-демократтар ойногон, бирок «Дашнакцютун» жумушчулар кыймылына кошулуп, аларга улуттук мүнөз берүүгө аракеттенген. Аталган партиянын регионалдык бөлүмдөрүн түзүүдө, а.и. Иреван комитетин да, Түштүк Кавказдагы 7 регионалдык комиттердин бири катары, «Миркастан» деген жашыруун ат менен аракеттенген[2]. Иреван комитетинин иш аракетин белгилей кетишибиз керек, башка региондордун комитеттериндей эле, Иреван аймагы менен эле чектелбестен, Нахчыванда ж.б. аймактарда деле аракеттене берген[3].

Жогоруда айтылгандай, ошол кезде Иреванда иш таштоо кыймылы күч ала баштаган. 1906-жылдын августунда Тифлис көпөстөр банкынын Иреван бөлүмүндө иштеген кызматчылардын иш таштоосу 1905-1907-жылдардагы калаада өткөн иш таштоолордун эң эле туруктуусу, күчтүүсү жана узак убакытка созулганы болду. Були ш таштоону со-

---

[1] АОПДУДП АР, ф. 276, оп. 8, д. 465, л.21; Наджафов Б. Лицо врага. История армянского национализма в Закавказье в конце XIX – начале XX вв. Баку, 1993, с. 132.

[2] Дашнаки (Из материалов Департамента полиции) Баку, 1990, с. 13.

[3] Дашнаки (Из материалов Департамента полиции) Баку, 1990, с. 14.

циал-демократиялык уюму жетектеп, калаанын администрациясына 10 пункттан турган талап коюшту. Ошондой эле, бул иш таштоого кошулган тараптардын, мисалы – усталардын жардамчыларынын дагы суроолору канаатандырылды. Иревандыктардын бул иш таштоосу үч ацйга созулду – августтан ноябрга чейин[1]. Калаанын башка мекеме-ишканаларында ноябрь-декабрь айларында өткөн көтөрүлүштөрдүн баары эле жеңиш менен бүткөн жок, ошондлой болсо да, айрым бир талаптар аткарылды. Андан кийинки убакта, реакциондук режимдин күчөтүлүшү жана кугунтуктоолор, Иреван калкынын күрөшүн бир аз басаңдатты, бирок, толугу менен токто албады. Айта турган болсок, 1917-жылдагы февраль революциясына чейин, жыл сайын Ирevандын жумушчулары өз укуктары үчүн күрөшкө чыгып турушту[2].

Эсепке алуучу жагдай, ошол кезде, Иреван калаасында бир катар армян коомдору менен уюмдары болуп, алардын көпчүлүгү жардамчы уюмдар болушуп, негизинен «Дашнакцютунга» баш ийишкен. Алардын ичинен белгилей тургандары. Профсоюздар, «Кызыл чакмак» уюму, окуучулук уюмдар, а.и. «Иреван армяндарынын окуучулук бирикмеси», «Армян аялдар коомунун армян ыктыярчылар группасына жардам» ж.б. Дашнактар бул уюмдардын баш ийиши менен эле чектелип калышкан эмес. Ошол эле кезде дашнактар жаштарды чогултуп алып, «чайханаларда», алардын башын «Бир стакан чай» деп аталган уюшмаларга бириктиришкен[3].

1906-жылдын жазындагы кагылышуулардын кайрадан

[1] Акопян Т.Х. Очерк истории Еревана, с. 259.

[2] Акопян Т.Х. Очерк истории Еревана, сс. 256-260.; Овсепян С.М. Деятельность большевиков и революционное движение в Ереване (1901-1920 гг.). Автореф. Дис. Кан. Ист. наук, Ереван, 1971, с. 19.

[3] Məmmədov İ. İrəvan dəftəri. İctimai fikir tariximizin qəribsəyən üfüqləri, s. 189; Дашнаки, сс. 15-17; Акопян Т.Х. Очерки истории Еревана, с. 308.

башталганы, өкмөткө караштуу аскерлердин байкоочу катары, эч кандай чара колдонбой, армяндардын агрессивдүү аракеттерине кайдигер мамиле кылышы, жөн гана, армяндарга жардам беришкендей таасир калтырып, бийлик органдарынан жардам үмүт кылуу түккө турбасы билинип, 20-февралдан 6-мартка чейин Тифлисте, наместник И.И. Воронцов-Дашковдун председателдиги астында өткөн элдешүү съездинде армяндар ар кандай шылтоолор менен элдешүүгө каршы турушу, азербайжан элинин бир бөлүгүн армян террористтерине сокку бере ала турган мусулман уюмун түзүүгө түрткү болду.

1906-жылдын кыш, жаз, жай мезгилдеринде дашнактар көпчүлүк аймактарда кайрадан коога салып, а.и. Ереван калаасында да, көптөгөн азербайжандарды кырып ийишти. Мындай шартта азербайжан улутунун А. Агаев башында турган интеллигенттери ««Дафаи» Кавказ мусулмандарынын коргонуу комитетин» түзүү чечимин кабылдашты. «Дафаинин» негизги милдети, анын БК Бакуда жайгашып, анын милдеттерине Азербайжандын батыш райондорун көзөмөлдөө кирген[1], а.и. Иреван дагы бар, куралданган дружиналарды уюштуруп, куралсыз бейкам жашаган азербайжандарды тишине чейин куралданган дашнактын каракчы отряддарынан (хумбалардан) коргоо, ошондой эле, падыша өкмөтүнүн чагымчылдык кадамдарына, аныгында, террористтик актылардын артында турушканы себеп болон[2]. 1906-жылдын октябрынын ортосунда Түштүк Кавказда, а.и. Ереванда да «Дафаинин» үгүт баракчалары таркатыла баштады, орус жана азербайжан тилдеринде[3]. Бул баракчаларда, комитет, азербайжан элине зыян көрсөтүп, зомбулук кылгандарга, бийлик башындагы кызматкер болгонуна ка-

---

[1] Багирова И.С. Политические партии и организации Азербайджана в начале XX века (1900-1917), Баку, 1997, с. 171.

[2] Azərbaycan Xalq Cümhurieeəti Ensiklopediyasi, 1 c., Baki, 2004, c. 306.

[3] ГИА Ар, ф. 62, оп.1, д. 59, л.163.

рабай терродук сокку ураарын белгилеген. Ошол кездеги башка партиялардан айрымаланып, «Дафаи», элдин калың катмарына сиңип, өз катарына активисттерди тартып, иш-аракетин Иреван каласында да кеңири жайылткан. Бул партия, такай куугунтукка алынып, бийликтин көзөмөлүнөн таптакыр чыгарылбагандыктан, ар качан легалдуу болгон уюмдардын атынан иш жүргүзүүгө мажбур болгон. Бул, негизинен, эл агартуучулук жана кайрымдуулук иштерин жүргүзгөн «Ниджат», «Нашри-маариф» жана «Иревандагы мусулмандардын кайрымдуулук коому»[1] уюмдары эле.

Мобуреки фактыларды айта кеткенибиз туура болоор: жогоруда айтылган уюмдардан бир далай мурдараак Иреванда агартуучулук иш жүргүзгөн уюм болгон. Бул аялдардын «Ыйык Рипсиме» коому болгон, ал өзүнүн ишин XIX кылымдын 50-жылдары эле баштаган. Алгач ишин баштаганда анын 63 мүчөсүнүн 8 азербайжан кыз-келиндери болсо, 1865-жылга келгенде алардын саны 42 ге жеткен[2]. Негизинен чиновниктердин, аскер кызматындагылардын, бектердин жана башка аристократтардын үй-бүлөсүнөн чыккан бул аялдар, кайрымдуулук ишине аралашкандан кийин, аял затын караңгылыктын сазынан сууруп чыгып, кат тааныганды үйрөтүп, орустун жана европа маданияттары менен тааныштырууну көздөшкөн. Алар өздөрүнүн балдарын Орусия менен Европанан эң жакшы деп эсептелген окуу жайларынан окутушуп, келечекте өз элине татыктуу кызмат өтөөлөрүн каалашкан[3].

1917-жылдын февралында падышанын тактан кулаганы тууралуу маалымат Иревандагы коомдук-саясий абалды ого бетер дүүлүктүрдү. Калаа турмушунда жаңы этап – де-

---

[1] Документы по русской политике в Закавказье. Баку, 1920, сс. 7, 19, 35.
[2] Вышка. 1990. 23 сентября; Süleymanova S. Azərbaycanda ictimai-siyasi hərəkat (XIX yüzilliyin sonu – XX yüzilliyin əvvəlləri) Baki, 1999, c. 181.
[3] Вышка. 1990. 23 сентября; Süleymanova S. Azərbaycanda ictimai-siyasi hərəkat (XIX yüzilliyin sonu – XX yüzilliyin əvvəlləri) Baki, 1999, c. 181.

мократиялык коомду куруу үчүн күрөш башталды. Иреванда шаардык думаны шайлоо менен катар жаңы бийлик органын шайлоо да башталды – ал жумушчу менен солдат депутаттарынын Совети болучу. А чынында прогрессивдүү ойлонгон азербайжан интеллигенциясынын аракети менен сегиз коом жана уюм түзүлгөн, алар, «Иршад», «Иттихад», «Мюдафийеи-мезлуман» (Кор болгондорду коргоо) жана «Мусулмандар комитети»[1] эле. «Мюдафийеи-мезлуман» коомунан айрымаланып, башка уюмдар менен саясий бирикмелер калкты социалисттик идея үчүн революцияга үндөшпөй, улуттук ээркиндик жана мамлекеттүүлүктү орнотууга чакырык таштавкан болучу.

Ал эми, «Мюдафийеи-мезлуман» уюму болсо 1917-жылдын жазында экиге бөлүнүп, сол канатындагылар «Иреван социал-демократиялык уюм» деп аталып кетишти. Бул уюм, негизинен Ирevandагы азербайжандар мегнен иштешип, «Гуммет» уюму менен тыкыз байланышта болушканы белгилүү. Марксисттик кружокторду уюштуруп, ага азербайжандарды тартуу да ушул уюм менен байланыштуу. Бул уюмдун аракеттери катары саясий адабияттарды азербайжан тилине которуп, аларды таркатуу, азербайжан тилинде жарык көргөн «Гуммет» гезитин эл арасына жайылтуу болгон[2]. «Мюдафийеи-мезлуман» уюмунун активдүү мүчөлөрүнөн атактуулары Джалила Гасаноглы, Маммедали Насира Иревани, Гусйнага Шахтахтлы болушкан. Уюмдун мүчөсү Н. Иреванинин өз колу менен жазган документинде минтип жазылган: «1917-жылы мен «Мюдафийеи-мезлуман» социал-демократтар партиясына мүчө болуп өттүм»[3]. Армян

---

[1] Bürhani-həqiqət, 1917, № 3, 18 mart; Məmmədov İ. İrəvan dəftəri. İctimai fikir tariximizin qəribsəyən üfüqləri. Baki, 2002, с. 167.

[2] Мамедов И.С. Азербайжанская печать в Армении. Автореферат канд. дисс. Ереван, 1971, сс. 23-24.

[3] Məmmədov İ. Ermenistan azərbaycanlilarinin həyat salnaməsinden. İrəvan.1970, с. 17-19.

коммунисти Ваган Херонян өзүнүн мемуарында Г. Шахтахтлынын париялык иши жана коомдогу жашоосу тууралуу минтип эскерген: ««Мюдафийеи-мезлуман» уюмунун эң активдүү өкүлү болгон… ал партиялык тапшырма менен Джульфага жиберилген. Иреванга кайтып келатып, мекенине кайткысы келген качкындардын абалы менен таанышуу үчүн барып, келатканда атасы Бахшали жана бир тууганы Султан менен бирдикте жолдо өлтүрүлгөн»[1]. Белгилей турган жагдай, бул уюмга мүчө болуп азербайжандардан тышкары, армяндар дагы киришкен[2].

Бул уюмдун дагы бир өзгөчөлүгүнө дагы бир кайрылалы: «…дашнактардын Иреванда чардап кетишине чейин легалдуу эле аракеттенген, …бул уюм, өзүнө партия статусун ыйгарган, дашнактар бийликке келген соң жашыруун иштөөгө (подпольеге) өткөн[3]. Бул партиянын айланасын бириккен интеллигенция өкүлдөрү, Иревандын калкынын көбүрөөк бөлбүгүн тартуу максатында, негизинен жаштарды саясий күрөшкө тартуу үчүн «Эл аралык жаштар кеңешин»[4] түзүү демилгесин көтөрдү. Аталышынан эле байкоого болот, уюмдун максаты жаштарды көбүрөөк саясий күрөштөргө аралаштыруу, эң негизгиси Ирevandагы азербайжан жаштары менен армян жаштарын биримдикке уютуу[5]. «Эл аралык жаштар Кеңешинин» өзүнүн басма органы – «Жаштар Кеңеши»[6]* болгон.

---

[1] Məmmədov İ. Ermenistan azərbaycanlilarinin həyat salnaməsinden, c. 17-19.

[2] Dəmirli M., Məmmədli M. Azərbaycan tarixi. (Mühazirə mətnləri). Baki, 1997. C. 128.

[3] Məmmədov İ. Ermenistan azərbaycanlilarinin həyat salnaməsinden. İrəvan.1970, c. 17-19; Его же: İrəvan dəftəri. İctimai fikir tariximizin qəribsəyən üfüqləri. Baki, 2002, c. 168.

[4] Yoldaş, 1920, № 3; Axundov N. Azərbaycanda dövri mətbuat (1832-1920). Biblioqrafiya. Baki, 1995, cc. 36, 53, 70, 136.

[5] Yoldaş, 1920, № 3; Axundov N. Göstərilən əsəri, cc. 123-124.

[6] Мамедов И.С. Указ. работа, с. 26.

Ошентип, белгилей кетели, падыша өкмөтүнүн эзүүсүнөнө каршы күрөштө, эзилген улуттук саясатчылар, Ирeвандын калкы, азербайжан элинин ажырагыс бөлүгү болуп туруп, күрөшкө активдүү катышуусу, бул күрөштүн уюмдашуу мүнөзүн өзүнө камтып, саясий партиянын түзүлүү алдында экенинен кабар берет. Айрым бир, улутчулдук ышына капталган уюмдардан башкасы, Ireванда түзүлгөн коомдук уюмдар менен партиялар, күрөшүү ыкмалары ар түрдүү болгону менен, аларды эркиндик идеясы, эгемендүүлүк ышкысы бириктирген.

## 4.2. Агартуу, адабият, басма сөзү жана типография иштери

**Агартуу.** Түндүк Азербайжандын калкы эгемендикке жеткенден кийин, өз элинин өткөн тарыхына көз чаптырып, аны эч кандай бурмалап-коолдоосуз, таразалап изилдеп, үйрөнүүгө мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн соң, ошондой болсо дагы, анын кадиксиз зарылдыгын аңдап, изилдөө барышында жоолуккан объективдүү да, субъективдүү да мүнөздөгү каршылыктарга туруштук берүү зарыл. Бул, биринчи кезекте, саясий-идеологиялык өңүттөн алганда ылайыктуубу-жокпу, мурдагы бийликтердин, алды менен падыша өкмөтүнүн, кийин совет бийлигинин кавказ элдерине жасаган ырайымсыздыктары канчалык жымсалданган, тарыхый чындыкты алып чыгуу керекпи-жокпу, ошондой эле, коңшулардын чектен ашкан территориялык апетити сыяктуу маселелер актуалдуу.

Кыскартып айтканда, эстешибиз керек, XIX кылымдын башында Кавказдагы абал кандай эле, өзгөчө согушуу учурундагы саясий-укуктук кырдаал жана анын акыры эмне

---

* Об этом подробно см. в соответствующем разделе данной работы.

менен бүттү, ушулардын баары кийинки совет доорундагы изилдөөчүлөр тарабынан кандай анализделди, аң-сезимдин деңгээлинде каралдыбы, же «токтоолук» кылып бийликтегилердин этникалык абалга тийгизген таасири бурмаландыбы, бул жалпысынан, ал эми айрым учурларды карай турган болсок, Иреван, Нахчыва жана Карабах хандыктарында кандай болгон. Шыр эле айта кетишибиз керек, бул эч кандай деңгээлде ошол кездеги, бизге жеткен документтерге тиешеси жок.

Орусия 1804-1813-жылдардагы орус-иран согушунда Түштүк Кавказ аймагында жетиштүү деңгээлде армяндарды чогулта алган жок. Ошондой болсо да, алар Орусияга арткан үмүттөрүнөн жанышпады. Алар, 1822-жылы осмон империясынын Карс жана Эрзурум вилаеттериндеги армяндар генерал А.П. Ермоловго кайрылышып, андан «…биздлин куткаруучуларыбыз – орус аскерлеринин жакындап келишин»[1] өтүнүштү. 1826-1828-жылдардагы орус-иран согушунда, Түндүк Азербайжанда отурукташкан армяндар, орус армиясына активдүү жардам беришкен, анын ичинде, Иреван сепилин курчоого алганда да[2].

Орус-иран согушунун (1826-1828) орустар үчүн ийгиликтүү аякташы, орус-түрк (1828-1829) согушунан кийин армяндар үчүн кенен мүмкүнчүлүк ачылып, Туштүк Кавказга кургуштөп көчуп келе башташты. Бирок, Орусия Иран мамлекети менен тынчтык келишимин түзүүгө шашкан жок. Көбүрөөк бул согуштан пайда табууну көздөгөн Николай 1 И.Ф. Паскевичке мындай тапшырма берген: «персияндардын биринчи талабы тынчтык келишими болсо, анда ага кошулууга макулдугуңузду берүүнү алар менен талкуула-

[1] Нерсесян М. Из истории русско-армянских отношений. т.1, Ереван, 1956, с. 232; Тамже см.: Хаджар Вердиева, Рауф Гусейнзаде. «Родословная» армян и их миграции на Кавказ с Балкан. Эссе. Изд. «Елм», Баку, 2003, сс. 32-33.

[2] там же.

ңыз»; ошол эле кезде, император минтип жазган: «ушуга чейин Эривань сепилин ала албадыңыз, өзүңүздү Аракстан аркы кыртышына бутуңуз менен бекем туралбасаңыз, анда алар менен сүлөшүүгө барыңыз, бирок согуш аракеттерин токтотпоңуз. Качан гана жогоруда жазылган ийгиликтерге жеткениңизде, салгылашууну токтотуп, тынчтык келишимине макул болуңуз»[1].

Мындан ары окуялар өрчүп отуруп, 1828-жылдын 10-февралындагы Түркмөнчай келишиминин негизинде Иреван жана Нахчыван хандыктары Орусиянын карамагына өтүп, Түштүк Кавказдагы өзүнүн позицияларын бекемдеп алууга жетишкен падыша аскерлери, качкындарды көчүрүп келип отурукташтыруу позициясын активдештирди.

Өзгөчө орчундуу орунду келишимдин XV беренеси ээлеген, ага ылайык, «Азербайжан областынын бардык тургундары жана чиновниктери бир жылдык мөөнөт менен үй-бүлөсүн алып перстердин областтарынан орустарга өткөн жерлерге көчүп келүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан». Бул юридикалык жактан сыпаа жазылган тексттин ары жагында, биринчи кезекте, «персиядагы армяндар» деген маани жаткан.

Иран мамлекетиндеги армяндарды Түштүк Кавказга көчүрүп келип, Орусия аларды биринчи кезекте азербайжандар жашаган жерлерге – Иреван жана Нахчыванга, ошондой эле, Гарабахга, б.а. Түндүк Азербайжанга[2] отурукташтырды.

Каджар мамлекетинен 1828-1829-жылдары Түндүк Азербайжанга армяндардын күргүштөп көчүп келүүсүнүн

---

[1] РГИА, ф. 1018, оп.9, д.21, л.2; Там же см.: Хаджар Вердиева, Рауф Гусейн-заде. Указ. работа. с. 33.

[2] Собрание актов, относящихся к обозрению истории армянского народа (далее – Собрание актов), ч. II, сс. 167-369; Глинка С. Описание переселения армян аддербиджанских в пределы России. Баку, «Элм», 1990, с. 108, См.: Х. Вердиева, Р. Гусейн-заде, Указ. работа, с. 36.

натыйжасында мында 6 946 үй-бүлө, же 35 560 мигрант келген[1]. 1828-1829 жылдарда Иреван провинциясына 1 458 армян үй-бүлөсү отурукташтырылган[2].

1828-1829-жылдардагы орус-түрк согушунан кийинки түзүлгөн Андрианополь тынчтык келишими региондогу этноконфессионалдык абалга өзүнүн тактоолорун киргизди. Ушул келишим түзүлгөндөн кийин, түндүк Азербайжан аймагына армян качкындарынын агымы күчөдү. Алгачкы эки жылда эле – 1828-1829-жж – түрктөрдүн аймагынан Түштүк Кавказга, копчүлүгү Түндүк Азербайжанга, көчүп келгендердин саны 84 000 адамды түздү[3], алардын көбүрөок бөлүгү Иреван менен Нахчыван провинцияларында отуруркташты[4].

Калаа калкынын армян улутундагылардын саны табыгый жол менен эмес, механикалык кийлигишүү аркылуу алды менен Иреван хандыгында, андан кийин Иреван губериниясында көбөйсө деле, жергиликтүү азербайжан улутундагы эл Иреванда, өзгөчө Иреван уездинде (Иреван калаасын кошпогондо) тарыхый булакта жазылышынча 49% жана 53.5% кыяптуу, ошол эле кезде армяндар 48% жана 37%, негизинен ИРеван губерниясы боюнча 1897-жылга келгенде армяндар 53.2%, ал эми, 1916-жылда – 58.01% түзгөн[5].

Орус-иран жана орус-түрк согуштары жергиликтүү элдин башына түшкөн мүшкүл болуп, ал XIX кылымдын 30-жылдарында башталып, андан кийинки жылдардагы административдик-аймактарды бөлүштүрүү менен алек бол-

---

[1] Шопен И. Указ. работа, с. 539; См.: Х. Вердиева, Р. Гусейн-заде. Указ. работа, с. 38.
[2] Там же.
[3] Потто В.А. Утверждение русского владычества на Кавказе., т. IV, ч. II, с. 453.
[4] Там же, с. 455.
[5] См.: Х. Вердиева, Р. Гусейн-заде. Указ. работа, с. 147.

гон падышалык өкмөт карапайым калктын билим деңгээлин көтөрүү маселесин капарына да албаганы, жергиликтүү эл болсо ушундай шартта «каерде» жана «кантип» аман калабыз дешип күн көргөн эле.

XIX кылымдын башында, узак убакыт бою Кавказдагы азербайжан-түрк этносун агартууда жападан жалгыз билим очогу – медресе жана мектеб болгон. Алардын айрымдарында алгачкы билимди алуу үчүн азербайжандын көрүнүктүү маданият ишмерлери окуганы белгилүү. Кээ бир мектеб менен медреселер окуучуларга чыгыш тилдери жана адабияты боюнча сабактарды берген. Бирок, ошол эле учурда светтик билимдер бул окуу жайларында окутулбаган, окутулса да өтө үстүртөн окутулган[1]. Биздин көз карашыбызда, бул окуу жайлары балдарды сабаттуулукка үйрөтүүдө канчалык эмгек үрөгөнүнө алигече татыктуу баа бериле элек. Алгач мектебке келген балдарга араб алфавитин үйрөтүп, муундап окуганга көндүрүшкөн. Тыбыштарды кошуп окуганды үйрөнөөрү менен аларды Куранды окутууга киришкен.

Окутуунун кийинки этабы китеп окуу жана жазууну үйрөнүү болгон. Окуучулардын алгачкы китеби – пресидчеазербайжанча сөздүк болуп, андагы сөздөрдүн он чактысыц окуучу жаттап алууга жана анын эне тилиндеги маанисин түшүнүүгө милдеттүү болгон.

Мындай сөздүктөр шиит мектебтеринде сөзсүз окуу куралы катары колдонулган, ал эми, сунниттер мектебинде окуучуларга ыр түрүндө жазылган чакан китепчелерди берип (азербайжан тилинде, а кээде түрк тилинде) окутушкан.

Сөздүк менен иштөөнү өздөштүргөндөн кийин, окуучулар перс тилин андан ары окуй башташкан, аны болсо, китептерди саптап которуу аркылуу үйрөнүшкөн. Мектептерде колдонулган адабий китептерден Низами, Физули,

[1] История Азербайджана в 3-х томах. Баку, 1960, т.2, с. 101.

Хафиза, Саади жана башка Чыгыш классиктеринин поэмалары окутулган. Ошону менен бирге мектебтерде шарият эрежелери жазылган китептер (мусулмандардын укуктары) Молдо Мамедбагирдин жазуусунда, Надир шахтын сапарлар тарыхы («Тарихи-Надир»), ыр түрүндөгү араб-перс сөздүгү, перс тилиндеги туура жазуу китеби ж.б. Жазуу эрежелерин үйрөнүүнүн максаты, окуучуларга керектүү болгон эсеп китеби, соода кылуунун эрежелери ж.б. болгон[1]. Николай 1 өкмөтү Кавказ крайын багындырып алган соң, ал жактын мусулман элине диний кызматкерлердин тийгизген таасирин жакшы түшүнгөн. Ошондон улам, «… Закавказ крайын башкаруунун эрежелерин түзүү үчүн Комитеттин председателине жазылган сунуштардын кочүрмөсүндө сенатор барон П.В. Гананын, Кавказдын башкы башкаруучусу Е.А. Головиндин жана Закавказ крайын кайра куруп чыгуу Комитетинин мүчөлөрү» мындай деп «Мухаммеддин динин карманган дин кызматкерлери мурдагы бийликтер убагында өзгөчө аптыракатка ээ болушуп, бийликтегилердин да, карапайым элдин да урмат-сыйына арзышкан. … Динаятчылархандардын убагында өздөрүнүн адамдарга таасир эте турган ыкмалары болуп, элдин эсебинен белгилүү өлчөмдө киреше таап келген[2].

Андан ары Комитет мүчөлөрү белгилегендей, «Орус өкмөтүнүн убагында, могаметандардын динине чейинкилердин бардыгы өзгөртүүсүз калтырылды» дешкен. Андан дагы арыда, мусулман дин кызматкерлерин экиге бөлүп карашкан: жогорку жана төмөнкү (биринчисине алар муштеиддерди, казыларды, ахунддарды, жана эфендилерди; экинчи топко – молдолор менен дубаналарды киргизишкен – ред.) звенодогулар катары карашып, падыша өкмөтү аларды «… молдолор, дубаналар жана башка аталыштагы адамдар

[1] История Азербайджана в 3-х томах. Баку, 1960, т.2, с. 318.
[2] Колониальная политика Российского царизма в Азербайджане в 20-60-х гг. XIX века. Ч.1, М.-Л. 1936, с. 125.

адеп-ахлакты оңдоого аракеттенишип, шарияттын жоболорун *жаштарга үйрөтүшөт* (курсив биздики – ред.). Алардын арасынан айрым молдолор салыктан бошотулуп, коомдогу ырым-жырымдарды ибадат кылуу менен руханий тазаланууну жүргүзүшөт»[1], – деп караган.

Мусулман дин кызматкерлеринин крайдын эл арасындагы күчү менен аптыракатына туура баа берип, падышалык администрация бул жагдайды өздөрүнүн кызыкчылыгына пайдаланууга аракеттенишкен, себеби, алар Кавказды түп тамырынан бери өзгөртүү процессин өз көзөмөлүнө алышкан. Бул багытта өзүнүн баамдоолорун барон П.В. Ган 1837-жылдын 1-сентябрында падыша Николай 1-ге жазган билдирүүсүндө: «Диний кызматкерлердин чыныгы ыкыласы менен берилишине жетүү үчүн, аларды жүйөлүү себепсиз алмаштыруу оорунсуз, ошондуктан, өкмөткө берилип кызмат кылуулары үчүн өздөрүнүн тапкан каражаттарынан тышкары маяналарды бекитсек, анда алар Орусиядагы таасирин тийгизе ала турган мекеме, окуу жайларында өкмөттүн жургүзгөн саясатына ылайык аракеттенишмек… закавказ крайындагы мусулман дин кызматкерлери чет өлколүк динаятчылар менен катнаштарын үзүшөт, ошондо Орусия өкмөтүнүн руханий багытындагы динчилдерди тарбиялоого жетишебиз», – деп жазган[2].

Өзүнүн сунуштарында, жаңы системанын пайдасы туурасында, ага ылайык, мусулмандардын жогорку катмарындагыларын светтик билим берүүгө тартуу үчүн П.В.Ган билдирүү катында императорго мындай далилдеген: «Бардык катмардагы адамдарга билим берүүнү жолго коюп, колунда бар ата-энелерге өздөрүнүн балдарын окуганы Орусияга жиберип билим деңгээлин жогорулатууга уруксат берип, ал эми жардыларга, кызматтарын жакшы аткарышып,

[1] Колониальная политика Российского царизма в Азербайджане в 20-60-х гг. XIX века. Ч.1, М.-Л. 1936, с. 125.
[2] Там же, с. 311.

балдарына жетишээрлик жакшы тарбия берип, алары акыл парасаты жагынан айрымалангандарга сиздин императордук улуу урматтулугуңуздун берген сыйлыгы иретинде жол кирелерин жана окуу акыларын университтерде ж.б. империялык окуу жайларында мамлекеттин эсебинен кармасаңыз.

Мындан тышкары… жаш жеткинчектер жакшы тарбия алып таланттуу болушса… орус улуттук билимине ээ болушуп мекендерине кайтышканда, аларды ушул даражага жеткирген улуу урматтууну сыйлашып, кызматтарын өтөсө, мамлекет чоң пайда тапмак»[1].

Кавказдагы жергиликтүү элдерге билим берүү системасында мына ушундай мамиле болуп, дегинкиси, азербайжан түрктөрүнө бийликтегилер тарабынан, империяга ыктай тургандай кылып билим берүү системасы каралган.

Жогоруда белгиленгендей, азербайжан-түрк этносундагы жаштарга, негизинен, салттуу билим берүүдө, XIX кылымдын башынан аягына чейин, ошондой эле, XX кылымдын башында мектебдер менен медреселер эсептелип, аларда алгачкы билим катары кат-сабат жоюлуп, анан жакшы даярдыктар аркылуу чыгыш адабияты менен тааныштырып, тилдерди үйрөтүшкөн. Алар элдин ишенимине киришкен, анткени балдарына жөн гана кат таанытып эле тим болушпастан, улуттук баалуулуктарга сугарышып, жергиликтүү элдин менталитетине төп келген тарбия беришкен.

Мындай абал толугу менен Иреван хандыгынын борбору Иреван калаасында жашагандарга да таандык. Орусия басып алардын алдында (1827) калаада 1700 курулуш имараттары, 850 дүкөн, 89 мечит, 7 чиркөө, 10 мончо, 7 чоң кербен сарай, 5 майдан, 2 базар жана 2 мектеп болгон[2]. XIX

[1] Колониальная политика Российского царизма в Азербайджане в 20-60-х гг. XIX века. Ч.1, М.-Л. 1936, с. 311.

[2] Encyclopedia Iranica. George A. Bournoutian and Robert H. Hewsen. Erevan. Колумбийский университет, США, 1982.

кылымдын акырында, XX кылымдын башында жергиликтүү азербайжан элинин саны 49% түзүп, армян калкы келгиндердин эсебинен 48% жетип, орустар 2% болгон. Калаада чиркөөлөрдүн саны 8 ге жетип (6 армяндардын, 2 православ) жана шиитердин 7 мечити болгон[1]. Бүгүнкү күндө, армян бийликтеринин «саясий маданиятынын» негизинде иреван мечиттеринин сакталып калганы Гусейнали хандын (Көк мечити, 1776 ж.к.) мечити, аны жакында эле ирevандык усталар калыбына келтиршишти[2].

Ушундай кырдаалда эркин багытта изилдегендер архивдик документтерди алууга үмүт кылбаса деле болот, себеби архивдик документтерде Иревандагы мектеб менен медреселерде XIX кылымдын биринчи жарымында канча окуучу окуганы тууралуу, эгерде мындай маалыматтар Орусия ИИМ ине караштуу РГИА РФнын Петербургдагы Чет элдик Руханий Тоопканалар Департаментинин фондунда (ЧЭРТДФ) эле сакталып калбаса, маалымат табуу кыйын. Ал эми Шиит жана Суннит руханий башкармалыкка (ГИА АР 290 жана 291 фонддору) XIX кылымдын акыры, XX кылымдын башына тиешелүү маалыматтар бар экен.

Ошентип, колго тийген чаржайыт маалыматтарда, 1875-жылы Иреван калаасында 12 руханий училищада 208 студент окуганы, анан аларга 12 мугалим-мударистер сабак бергени жазылыптыр[3].

---

[1] Энциклопедический словарь Брокгауза и Ефрона/Эривань//http://www.cultinfo.ru//fulltext/1001/007/119/119478.htm, (23.02.2022) «Ереван», Материал из Википедии – свободной энциклопедии https://ru.wikipedia.org/w/index.php?title-%D0%95%D1%80%D0%B5%D0%B2%D0%B0%BD&printable=yes%20--%3E(23.07.2022).

[2] http://ru.wikipedia.org/w/index.php?title=%D095%D1%80%D0%B5%d0%B2%D0%B0%BD&printable=yes-->.

[3] Вафа Кулиева. Роль и позиция мусульманского духовенства в социально-политической и культурной жизни Азербайджана в XIX – начале XX вв. в ракурсе армяно-азербайджанских отношений. Баку, «Нур-

1888-90-жылдары Ireванда 8 мектеп ачылыптыр, алардын ар биринде 12–46 окуучу окуптур. 1891-жылга келгенде мектептердин саны 15 ке жетиптир. Мугалимдердин кирешеси окуучулардын санына жараша 9 рублдан 42 рублга чейин болгон. Бул мектептер шиит багытында сабак өтүшкөн[1].

Бир аз алдын ала айтып койорубуз, (светтик окуужайлары боюнча өзүнчө сөз болот. – Э.А.), 1898-жылы Иреван калаасында эки класстык орус-татар мектеби ачылган. Ал калаадагы мусулмандардын эсебинен каржыланган. Белгиленгендей 70 окуучу окуйт деген мектепте 110 окуучу кабыл алынган. Иреван губернаторунун буйругу менен 1902-жылдын 2-декабрында, 1907-1917 жыл аралыктарында Иревандагы чоң мечиттин жер иштетүүдөн түшкөн кирешесинин 2/3 бөлүгү Билим берүү Министрлигиги эсебине которулууга тийиш болгон, ошол жактан орус-татар мектеби каржыланмак, анын кирешеси 1909-1916-жылдары 1 015 160 руб. түзгөн[2].

Белгилей турган нерсе, изилдөөгө алган убакытта, Иреван калаасында шииттердин руханий семинариясы иштеген, анда ислам шариат эрежелеринен сабак өтүлчү. Ал сабакты ахунд өтчү. Биринчи класста 4 сабак өтүлүшү керек эле. Исламдын негиздери, намаз окууну уйрөнүү, сыйынуу убактылары жана аны окуунун эрежелери, орозо тутуу. 2-класста зекет берүүнун мааниси жана эрежеси жана хумса, ажылык жана анын түрлөрү. Жуцмасына үч жолу сабак өтүлчү. Ал 3-класста жумасына бир жолу бир сабактан өтүлгөн. Ислам тарыхынан пайгамбардын төрөлгөндөн тартып, толук өмүр жолун, анын көзү өткөндөн ктийинки исламдын абалы, ошондой эле Али жана башка имамдерге

---

лан», 2003, с. 95; ГИА АР, ф. 290, оп. 19, д.12557, лл.12-14.

[1] Вафа Кулиева, с. 96; ГИА АР, ф. 290, оп. 3, д.1572, л. 18; Там же, ф. 291, оп.16, д. 10895, л. 1.

[2] Там же, ф. 290, оп. 9, д. 5339, л. 11.

байланышкан окуялар окутулган. Бул семинарий 1881-жылы ачылган болучу[1].

Эгерде XIX кылымдын акырында Ireван калаасында 15 мектеп болгон болсо, ал мектептерде 15 мугалим жана окуучуларынын саны 242 болгон, ал 1915 жылынды Иреван уезди боюнча, жалпысынан 67 мектеп, мугалимдердин саны 70, окуучулардын саны – 213 болгон[2].

Изилденген убакытта мектептердин программасында перс, араб, түрк тилдери окутулган. Алиппени үйрөнгөн соң, китеп окуу өтүлгөн, негизинен Аббасгулу Ага Бакихановдун «Насиятлар», «Джаме-и Аббас», Саадинин жыйнактарынан «Тарих-и Надир», Физулинин, Хафиздин, «Тарих-и Муаджамдан» окутулган. Сабак жума менен майрам күндөрүнөн башка убактарда, күн сайын өтүлгөн. Сабак эртеден кечке чейин окутулуп, түшкүсүн тыныгуу берилген. Тыныгууда үйлөрүнө кетишип, анан кайра келишкен соң кечке чейин окушкан[3].

Закавказьебоюнча падышалык өкмөт билим берүүнү жалпы орусиялык системага салуу боюнча буйрук чыгарганы менен, балдарды жеке мектебтерде жана мечит-медреселерде окутуу азербайжан калкынын негизги билим берүүсү болгон[4]. Ар түлүү системадагы окутуу ыкмалары колдонулган учурда ар бир окуучунун мүмкүнчүлүгүн эсепке алйй мүмкүн эмес да.

Айрым отчеттордо мектебтердин «жашы» тууралуу айтылган маалымат да кездешет. Негизинен, туруктуу сабак өткөн мектеб катары медреселер менен мечиттердин ал-

---

[1] ГИА АР, ф. 290, оп. 25, д. 80, л. 1 – 7; См.: В.Кулиева. Указ. работа, сс. 96-97.

[2] Там же, ф. 290, оп.3, д.15672, лл. 11,14,16, 18; Там же, оп. 4, д.1817, л.1; Там же, оп. 23, д. 1514а, л.91; См.: В.Кулиева, Указ. работа, сс. 97, 304.

[3] Там же, с.99.

[4] Н. Таирзаде. О Мекебах в Азербайджане в 30-50-е гг. XIX века/ Известия АН Азерб. ССР// Серия общ. Наук, 1961, №11, с. 51.

дында окуткандары эсептелген.1859-жылдагы жазма булакта көпчүлүк мектебтердин качан уюшулганы белгисиз, алар «атам замандан» эле иштешкени айтылган[1].

Айта кетишибиз керек, Кавказды Орусия басып алгандан кийин мечиттерде мектеб ачуу үчүн губерниянын межлиси сөзсүз түрдө жетекчиликке сунуштама киргизип, аны губерния башкаруучусу карап чыгып, уруксат берсе гана ачуу мүмкүн болгон. Мечиттердин алдындагы мектебдерден тышкары дин кызматынын жетекчилеринин сунуштамасы боюнча руханий мектеб болгон медреселерди ачууга да болор эле, аларда дин кызматкерлери даярдалган. Мечиттердин алдындагы мектебдер менен медреселерди кармоо үчүн каражат вакфдардын, ошондой эле жергиликтүү калктын садакаларынын эсебинен жүргүзүлгөн[2].

Бул окуу жайларынын үстүнөн көзөмөлдү жергиликтүү казылар жүргүзгөн, а жалпы көз салуу губерниялык межлистерге жана диний башкармалыкка жүктөлгөн. Атайын уруксаты болбосо мектебдерди ачууга же жеке адамдар жана Орусия империясынын жараны болбогон, чет элдик мугалимдер өз алдынча окутууга катуу тыюу салынган.

Сабак өтүүдөн мурда мугалимдер ушул мугалим деген атка татыктуу болушун тыкыр текшерүүдөн өткөргөн. Алар азербайжан жана перс тилинде окуп жазууну жакшы өздөштүргөн болушу керек эле, бул тилдердеги адабияттарды окугандан соң аны түшүндүрүп айтып берүүгө тийиш болушкан, эсеп чыгарганды да жакшы билиши, ошондой эле, Куранды кыраатын келтирип окушу керек эле. Бул сынактар межлисте өткөрүлүп, ага депутаттар, башкармалыктын өкүлү, калаанын ардактуу адамдары жана мусулман жамаатынын өкүлүнүн катышуусунда балгон[3].

---

[1] Н. Таирзаде. О Мекебах в Азербайджане в 30-50-е гг. XIX века/ Известия АН Азерб. ССР// Серия общ. Наук, 1961, №11, с. 51.

[2] ГИА АР, ф.291, оп.1, д. 3359, л. 18; См.: В. Кулиева. Указ. работа, с. 66.

[3] Там же, ф. 290, оп. 1, д. 138, л. 2; См.: В. Кулиева, Указ. раболта, с. 67.

Мыйзам тыюу салганына карабай, айрым бир адамдар өз үйлөрүндө мектеб ачкан учурлар арбын болгон. Эгерде мындай, жогору жактагылардын уруксатысыз ачылган мектебдер билинип калса, шыр эле жабылып турган. Мындай чечимдин кабыл алынышы, бийликтин көзөмөлүсүз ачылган мектебдерде бийликтин саясатына туура келбеген жат сабактардын берилишинен чоочулоодон улам келип чыккан[1].

Кошумча айта турган болсок, XIX кылымдын экинчи жарымынан жана XX кылымдын башында кадимден келаткан мектебдер акырындап, жаңыча сабак берген окуу жайлары тараптан сүрүлүп чыгарыла баштады, себеи аларда орус тилинен сабак кирген. Орус тилин окутпаган мектебтердин иштеши барган сайын кыйындай берди. Бул Кавказдагы, анын ичинде Иревандагы бардык мусулман мектебдери үчүн атайын бекитилген шарт болду.

Изилденген убакыттагы учурдун абалын толук кандуу аныкташ үчүн, ошол мезгил аралыгында калаадагы мектебдерде светтик билим берүүнүн акыбалын карай кетпесек болбойт. Жогоруда айтылгандай, ошол мезгилде азербайжан үй-бүлөлөрүндө балдарын окутуу негизинен мечиттерде жана медреселерде өткөндүктөн, аларда перс тилинде жүргүзүлгөн, ошол эле мезгилде азербайжан окуучуларынын бир бөлүгү светтик мектептерда да билим алышкан. Булар негизинен атактуу байлардын балдары болгон, бирок, акырындап, XX кылымдын башынан баштап, колунда бар орто көпөстөр дагы балдарын светтик мектептерден окута баштаган.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, салтка айланып калган жагдайлар азербайжан тарыхый илимдеринде светтик билим берүү шарттарында, партиялык-административдик талаптардын басымы астында, азербайжан түрктөрүнүн,

---

[1] ГИА АР, ф. 291, оп. 2, д. 137, л. 2; См.: В. Кулиева, Указ. раболта, сс. 67-68.

өзгөчө алардын алмуздактан жашаган жерлеринин тарыхын, анын ичинде Иреван калаасынын таржымалы, жумшак айтканда, ошол мезгилдерде, колдоого алынчу эмес, мурдагы мезгилдерде чогултулган маалыматтарды көңүл сыртында калтырылып келгендиктен, учурда бул маселеге өзгөчө мамиле кылуу талапка шайкеш келгендиктен, азербайжан түрктөрүнүн Иреван калаасындагы окуучуларынын саны кандай болгонун динамикасы аркылуу көрсөтүүгө туура келди. Бүгүнкү күндө, эң бир ишенимдүү булак катары, колубузга тийген, ошол мезгилдеги Кавказ окутуу округунун камкорунун ар-кайсы жылдардагы отчетторунда көрсөтүлгөн маалыматтарды карап чыгуу аркылуу Иреван калаасында орто билим берүү жагдайы кандай өнүккөнүн аңдап чыктык.

Окуу жайлар камкорунун 1890-жылдагы отчетунада 1891-жылдын 1-январына карата гимназиялардагы окуучулардын саны 3693кө жеткендиги айтылган. Эриван губерниясында 223 окуучу болгон болсо, Елизаветпольдо – 187 бала окуган.

Улуттук тиешелүүлүгү боюнча орустар көпчүлүктү түзгөн (46.8%), армяндар (23.4%); тектүүлүгү боюнча – дворяндар (61.7%), калаалыктар (27.8%). Андан ары, отчетто көрсөтүлүшүнө караганда, «Елизаветполь, Эриван прогимназияларында армяндардын балдары көпчүлүктү түзөөрү: биринчисинде 55.1%, экинчисинде 63.2%...Башка улуттардан эң эле азы татарлар (азербайжан-түрктөрү –ред.) – 1.9% жана тоолуктар – 1.5% (бул көрсөткүч, негизинен Кавказ окуу округу боюнча – ред.): татар балдары (азербайжан түрктөрү – ред.) көбүрөөк окуган гимназиялар Елизаветпольдо (10.7%) жана Эриванда (9.0%) болгон»[1]. Отчетто бөлүп көрсөтүлгөнү, Иреван гимназиясында ошол

[1] Отчет Попечителя Кавказского Учебного округа (далее Отчет Попечителя…- ред.). О состоянии учебных заведений за 1890 г. Тифлис, 1891, сс.11-12.

кезде окуган 223 окуучунун 49 – орустар, 7 – грузиндер, 141 – армяндар, татарлардан – 20 гимназист»[1].

Иреван гимназиясында окуган окуучулардын социалдык катмары төмөндогүдөй болгон[2]:

| | | |
|---|---|---|
| дворяндар | 123 | (55.2%) |
| диний кызматкерлер | 10 | (4.5%) |
| ардактуу жарандар | 1 | (0.4%) |
| калаанын башка катмарындагылар | 76 | (34.1%) |
| дыйкандар | 10 | (4.5%) |
| төмөнкү дар. чиновниктер | 2 | (0.9%) |

Камкордун 1895-жылдагы отчетунда көрсөтүлгөндөргө караганда, Иреван гимназияларындагы абал мындай болгон экен[3].

Гимназистердин жалпы саны 280 окуучу болуп, алардын:

| | | |
|---|---|---|
| орустар | 82 | (29.3%) |
| армяндар | 160 | (57.1%) |
| татарлар | 24 | (8.6%) |

Кайсыл социалдык катмардан болушканы[4]:

| | | |
|---|---|---|
| дворяндар | 173 | (61.8%) |
| диний кызматкетрлер | 4 | (1.4%) |
| калаанын башка катмарындагылар | 98 | (35%) |
| төмөнкү дар. чиновниктер | 5 | (1.8%) |

1900-жылдагы абал, отчетто көрсөтүлгөндөй, кичине болсо да улут өкүлдөрү жана пайыздык жагынан мурдагылардан айрымаланат[5]:

Бул жылы Иревандагы гимназияларда 326 окуучу оку-

---

[1] Отчет Попечителя Кавказского Учебного округа (далее Отчет Попечителя…- ред.). О состоянии учебных заведений за 1890 г. Тифлис, 1891, с. 29.

[2] Там же.

[3] Отчет Попечителя…за 1895. Тифлис, 1896, сс. 17, 56-59.

[4] Там же.

[5] Отчет Попечителя…за 1900. Тифлис, 1901, сс. 60-63.

ган, алардын ичинде:

| | | |
|---|---|---|
| орустар | 80 | (24.5%) |
| армяндар | 183 | (56.1%) |
| татарлар | 42 | (12.9%) |
| жөөттөр | 2 | (0.6%) |

Социалдык катмары боюнча Иреван гимназисттери:

| | | |
|---|---|---|
| дворяндар | 151 | (46.3%) |
| диний кызматкерлер | 5 | (1.5%) |
| шаардагы башка катмардагылар | 152 | (46.6%) |
| дыйкандар | 9 | (2.8%) |
| төмөнкү даражадагы чиновниктер | 9 | (2.8%) |

1900-жылдагы келтирилген маалыматтардан биз азербайжан улутундагы окуучулардын саны бир азга (4.3%) өскөнүн байкайбыз, ал мурунку жылдагы отчетко салыштырганда 18 адамга, ошондой эле «шаардык соцкатмардыгылар» көбөйгөн.

1905-жылдагы отчетто көрсөтүлгөндөй, Иревандагы гимназистердин жалпы саны, камкорчунун маалыматында, 476 окуучу болгон[1], алардын:

| | | |
|---|---|---|
| орустар | 102 | (21.4%) |
| армяндар | 270 | (56.7%) |
| татарлар | 59 | (12.4%) |
| жөөттөр | 6 | (1.3%) |

1900-жылга салыштырып караганыбызда, азербайжан улутундагы окуучулардын саны бир азыраак көбөйгөнү менен, алардын пайызы бир азга төмөндөгөнүн корүүгө болот (0.5%).

Социалдык катмары боюнча төмөндөгүдөй өзгөрүүлөр байкалат[2]:

| | | |
|---|---|---|
| дворяндар | 198 | (41.6%) |
| диний кызматкерлер | 15 | (3.1%) |
| ардактуу жарандар жана көпөстөр | 31 | (6.5%) |

[1] Отчет Попечителя…за 1905. Тифлис, 1906, сс. 56-57.
[2] Там же.

| | | |
|---|---|---|
| калаанын башка катмарындагылар | 185 | (38.9%) |
| дыйкандар | 35 | (7.4%) |
| төмөнкү даражадагы чиновниктер | 7 | (1.5%) |

Бул жерде дворяндардын, калаанын башка катмарындагылардын жана төмөнкү даражадагы чиновниктердин балдарынын саны азайа түшкөнү байкалат, алардын ордуна дыйкандардын балдары 1900-жылга салыштырганда, 4.6% көбөйгөн.

Камкарчунун 1910-жылдагы отчетунда Иреван гимназияларындагы окуучулардын саны 590 адам болган[1], алардын ичинде:

| | | |
|---|---|---|
| орустар | 98 | (16.6%) |
| армяндар | 319 | (54%) |
| татарлар | 128 | (21.7%) |

1905-жылдагыга салыштырганда азербайжан түрктөрүнүн балдарынын гиназияларда окугандары саны жагынан да, пайыздык көрсөткүчү жагынан да бир кыйла өскөнү байкалат, 9.3%.

Социалдык катмар жагынан абал төмөндөгүдөй болгон[2]:

| | | |
|---|---|---|
| дворяндар | 26 | (4.4%) |
| чиновниктер | 190 | (32.2%) |
| дин кызматкерлери | 14 | (2.4%) |
| ардактуу жарандар жана көпөстөр | 42 | (7.1%) |
| мүдөөчүлдөр (мещандар) | 172 | (29.2%) |
| дыйкандар | 110 | (18.6%) |

1905-жылга салыштырмалуу дворяндардын балдарынын саны азая түшкөнүн көрөбүз, ошондой эле, диний кызматкерлердин балдарынын да саны төмөндөгөнү байкалат, ошону менен катар, дыйкандардын жана ар кандай майда чинденгилердин балдарынан окугандар көбөйгөн.

Камкорчунун 1914-жылдагы отчетунда Иреван гимна-

---

[1] Отчет Попечителя…за 1910. Тифлис, 1911, сс. 58-59.

[2] Там же.

зиясында окуган окуучулардын саны 707 адамга жетиптир[1], алардын ичинен:

| | | |
|---|---|---|
| орустар | 172 | (24.3%) |
| армяндар | 398 | (56.3%) |
| жөөттөр | 5 | (0.7%) |
| татарлар | 117 | (16.5%) |

1914-жылдагы маалыматка караганда азербайжан балдарынын саны бир азга азайганын (5.2%) байкайбыз, анан орустардын саны (7.7 %) өскөнүн көрөбүз.

Социалдык катмарларын карай турган болсок, анда ал төмөндөгүдөй[2]:

| | | |
|---|---|---|
| дворяндар | 42 | (5.9%) |
| ар кандай чиндегилер | 238 | (33.7%) |
| диний кызматкерлер | 31 | (4.4%) |
| ардактуу жарандар жана көпөстөр | 69 | (9.8%) |
| мещандар | 158 | (22.3%) |
| дыйкандар | 135 | (19.1%) |

1910-жылдагы маалыматтар менен салыштырганыбызда кадимден келаткан дворяндардын балдарынын саны эки эсеге азайган, ошондой эле, диний кызматкерлердин балдарынын да саны азайганын көрөбүз, ошол эле убакта, ар кандай майда чиндегилердин, дыйкандардын балдарынын окугандары арбыганы социалдык сферада жылыш болгонун, XX кылымдын башында экономикада да өзгөрүү болгонунан кабар берет.

Жогоруда келтирилген мисалдарды жалпылаштырганда, Ереван калаасында окугандардын ичинен азербайжан улутундагы балдардын 1890-1914-жылдар аралыгындагы өсүү динамикасын көрүүгө болот[3].

---

[1] Отчет Попечителя…за 1913. Тифлис, 1914, сс. 17, 8-9.

[2] Там же, сс. 17, 8-9.

[3] На основе Отчетов Попечителя КУО … за 1890 – 1914 гг. Подсчеты наши. – ред.

| | 1890 | 1895 | 1900 | 1905 | 1910 | 1914 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Эриванская гимназиясы: окуучулардын жалпы саны | 223 | 280 | 326 | 476 | 590 | 707 |
| Азербайжан улутундагылар | 20 (8.9%) | 24 (8.6%) | 42 (12.9%) | 59 (12.4%) | 128 (21.7%) | 117 (16.5%) |

Таблицада көрүнүп тургандай, Иреван гимназиясында 1890-1914 жылдардагы окуучулардын арасында азербайжан улутундагы балдардын окугандарыынын саны белгилүү өлчөмдө өскөнүн көрүүгө болот. Мындан биз, кандай гана татаал кырдаалдарда падыша өкмөтү тарабынан ар кандай кысымдарга учураганына карабай иревандын азербайжан тектүү эли светтик билимдин элдин келечегине тийгизээр пайдалуу жактарын аңдап түшүнгөнүн баамдадык.

Иреван калаасындагы билим берүүнүн биз изилдөөгө алган убакыт аралыгындагы акыбалын 1881-жылдан баштап ачылган 3 класстык башталгыч мектептердин мугалимдерин даярдаган семинарий тууралчында үзүл-кесил жоолуккан маалыматтар толуктайт.

Ошентип, «1895-жылдагы мугалимдерди даярдоо семинариясы тууралында отчет» деген маалымдамада 1881-жылдан 1895-жылдар аралыгында айылдык башталгыч мектептердин мугалимдерин даярдоо семинариясында 123 адам окуганы жазылган. Алардын ичинде: дворяндардан – 27, диний кызматкерлерден – 18, шаардык катмарлардан – 27, айылдык катмарлардан – 51 адам окуп бүткөн; улуттук иденттүүлүгү боюнча караганда: 8 – орус, 10 – грузин, 67 – армян, 26 – татар, 2 – тоолук, 10 – башка улуттагылар болушкан[1].

[1] Сведения взяты из вышеназванной книги Григоряна (сс. 396-397) – ред.

Иревандагы мугалимдер семинариясынын директору В. Добрыниндин берген документтерине таяна турган болсок, анда 1915-1916, 1916-1917 жана 1917-1918-жылдарда мугалимдик кесипке ээ болгон улут окулдорунун катары төмөндөгүдөй болот экен[1].

| Окуучулар: | 1915-1916 окуу жылы | 1916-1917 окуу жылы | 1917-1918 окуу жылы | Баардыгы |
|---|---|---|---|---|
| Орустар | 38 | 23 | 20 | 81 |
| Армяндар | 38 | 46 | 55 | 139 |
| Азербайжандар | 19 | 22 | 23 | 64 |
| Айсорлор | 3 | 5 | 8 | 16 |
| Гректер | 4 | 2 | - | 6 |
| Абхаздар | 3 | 3 | - | 6 |
| Түрктөр | 1 | 1 | - | 2 |
| Күрттөр | 1 | 1 | - | 2 |
| **БААРЫ** | **107** | **103** | **106** | **316** |

Ошентип, 1881-1895-жылдарда Иреван мугалимдерди даярдоо семинариясын бүтүргөндөрдү кошкондо, азербайжан улутундагылардан жалпы 89 адам айылдык мектептердин башталгыч класстарынын мугалимдик кесибине ээ болгон. Тактай кетчи жагдай 1896-жылдан 1914-жылдар аралыгында канча адамбул семинариядан билим алгандыгы тууралында маалыматтардын жоктугунан бул сфера боюнча толук маалымат берүү мүмкүн эмес. Жогорудагы маалыматтарга кошумча катары Воронцов-Дашковдун 1905-1910-жж. отчетунда «татар (азерб. түрк – авт.) улутундагы мугалимдерди даярдоо үчүн Эриван мугалимдер семинариясында 20 стипендия бөлүнгөн»[2] деп жазылганын кошсок болот.

XX кылымдын башында Иреван калаасында аялдарга

[1] Сведения взяты из вышеназванной книги Григоряна (с. 419) – ред.
[2] РГИА, ф. 391, оп. 4, 1910, д. 563, л. 4.

билим берүү абалынын кандай болгондугун элестетүүгө жетишээрлик маалыматтар бар. Ошентип, Иревандагы ыйык Рипсимия атындагы кыз-келиндер гимназиясы боюнча сакталган анча-мынча маалыматтарга таянып анда окугандардын улуттук өзгөчөлүктөрүнө карата төмөндөгүдөй таблица түзүлдү:[1]

| Кыз-келиндердин улуту | 1915-1916 окуу жылы | 1916-1917 окуу жылы | 1917-1918 окуу жылы |
|---|---|---|---|
| Орустар | 123 | 128 | 119 |
| Армяндар | 256 | 310 | 352 |
| Грузиндер | 15 | 16 | 15 |
| Полькалар | 4 | 8 | 8 |
| Гректер | 3 | 5 | 5 |
| Айсороктор | 2 | 3 | 3 |
| Осетиндер | 3 | 4 | 4 |
| Татарлар | 13 | 11 | 11 |
| Жөөттөр | 6 | 5 | 5 |
| Немистер | 3 | 3 | 3 |
| Чехтер | 1 | 1 | 1 |
| БААРЫ | 429 | 494 | 526 |

Ошентип, таблицада көрүнүп тургандай, эгерде 1915-1916-окуу жылында окуган кыз келиндердин 3% азербайжандар түзгөн болсо, анда 1916-1917 – окуу жылында 2.2%, ал эми, 1917-1918 – окуу жылында – 2.1% түзүптүр. Демек, биздин көз карашыбызда, коомдогу жана үй-бүлөдөгү аял затынын орду акыркы орунда болбогонун далилдеп турат.

Белгилей кетчү жагдай, ыйык Рипсимия атындагы кыз-келиндер гимназиясында «Эриван аялдарынын ыйык Нина атындагы кайрымдуулук фондунун жетекчилиги

[1] Сведения взяты из вышеназванной книги Григоряна (с. 420) – ред.

уюшулуп, анын кирешеден түшкөн каражаттарын гимназияда окуган кыз-келиндердин окуусу үчүн котороруна жана гимназиянын кирешеси, ошондой эле, казынадан түшкөн каржы менен кошо зарпталуусунун тескеген»[1].

Кандайдыр деңгээлде, жогоруда келтирилген маалыматтарда көрсөтүлгөн, Иреван калаасындагы билим берүү жагдайын «1913-жылы Эриван шаарында мусулман кыз-келиндери үчүн ачылган башталгыч окуу жайы»[2] тууралуу үзүл-кесил маалымат да толуктайт. Андан ары, бул документте: «Эривандагы Алексеевдик шаардык башталгыч эркектер окуу жайында Эриван калаа башкармалыгынын каражатына 1913-жылдын 1-сентябрынан баштап картон менен адисттик деңгээлде иштөө бөлүмү ачылды. көрсөтүлөт. Ал эми, Эриван кыз-келиндер башталгыч окуу жайында, ошол эле каражаттардын эсебинен, кесипкөй өтүкчүлөрдү даярдоо бөлүмү иштей баштады, ушундай эле окуу бөлүмү – Эриван орус-татар (азербайжан – автордун түзөтүүсү) эркектер окуу жайында Эриван мусулмандарынын кайрымдуулук фондунун каражатына ачылды»[3].

Дагы мындай маалыматты кезиктирдик, Иревандагы орус-татар кыз-келиндер окуу жайында көл өнөрчүлүк жана бычуу, тигүү боюнча класс ачылды, ал эми, 1912-жылы Иреван калаасында жеке демилге менен, аялдардын көркөм кол өнөрчүлөрүн даярдаган, 70 окуучуга эсептелген кесиптик өнөрканасы[4] ачылган.

XIX кылымдын экинчи жарымы менен XX кылымдын башында Иреван калаасындагы билим берүү акыбалы мына ушундай болгон. Ал мындан башкача болмок да эмес, анткени, коом турмушундагы ушундай негизги тармактын башында Д.А. Толстой сыяктуу чиновник билим берип агар-

[1] РГИА, ф. 1290, оп.5, д.216, 1904, л. 3.
[2] Там же, ф. 1284, оп.194, 1914, д.15, л. 21.
[3] Там же, л. 22.
[4] Там же.

туу министри кызматын аркалап, өзү жетектеген тармактын алдыга койгон максаттарын чечмелеп: «Билим берүүнүн акыркы чеги катары, эч талашсыз түрдө, бардык башка улуттардын өкүлдөрүн орусташтыруу, орус эли менен аралаштыруу»[1] деп ачык эле көтөргөн. Бирок, азербайжан элинин демократиялык багытта ой жүгүртө алган атактуу агартуучу уулдарынын аракеттери аркылуу бийликтин ар тараптан кылган кысым-басымдарына каршы турушуп, улуттун уңгусүн жоготпостон прогресске умтулушкан.

**Адабият.** Изилденген мезгил аралыгында бир нече муундагы таланттуу акындар, прозаиктер, маданият ишмерлери өсүп жетилишти. Калаанын адабий турмушу оргуштап турган мезгил эле. Ирeван калаасындагы адабий чыгармачылыктын башында азербайжан-түрк тили турган. Тарыхчы жана этнограф И.Шопен, орус бийлиги Иреван жана Нахчыван хандыктарынын аймагында жасалма түрдө уюштурган «Армян областында» жүргүзгөн изилдөөлөрүндө, минтип: «Бул дүйнөнүн үчтөн биринин аймагында, Адриатика деңизинен Тынч жана Атлантика мухиттерине чейинки чөлкөмдөрдө белгилүү болгон тил тууралуу (түрк тили – ред.) азын-оолак айта кетпесем болбойт»[2], – деп жазган.

Орустун атактуу акыны М.Ю. Лермантов С. Раевскийге жазган катында: «Татарча үйрөнө баштадым (азербайжанча – ред.), бул тил, француз тили Европада колдонулгандай, бул жерде, дегинкиси Азиянын бардык жеринде ушул тил колдолнулат экен»[3], – деп жазган.

2001-жылы Тегеран шаарында азербайжандын бел-

---

[1] Константинов Н.А., Е.Н. Медынский, М.Ф. Шабаева, «Школа и педагогическая мысль народов России во II половине XIX века – начале XX века» /https://www.docsity.com/ru/shkola-i-pedagogicheskaya-mysl-narodov-rossii-vo-vtoroy-polovine-xix-nachale-xx-veka/ 1143100/ 23/12/2022.

[2] Шопен И. Исторический памятник состояния Армянской области в эпоху ее присоединения к Российской империи, с. 907.

[3] Лермантов М.Ю. Полное собрание сочинений, в 5-и томах. Т.5, с.393.

гилүү окумуштуусу Самед Сардариниянын «Иреван мусулмандар жашаган область болгон» деген аталыштагы китеби жарык көргөн. Бул китепти перс тилинен азербайжанчага Ибрагим Гулиев которуп, АУИАсынын З.Буниядов атындагы чыгыштаануу институту тарабынан 2014-жылы Баку шаарында жарык көрдү. Бул китепте, Азиз Давлетбадинин «Фарси тилинде, Кавказда жарыяланган ырлар» эмгегине шилтеме жасалып, Иревани деген кошумча ысым менен 12 акын болгону белгиленет. Алар: Ашуфта Иревани (өз аты Келбегусейн), Ашуб Иревани (Мирза Исмаил), Чешме Иревани (Разгулу хан), Бидил Иревани, Ходжат Иревани, Хариф Иревани, Далил Иревани, Шакир Иревани (Шейх Муса), Фахри Иревани, Габил Иревани, Гудси Иревани, Назим Иревани (Али хан)[1].

Белгилүү адабиятчы Фируддин бек Кочарли өзүнүн «Азербайжан адабияты» деген эмгегинде, Иревандагы гимназиянын мугалими болуп иштеп турган кезинде «Азербайжан адабияты» чыгармасына маалыматтарды топтогонун белгилеп, Иреван атактуу окумуштуулардын, диний кызматкерлердин жана акындардын шаары болгон деп жазган. Тилекке каршы, Орусия басып алгандан кийин калаанын адабий чөйрөсүнө да терс таасири тийгенин белгилейт. Далай акын-жазуучулардын чыгармалары согуш кезинде өрттөлүп, азербайжан калкы куугунтукталган кездерде дайынсыз жоголгону айтылат. Көптөгөн кол жазмалар орус аскерлери калааны басып алгандан кийин дайынсыз жоголгон. Өтө баалуу кол жазмалар мечиттер менен медреселерде сакталган эле, аларды өттөп салышкан.

Ф. Кочарли өтө таланттуу жана мезгилинде Ireванда таанымал болгон акындар: Мешади Исмаил Гаджи Казымзаде, Гаджи Сеиде Рза Амирзаде, Мирза Алихан тууралуу жазган. Ф. Кочарли бул акындардын «Аруз» деп аталган ыр

[1] Sərdariniya S. İrəvan müsəlman sakinli vilayət olmuşdurş Tərcüməçi: İbrahim Quliyev. Baki, 2014.

куроо ыкмасында жазган ырларындагы көркөм сулуулукту ачып берген.

Мешеди Исмаил Гаджи Казымзаде ырларын Безми деген каймана ысым менен жарыялаган. Ал Ирevандагы бай көпөстөрдүн бири болгон. Фируддин бек Кочарли белгилегендей, Безминин ырларынан жыйнак китеп чыгарса болмок, тилекке каршы анын ырлары ар кайда чачылып кеткен. Ошондой эле, бул акын «Андалиб» («Булбул»)[1] деген псевдоним менен да ырларывн жарыялачу экен.

Иревандагы өтө таанымал акындардын бири Мирза Казим болгон.

Гази Аскарзаде, «Муталли» деген каймана аты менен таанылган. Ал бала кезинде эле Тебризден Иреванга көчүп келип, өмүрүнүн акырына чейин мында жашап өткөн. Муталле ырларынын көбүн фарси тилинде жазган[2].

Дагы бир атактуу акын Гаджи Сеид Рза Амирзаде, «Сабир» деген аты менен жарыяланып келген. Ал Хой шаарында 1846-жылы төрөлүп, бирок 27 жашка чыккандан кийин Иреванга көчүп келип туруп калган. Анын ырлары менен прозасы Гасан бек Зердабинин «Экинчи» деген гезитинде жарык көрүп турган. XIX кылымдан акырындагы интеллигенция өкүлү Сеид Рза Амирзаде «Азербайжандагы белгилүү акындардын ырлары» деген аталышта жыйнак чыгарып, ага 107 азербайжан акындарынын[3] ырларын киргизген, бул жыйнакка кирген ырлардын жазылыш формалары ар түрдүү болуп, аларда: мухаммас, мустазад, теркиббанд, терджиббанд деген ыкмалар колдонулган. Бул жыйнак бүгүн Азербайжан УИА М. Физули атындагы Институтунун кол жазмалар корунда сакталууда.

Мезгилинде отө таанымал акындардын бири Мирза Ага Али Иревани болгон, ал ырларын «Лали» деген псевдо-

---

[1] Nazim Mustafa. İrəvan şəhəri , c. 144.
[2] Там же.
[3] Köçərli Firudin bey. Azərbaycan ədəbiyyati, IIcild, cc. 201-217.

ним менен жарыялаган. Ал Ireванда 1836-жылы туулган. Бала кезинде атасын ээрчип Тебризге кеткен эле. Кийин ал Тегеранада Нисреддин шахтын табыбы болуп хансарайда кызмат өтөгөн. Ырларын фарси жана азербайжан тилдеринде жазган. Анын 2 томдон турган ырлар жыйнагы «Диван Лали» деген ат менен 1944-жылы Тебризде өтө көп нускада жарык көргөн. Ф.Кочарли Лале Иреванини «Азербайжан адабиятында» Мирза Алихан Шамсуль-Хукама деп киргизип, анын эки түрдө жазылган ырларына токтолгон[1].

Фазиль Иревани 1782-жылы Иреванда туулган. 20 жашка чыкканда Каирдеги Аль-Азхар университетине окууга өткөн. Чейрек кылым Каирде жашап, ал өтө терең билимге ээ болгон. Кийинчирээк ал Исфахан жана Тебризде ахунд болгон. Ал Чыгыш тарыхы, дин тарыхы боюнча чыгармалардын автору. Кайтып келгенден кийин ал Ирeвандагы Гёй мечитинде ахунддук кызмат өтөгөн. 1843-жылы Фазиль Иревани Кавказдагы мусулмандардын Шиит Руханий Башкармасынын орун басары болуп эмгектенип, 1847-1872-жылдары Кавказ мусулмандарынын шейх-ул-исламы болгон. 1872-жылы ал отставка чыгуу үчүн өтүнүч берип, Иреванга кайтып келген. 1885-жылы Иреванда кайтыш болгон. Ал жашаган кварталды анын урматына «Шейх-уль Ислам» деп аташкан. Фазиль Иреванинин чыгармалары «Жогорку даражадагы нарктуулук» деген ат менен 1883-жылы Тебризде жарык көргөн. Мындан тышкары, анын «Роза менен Булбул» аттуу повести Хоченс Маркар Гегамян тарабынан армян жана орус тилдерине которулуп, 1812-жылы Санкт-Петербургда жарык көргөн. Кийинчирээк ушул повесть француз жана немис тилдерине которулуп, Европада бирнече жолу басылган. Котормочу Хоченс Маркар өзүн ушул чыгарманын автору катары көрсөткөн. Фазиль Иреванинин «Роза менен Булбул» повестин француз тилине Вайян де Флорибал, ал эми немис тилине – Йозеф Фон Хаммер кото-

[1] Köçərli Firudin bey. Azərbaycan ədəbiyyati, IIcild, cc. 218-219.

рушкан. Француз изилдөөчүсү Шарль Жоржиен Хоченс Маркардын жүзүн сыйрып, чыгарманын автору түрк Фазиль Иревани экенин жарыялап, Хоченс Маркар котормочу гана болгонун ашкерелеген. Бирок мындан кийин деле «Роза менен Булбул» 1950-жылы Френсодо (АКШ), армян авторунун чыгармасы катары жарык көргөн[1]. «Роза менен Булбул» повестинин түп нускасы Метандаранда сакталуу турат.

1888-жылы Тебризде коркөмсүрөттөр менен коштолуп Молдо Гусейн Иреванинин «Мусеибнаме» деген аталыштагы китеби жарык көргөн. Китеп азербайжан тилинде жарык көргөн. 1889-жылы ошол эле Тебризде Мирза Ага Али Хакими Иреванинин диваны жарык коргөн. Бул газелдер жыйнагы азербайжан жана фарси тилдеринде басылган[2].

XIX кылымда европа авторлорунун чыгармалары которулуп, ИРеванда жарык көрө баштаган. Ошентип, иревандагы интеллигенция өкүлү Абульфат Шахтахти тарабынан Иоганн Вольфган фон Гётенин «Жаш Вертердин түйшүгү», ал эми, А.З. Гамарлинский Мольердин «Аргасыз дарыгер» чыгармалары, Фируддин бек Кочарли «Сократтын сабактары» китебин которушкан.

Иреванга араб ариптери алынып келинип азербайжан тилиндеги китептер басыла баштаган. Ошентип, 1892-жылы «Гюлямирян» басмаканасынан А.С.Пушкиндин «Балыкчы менен балык жомогу» Ф.Кочарлинин котормосунда чыгарылган[3].

XX кылымдын башында азербайжан тилиндеги китептер Иревандагы «Гюлямирян» менен «Р.К.Эдильсон» басмаканаларынан тышкары «Маданият» жана «Луйс» («Жарык») типографияларынан да чыгып турган. 1899-жылы «Р.К.Эдильсон» басмаканасынан Иревандагы азербайжан-орус мектебинин мугалими Могамед Вали Гамарлин-

[1] Məmmədov İsrafil. İrəvan dəftəri, сс. 19-20.
[2] Историческая география Западного Азербайджана, с. 53.
[3] Məmmədov İsrafil. İrəvan dəftəri, сс. 26-27.

скийдин «Макалдар» аталышындагы китеби жарык көргөн. XX кылымдын башында «Маданият» басмасынан Джаббар Аскерзаденин «Алтын жалбырак же Анвер»[1] деген аталыштагы балдар үчүн жазылган ырлар жыйнагы жарык көргөн.

Иреван хандыгы учурунда деле ашыгчылык (акындык) чеберлеринин бир-канча мектеби болгон. Алардын ичинен атактуусу «Гёйча» ашыгчылык мектеби эсептелген. Бул мектептин жаркын өкүлдөрү катары Мискин Абдал, Аг Ашыг деген каймана аты менен Ашыг Аллахверди (1754-1860), Ашыг Али (1800-1911), Ашыг Алескер (1821-1926) айтууга болот. Бул акындардын чыгармалары Иреван адабият чөйрөсүн калыптандырууга чоң салым кошушту.

Азербайжан тилинин байлыгы менен көркөмдүгүнүн таасири астында армян калкы да ушул тилде жазышып, өз чыгармаларын жаратышты.

Армян жазуучусу Хачатур Абовян минтип жазган: «Түрк тилин аялдар менен балдар да билишкен. Ошондуктан, эл арасында атак-даңкы бар таланты ташкындагандар татар тилинде (азербайжан тилинде – ред.) чыгармаларын жазып, окушкан»[2].

Армян ашыглары азербайжан тилинде сүйлөө аркылуу көптөгөн угуучуларды, көрүүчүлөрдү өзүнө тарта алышкан. Профессор А. Аршаруни тастыктагандай, азербайжан тилинде жазган армян ашыглары жана армян эли үчүн азербайжан тили эне тилиндей эле болгон. Анткени, алар ушул тилде сүйлөшүп, ушул тилде чыгармаларын жазышкан. Башкача айтканда, эгер алар өз тилинде жазып, өз тилинде сүйлөшсө көпчүлүк аларды түшүнбөйт эле, жана угуучуларынын саны да өтө аз болмок[3].

Ireванда жашаган армян калкынын азербайжан тилин

---

[1] Nizam Mustafa. Указ. работа, с. 148.

[2] Yerevanli Əkbər. Erməni-Azərbaycan şifahi xalq ədəbiyyati əlagələri. İrəvan, 1958, cc.135-136.

[3] Abbasov İsrafil. Azərbaycan Folkloru XIX əsr erməni mənbələrində. Baki,1977, c. 102.

эркин өздөштүрүшүнө XIX кылымда грабар тили (григориян чиркөөсүндө колдонулган жазма тил) менен көптөгөн диалектилер аркылуу сүлөшүүдө болгон ажырым да түрткү болгон. Ошол мезгилде, учур талабына төп келген стандарттагы, бардык армяндар тарабынан түшүнүктүү, мекептерде окутууга боло турган армян тилин иштеп чыгуу талабы да бар болгон. Бул кыймылдагылар, акыр аягында, грабар тилин жазуу тили кылышып, ал эми, адабий тил катары өздөрү иштеп чыккан «ашхарабар» тилин колдонууну чечишкен. Ирevандын армян калкы XIX кылымда гана ар-тараптан көчүп келишкендиктен, алар сүйлөгөн диалектилери да ар башка болгондуктан, бири-бирин анча түшүнө беришпей, аргасыз жергиликтүү элдин тили болгон азербайжан тилин үйрөнүшүп, анан ушул тил аркылуу сүйлөшүүгө мажбур болушкан. Канткуен күндө деле, падыша өкмөтү жандалбаска түшүп алардын санын көбөйтүүгө аракеттенгени менен 1917-жылга келгенде алардын саны арбын болгон.

Жаңы армян адабий тилин Хачатур Абовян түзгөн[1].

Атактуу армян тарыхчысы Лео (Аракел Бабаханян) минтип жазган: «Ашыглар үчүн жомокторунда, ырларында окуяларды көркөм берүүдө түрк (азербайжан – ред.) тили, армян тилине анын диалектерине салыштырганда өзүнүн ийкемдүүлүгү, көркөм кереметке бай болгон»[2].

Белгилүү болгондой, Саят Нова, Миран Багироглы, Амироглы, Гул Егаз, Тураб Деде, Шамчы Мелеко, Кичик Нова, Гул Ованес жана башкалар дагы азербайжан тилинде ырларды жазышкан. Иреванда Ашыг Шириндин ашыглар мектеби болгон, ал Гюмриде – Ашыг Бевандын мектебинде ашыглык ырлары түрк-азербайжан тилдеринде жазылган[3].

[1] Yerevanli Əkbər. Указ. работа, с 134.
[2] Leo (Arakel Babaxanyan). Hayoç patmutyun. Yerkeri joğovacu, t. III. Erevan, 1973. См.: Nizam Mustafa. Указ. работа, с. 138.
[3] Yerevanli Əkbər. Указ. работа, с 282.

Армян жазуучусу Микаель Налбандян бул тууралуу минтип жазган: «…көпчүлүк мотивдер түрктөрдөн алынган. Мен армяндар жашаган аймактарды кыдырып чыктым, жана ал жерлерден армян тилинде бир нерсе угамбы деп аракеттендим. Тилекке каршы, андай эчтеке укканым жок»[1].

XX кылымдын башында Ирևандын адабий турмушу калктын саясий активдешүүсү өнүккөн мезгилге туура келет. XX кылымдын башында Иреванда жашап, чыгармаларын жарыялагандардын катарына Нариман Фехри, Тельман Незерли, Аскер Аскерзаде, Аббас Таир, Юсиф Ризаи, Бахлул Мамедов, Габиб Исмайлов, Абульфат Рагимов, Сона Багирова, Нурали Гурбанов, Гусейн Наджапов ж.б. кирет.

Жогоруда көрсөтүлгөндөр тастыктап тургандай, изилдөөгө алган убакыт аралыгында, Орусия империясынын басып алгандан кийинки бир катар тоскоолдуктарына карабай, Ирevандын адабиятчылар чөйрөсү жогорку деңгээлдеги чыгармаларды жаратууга жетишип, кылымдарды карытып тамырланып, үрп-адаттарды жаратышкан. Иреван адабий мурасын жараткан негизги тил түрк-азербайжан тили болгону сыймыктандырат.

**Басма**. XIX кылымдын акыры – XX кылымдын башында, Азербайжандын башка аймактарындай эле, Иревандын коомдук жашоосунда, биздин элибиздин негизги маданий очогу болушуна бир катар прогрессивдүү өзгөрүүлөргө дуушар болду. XIX кылымдын 90-жылдарында Иревандын азербайжан улутундагы жергиликтүү интеллигенттер тобу калктын улуттук аң-сезимин ойготууга аракеттенишип, падыша өкмөтүнүн баскынчылык, колониалдык саясатын сынга алышты. Бийлик башындагылардын былыктарын ачык-айкын көрсөтүшүп, алар, ошол эле учурда калкка кайрылышып, өздөрүнүн айнығыс милдети катары, элди ырымчылдыктан сактанууга үгүттөштү. Мындай прогрес-

[1] Налбяндан М. Полное собрание сочинений (на армянском языке), т.1, с.276; См.: Nizam Mustafa. Указ. работа, с. 139.

сивдүү ойлонгон адамдардын катарына Фируддин-бек Кочарли, Джалил Мамедгулузаде, элдик мударистер Мирза Алекпер Эльханов, Мирза Али Гамарлинский, Иса-бек Исмаилбеков, Гашим-бек Нариманбеков, Ханым Алиева, Аббас Рази Мамедзаде, Мирза Жаббарзаде ж.б. кирет[1].

Жергиликтүү азербайжан интеллигенттеринин аракетине карабай, элдин аң-сезимин тарбиялоодо эне тилинде жарык көргөн басма сөз кызматтарынын айныгыс роль ойноорун түшүнгөнү менен Иреванда, бир катар жылдар бою, бул тармакты өнүктүрүү кыйынга турду.

XX кылымдын башына туура келген, 2 барак кагаздагы азербайжан элине кайрылуу азербайжан тилинде басылган текстти, азербайжан басмасынын башаты болгон деп эсептөөгө болот. Бул барактардын биринчиси, Тифлисте түзүлгөн комиссиянын кайрылуусу, анда падыша өкмөтүнүн улуттар маселесин чечүү саясатынын кесепетинен Иреван менен Нахчывандагы кандуу кагылышуудан кийин, азербайжан, армян, грузиндердин чогулуп 1905-жылдын 28-майындагы жыйынында «Кавказдык бир туугандар» деген аталыштагы кайрылууда армян-азербайжан карма-карылыктарын жоюп, кан төгүүлөрдү токтотууга багышталган. Армян, азербайжан, грузин жана орус тилдеринде басылган кайрылууда: «…Биз мамлекетибиздин бардык жарандарына кайрылып, алардын улутуна жана дин тутунууларына карабай: жоолошконду токтоткула, бири бириңерге достук колуңарды сунуп, тынчтыкта, достугунарды чыңап жашагыла дейбиз… Биздин бактылуулугубуз карама-каршылыктан оңолбойт, биримдикке келип, достук мамиле түзгөнүбүздө гана бактылуу жашайбыз»[2], – деп жазылган. Экинчи баракта, падыша өкмөтүнүн кандуу саясатынын маңызы түшүндүрүлүп, Россия социал-демократиялык жумушчулар пар-

---

[1] Мамедов И.С. Азербайджанская печать в Армении. АКД, Ереван, 1971, с.15.

[2] Məmmədov İ. Tariximiz, torpağimiz, taleymiz. Baki, 2003, с. 552.

тиясынын (РСДРП) Кавказ комитетинин 1906-жылдын 19-февралындагы чакырыгы болгон. «Жолдоштор» деген бул баракта: «…азыркы бийлик Кавказдагы армяндар менен түрктөрдүн ортосуна от жагып…бир элди түп-тамырынан жок кылуу максатында анын мүмкүнчүлүгүн кыркып, элдин алган багытын башка нукка, өздөрүнө керек нукка буруугa аракеттенген…»[1].

Бул чакырык-барактары чыгарылгандан бир-нече жыл өткөндөн кийин, Иреванда эне тилинде «Лейлек» («Лек-лек»), «Бурхани-Хагигат» журналдары, жумасына бир чыккуан коомдук-саясий жана адабий «Жаштар жарыгы» гезити[2], ал жерде жашаган азербайжандардын турмушуна орчундуу из калтырып, ошондой эле Иреван басма тарыхына да айнаыгыс из калтырды.

«Лейлек» сатиралык журналы («Лек-лек» деген аталышта кеңири таанылган), Иреван калаасында басылган «Молдо Насреддин» деген журналдын таасири астында, сөздүн аныгы ушул, бул аймактагы азербайжан тилинде чыккан алгачкы журнал болду. Иревандагы молдонасреддинчилердин тынымсыз аракети аркылуу бир-кыйла убакыттан кийин гана азербайжан тилиндеги ушул журналды чыгара баштаган. Ошентип, 1913-жылдын акырында гана «Лейлек» («Илегилек») журналын чыгарууга расмий уруксат алынган. Журнал чыгарууга берилген расмий уроуксат кагаздарынын арасында (бул документтер Грузиянын УИА фондунда сакталуу турат) Иревандын губернатору 1914-жылдын 21-январында берген күбөлүк (уруксат кагазы), М.Мирфатуллаев менен Дж. Аскерзадеге берилген. Документте көрсөтүлгөн боюнча, журналдын мазмуну төмөндөгүдөй болууга тийиш: бет ачар (негизги) макаладан, калаа-

[1] Məmmədov İ. İrəvan dəftəri. İstimai fikir tariximizin qəribsəyən üfüqləri. Baki, 2002, c.52.

[2] Axundov N. Azərbaycan dövri mətbuat (1832-1920). Bibliografiya. Baki, 1965, cc. 36, 53, 70, 136.

нын жана кавказ жаңылыктарынан, телеграммалардан, чет өлкөлүк жана өлкө ичиндеги жаңылыктардан, фельетондордон, ырлардан, тамсилдерден, почта жашигиндеги кулактандырууларды жарыяласа[1] болот делген. Ошол жылдын 22-февралында жумасына бир чыкчу «Лек-лек» сатиралык журналынын алгачкы саны жарыкка чыккан. «Луйс» басмаканасынан жарык коргөн бул журнал араб графикасында басылып, 8 беттен турган. Анын редакторлору жана басмага даярдагандар М.Мирфатуллаев менен Джаббар Аскерзаде Иревани (Аджиз) болушкан. 1914-жылдын 22-февралынан 30 майына чейин журналдын 12 саны жарык көргөн. Журналдын ар бир санынын биринчи бетинде «түрк тилинде жарык көргөн шакабалуу жыйнак» деген жазуу[2] болгон. Молонасреддинчи жазуучулардан Дж.Аскерзаде (Аджиз, Лек-лек, Мугаллид ж.б.), Али Махзун Рагимов (Йетим джуджа), М.С. Ордубади (Хардамхаял), М. Мирфатуллаев жана башкалардын калемине таандак чыгармалар жарыяланган. Иреван окурмандарынын сүймөнчүлүгүнө арзыган журнал, бат эле Бакуда, Гянжеде, Тбилисиде жана Орто Азияга чейин таратыла баштады[3].

Журналдын бардык сандарында, өз элин эркин, маданияттуу, сабаттуу болуусун самагандыктан, эпиграф катары, журналдын негизги максаты болгон – «Маданиятыбыз гүлдөсүн» деген сөз жазылчу. Журнал чыккан мезгил аралыгында 40 фельетон, телеграммалар, билим берүү, маданият жана адабиятка байланышкан каттар жарыяланган. Журналдын негизги жана башкы темаларынын бири катары эне тилинин өнүгүшү эсептелген. Ушуга байланыштуу журналда, жаңы алфавиттин талаптарына ылайык, жаңыча окуу китептерин, элдик адабиятты чагылдыруу эне тилинин негизинде жүргүзүлөөрү айтылган.

[1] ГИА Грузии, ф. 4, оп. 26, д. 172, лл. 10-13; Axundov N. Указ. работа, сс.16-17

[2] Məmmədov İ. Tariximiz, torpağimiz, taleymiz. Baki, 2003, с. 554.

[3] Мамедов И.С. Указ. работа, с. 13.

Эне тилинин өнүгүшү жана улуттук маданият үчүн болгон аракеттери менен кошо «Лек-лек» журналы карапайым мусулман элдин саясий аң-сезимин жогорулатууга, эркиндик жана эгемендүүлүк үчүн күрөшүүгө даярдаган.

Журналдын барактарында элдин канын соргон эксплуотаторлордун саясатын сындап эле тим болбостон, карапайым калктын моралдык жана экономикалык абалын чагылдырып коюп, отуруп албастан, түзүлгөн кырдаалдан чыгуу жолдорун издеп, ошону менен катар, калктын калың катмарына «чөгөлөп жашагандан, тике туруп өлгөн артык» деген идеяны жеткизүүгө аракеттенген.

Аз гана убакытта жарык көргөнүнө карабастан, журнал, тике жана тайманбастан, губернияда болгон саясий, коомдук, жада калса, террористтик окуялардын бардыгына түшүндүрмө берип турган. Бул басма органынын беттерине жаш журналист Юсуф Гейдарзаденин мыкаачылык менен өлтүрүлгөнү, иревандык молдонасреддинчи жазуучулар М.А.Насирге жана Али Махзунга кол салгандардын бетин ачуу, демократиялык басылмага жасалган каршылык, көрөалбастыктарды[1] жарыялоонун өзү падыша бийлигине каршы ташталган чакырык болгон.

1914-жылдын жайында «Лек-лек» толкундануу менен минтип жазган: «Согуш жакындап келатат, миллиондогон бейкүнөө адамдардын каны жерге төгүлөт, көптөгөн элдердин абийири менен баалуулуктары тебеленет. Балким, мунун баары Мекенди коргоо, диндерди сактоо жана эркиндик үчүн жасалаар? Жок, баскынчыларга башка несе керек…»[2].

Ал жылдары журналдын негизги максаты согуштун маңызын ачып берүү гана болбостон, бийлик башындагылардын эки жүздүүлүк беткабын сыйрып, саясаттагы жалганчылыктарын ачык көрсөтүү болгон. Согуштун башталышы менен «Лек-лек» дүйнө элдерине кайрылуу жа-

[1] Məmmədov İ. İrəvan dəftəri... cc.121-122.
[2] Leylək, 1914, №7; Мамедов И.С., Указ. работа, с. 21.

сап, падышага, княздарга, эмирлер менен пашаларга ишенбөөгө чакырып, алдамчылардын тузагына илинип калбоо үчүн этияттыкты сактоого, өз катарларын бекемдөөгө үндөгөн. Элдерди согуш алааматына каршы турууда биримдикке жана тилектештикке чакырганы, журналдын акыркы кайрылуусу болгон. Канетсе да, акыркы 12-санында «Лек-лек» жабылып, жаңы сатиралык «Жаңы» журналы жарык көрөөрү тууралуу айтылган, тилекке каршы, мындай аталыштагы журналдын жарык көргөн-көрбөгөнү тууралуу маалымат жок.

Айта кетчү жагдай, «Лек-лек» журналынын 1-санынын тиркемеси катары аллегориялык ырлар брошюрасы балдарга арналып чыккан[1]. Бул брошюрадагы ырларда ар кандай катмардагы адамдардын жүрүм-туруму азил-чыны аралаш ырлар аркылуу сүрөттөлгөн.

Иреван калаасындагы катаал саясий кырдаал учурунда ачылган басма сөз органы катары «Бурхани-Хагигат» журналын атоого болот. Айына эки жолу жарык көргөн, бул адабий-саясий, тарыхий, илимий предметтик журнал, ар бир номери 8 барактан туруп, 500 нускада жарык көрүп, алгачкы саны 1917-жылдын 1-январынан башталып, ошол эле жылдын 29-июнуна сейин чыгып келген. «Бурхани-Хагигат» дагы «Лек-лек» сыяктуу «Луйс» басмаканасынан чыгып келген. Журналдын редактору да, корректору да Али Зейналабидинзаде Рагимов (Махзун), басмага даярдаган – Гасан Мирзазаде (Алиев)[2] болушкан.

Журналдын беттеринде, негизинен көркөм жана публицистикалык макалалар, ошондой эле Али Махзундун, Джаббар Аскерзаденин, Аджизе Иреванинин, Абдулхак Махрулнисанын, Сари Ханымдын, Т. Фикратинин, А. Садинин, Н. Рамзинин, Тахвила Иреванинин, Мирза джаббар

---

[1] Axundov N. Указ. работа, сс. 16-17.

[2] Məmmədov İ. Tariximiz, torpağimiz,… с.561; Axundov N. Указ. работа, с.18.

Мамедовдун, Вахид Муганлинскийдин ж.б. чыгармалары менен котормолору жарыяланчы. «Бурхани-Хагигат» негизинен адабияттагы реалдуу-агартуучулук талапты карманган.

Айта кетчү жагдай, журналдын чыгышы үчүн уруксат күбөлүгүн алуу оңой болон жок. Азербайжан тилинде жарык коргөн басма органдары сыяктуу эле, алгачкы саны жарык көргөнгө чейин, бир топ кыйынчылыктардан өттү.

1914-жылдын июнунда эле ирeвандык молдонасреддинчилер Джаббар Аскерзаде менен Али Рагимов (махзун) өз сөздөрүндө Иреванда жакынкы аралыкта азербайжан тилинде «Чынги» деген аталышта журнал чыгат деп келишкен. Бул журналда, анын аталышы айтып тургандай «учкун» болуп, элдин турмушу толугу менен ачык-айкын чагылдырылат дешкен. Тилекке каршы бул ишке ашпай калды. Үч жыл тынбай аркеттенүүнүн аркасы менен Али Гаджи Зейналабидинзаде Рагимов (Махзун) «Чынгинин» ордуна «Бурхани-Хагигат»[1] деген аталыштагы журнал чыгарууга уруксат алды.

Жогоруда айтылгандай, «Бурхани-Хагигаттын» №1 саны 1917-жылдын 1-январында жарык көрдү. Бул номердин баштапкы сөзүндө: «Бурхан сөзү – факт, чындыкты далилдөө. Бул журналга чындыкты жана акыйкаттыкты ырастоо тили менен жазабыз. Чындык – бул шам чырак, ал адамдарды сабатсыздык чынжырынан бошотуп келечекте өнүгүүгө апкелет»[2], – деп жазылган.

Журнал кабатырлана, XX кылымдын башында Иреван калаасы, Азербайжандын башка калааларындай эле, абсолютизм алкагында жүргүзүлгөн падыша өкмөтүнүн райымсыз саясатынын таасири астында, этостор аралык жаңжалдардын очогуна айланып, улуттардын ортосундагы кыргын-

[1] ГИА Грузии, ф. 1183, д.680, л. 9; Axundov N. Указ. работа, с.23.

[2] Bürhani-həqiqət, 1917, №1; Məmmədov İ. Tariximiz. Torpağimiz, ...c. 562; Мамедо И.С. Указ. Работа, с. 24.

сүргүндөрдүн чыгышы туурасында: «…журнал жарык көрөр алдында улуттар аралык жаңжал, шовинисттик жеккөрүмчүлүк саясаты, ачарчылык, инфекциялык оорулардын тарашы Иреван азербайжадарын тирүүлөй жута баштады.88 айыл кыйроого учурап, 1920 үй өрттөнүп, Иреван калаасында эле бир жыл ичинде 13.600 адам өлтүрүлдү. Бул тизмеге айрым бир азербайжан улутундагы өлгөндөрдү киргизүүгө мүмкүн болбоду»[1], – деп жазган.

Элди тероең уйкудан ойготууда, журнал аларды жаңы адилеттүү коом үчүн күрөшкө чакырган: «Акыйкатсыздыктын күнөөкөрлөрү – ырайымсыз, адепсиз башг кесерлер, абсолютизмдин караңгы желдеттери, акыйкаттыка жетүүнүн жападан-жалгыз жолу күнөөкөрлөрдү түп-тамырынан жок кылуу болуп саналат», – деп жазган. Абсолютизмди жоюунун кадамы катары, журнал, «эзилген элдердин улуу жеңиши» деп атап, ал Февраль революциясын – «эркиндик жазынын алгачкы Күнү»[2] деп, жаңы түзүлүп жаткан коомго үмүт артаарын жазган.

Бирок, тилекке каршы, кийинки окуялар башка нукка бурулуп, үмүт арткан жаңы курулуп аткан коом өйдогудай болбботу.

Саясий маселелер менен катар «Бурхани-Хагигат» журналынын беттеринде адабияттагы, маданияттагы, илимдеги, турмуштагы маселелер да орун алды. Көнүл чордонундагы маселелердин катарынал адабият теориясы менен көркөм адабияттын абалы турду. Иревандагы жергиликтүү элдин талабына жараша жана шартка ылайык «Бурхани-Хагигат» журналында үй-тиричилигине, адамдардын жаратылышка болгон мамилесине, тазалыкка, санитардык абалга, инфекциялык оорулар менен күрөшүүгө, балдарды тарбиялоо маселелерине арналган макалалар дагы басылды.

---

[1] Bürhani-həqiqət, 1917, №1; Məmmədov İ. Tariximiz. Torpağimiz, ...c. 562; Мамедо И.С. Указ. Работа, с. 24.

[2] Bürhani-həqiqət, 1917, №5; Məmmədov İ. İrəvan dəftəri... c.166.

Журналдын узакка созулбаган убакыт аралыгында (болгону 6 ай чыккан), ал тарыхый мааниге ээ боло алды. Социалдык жана коомдук акыйкатсыздыкты башынан өткөргөн, азап-тозок ортосунда кыпчылган абалда калган Иреван калаасынын калкы үчүн, «Бурхани-Хагигат» сөзмө-сөз айтканда «тез жардам» функциясын аткарды.

Иревандагы «Жаштардын интернационалдык Кеңеши» да өзүнүн басма сөз органы болгон «Жаштар кеңеши» гезитин чыгаруу чечимин кабыл алды. Бул саясий, коомдук-адабий гезитти, жумасына бир ирет чыгарууну студент Рза Тагиев редакциялап, М.А.Насир жана М.Мирфатуллаев чыгарышкан.

Белгилешибиз керек болгон жагдай, «Азербайжандын периодикалык басылмалары» библиографиялык жыйнагында, бул гезит 1920 жылдан чыга баштаганы катталган. Бирок, И.Мамедовдун изилдөөсү боюнча, гезиттин чыккан убактысы 1917-1918-жылдарга туура келет[1]. Тилекке Конституция Азербайджанской Республикишы, гезиттин бир дагы санын колубузга тийгизе албадык, болгону колдо бар документтер тастыктагандай, «Жаштардын интернационалдык Кеңеши» жаштар арасында алгылыктуу пропагандалык иштерди жүргүзгөнү, өзгөчө армян жана азербайжан жаштарын бириктирүүгө болгон аракети жазылган[2].

Иреван калаасында армян тилинде жарык көргөн алгачкы басылма «Псак» («Шыпыргы») деп аталып 1880-жылдын 15-мартынан баштап чыккан. Бул гезиттин чыгышы, иревандагы периодикалык басылмалардын алгачкысы болгондуктан, шаардын маданий жана саясий турмушундагы урунттуу окуя болду. Газетанын беттеринен адабий-тарыхий макалалар, тарбия жаатындагы маалыматтар жарыяланып, акырындап отуруп, атайылап түрктөргө каршы багытталган, армян калкынын аң-сезимине улуттук-шовинисттик

[1] Məmmədov İ. İrəvan dəftəri...cc.192-193.
[2] Yoldaş. 1920, №3; Axundov N. Указ. работа, cc. 123-124.

маанай тартуулаган «Батыш Арменияны түрктөрдүн эзүүсүнөн чыгаруу ар бир армяндын милдети» деген ойду уюта баштаган. Бирок, бул гезиттин өмүрү узакка созулбады, 1884-жылдын 7-апрелинде газета бийлик тарабынан жабылды. «Псак» гезити жабылгандан кийин, «Медициналык барактар» журналынан жана «Иреван жаңылыктары» баракгезитинен башка, ошол кезде «Псак» менен катар 1908-жылга чейин чыгып турган, анын беттеринде кулактандыруулар гана жарыяланган, башка бир дагы басылма XX кылымдын башына чейин армян тилинде жарык көргөн жок. 1-2 басма баргынан турган, жогоруда аталган «Медициналык барактар» журналы иревандын калкын расмий токтомдор жана буйруктар менен тааныштырып, ошондой эле, окурмандарын коомдук турмуштун ар тарабын чагылдырып: калктын турмуш-тиричилик шарты, мезгил-мезгили менен коомду каптаган эпидемиялар, алардын себептери, калаанын санитардык абалы, балдардын гигиенасы ж.б. болгон. Абсолютизмдин тартиби менен түзүлүшүн сындаган макалалар жарыялана баштаган соң, бийлик бул журналды да жапкан.

Иреван калаасындагы периодикалык басылмалар тарыхында «Иреван жаңылыктары» ошол кездеги, эң эле узак жашаган барак-гезити десе болот. 1917-жылга чейин анчамынча тыныгуулар менен жумасына үч жолу чыккан бул чакан форматтагы барак-гезиттин бетинде армян, азербайжан тилдеринде кулактандыруулардан башка калаанын жана уезддин жаңылыктары, ички базарлардагы товарлардын баалары, анекдоттор (1909-жылдан баштап гезит орус жана армян тилдеринед гана чыккан) басылган[1].

1907-жылдын февралында Иреванда жаңы гезит «Факты» чыга баштаган, бул гезит шаардык большевиктер уюмуна таандык болгон. Болгоону эки ай гана жарык көргөн

---

[1] Акопян Т.Х. Указ. работа, с. 295.

бул гезиттин беттеринен төмөндөгүдөй аталыштагы макалаларды окууга болгон, алар: «Мамлекеттик Думага мүнөздөмө, жана ага шайлоо», «Түштүк Кавказ алкагынада жер укугу боюнча съезд чакыруу», «Ишканалардын кожоюндары тарабынан эзилгендер жана кордук көргөндөр» ж.б.у.с. жарыялангандар жергиликтүү бийликтегилердин кыжырын келтирип, гезиттин жабылышына түрткү болду[1].

1908-жылдан баштап Иреванда «Раздан»[2] деген аталышта гезит чыга баштады, анын дагы өмүрү бир жылга араң жетти. Биринчи көз караште, тынчтык жолуна кызмат кылат деген гезит, алгач Иревандагы коомдук адабият, экономикалык турмушту чагылдырса, барып-барып иреван улутчул армяндарынын «Дашнакцютун»[3] партиясынын органына айланды. «Раздан» гезити менен бир мезгилде, ушул тапта «Иреван губерниясынын жанылыктары» баракчагезити да чыгып турган, анда расмий документтер, токтомдор, буйруктар, ар кандай кулактандыруулар, статистика маалыматтары басылчы. Бирдей багыттагы гезиттер – «Калаа жаңылыктары», «Иреван жаңылыктары», ошондой эле, 1911-жылы чыккан «Нор Дзайн» өмүрлөрү кыска болгон.

1911-жылы жана 1913-жылы Иреванда чыккан «Кран» жана «Нор Мамул» сатиралык гезиттеринин бетинен алдабий чыгармалардан тышкары, саякат баракчалары, ар кандай мазмундагы котормо материалдар, ырлар, ошондой эле, айрым партияларга тиешелүү, анын ичинде «Дашнакцютун» партиясын сындаган маалыматтарды окууга болот. Айта кетчү жагдай, бул журналдын редактору мурда, 12

---

[1] Овсепян С.М. Деятельность большевиков и революйионное движение в Ереване (1901-1920). Автореф. дисс. канд. ист. наук, Ереван, 1971, с. 14.

[2] Акопян Т.Х. Указ. работа, с. 295.

[3] АОПДУДПАР, ф. 276, оп. 8, д. 334, л. 3; д. 235, л. 38; Багирова И.С. Политические партии и организации Азербайжана в начале XX века, Баку, 1997, с.224.

жыл «Гнчак» партиясынын мүчөсү болгон, кийин партиянын катарынан чыгып кеткен.

1913-жылы жергиликтүү большевиктер, өз аракеттерин күчөтүп, жылдын этегинде жумасына бир ирет чыга турган «Хоск»[1] гезитин чыгарууга жетишти. Гезит 1914-жылдын жарымына чейин чыгып, Түштүк Кавказдагы жана Ирeвандагы саясий абалды коркпой сындап турду. Белгилей турган нерсе, ушул басылмалардан тышкары, Иреванда ошол кезде «Иреван губерниясын тастыктоо» жана «Иреван губерниясы боюнча Эске салуу китеби»[2] жыйнактары жарык көргөн. Эгерде булардын биринчиси жылына бир жолу чыгып турса, ал экинчиси – так жылдары чыгып келген. Бул бири-биринен мазмуну боюнча анча айрымаланбаган басылмаларда расмий иш кагаздарынан башка, айрым адамдардын жазгандары, губерниянын экономикалык көрсөткүчтөрү, уезддер тууралуу маалыматтар, алардын калкы, тарыхы, маданияты, этнографиясы ж.б.у.с. басылчы.

Иреван калкын агартууга күч үрөгөн интеллигенция өкүлдөрүн китеп басып чыгаруу маселеси да кызыктырган. Ошол адамдардын күчү менен, XIX кылымдын 80-жылдарында, азербайжан тилиндеги китептер, окуу куралдары жарык көргөн. Бирок, иревандагы басмаканаларды азербайжан тилинин ариптери жок болгонуна байланыштуу жергиликтүү авторлордун китептери Тебризде, Тегеранда, Бакуда, Тифлисте, Бахчысарай менен Шушадагы басмаканаларданжарык көрүп келген. Негизи, бардык китептердин титулдук барагында авторлор өздөрүнүн фамилияларынын катарында, псевдонимдерин кошо жазышып, өздөрүн кай жерликтигин тастыкташкан (Иревани, Иреванский, Гамарли, Гамарлинский дешип)[3].

[1] Овсепян С.М. Указ. работа, с. 18.
[2] Акопян Т.Х. Указ. работа, с. 250.
[3] Məmmədov İ., Əcədov S. Ermənistan azərbaycanlilari və onlarin aci taleyi, qisa tarixi oçerk, Baki, 1992, c. 18.

XIXкылымдын соңунда, Иреван калаасында иштеген Эдильсондун басмаканасы азербайжан тилинин ариптерине ээ болууга жетишип, 1899-жылы ушул басмадан 52 беттен турган иревандык мугалим Мухаммед Вели Гамарлинин «Аталар сөзү» («Макалдар») китеби жарык көрдү[1].

XX кылымдын башында азербайжан тилиндеги китептер Иревандагы төрт басмаканада (Гюльамирян, Эдильсон, Культура, Луйс)[2] басыла баштаган. Иреван интеллигенттери котормочулук менен дагы алектенишкен. Орус адабиятынын билерманы, иревандык жаш мугалим Фирудин-бек Кочарли алгачкы болуп бул маанилүү ишти колго алган. Ал иревандын эле калкы эмес, жалпы азербайжан окурмандарын А.С.Пушкиндин, М.Ю.Лермантовдун жана Л.Н. Толстойдун чыгармалары менен тааныштырган. 1891-жылы Бахчисарайда «Талимати-Сократ» китеби («Сократтын насааттары») басылды. Китептин мукабасында: «Орус тилинен которгон светтик илимдердин жана кудайтаануу сабагынын мугалими, Иреван гимназиясынын окутуучусу Фиридун Кочарли»[3], – деп жазылган. Ал эми, 1892-жылы Иреванда А.С. Пушкиндин «Балыкчы менен балык жомогу» китеби Ф.Кочарлинин которуусунда жарык көргөн. Жыйынтыктай келгенде, Иреван калаасында китеп басып чыгаруу, XIX кылымдын 80-жылдарында башталып, 90-жылдары кеңейип, улуттук аң-сезимдин калыптанышына оң таасирин тийгизип, жергиликтүү элдин коомдук пикирин жаратты.

Ошентип, Ирeвандын агртуучуларынын тынымсыз аракети астында уюшулган басма иштери, калктын дээрлик арбын бөлүгүнө түшүнүктүү болгон тилде, жаркын маанай,

---

[1] Məmmədov İ., Əcədov S. Указ. работа, с. 21; Süleymanova S. Azərbaycanda istimai-siyasi hərəkat (XIX yüzilliyin sonu – XX yüzilliyin əvvəlləri), Baki, 1999, с. 27.

[2] Məmmədov İ., Əcədov S. Указ. работа, с. 21.

[3] Там же, с. 20.

ак тилектер менен чыккан болсо (тилекке каршы, жогоруда сөз болгон армян тилинде жарык көргөн басылмалар түрктөргө каршы багытталган шовинисттик лозунгдар менен чыгып, карапайым элдин армян бөлүгүнө терс үгүттөрдү жүргүзүп, эки элдин ортосуна бүлүк салды), социалдык-экономикалык процесстерди, коомдун турмушун чагылдыруу менен катар колониалдык бийликти кулатууда, улуттук боштондук үчүн күрөштө зор куралга айланды. Белгилей турган жагдай, ошол мезгилде Иреван калаасында, ар кандай басылмаларды чыгаруу менен бирге котормочулук иши дагы колго алынып, калаанын элинин аң-сезимин тарбиялоодо жана маданий агартууда орчундуу роль ойноду.

### 4.3. Искусство

Иреван хандыгынын маданияты архитектуралык курулуш эстеликтери туурасында, ошол кезге таандык маданият менен искусствонун, ошондой эле билим берүү деңгээли боюнча орто кылымдардагы саякатчы окумуштуулар Ж. Тавернье менен Ж. Шардендин эмгектеринде, ошондой эле, орус басып алуучулугунан кийинки изилдөөчү – И. Шопендин чыгармаларында кездешет. Орус падышалыгы тарабынан басылып алынган аймактардагы дээрлик бардык материалдык маданият орус аскерлери жана мында XIX кылымдын башынан тарта Иреван хандыгынын аймактарына күргүштөп көчүрүлүп келген армян калкынан чыккан вандалдар тарабынан талкаланып жок кылынды. Ошентсе да, бирин-экин жазылып калган маалыматтарда, өзүнчө изилдөөгө алынган документтерде материалдык маданият эстеликтери, Иреван хандыгынын аймагында, өзгөчө Иреван калаасында болгондору туурасында, ошондой эле, искусстводо, билим берүү жана адабий чөйрөлөрдөгү маалыматтарда катталгандары бар. Азербайжан хандыктары мезги-

линдеги искусстводо кезиккен сенектик XIX кылымдын биринчи жарымында акырындап жоголду. Бул мезгилде Азербайжанда, анын ичинде, Иреван калаасында акырындык менен музыка, сүрөт тартуу жана прикладдык искусство, архитектура жаатында жандануу болгону байкалат. Өзгөчө, эл арасына кеңири тараганы – сүрөт тартуу искуствосунун эң бир көркөм үлгүлөрү катары дубал бетине тарылгандары эсептелет, алар XVIII кылымда курулган[1] имараттардын дубалдарында биздин күндөргө чейин сакталып келген. Европадан келген саякатчылар менен сүрөтчүлөрдү Сардардын аксарайынын дувалдарына түшүрүлгөн монументалдык коз сүрөттөрү, өтө чеберчилик менен шөкөттөлгөн сюжеттик композициялар менен портреттер кызыктырганын, алардын өздөрүнүн суктануу менен жазган эскермелеринен табууга болот.

Сардардын аксарайынын 1837-жылы түзүлгөн планына ылайык, анын аянты 1 гектарга жакын келген Аксарай сепил түрүндөгү комплекстин түндүк-батыш болүгүндө жайгашып, аксарайга кирүү эшиги сепилден башталган. Иреван хандары жашаган Аксарайдын ички жасалгасы орустун белгилүү сүрөтчүсү, академик В.Машковдун 1828-жылдагы, археолог жана сүрөтчү Г.Гагариндин 1840-жылдагы чыгармаларында жогорку деңгээлде сүрөттөлгөн. Бизге жеткен маалыматтарга таянуу менен Аксарайдын ички-тышкы жасалгасынын кандай болгондугу, мазмуну, формасы менен стили, кесипкөйлүк жана эстетикалык көркөмдүгү тууралуу кеп козгоого болот.

К.Каримовдун изилдөөлөрүнө караганда, Аксарайдын Күзгүлүү залы менен Жайкы павильонун коoздогон оригиналдуу сүрөттөрдүн автору, белгисиз. Декаративдүү дувал-

[1] Mirəhmədov Ə. XIX əsr Azərbaycan mədəniyyəti. Az.SSR EA Tarix və Fəlsəfə İnstitutunun Əsərləri, VI cild, B. 1955, c. 18; İrəvan Xanliği. Rusiya işğali və ermənilərin Şimali Azərbaycan topraqlarina köçürülməsi. Baki, Azərbaycan, 2010, c. 194.

дардын коолдоодогу сюжеттер ошол мезгилдеги канондор жана үрп-адаттарга шайкеш. Адаттагыдай, дувалдын жогору жагына, аркалар жана аркалар аралык панелдеринде декоративдик композициялар жайгаштырылып, алар геометриялык жана стилдешкен өсүмдүк мотивдери менен, ачык жана кооз гүлдөр, жаныбарлар менен куштар тартылган[1].

Ирeван ханынын Аксарайындагы Күзгүлүү залын Англиялык саякатчы Х. Линч минтип сүрөттөгөн: «Сансыз күзгүдөн чакмак түрүндө тизилип чапталган аркалар кристаллдардай жаркырайт. Салондун шыбы толугу менен шөкөттөлгөн. Шыптын төмөнкү бөлүгүндө роза жана ирис гүлдөрүнүн сүрөтү тартылып, коздүн жоосун алат»[2], – деп жазган.

1828-жылы Орус аскерлери менен Иреванга кол салган В. Машковдун картинасында, көптөгөн адамдар катышкан салбурун учуру тартылып, Фатали шах менен Аббас Мырзанын портреттеринин ортосуна илинген[3]. Окшош алкакка орнотулган Фатали шахтын, анын уулу Аббас мырзанын, Иревандын ханы Гусейнгулу-хандын жана анын бир тууганы Хасан-хандын, Рустамдын, анын уулу Зохрабдын, ошондой эле аялдын портреттени Күзгүлүү залга көрк берип турат[4].

Иреван хандарынын убагындагыдай эле, орус аскерлери тарабынан басылып алынгандан кийин деле, биздин күндөргө чейин декаративдик-прикладдык искусствонун көптөгөн үлгүлөрү, анын ичинде ташты кесип жасаган буюмдар, металлдан бышырылган нерселер, килемдер, керамика менен саймалар сакталып келди. Тилекке каршы,

[1] Karimov K. İrəvan sərdərinin sarayi// Yeni fikir qəzeti, 18 oktyabr 1995, №5.
[2] İrəvan Xanliği. Rusiya işğali və ermənilərin Şimali Azərbaycan torpaklarina köçürülməsi. Baki: Azərbaycan, 2010, c. 195.
[3] Karimov K. İrəvan sərdərinin sarayi// Yeni fikir qəzeti, 18 oktyabr 1995, №5.
[4] İrəvan Xanliği. Rusiya işğali və ermənilərin Şimali Azərbaycan torpaklarina köçürülməsi. Baki: Azərbaycan, 2010, c. 195.

белгилей кетели дегенибиз, жогоруда айтылган искусствонун көптөгөн нускалары Армения Республикасынын музейлеринде «армяндардын» искусство чыгармалары катары көргөзүлүп келүүдө. Бул чыгармалардын эң эле кеңири жайылганы сайма өнөрү болгон. Иреван хандыгы мезгилине таандык сайма түрүнүн эки нускасы Азербайжан Улуттук тарых музейинде сакталып турат. 1827-жылдын 1 октябрында Иреван сепилин орус аскерлери басып алганда орустардын колуна, Иреван хандарына таандык саймаланып-коолдолгон 4 туу, түшкөн[1]. Кийин, бул туулар Кавказ аскер-тарыхый музейинде сакталып турган. Ушундай туунун экөө 1924-жылы Азербайжандын Улуттук тарых музейине өткөрүлүп берилген. Инвентардык номерлери 461 жана 473 болгон бул эки туу сайма саюунун чанда кездешчү түрүнө кирет. Бул туулардын бирөөн сүрөттөгөн маалыматта, Иреван башчысына таандык болгон үч бурчтуу туунун кездеме бөлүгүнүн көлөмү 145х261х217 см келет. Туу кочкул кызыл түстөгу кездемеден жасалган. Туунун жогорку жагына арстан менен күн тартылган (шири хуршид), капталында ачык күрөң түстөгү арстан куйругу белин курчап, оң колу бир аз көтөрүлүп турат. Арстандын көзү сары-кара түстө, ал тиштери менен тили, тырмактары сары түстөгү жиптер менен саймаланган. Адам бетине окшотулуп тартылган Күндүн жүзү сары кездемеден жасалган. Күндүн мурду менен каштары кара болуп, а көздөрү – кара жана сары жиптер менен сайылган… Туу айландыра ар кандай түстөгү жиптер менен курчалган. Тууну асабасына бекиткен сумкеси жашыл кездемеден жасалган. Асабанын жогору жагында күмүш жиптерден эшилип жасалган узун кисточка. Бул туу болжол менен, 1825-1826-жылдары жасалган[2].

[1] Потто В.А. Кавказская война в отдельных очерках, эпизодах, легендах и биографиях. Т.3, вып.1-4, СПб., 1886, с. 361.
[2] İrəvan Xanliği. Rusiya işğali və ermənilərin Şimali Azərbaycan torpaklarina köçürülməsi. с. 200.

XIX кылымдын биринчи жарымында Азербайжан көркөм-сүрөт искусствосунда реалдуулук тенденциясы өнүктү. Мындай тенденцияны Азербайжандын ошол кездеги атактуу кыл калем чебери Мырза Гадим Ireванинин (1825-1879) чыгармачылыгынан айкын көрөбүз. Ал Ирevandaгы бай сүрөтчүнүн үй-бүлөсүндө төрөлгөн, орто билимди Тифлисте алган. Кийин, туулган жерине кайтып келип, өмүрү өткөнчө Иреванда жашаган. Ал өз мезгилиндеги билимдүү адам болуп, фарси, орус жана француз тилдеринде эркин сүйлөп, музыканы жакшы көргөн[1]. Сүрөтчүлүк өнөрү бала күнүнөн башталган. Мирза Гадим Ireванинин атайын сүрөтчүлүк билими болбогон. Сүрөтчүлүк карьерасынын башында ал декоративдик искусство менен шугулданып, аны атасынан үйрөнгөн, ал жыгачты оюп кооздоо устасы болгон[2]. Анын алгачкы картинасы аялдын портрети болгон. Ал аны жаш кезинде күзгүнүн бетине тарткан. Ireванинин алгачкы учурдагы чыгармачылыгы негизинен прикладдык жана көркөм сүрөт өнөрүнө арналган. Сүрөтчү көптөгөн картиналарды жазып, жибек кездеменин бетине алтын жиптер менен сайма түшүрүүгө, ошондой эле, дувалдардын бетине сүрөт тартуу үчүн трафареттерди даярдаган. 1850-жылдын башында Ireванини, элге аты чыккан атактуу сүрөтчү катары Ирevandын мурдагы хандарынын Аксарайын калыбына келтирүүгө чакырышты. Ошондон баштап, сүрөтчүнүн өмүрүндө жаңы доор башталды. Ал бир нече картинаны май боёктору менен калың холстко тартты, анын ошол сүрөттөрү азербайжан живописиндеги алгачкы сүрөттөр болду[3].

Сүрөтчүнүн «Жоокер», «Дервиш», «Бийчи кыз» порт-

---

[1] Миклашевская Н.М. Художники XIX века Мирза Кадым Еривани и Мир Мохсун Навваб. Azərbaycan İncəsənəti. VI cild, B., 1954, с. 12.

[2] Məmmədov İ. İrəvan dəftəri. İctimai fikir tariximizin qəribsəyən üfüqləri, Baki: Fdiloğku, 2002, с.18.

[3] Azərbaycan tarixi: 3 cilddə, IIcild. Baki: Az. SSR EA-nin Nəşriyyati, 1964, с. 141.

реттери жашоо ыргагын, күнүмдүк турмуштун кырларын даңазалайт. Бул чыгармалар түп нускасына опокшош тартылгандыктан, орто кылымдардагы чакан миниатюралардан башкача стилде, болжолдуу декоративдик, примитивдик ыкмадан кеткендигин көрөбүз. Мындай ыкма живопись стилинде да байкалат, сүрөтторго түшундурмө бергенде, алар акырындап жеке окшоштугу реалисттик мүнөзгө айланганын байкайбыз[1]. 1850-жылы сүрөтчү иреван башчысынын аксарайындагы Күзгүлү залдагы декоративдик паннону реставрациялоо учурунда, бир-нече портретти май боёгу менен тарткан («Фатали шах», «Аббас мырза»). Портреттер менен катар ар кандай тематикадагы картиналарды («Князь Александр аялы менен», «Падыша менен министр») тарткан. Декоратор-сүрөтчү болуу менен карьерасын баштаган Мирза Гадим, өто дыкаттык менен саймаларды тартууну өздөштүрүп, адамды ойго салган миниатюралык сызыктар менен чакмактарды өзүнүн чеберчилигинде колдонгон[2]. Мирза Гадим Иревани, ата журтуна болгон чексиз арзуусун чыгармачылыгында чагылдырган, азербайжан кыл калем чеберлеринин көрүнүктүү өкүлү, портрет жана монументалдуу живопистин чебери, Азербайжандагы көркөм сүрөт өнөрүнө чыйыр салган устат, аны декоративдик, сюжеттик өзгөчө композициялуу чыгармалары менен байыткан. Анын чыгармалары аркылуу, ал тарткан Ирևандын жетекчилеринин сүрөттөрүн карап отуруп, муундан муунга жашоонун ээси, ушул чөлкомдүн кожоюну кандай адамдар болгонун аныктоого болот.

Ирevандагы искусство чеберлеринин дагы бир жаркын өкулу Мохаммад Реза Ирeванини атоого болот. Бул автор өзүнүн «Жарадарларды айыктыруу»[3] аттуу эмгеги менен

---

[1] Миклашевская Н.М. Художники XIX века Мирза Кадым Еривани и Мир Мохсун Навваб. Azərbaycan İncəsənəti. т. VI, с. 14.

[2] Azərbaycan tarixi. (под ред. С. Алиярлы) Baki, 1996, с. 767.

[3] Qaziyev F. XIX əsr. Azerbaycan tesfiri bycəsənətinə dair yeni materiallar. Ədəbiyyat və İncəsənət gezeti, 18 yanvar 1958.

таанымал болду, ал мезгилинде, миниатюралык сүрөттөрдүн үлгүсү катары таанылып, Санкт-Петербургдагы Мамлекеттик Эрмитажда сакталуу турат. Бул көп фигуралуу үй-бүлөлүк миниатюра болгондуктан, образдар менен пейзаждын айкалыштырылып тартылышы көрүүчүгө реалисттик ырахат тартуулайт. Ошол эле кезде, классикалык миниатюранын стили менен жаңыча мейкиндикте тартуу ыкмасын бириктиргени баалуу[1]. Белгилей турган нерсе, ireван искусствосу мазмуну жагынан да көркөмдүк формасы боюнча да тардициялуу болгон. Көп фигуралуу композицияда, салбурун учурунун сүрөттөлүшү же салгылаш мезгили тартылган сүрөттөрдө, адамдардын образдары менен жаратылыш коoздугу, өң берүүдөгү боёктордун колдонулушу, кадимден келаткан, XVIII кылымдагы коркөм өнөр искусствосу XIX кылымдын башында да уланганын көрөбүз. XIX кылымдын башында Орус империясында орун алган социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр искусствонун өнүгүшүндө жаңы этапты ачып, улуттук маданияттын негизги багыттарына түзөтүү киргизди. Ушул мезгилге туура келген, Азербайжан эли орус элинин маданияты, европа элдеринин маданий баалуулуктары менен жакындан таанышканы, алардын дагы бул өңүттө жаңы багытта өнүгүшүнө түрткү берди. Жагымдуу маанай түзүлгөндүктөн, социалдык жана эстетикалык ой толгоодо, илимде, билим берүүдө, искусстводо жаңы жанрлар, жаңы ачылыштар жасалды. XIX кылымдын экинчи жарымында архитектура, живопись, декоративдик-прикладдык искусство багытында эмгектен кесипкөй адистердин саны арбып, чыгармачылыкка кеңири жол ачылды.

Жогоруда айтылгандай, М.Г. Ireванинин атагы анын холстко тарткан сүрөттөрү, териге түшүрүлгөн, сөөктөн оюп жасалган эмгектери аркылуу элге таанымал болгон. Бул көз караштан алганда, анын Эрмитажда сакталган сый-

[1] Azərbaycan tarixi: 7 cilddə, İV cild. Baki: Elm, 2000, c. 157.

лоо папкеси да өзүнчө кеп кылууга арзыйт. Анын бул эмгектеринде биздин элдин байыркы замандан келаткан эң керемет орнаменттеринин үлгүлөрү түшүрүлгөн. М.Г. Иреванинин чыгармачылыгы, кынтыксыз, искусствонун бул тармагына чоң салым кошту. Тилекке каршы, сүрөткердин чыгармаларынын арбын бөлүгү жоголуп кеткендиктен, анын чыгармачылык дарамети тууралуу толук кандуу кеп кура албай келебиз. Ошондой болсо да, сүрөтчүнүн чыгармаларынан анын азербайжан көркөм өнөр тармагына айцныгыс салым кошкону айкын көрүнүп турат. М.Г. Иреванинин чыгармачылыгындагы өзгөчөлөк, орто кылымдардагы миниатюра искусствосун реалдуу стилдешкен сүрөттөргө жалгаштырганы аркылуу көз жоосун алган керемет гармония жарата алганы десек болот[1]. Монументалдык-декоративдик живопистин өнүгүшү Иреван калаасында XIX кылымдын экинчи жарымында деле улана берген. Искусствонун бул багытында жаралган өтө жаркын үлгүлөрү орто кылымдарда Ирвандагы азербайжандар жашаган тамдардын дубалдарында тартылып, улуттук архитектура эстеликтери катары бизге жеткен. Белгилей кетчү жагдай, эгерде мурунку замандарда үй дубалдарын коздоодо бетине чегип сүрөттүшүрүлгөн керамикалык такутасалар колдонулуп келген болсо, XIX кылымда анын ордуна түстүү боёктор менен кооздоо келди. Иревандагы декаративдик-прикладдык искусствонун бул баскычы XIX кылымдын экинчи жарымына туура келип, ал түздөн-түз М.Гадима Иреванинин ысымы менен байланыштуу.

М.Г. Иреванинин чыгармачылыгындагы көрүнүктүү эмгектеринин бири катары, анын 1850 жылы Иреван Сардарынын Аксарайынын дувалдарын реставрациялаганын атоого болот. Аксарайдын дувалдарындагы кооздолгон сүрөттөрдү кайрадан калыбына келтирүү менен катар, сүрөтчү

[1] Rasim Əfəndi. Azərbaycan incəsənəti. Baki: Şərq-Qərb, 2007, c. 116.

дувалдарды бир канча портреттер менен толуктаганы айтууга арсыйт. Сүрөтчүнүн туугандарынын айтуусуна караганда, алар Бакуда жашашат, ал туурасы 2 метр, бийиктиги 1 метр болгон май боёгу менен тарткан сүрөт Иреванинин чыгармачылыгында өтө жогорку баага ээ болуп, искусство тарыхында «азиядагы көркөм сүрөт өнөүнүн үлгүсү» болуп эсептелет[1]. Тарыхый булактарда көрсөтүлгөндөй, 1918-жылы армян вандалдары Сардардын Аксарайын талкалаганда, сүрөтчүнүн «Саркарде» жана «Фатали шах» портреттери Грузияга алынып кетип, азырга чейин Грузиянын мамлекеттик музейинде (Тибилисиде) сакталуу турат. Тилекке каршы, Ирevandагы биздин көптөгөн архитектуралык эстеликтерибиз Сардардын Аксарайынын тагдырындай тагдырга туш болушкан. Элдик чыгармачылыкта прикладдык искусство Иреван көркөм сүрөт чыгармачылык мектебин жаратууда негизги орунду ээлеген. Иреванда жашаган жүздөгөн сүрөткерлер, ошондой эле Азербайжандын башка аймактарында жашагандары деле ар түрдүү көркөм чыгармаларды жаратышып, ички жана тышкы рыноктордо сатылып турган. Ошол тапта бойокчулар, карапачылар, жезчилер, пахтадан токуу устаканаларында жүздөгөн кесиптеги мастерлер – барсканчылар, жыгач усталар, зергерлер, улуттук музыкалык аспаптарды жасаган усталар ж.б. эмгектенишкен. Кээ бир кустардык жол менен алектенген устаканалар, маселен курал жасаган устаканаларга, бийлик тарабынан иштөөгө тыюу салынган. Айрым тармактагылардын иши жүрбөйгөнүнүн себеби, Орусиядан келген фабрикаларда чыгарылган арзан баадагы товарлар менен тең-тайлаша алышпай, жабылууга аргасыз болушкан.

XIX кылымда килем токуу өнөрү өнүккөн – Азербайжандагы эң байыркы өнорлордүн бири килем токуучулук болгон. Ошол мезгилде, башка тармактардай эле, килем то-

[1] Kərimov K. İrəvan sərdərinin sarayi// Газета “Yeni Fikir” 18-oktyabr 1995, № 5.

куучулукта дагы жаңы инновациялык ыкмалар пайда болгон. Иреван калаасында килем токумачылык, декоративдик искусствонун тармагы катары кеңири өнүккөн. Иреван килем токуучулук мектебинин үлгүлөрүн, карабаг менен тебриз килемчилигине жакын үлгүдө токулгандыктан, мезгил-мезгили менен чет өлкөлөргө чейин алып кетип турушкан. Бул килемдердин көптөгөн нускалары бүгүн дүйнөнүн ар кай жериндеги музейлеринде «Армяндардыкы», «Ереван килеми» деген аталыштар менен сактылып келүүдө. Айта кетишибиз керек, армяндар килемтокуучулук менен алектенишчи эмес, ал эми килемдердин беттерине түшүрүлгөн саймалар азербайжан элинин менталитетин чагылдырган орнаменттер экенинде шек жок. Иреванда өнүккөн чыгармачылыктын тармагы катары, ошондой эле, бул өнөр азербайжандар жашаган бардык аймактарда өнүккөн, көркөм саймачылык (текельдюз) болуп саналат. Искусствонун бул түрү Иреван калаасында жашаган кыз-келиндер арасында кеңири тараган өнөр болгон. Улуттук саймачылыкта колдонулган азербайжандарга гана таандык болгон орнаменттерди көркөм саймачылык өнөрүн аркалаган уз аялдар сактап, өз саймачылык өнөрүндө жайылтып келишкен. Бала кезинде М.Г. Иревани декаративдик саймалардын үлгүлөрүн жергиликтүү уз аялдарга даярдап бергендиги белгилүү[1]. Мындан тышкары, сайма өнөрүнүн эң бир бай үлгүлөрү М.Г. Иреванинин портреттеринде тартылганын көрөбүз. Бүгүн Иреванда сакталган жүздөгөн кол жазмалар менен китептерде, Метандарандагы байыркы кол жазмалар Институтунда сакталган керемет сүрөт үлгүлөрүн Иреван мектебинен жаралган живопись менен каллиграфияны азербайжандар жаратканын эч ким тана албайт. Иревандын Шилачи деген кварталында негизинен живопись менен алектенишкен[2].

---

[1] Rasim Əfəndi. Azərbaycan incəsənəti. Baki: Şərq-Qərb, 2007, c. 114
[2] İrəvan Xanliği. Rusiya işğali və ermənilərin Şimali Azərbaycan torpaqlarina köçürülməsi, c. 199.

**Театр.** XIX кылымдын 70-жылдарында Азербайжандардын коомдук турмушунда маданий жаңылык катары улуттук театрдын ачылышын атасак болот. Негизинен мусулмандар жашаган Баку калаасында 1873-жылдагы алгачкы театрлаштырылган көрсөтүү чыгармачылыктын бул тармагында Чыгыштагы алгачкы карлыгач болду[1].

Улуттук кайра жаралуунун дагы бир бутагы болуп театр өнөрү эсептелээрин, Иреван калаа эли байкабай койгон жок – ал калаадагы Азербайжан маданий очокторунун негизгилеринин бири болуп калды. Иревандын билимдүү интеллигент өкүлдөрү бул тармакка шыр көңүл бөлүшүп, ушундай театралдык оюндун калаада пайда болушун тездетүүгө аракет жумшашты. Армян тектүү окмумуштуулардын да, азербайжан аалымдарынын да изилдөөлөрүндө Иревандагы азербайжан улуттук театрына арналган эмгектер бар. Бул эмгектерде белгиленгендей, Иревандагы азербайжан театрында алгачкы театрлаштырылган оюн 1886-жылы болгону айтылат[2]. Ушундай эле маалымат Азербайжан энциклопедиясында да жазылган[3]. Ошондой эле, азербайжан тарых изилдөөчүлөрү тарабынан түзүлгөн көп томдон турган «Азербайжан тарыхы» басылмасында дагы, Иреван калаасында коюлган спектакль 1886-жылы болгондугу белгиленген[4]. Батыш Азербайжандын тарыхый жана саясий турмушун көп жылдар катары менен изилдеген И. Мамедов, бул тыянактар менен макул эместигин жазган, анын изилдөөлөрүнө караганда, жогорудагы айтылгандар олуттуу илимий кемчиликтерге ээ. Себеби, «Псак» (Шыпыргы) гезитинин 1882-жылдын 10-апрелинде жарык көргөн санында, деп жазат автор, Иреван калаасында «Ачкөздүк душман табат» деген азербайжан тилиндеги пьеса 1882-жылы коюлга-

[1] Azərbaycan tarixi: 7 ciddə, IV cild. Baki: 1980, c. 129.
[2] Rzayev S. Ermənistanda Azərbaycan teatri. Baki: Ağridağ, 1963, c. 107.
[3] Azərbaycan Sovet Ensiklopediyasi. VI cild. Baki: 1980, c. 129.
[4] Azərbaycan tarixi: 7 ciddə, IV cild. Baki: 2000, c. 397.

ны[1] жазылганын мисалга алат. Ирeвандагы кедей мусулман студенттерге жардам иретинде коюлган бул азербайжан тилиндеги спектакль эки жолу эл алдына алынып чыгып, жалпы элдин сүймөнчүлүгүнө айланганын белгилеген. Кийинчирээк, Иревандагы азербайжан театрынын жетишкендиктери туурасында башка дагы басылмаларда жарыялангапы айтылат. Мисалы, 1896-жылдын 19-декабрында жарык көргөн «Нор Даор» (Жаңы кылым) гезитенде армян драматургу Эмин Григорян «Жордан мырза менен Мастали Шах дубана» деген спектакль тууралуу пикирин жарыялап, анда ал минтип жазган: «Спектакльди жалпы кайрымдуулуктун башталышы десек болот. Спектакль, алибетте, түрк тилинде коюлуп, алардын өз турмушунан алынганы көрүнүп турат. Ойючулар жергиликтүү гимназия окуучуларынын кызыкчылыгын көздөбөй, ролдорду эч кандай чектөөсүз аткарышты… Көрүүчүлөрдүн арбын бөлүгүн армян жана азербайжан жаштары түзгөн. Орустар деле болушту, алардын айрымдары аялдары менен келишиптир. Зал элге жык толгон эле.»[2]. Башталышында театр сүйүүчүлөрдүн демилгеси менен 1880-жылдары уюшулган Ирeван театралдык мектеби, бара-бара, XX кылымда атакатуу кесипкөй театрга айланганын, белгилей кетишибиз керек.

XIX кылымдын акыры – XX кылымдын башында Иреван калаасында, маданияттын бардык сфераларындай эле театр өнөрүнүн өркүндөп өсүшүнө дагы бул багытта жагымдуу абалдын түзүлгөнүнөн кабар берет. Дүйнөлүк тажрийба көрсөткөндөй, маданий абалдагы жагымдуу маанайдын түзүлүшү, дүйнөнүн кай жеринде болбосун, чыгармачылыктын өсүшүнө таасирин тийгизбей койбойт, анын ичинде, театралдык искусствонун өнүгүшүндө да негизги орунда турат. Бул, биринчиден, театралдык искусствонун

[1] Məmmədov İ. Tariximiz, torpağimiz, taleymiz. Baki: Adiloğlu, 2003, сс.575-578.
[2] Там же, сс. 577-578.

купуя сырларын жакшы түшүнгөн, ынтымактуу коллективдин топтолушуна, экинчи жагынан – театралдык искусстводон кабары бар аудиториянын болушуна таасирин тийгизет. Эгерде Иреван калаасындагы азербайжан театры XIX кылымда иштей баштаганын эске ала турган болсок, анда бул калаада кылымдарды карытып жашап келген азербайжан түрктөрү маданияттын жогорку тепкичи болгон театр искусствосуна аралашып, керемет спектакльдерди жаратканы алардын маданияттуу болгонун далилдеп турат. Ошону менен катар эле, Иреван калаасында диний фанатизм да күчүндө болгонун айтышыбыз керек. Бул жагдай театр искусствосунун өнүгүшүнө өзүнүн тоскоолдуктарын көрсөтүп, өзгөчө көрүүчүлөрдүн табитин калыптандырууга кедеригисин тийгизип келди. Театрдын өнүгүшүнө салымын кошкон интеллигент өкүлдөрү бул тетири ишенимдер менен күрөшүп, алар түзгон кырдаалдардан өтүүгө далбас уруп аракеттеништи. Бул багытта Юнис Нуринин ролун атасак туура болот, ал жаш жеткинчек кезинен Иреван драма театрынын сценасына чыгып, ар кандай ролдорду чеберчилик менен аткарып, акыры тетардагы эл сүймөнчүлүгүнө арзыган корифей даражасына чейин жетип, бардык азербайжандардын театралдык маданий очогунун калыптанышына өзүнүн албан салымын кошту. Ал 1878-жылы Иреван калаасында төрөлдү. Юнис Нури – чыгыш адабиятынын билерманы, араб тилиндеги, фарси тилиндеги адабияттарды жакшы өздөштүргөн, Азербайжандын Иреван калаасынын маданий турмушунда активдүү орунду ээлеген интеллектуал болгон. Театр ачылган күндөн баштап, өмүрүнүн акырына чейин (1950-ж.) Иревандагы азербайжан театрында эмгектенип, чыгармачыл коллективдин руханий атасы, тарбячыпедагогу болгон. Юнис Нури Иревандагы азербайжан театрында аялдын ролун аткарган алгачкы актер болгон. Юнис Нури «Жордан Мырза жана Мастали Шах дубана» спектаклиндеги Шахрабану ханумдун образын ушунчалык керемет чеберчилик менен жаратканын, көрөрмандар аялдын

ролун эркек аткарганын аңдай алышкан эмес[1]. Башка бир изилдөөдө, Юнис Нури театр сахнасында белгилүү артист Гусейн Араблинский менен биргеликте, 1903-жылы, өз пикиринен тайбаган интеллектулдар Мирзе Джаббар Махаммадзаде, Мустафа Раджабов, Асиф бек Шафибеков, Гасан Алиевдердин жардамы менен театр сүйүүчүлөр тобун түзгөнү айтылат. Анын түздөн-түз катышуусу менен Васага Мадатовдун «Ачкөздүк душман табат», «Гирт-Гирт», «Көрүнбөгөн оромол», М.Ф. Ахундовдун «Жордан Мырза менен Мастали Шах дубана» спектаклдерин коюшкан[2]. 1905-жылдагы саясий алабдын курчушу менен театр искусствосу дагы маданияттын бардык тармактарындай эле кризис туткунуна туш болгон.

1905-жылдагы армяндар тарабынан уюшулган кыйратуулар менен өлтүрүүлөр Ирevандын маданий турмушун бир топ кыйынчылыктарга кириптер кылганы менен, театрдын күжүрмөн коллективи чыгармачылык деңгээлди түшүрүп жибербөөгө аракеттенишип, спектаклдердин көркөмдүк сапатын жогорулатуу үчүн, ал тургай, маданияттын очогу болгон театрдын ролун көтөрүүгө умтулушкан. 1905-жылдан 1918-жылдар аралыгында азербайжан театрынын артисттери Гусейн Араблинский, Мирза Ага Алиев, Сидги Рухулла, Мустафа Марданов, Алигулу Гамгюсар, Зульфугар Гаджибеков, Аббас Мирза Шарифзаде, Ульви Раджаб, Марзия Даудова ж.б., Иреванда гастролго чыгышып, өздөрүнүн чыгармачылыгын дарамети менен театрды сүйүүчүлөр деңгээлин профессионалдык театр деңгээлине жеткиришкен. Башындагыдай эле, азербайжан театрынын репертуарындагы борбордук орунда азербайжан драматургдары – М.Ф. Ахундов, Н.Б. Вазиров, А.Ахвердиева, Н.Нариманов, М.Мамедгулузаденин чыгармалары болгон[3].

[1] Allahverdiyev C. İrəvan ədəbi mühiti, c. 187.
[2] Rzayev S., Yerevanli Ə. Yunis Nuri. İrəvan, 1980, c. 56.
[3] Azərbaycan tarixi, II c., ss. 919-921.

**Архитектура.** XIX кылымда жергиликтүү азербайжан архитекторлорунун колдонгон ыкмаларын сактап калуу менен катар, жаңы ачлчштар дагы калыптанды. Иреванда жайгашкан азербайжандардын тамдарынын мүнөздүү белгилери катары, аларда балкондор же үсту жабык лоджиялардын болушу, бөлмөлөрдүн интерьерин коохдогон ар кандай кошумча каражаттар, текчеклер, терезелер, такталар, шыпка жабышкан карниздер болгон. Мындай мүнөздөгү өзгөчөлүк Азербайжандын башка региондорунда да болгон.

Бирок, азербайжан айылдарында кездешкен бир мүнөздөгү окшоштуктар, тигил же бул деңгээлдеги мазмун менен толукталып, үйлөрдүн жалпы түзүлүштөрүндө өзгөчөлүк жараткан[1]. XIX кылымдагы азербайжандар жашаган үйлөрдүн негизги мазмуну, эрежеге ылайык, курулган имараттардын кире бериши короо тарапка, же бак-даракка караган тейде салынган. Эгерде үй көчөгө жакын салынса, анда үйдүн көчө тарабында терезе болбогон. Үйгө короо тараптан гана кирүүгө болгон. Азербайжанда эң эле кеңири жайылган тамдар жер төлө («гарадамы») түрүндө салынчу экен. «Гарадамы» түрүндөгү үйлөрдү салуу Грузияда дагы[2] орун алган. Түштүк Кавказда салынган тамдардын үч түрү болгон – жеркепе («гарадамы»): жер астындагы, жарым жартылай жер астындагы жана жер үстүндөгүлөрү. Негизинен, адистер тарабынан XIX кылымда азербайжандар төмөндөгүдөй курулуштарды курганы аныкталган: 1) жеркепе («гарадамы»); 2) чатырлуу тамдар; 3) катар тизилип балкону жок салынган тамдар; 4) экикабат болуп салынган тамдар; 5) «вестибюлү» бар бир кабат тамдар, же, эркин жашоого арналган тамдар[3]. Жогоруда аталган тамдардын бардыгы тең

---

[1] Усейнов М., Британский Л.Я. История архитектура Азербайджана. Госстройиздат, с. 327.

[2] Ильина М.И. Древнейшие типы жилищ Закавказья. С. 14.

[3] Усейнов М., Британский Л.Я.История архитектура Азербайджана. Госстройиздат, с 339.

Иреван архитектурасынын XIX кылымдагы үлгүлөрү болуп саналат. Ирeвандагы азербайжан бай-бачалары салдырган тамдар, асарайлар азербайжан архитекторлору тарабынан XIX кылымда курулгандарын архитектура эстеликтеринин жаркын үлгүлөрү катары атоого болот. Бул көз караштан алганда, Иреван ханы Гусейнгулу хандын бир тууганы Панах хан[1] салдырган курулуш өзгөчө мүнөздө болгон. Панах хандын үйү европа стилинде салынып, анын кире бериши көчө тарапты карап, терезелери да көчөгө чыккан.

Ушундай эле мүнөздө Али Хандын дагы үйү Шахар көчөсүндө болгондугу[2] маалым. Европа архитектура үлгүсүндө биринчилерден болуп салынган имарат – мугалимдер семинарясынын кеңсеси, мурдагы Астафьев[3] көчөсүндө жайгашкан. Негизинен, ушул мезгил аралыгындагы Иреван калаасынын архитектуралык акыбалы мурдагы мүнөзүнөн анчалык деле өзгөрүүгө дуушар болгон жок. Советизация башталганга чейин Иреван калаасы өзүнүн, байыртадан келаткан мусулмандар жашаган калаалардын бириндей эле, чыгышка таандык курулуштары менен келди. XIX кылымда Ирeвандын айланасында, ошондой эле Батыш Азербайжан аймактарында жаңы курулуштар, тамдар, көпүрөлөр, мечиттер пайда боло берди. XIX кылымдагы Ирeвандын маданий турмушун изилдөөгө алганыбызда, бул регион өзүнүн жогорку деңгээлдеги өнүккөн маданиятка ээ экенин көрдүк; изилденген мезгил аралыгында анын азербайжан маданиятынын бирден бир борбору болгондугу аныкталды.

Эгер биз Мир Мозсун Наввабды жана Муганлыны XIX кылымдын экинчи жарымындагы азербайжандын көрүнүктүү сүрөтчүлөрү катары карасак, анда алардын катарына Ирeвандагы чөйрөнүн тарбиясын алган М.Г. Ирeванинин да

[1] Арутюнян В., Асратян М., Меликян А. Ереван, с. 43; Ələkbərli Ə. Qərbi Azərbaycan abidələri, c. 246.
[2] Ələkbərli Ə. Qərbi Azərbaycan abidələri, c. 248.
[3] Там же.

коюшубуз керек. Эгерде, алгачкы театралдык спектакль Ереванда 1882-жылы коюлган десек, анда, ошол эле жылы Шушада, бир жылдан кийин Нахчыванда, ал эми Гянжеде – 1899-жылы коюлганын кошо айтышыбыз керек. Бул фактылардан көрүнүп тургандай, Иреван азербайжандардын маданий турмушунда орчундуу орунда болгонун, өлкөдөгү маданий инновациялар борборлорунун бири экени аныкталды.

## 4.4. Саламаттык сактоо

Иреван калаасындагы саламаттык сактоонун өнүгүш тарыхы азербайжан тарых изилдөө илиминде жетшээрлик изилденген жок. Түндүк Азербайжандагы медицинанын абалына арналган бирин-экин эмгектерде, Түндүк Азербайжандын аймактарында, Совет бийлиги орногонго чейинки мезгилде, саламаттыкты сактоо маселеси боюнча учкай гана маалымат камтылган[1].

Октябрь революциясына чейинки орус авторлорунун эмгектерине көңүл бура турган болсок, өзгөчө XIX, XX кылымдарда Кавказда, анын ичинде Иреванда аскер кызматын өтөгөндөрү, негизинен эпидемиологиялык оорулардын тарашын, калаанын гигиеналык шарттарын изилдешкени белгилүү. Алар Иреван калаасынын медицина-топографиялык картасын түзүп, санитардык абалын изилдешкен[2].

---

[1] Эфендиев И.К. История меджицины в Азербайджане с древних времен до 19 века; Эфендиев М.Э., Мехтиев А.Д. Развитие научной медицинской мысли в Азербайджане (по данным врачебных съездов, конференций, совещаний) Баку. Изд. АН Аз.ССР 1968 г.; Eminova Z.S. XIX – XX əsrin əvvəllərində Azərbaycanda səhiyyənin tarixi. Baki, 2015; Ибрагимов М.А. Здравоохранение Советского Азербайджана. Москва, Медицина, 1967.

[2] Бардавский А.И. (1847), Гульбинский (1865), Грачинский И.А. (1876), Торопов Н.И. Опыт медицинской топографии Кавказа, его же, Опыт

Жарык көргөн архивдик маалыматтардын арасынан Кавказ Археография Комиссиясынын (АКАК) маалыматтарында, эпидемияга каршы кандай чараларды колдонушаары тууралуу жазылгандары талкуууга арзыйт[1].

Белгилүү болгондой, биздинг элибиз байыркы замандардан бери эле дарыгерликтин сырлары менен тааныш болуп, элдик медицина белгилүү деңгээлде өнүккөн. Руханий мектептерде –медреселерде, кудайтаануу илими менен катар, медицинаны окушуп, молдолорду даярдоо, аларды эл ичинде, табыпчылык милдетин аткарууга да даярдашкан.

Табыпчылык менен дэллэктер (кан алуучулар, сүннөткө отургузгандар, сүлүк койгондор), сыныкчылар (кол-бут сынган учурда шак-шак коюшкан, чыгып кетсе ордуна салышкан), чөпчүлөр (тамаак ооруганды даарылашкан), мамалар (акушерлик кылышкан) ж.б. (молдолор, эмчи-домчулар, сыйкырчылар)[2]. Негизинен карапайым калктын арасында санитардык маданият өтө эле төмөн болгон, эреже катары, эмчилик-домчулук диний ырым-жырымдары кеңири жайылган.

Орус армиясы басып алганга чейин Иреван хандыгында медициналык уюмдар болбогондугуна байланыштуу, кийин Иреван губерниясы орногон соң, жергиликтүү калк медициналык жардамды европалык дарыгарлерден алууга умтулушчу. Алар – Ауслейдин отрядында кызмат өтөгөн хирург Шарпи, ал Иранда 1810-1812-жылдары англия элчисинин жеке секретары жана бир тууганы болгон, Жакынкы

---

медицинской геогрфии Кавказа относительно перемежающихся лихорадок (1864). Доброславин А.П. Два месяца в Кавказской действующей армии, напечатанной в журнале «Здоровье», – исследование в области военной гигиены в Иревани, Паюхов И.И. О народном врачевании в Закавказском крае (1898). Медицинский сборник Кавказского медицинского общества. № 62, 1899.

[1] АКАК. т. VII, Тифлис 1878, док № 447- 453, сс. 494-497.

[2] Акопян Т.Х. Очерки истории Еревана, сс. 188-490.

Чыгыш өлкөлөрүн түрө кыдырып жүрүп Ireванда да болгон саякатчы генерал Гардан[1] эле.

Бул миссиянын курамында Сальватори деген врач да болгон, ал жергиликтүү калкка медициналык дарыларды берип турган[2].

XIX кылымдын биринчи жарымындагы табыпчылык абалдын акыбылын боюнча И. Шопен минтип сүрөттөгөн: «бардыгы табыптардын, чачтарачтардын, сыныкчылардын, эмичи-домчулардын колунда болгон, аларды орус окумуштуулары «азианын табыптары» деп аташчы, алар арабтардын ыкмалары менен дарылашчы». Анын айтуусу боюнча, 1827-жылы Иреванда, болжол менен табыптардан армян улутундагылар – 3, бир азербайжан табып, 2 армян сыныкчы болуптур[3].

Чачтарачтар тууралуу айта турган болсок, алар банка коюшуп, сүлүк салышып, кан чыгарышып, гигиеналык максатта баштын чачын кырып алектенишкен. Алар сакал-мурутту, дарылоо максаты болбосо алышчы эмес. Мына ошол себептерден улам чачтарачтарды да медицина кызматкерлеринин катарына кошушкан[4]. И.И. Шопендин жазгандарына караганда «чачтарачтар куучечен жана алдамчы келишет»[5]. «Армян областы» деген аймакта алардын саны 239 га жеткенинин өзү эле, алар негизги кесиби[6] болгон чач алгандан башка да ар кандай нерселер менен шугулданышаары анык. Жергиликтүү эмчилер, аптекалардын жоктугунан улам, ар кандай дарыларды өзүлөрү даярдап беришчи[7].

[1] Оганесян Л.А. История медицины Армении с древнейших времен до наших дней. В 5-ти частях, ч. 4, с. 3.
[2] Там же, с. 4.
[3] Цит. По Оганесян Л.А. Указ. работа, ч.4, сс. 4-5; Шопен И.И. Указ. работа, с 916.
[4] Оганесян Л.А. Указ. работа, с. 6.
[5] Шопен И.И. Указ. работа, с. 916.
[6] Оганесян Л.А. Указ. работа, с. 14
[7] Там же.

Саякатчы Морица фон Коцебунун маалыматына караганда Ереван калаасында хандардын убагында европадан билим алышып, жеке дарыгерлик менен алектенген адамдар болгондугу айтылат[1].

Медициналык тажрийба менен Иреван калаасында фон Коцебу жазгандай, европалык эки дарыгер – Лафосс жана Санградо[2] алектенишчи. Иреван сардарынын алдында аксарайдык врач да болгон, ирандык, анын медициналык билими болбогон.

Жергиликтүү элди медициналык жактан Орусиядан Иреван калаасына келишкен аскердик жана граждандык дарыгерлер тейлейт эле, бирок, алардын саны жетишсиз болучу[3]. Аскердик госпиталдар (Аскер министринин 1869-жылдын 15-июлундагы «Такай иштеген аскердик госпиталдар жөнүндө» деген № 260 буйругу менен бекитилген) Иреван жана Нахчыван калааларында ачылган; алар аскер кызматындагылар менен катар граждандык чиновниктерге медициналык кызмат көрсөтүшкөн. Жергиликтүү медиктер шаардык кызматтарга дипломдуу врачтар менен бирдей эле кабыл алынышчы.

Иревандагы аскер госпиталы Иреван сепилинин ичинде, Гусейнхан сардардын мурда гареми болгон имаратта жайгашкан. Госпитал 300 орунга эсептелген, бирок да, Орус империясынын «согуштук-статистика маалыматында көрсөтүлгөндөй (Эриван губерниясы)» 250 керебет[4] болгон. гон. Госпиталдын бардык бөлмөлөрү кенен жана ыңгайлуу болгон. Короонун ичинде бассейн дагы бар эле.

Белгилей турган маанилүү жагдай, Кавказдагы варчтардын материалдык абалы өтө эле оор болгон. XIX

---

[1] Оганесян Л.А. Указ. работа, с. 14.

[2] Цит. По Оганесян Л.А. Указ. работа, с. 7.

[3] Там же, с. 11.

[4] Военно-статистическое описание Российской империи (Эриванская губерния), с. 295.

кылымда Кавказда атагы чыккан аскер медиги Пантюхов И.И. минтип жазган: «Аскердик кызматка киришкен врач, эт менен челдин ортосундагы көбүккө окшоп, же аскердик, же граждандык врач болбой ортодо жүрөт. Врачтарга штаттык чиндер ыйгарылар эле. Алардын кызмат милдеттери кадрдык офицерлердикиндей эле болгону менен, офицерлер пайдалангандай укуктары болбогон. Ошол себептен, медициналык факультетти бүтүргөндөрдүн арасынан чанда эле бирөө-жарым Кавказга барууну каалабаса, көпчүлүк шашылчу деле эмес. Анын үстүнө, аскердик кызматка өткөн соң, өзүнүн кесиптик кызматынан тышкары согуш болгон жерлерде, куралдуу көтөрулуштөр чыгып тургандыктан кооптуу дагы болгон»[1].

Госпиталдын персоналы вашкы дарыгерден, улуу жана кичүү ординаторлордон, аптека башчысынан, кароолдон жана комиссар менен башкы бухгалтерден турган, ошондой эле, жазмакер, фельдшер жана аптекардын окуучуларынан (17 адам), инвалиддерди ташыгандардан, чиновниктер менен жумушчулары (75 адам)[2] куралган.

Ирevандын аба-ырайы өтө ысык келгендиктен, денсоолукка жагымсыз болуп, июлдан октябрга чейин госпитал Канакиры айылына көчүрүлүп, жөнөкөй үйлөр менен сарайларга жайгаштырылып, алардын оңдоо-түзөөсү инженердик воедомство аркылуу казынадан каражат жумшалып келген[3].

Жергиликтүү элди аскер госпиталында дарылоо жөнүндө сөз болгондо, Л.А. Оганесян, айрым адабий булактарга таянып (Л.В.Орловский), минтип белгилеген, тажрий-

1 Пирожков В.В. Демократическая направленность взглядов передовых кавказских врачей XIX и начала XX века// Советское здравоохранение. – Москва, 1960, № 5, с. 30.

2 Военно-статистическое описание Российской империи (Эриванская губерния), с. 295.

3 Там же.

бада «жергиликтүүлөрдүн рационалдуу медицинага карата көз караштары карама-каршы келгендиктен, ооруп калган учурларында серек гана кайрылышпаса, калгандары туземецтердин эркин дарыгерлерине барышат»[1].

Жергиликтүү эл шыпаа издөөдө минералдык сууларды дары катары кеңири колдонушчу. Негисинен бул Даралаяздагы Исти-су булагы (Джермук) жана Арзни (карапайым эл арасында өтө шыпаалуу деп эсептелген «Косахпюр», б.а. котурга каршы булак)[2], азыраак колдонулган минералдык суулар катары, мурдагы Алинджачай районундагы Рипсиме булагынын суусу, бул тууралуу И.И. Шопенда эскерет.

Л.А. Оганесян жазат, 1828-жылы, Паскевичтин армиясы тарабынан Иреван хандыгын басып алгандан көп убакыт өтпөй, Арзни булагынын суусу Тифлиске химиялык анализден өткөрүү үчүн жөнөтүлгөн[3], анын салыштырмалуу салмагы, температурасы, углекислый газдардын кошмосу минералдык суунун курамында канчалык экенин тактоо иретинде[4]. Бирок, бул изилддөөлөр изилдөө боюнча эле калып, Косахпюр минералдык сууларын кеңири пайдалануу 200 жыл өткөндон кийин гана совет өкмөтүнүн учурунда колго алынды.

Тилекке каршы, падыша өкмөтүнүн учурунда Иреван губерниясында чыккан бир дагы минералдык булак суулары өкмөттүн көнүлүнө алынбады. Элдер өздөрү үчүн керектүү болгон шарттарды өздөрү түзүп, ушул булак сууларынан пайдаланып келишти.

Бир азыраак убакыттан кийин, XIX кылымдын 90-жылдарында көпчүлүктүн көңүлүң буруу иретинде Иреванда губерниядагы булактардын суусунның көргөзмөсү уюштурулуп, бирок, практика жүзүндө ийгиликке жетпеди,

---

1 Оганесян Л.А. Указ. работа, с. 13.
2 Там же, с. 17.
3 Там же, с. 15.
4 См. АКАК т. VII, док. № 447-497.

падыша өкмөтү учурунда бир дагы бальнеологиялык станция курулган жок[1].

Бирок, гигеналык мекемелер, биринчи кезекте мончолор, баары бир курулду. И. И. Шопен белгилегендей, Иреванда 9 мончо бар эле, Нахчыванда – 3, Ордубадда – 1, ошондой эле, Иреван сепил ичинде – 1 мончо болгон.

Сардардын гаремине караштуу мончо «марамор мозаикалары менен кооздолуп, көздүн жоосун алар эле, бирок, эмнегедир, бат эле таланып кетти»[2]. Калган мончолордун абалы, аман эле болушсун.

Иреван губерниясынын элин изилдөөгө алган этнограф Е.А. Лалаян өзүнүн этнография боюнча эмгегинде жергиликтүү эл дарылык касиетке ээ дешип таштардын, суунун, өсүмдүктөрдүн, дарактардын, жаныбарлардын, оттун, күндүн илеп күчтөрүн колдонушаарын жазган[3].

XIX кылымдын биринчи жарымында мында медицинагша арналган бир дагы периодикалык басылма жарык көрбөгөн.

Изилденген мезгил аралыгында Иреванда стационардык жардам көргөзүү мекемелерин уюштуруу сан жагынан да сапат жагынан да кыйла начар абалда болгон. Падыша өкмөтүнүн убагында өтө эле аз сандагы тез жардам көрсөтүү дарыгерлик мекемелери болгон. Иштеп жаткан доктурканалардын чанда гана бдовиринде атайын кесиптештирилген орундар болбосо, көпчүлүгүндө андай орундар жок эле. Оруканалардын камсыздалышы жана медициналык каттоо абалы өтө төмөнкү деңгээлде болгон.

Иреванда жайгашкан оруканалардын акывалы, жалпы эле Иреван губерниясындагы оруканалардай эле, падышалык орусиянын артта калды деген губернияларындагы, ушундай эле, оруканалар менен «стационарларынын саны,

[1] См. Оганесян Л.А. Указ. работа, с.15.
[2] См. Там же, с. 18.
[3] Оганесян Л.А. Указ работа, с. 21.

орулууларды тейлөөдө алардын дары-дармек менен камсыздалышы жагынан эң эле төмөнкү баскычта» дегендери менен да салыштырып болбойт эле[1].

Материалдык жагынан камсыздалышы эң төмөнкү баскычта болгон, турмуш-шартынын санитардык абалы начар болгон акыбалда жашаган калктын арасында оорусыркоонун көбөйүшү демейдеги көрүнүш. Мындай учурда оруканаларды койка-орундарга болгон талап көбөйөт. Оруга чалдыккан калктын 15% гана стационардык медициналык жардамга жетишип, алар дагы оруканага жакын жашагандардын гана бөлүгүн түздү[2].

XIX кылымдын 30-жылдарында, эпидемиялык орулардын тарап кетишине каршы эл арасында, анын ичинде аскердик жана жарандык чиновниктер эмгектенген ведомстволордо, Грузин дарыгерлик управасы тарабынан, Иреван калаасында ачыла турган аптекалардын штаттардын долбоору түзүлгөн.

Долбоордо көрсөтүлгөнү боюнча, Иреванда ачыла турган аптекалар Тифлис казыналык аптекалары тарабынан керектүү болгон миедикаментер менен камсыздалып, аларды бул калаада жайгашкан госпиталь жана полктор пайдаланышмак.

Ички иштер министрине 1830-жылдын 28-апрелинде жазган кайрылуусунда граф Паскевич өзү түзүп жөнөткөн долбоорду бекитип беришин суранган, бул өтүнүчүндө, ал, медициналык колдонмолордун жетишсиздигинин айынан калк арасында, өзгөчө Иреван калаасында жашагандардын өлүм-житими көбөйгөнүнө басым жасаган. Анын түшүндүрүүсүндө, «аптекаларды ачууга жумшалган каражаттар, дары-дармектерди сатуудан түшкөн каражаттар аркылуу кайтарылаарына» токтолуп, «бул мекемелерди ачуудагы негизги максат, жашоочулардын дары-дармекке болгон талапта-

[1] Оганесян Л.А. Указ. работа, с. 17.
[2] Там же, с.18.

рын канаатандыруу аркылуу, падыша өкмөтү аларга кам көрүп жатканын»[1] билгизүү деген.

Стат-секретарь Новосильцевдин 1831-жылдын 25-мартындагы Паскевичке жолдогон № 862 казыналык аптекалар аскер ведомсивосунда кызмат өтөгөн чиновниктерге дары-дармектерди акысыз берүүсү тууралуу катында, ал эми жарандык чиновниктер менен карапайым адамдарга акчага сатуусу тууралуу минтип жазган: «Медициналык Департамент кеткен чыгымдарды сатылган дарылардан түшкөн каражаттар менен толук жаба албайт», – деп, муну ал, «көптөгөн крапайым калк медициналык дарыларды сатып алып дарыланбасын, Медициналык Департаменттин карамагындагы казыналык аптекалардын бирнен дагы сатылган дарылардан түшкөн каражат кеткен чыгымдарды жаба албаганын, аптекалардагы дарылардын дорктурлар берген рецептер менен сатылышын тескөө кыйынга турарын,[2]- жазган.

Ереван калаасындагы бир дары саткан дүкөн элдик сабаттуу дарыгер А.О.Яшвилинин жазган кол каты боюнча дарыларды сатаарын кавказ дарыгерлеринин экинчи съездинде айтып чыгып, докладында: «армян элдик дарыгерлери негизинен татарлар (азербайжандар – ред.) даярдаган элдик дарыларды колдонушаарын, дарылардын аталыштары татарча, арабча, фарсча болуп, түшүндүрмөсү алды менен татар (азербайжан – ред.) арибинде жазылып, анан орус тилинде жазылат»[3], – деген. Ереван калаасында, жогоруда белгиленгендей, халера эпидемиясы тез-тез болуп турган.

[1] АКАК, т. VII, док. № 162.
[2] Там же, док. № 180.
[3] Яшвили А.О. Народная медицина в Закавказском крае // Труды 2-го съезда кавказских врачей 30 сентября – 8 октября 1901 года, т.2, под. Ред. Новицкого. Тифлис, 1903, с. 96; См. там же, Яшвили А.О. Народная медицина в Закавказском крае, – Тифлис. 1904, с. 118.

1830-жылдын августунда 143 адам бул оруга чалдыкканы, жана алардын 52си өлгөнү катталган[1].

Халера эпидемиясы менен күрөшүү үчүн Иреван каласында халерага каршы жабдыктар менен атайын жабдылган 20 орундук халералык бөлмөлөр ачылып, аларды тейлөөгө жана үйлөрдө дезинфекция иштерин жүргүзүү үчүн төмөнкү медициналык категориядагы кызматкерлер тартылган. Эски кийимдерди сатууга катуу көзөмөл жүргүзлүп, эл арасына оруунун алдын алууга багытталган «Халерадан кантип сактанабыз» деген орус, армян жанга азербайжан тилдеринде жазылган брошюралар таратылып турган[2].

Иревандын шаардык думасы 20 миң рубль карызга алып, бирок халера эпидемиясы чыккан бардык учурларда врачтарды, санитарлар менен фельдшерлерди кармаганга анын 17 428 рулин гана зарптаган.

Эгерде эпидемияга чейин врачтардын айлык маянасы айына 150 рубль болсо, эпидемия учурунда 300 рубль болду. фелдшер 15-20 рубль алган болсо, халера учурунда – 60 рубль, санитарлар – 30 рубль алышты. Калган каражаттарга дезинфекциялоочу заттар сатылып алында, орулуулароды камсыздады жана оруканалардын керегине ж.б. жумшалды[3].

Халерадан өлгөндөрдүн көбүрөөк бөлүгү Демирбулаг жана Шагар кварталдарына туура келди. Мунун себебин кварталдардын туура эмес пландалып салынышы, туура түз көчөлөрдүн болбогону, начар жана кир кайрылыштардын көптүгү таза абаны өткөрбөй кармап, сасык жыттарды пай-

[1] АКАК, т. VII, док. № 172.

[2] Труды 1-съезда служащих врачей гражданского ведомства на Кавказе. т.1, вып. 1. Обзоры Кутаисской, Эриванской и Бакинской губерний и Дагестанской, Батумской и Карской областей. Тифлис, 1914, с. 114.

[3] Более подр. См.: Труды первого съезда кавказских врачей. Халерная эпидемия 1892 года на Кавказе, т.2, вып 2-ой, Тифлис, 1894, сс. 197-202.

да кылып турушу, санитардык абалдын көзөмөлгө алынбаганы менен түшүндүрүлдү[1].

Калааны иче турган таза суу менен камсыздоо маселеси Иреван шаар башчылыгынын жыйынында талкуугa алынды. Бул маселени чечүү үчүн шаар башчысы колунда бар азербайжан жана армян бай-бачаларын чакырып кеңеш курду. Шаарбашчысы бул жолугушууда суу өткөрүүгө жумшала турган каражатты Г.Л.Казаров эсептеп чыккан 10 миң рублдан тышкары, кимиси канча бере аларын билүү максатын көздөгөн, себеби, алгачкы эсептөөдө 14 705 рубль керектелээри (анын 11.175 рублин армяндар, 3530 рублин – мусулмандар төлөйт деп болжолдогон).

1887-жылдын 25-январында Иреван калаа башкармалыгынын кезектеги жыйыны чогулду. Анда армяндар төмөндөгүдөй талап коюшту: «… Калаа тургундарынын жарымын мусулмандар түзгөндүктөн, эне үчүн керектелчү чыгымды армяндар менен бирдей төлөгөндөн качышат, ошону менен бирге, бул долбоордун ишке ашышын каалашпайт, анда алар… мурда макулдашылган кайрымдуулугунан баш тарышып, бул чыгымды шаардын атынан карызга алуу аркылуу аткарылсын»[2], – дешет. Шаардык дума тарабынан карыз алуунун көлөмү 30 миң рубль деп чечилип, таза сууну Гыркбулаг булагынан (Сардарбулаг башатынан) түтүк тартуу жолу менен, жергиликтүү карапачыларды ишке салып чопо түтүктөрдү бышыруу жолу чечилет[3].

Були ш чараны жүзөгө ашыруу комиссиясынын курамына белгилүү ишмер Мешади Джафар Раджап оглу[4] кирет. Шаардык управанын докладында айтылгандай, Иреван ка-

[1] Копия с предписания гор. Эриванского Губернатора от 28 ноября 1892 года за № 3330 на имя г.и.д. Эриванского полицеймейстера// Развитие…с. 291.
[2] Развитие… с.286.
[3] Там же, с. 294.
[4] Там же, с. 317.

лаасына Гыргбулагдан түтүк аркылуу таза суу тартып келүү келишимдин долбоору1901-жылдын 4 октябрында жактырылып, бекитилди[1].

50-жылдары Иреван калаасында губерниялык дарыгер, шаардык дарыгер, шаардык дарыгердин шакирти – фельдшер; 7 дарыгердин 3 – армян, 4 – азербайжан, 24 чачтарач, 2 сөокчүаармян, ошондой эле, XIX кылымдын ортосуна келгенде төрөт кабыл алуучу умай эне кызматтары бекитилген[2].

Ошол эле кезде, оспаны эмдөөчүлөр штатка киргизилип, алардын аракетинин аркасында оспа оруусунан өлгөндөрдүн саны кескин кыскарды. Оспага каршы эмдөөнүн керектигин жайылтуу максатында администрация балдарын эмдеткендерге ар бир эмдегенге 20 тыйындан төлөп берди.

XIX кылымдын 50-жылдарынын акырында «Армян областы» деп аталган аймакта бир дагы жарандык орукана ачылган жок, ошол эле учурда, убактылуу ачылган Александополь, Джалал-Отлин жана Ахтин госпиталдарынын эсебинен аскердик госпиталдардын саны өстү. Иреван госпиталында эмгектенген врачтардын саны – 4, аптекалардагы персоналдын 1 провизор, Нахчыван госпиталында – 2 врач жана 1 – провизор, Джалал-Отли госпиталында – 4 врач дана 1 – провизор, Александрополь госпиталында – 2 врач жана 1 – провизор, ошондой эле, Ахтин госпиталында 1 – врач иштеген[3]. Ошентип, толук кандуу болбосо да, Иреван губерниясынын тургундарына медициналык кызмат кандайдыр бир деңгээлде көрсөтүлгөн десек болот. Ал эми граждандык ведомствону карап көрсөк, 5 уезддин ар биринде бирден врач жана бирден акушерка болгон. Апртекалардын жоктугунан улам (алар XIX кылымдын экинчи жары-

---

[1] Развитие…, с. 325.

[2] Оганесян Л.А. Указ. работа, сс. 13-14; Кавказский календарь за 1852 год, Тифлис, 1851.

[3] Оганесян Л.А. Указ. работа, с. 14.

мында пайда болушкан), даары-дармектер базарларда жана дары саткан дүкөндөрдө сатылган. 1865-жылдагы абалды карасак, Иреван калаасында бир губерниялык врач, бир шаардык врач, бир аптека жана бир казыналык рецепт жазган кеңсе болгон[1]. Ден соолукту чыңдоо, «Эриван шаарынын коомдук башкармалыгынын соода-чарбачылык полициясынын колдонмо эрежелер» деген колдонмосунда белгиленгендей, соода-чарбакерлик полициясы элдин ден соолугун көзөмөлгө алды[2].

Улам барган сайын ачык боло бергендей, бардык коомдогу оруларды дарылап, калктын ден-соолугун көтөрүү аркылуу коомдук турмушту жетишерлик абалда жакшыртууга болору аныкталды. Ал эми, анын акыркы максаты – ооруларды жок кылууга жетишүү үчүн медициналык мекемелердин, ошол мезгилде, колундагы каражаттары канааттандыра алмак эмес болучу. Көрсө, ошол каражаттар оруу менен күрөшүүдө эч кандай мааниге ээ болбой, бул күрөштө башка ыкмаларды колдонуу калктын өз колунда экени ачык болгон[3].

Документтер күбөлөндүрүп тургандай, көптөгөн оруулар жана калаа калкынын ичинде өлүмдүн көп болушунун негизги себеби ичкен сууларынын сапаты начар болгондон. Бардык аймактарда балдардын кулагы ириңдеп, денелерине чакалай чыгып, мезгил-мезгили менен халера, чума орууларынын эпидемиялары күч алып, көптөгөн адамдарды о дүйнөгө алып кетип, оспа оруусу да бушайманга салган учурлар арбын болгон.

Белгилей турган жагдай, падышанын чиновниктеринде калаа калкынын гигиеналык абалын оңдоюн деген ойго

---

[1] Развитие… с. 340 – Отчет Эриванской городской полиции о состоянии города за 1865 г.

[2] Там же, с. 92.

[3] Осипов Е.А., Попов И.В., Куркин П.И. Русская земская медицина. М., 1899, с. 33.

караганда, ар кимиси өзүнүн кызыкчылыгын көздөп, кереметтүү бакчалар талкаланып, алардын ордуна жолдор салынып жатты. Чиновниктердин өз коопсуздугу жергиликтүү элдин амандыгына караганда бир кыйла жогору болгон.

Медициналык тез жардамдарды уюштуруунун кыйындыгына Кавказда жергиликтүү мекемелердин жоктугу да себеп болгон. Кавказдагы жарандык ведомстволордун врачтарынын биринчи съездинде белгиленгендей, өкмөт тарабынан атайын уюштурулган санитардык көзөмөл болбогон соң, бардык санитардык көзөмөлдү айылдык врачтарга жүктөп койгон, алар өз кезегинде, санитардык абалга анча көңүл бурушкан эмес. Коомдук ишмерлер жана ар кандай кайрымдуулук уюмдары кедей-дыйкандардын сезимин ойготуп, агартуу менен алектенишкен[1].

1868-жылы жерлик врачтык көзөмөлдөр болбогон губернияларда айыл медицина жайларын ачуу тууралуу Жобонун долбоору бекитилген. Бирок, бул Жобонун ишке ашышы, Кавказдагы медициналык Башкармалыктын жарандык бөлүмүнүн мурдагы башчысы, доктор Ремметтин айтуусуна караганда XIX кылымдын 80-жылдарында гана алга жылган, анын себеби финансылык каражаттардын жетишпегени менен катар жергиликтүү элдин тилин билген врачтардын жетишсиздиги болгон[2].

Ошону менен бирге, А.А.Ремметтин белгилегени «Баку менен Тифлистен башка бир дагы шаарда, бир дагы айылда жарандак ведомстволорго караган оруканалар жок, жада калса, келип дарылана турган пункттар, оролууларды кабыл алып текшере турган жайлар жок»[3].

Калктын оор абалын кандай да болбосун жеңилдетүү

---

[1] Труды первого съезда служащих врачей гражданского ведомства на Кавказе, т. 1, вып. 3. Городская медицина. Тифлис, 1914 г., с. 140.
[2] Труды первого съезда служащих врачей гражданского ведомства на Кавказе, т. 1, вып. 3. Городская медицина. Тифлис, 1914 г., с. 148.
[3] Там же, с. 149.

максатында, Иревандын мурдагы губернатору, генерал-лейтенант Кармалин 1872-жылы уезддик врачтарды дары-дармек менен камсыздоо үчүн, айыл тургундарын тейлөөгө каражат бөлүү маселесин көтөрдү. Бирок бул маселе 1876-жылга чейин чечилген жок. 1876-жылдын соңунда гана Жерлердеги өзгөчө баш ийүүлөргө карата «чоң суммадагы каражат бөлүүнү колдоп, айылдык-медицина тармагына 150 миң рубль бөлдү»[1].

Эгерде 1877-жылы Иреван калаасында болгону бир аптека болуп[2], шаар тургундары көпчүлүк учурда, белгилүү акыга, Иревандын кадрдык командасынын лазаретиндеги бош орунга акча төлөп дарыланышкан[3], ал 1884- жылга келгенде Ирeвандагы аптекалардын саны 3 жеткен.

1880-жылы Иреван калаасында 8 дарыгер болсо, алардын 2 армян жана 6 азербайжан улутундагылар болушкан, жергиликтүү аптекачылар – 4, университтик билими бар врачтар – 8, ветеринарлар – 2, фельдшерлер – 12, акушерка – 1, аптекарлар менен провизорлор – 8 болгон. Мына ушул медицина кызматкерлери негизинен аскер кызматындагылар менен чиновниктерге кызмат көрсөтүшкөн. Калаа тургундарынын арбын бөлүгү жергиликтүү бүбү-бакшылар менен эмчи-домчуларга кайрылышкан[4].

Иреваен калаасында врачтардын жардамын уюштуруу боюнча «Закавказ крайындагы статистикалык Жыйнакта» мындай маалыматтар бар экен: кабыл алуу жайы, такай карай турган оруканалардын саны – 1. Жарандык ведомстволор – 12, дарыканадан -2, жарандык ведомствонун врачтарынын саны – 10, фельдшерлер – 4, фармацевтер – 3, төрөт

[1] Труды первого съезда служащих врачей гражданского ведомства на Кавказе, т. 1, вып. 3. Городская медицина. Тифлис, 1914 г., с. 150.
[2] 19 ноября 1881 года специальным циркуляром Министерства внутренних дел были введены правила открытия сельских аптек.
[3] Кавказский календарь на 1877 год, 2 отд, ч.2. Тифлис. 1876, с.15.
[4] Оганесян Л.А. Указ. работа, с. 12.

кабыл алган кемпирлер – 2, тиш доктур – 1, оспаны эмдөөчүлөр – жок, оруканалардан жалпы пайдалангандардын саны – 128, сифилис менен ооруп катталгандардын саны (ооруканаларда жана сырттагыларды кошкондо) – 91, оспага каршы эмделгендер – 424[1].

1888-жылы Иреван шаардык Өзүн-өзү башкаруу башкармалыгы тарабынан келип-кетип дарылана турган жынысы, курагына карабай дарылоочу шапаакана ачылган». Бирок анда даарылануууучүн акы төлөнүүгө тийиш, мисалы кеңеш алуу үчүн 40 тыйын төлөш керек эле, колунда жоктордон акы алынчу эмес[2].

«Иревандагы келип-кеткен орулуулар үчүн ачылган шыпаакананын Уставына» ылайык, штатында шыпаакананын башчысы, врачы, фельдшери жана акушери каралган. Бир аз убакыт өткөн соң, 1893-жылдын 1 февралынан бул шыпаакананын алкагында 12 койкалуу орукана ачылып, кийин, 1899-жылы койка саны 15, 1903 – 26, 1905 -29 жана 1908-жылы 35-40 койкага чейин жеткен[3].

Алгачында оруканада терапевтика жана хирургия бөлүмдөрү гана болгон. Анан акырындап кеңире баштаганда, 5 койкага аялдарды кабыл ала баштаган, ошондой эле, венерикалык орулууларды, алар шаардык врачтын жолдомосу менен кабылалынган. Акырындап, жин орусуна чалдыккандарды да кабыл ала баштаган[4].

Койкалардын жетишпегенине карабай, шыпаакананы андан ары кеңртүүгө мүмкүнчүлүк болбогон, себеби, ал эң жөнөкөй тазалык талаптарына жооп берген эмес. Андыктан

---

[1] Организация врачебной помощи в Закавказье (Иревань. 1898 г.) // Сборник статистических сведений по Звкавказскому краю. Составлен по постановлению Закавказ. Стат. Ком-та, состоящим при нем отделом. Под ред. Сг.ред. отдела Е. Кондратенко. Гл. 9, ч. 1, Тифлис, 1902, с.129.

[2] Оганесян Л.А. Указ. работа, сс. 34-35.

[3] Там же, с.35.

[4] Оганесян Л.А. Указ. работа, с. 35.

Шаардык өзүн-өзү башкаруу башкармалыгы 1902-жылы жаңы имарат куруп берүүгө, же арендага алып, аны орулууларга ылайыктап ремонттоп берүүгө каражаты жетишпеген. Шыпаакананын итмараты 2 кабат болгону менен, анын мүчүлүш жактары да толтура болучу[1].

Орукананын директорунун «Ирееван Шаардык өзүн-өзү башкаруу башкармалыгынын ооруканан муктаждыктарына жылуу мамилеси» деген отчетунда белгиленгендей, ал «ар-бир орулууну медициналык жактан тейлөөгө 1 рубль жумшалаарын, ошол эле учурда Москвада бир орулууга 5 руб. 22 тыйын, Петербургда – 4 руб. 21 тыйын, Одессада – 3 руб. 01 тыйын»[2] коротулаарын баса белгилеген. Оруканан медперсоналы ар тараптан анын аптыракатын көтөрүүгө аракеттенген, өгөчө хирургиялык жардам көрсөтүүдө.

«Эриван губерниясы боюнча 1904 жылдын Обзору» жыйнагында губерниянын аймагында ар кандай медициналык чини бар адамдардын саны 67 болгону жазылган. Алардын ичинен штаттагы врачтардык саны – 17, төрөт кабыл алган кемпирлер штатта – 10, штаттагы фельдшерлер – 20 (9 –улуу даражада, 11 – кичүү ветеринар фельдшерлери), 5 – оспаны эмдегендер (жекелер) жана штаттагылар – 15[3]. 1894-жылы Иреванда эки аптека болуп (губерния боюнча алардын саны – 8). Ошондой эле, 1893-жылдын 1-февралында ачылган Иревандагы шаардык оруканада 1894-жылы 142 орулуу стационарда дарыланган жана 2654 амбулаториялык жардам алган, бул 1893-жылга салыштырганда 50% көп.

1897-жылы Ички иштер министрлигинде чума ооруусу менен күрөшүү үчүн Өзгөчө комиссия түзүлүп (негизги маселе – россиядагы мусулмандардын зыяраты болгон) Комиссиянын мүчөлөрү ажылык сапары боюнча Константи-

[1] Оганесян Л.А. Указ. работа, с. 36.
[2] Там же, с.37.
[3] Обзор Эриванской губернии за 1894 год. Эривань, 1895, с. 190.

нопольдогу Орусия элчилигинин билдирүүлөрүн, Джиддедеги, Мешхеддеги жана Багдаддагы консулдуктардын жөнөткөн маалыматтарын изилдешкен. Джиддеге шашылыш түрдө врачтарды жөнөтүп, алардын ар бири өз алдынча отчет даярдоого тийиш болгон. Ажылыкка баргандарга ар тараптуу баа берүү максатында Меккеге мусулман тектүү офицерди да жиберишет, ал Абд аль-Азиз Давлетшин болгон. Анын отчету «купуя» деген гриф менен жарыяланат. Бул көлөмдүү, тыкыр жазылган документ, андагы маалыматтар кайра-кайра текшерилип, анан баа берилген эле. Жыйынтыгы: реалдуу эпидемиялык абал жок болсо тыюу салуудан баш тартып, Орусиялык зыяратчылардын Меккеге болгон сапарын жеңилдетүү[1] каралган. Чума эпидемиясынын алдын алуу максатында 1897-жылы Шаардык дума, Иреван шаар губернаторунун демилгеси менен, санитардык аткаруу комиссиясы түзүлүп, анын ишин чукул уюштурууга 2500 рубль бөлүнгөн»[2].

Белгилей кетели, жалпысынан айылдык оруканалар менен Иреван калаасындагы фельдшердик пункттар жергиликтүү калктын медициналык жардам алуу талаптарын канаатандыра алган эмес. Андыктан, биринчи кезекте амбулатордук жардам көрсөтүү максатында жаңы оруканаларды ачууда фельшердик пункттарды, акырындап, врачтар кабыл алган оруканаларга айландыруу керек эле.

Иреван калаасында жергиликтүүлөр үчүн губерниялык орукана ачуу керек болгон, алдын ала 30 керебеттик болсо, анан эң башкысы хирургиялык бөлүм менен терапевтик бөлүмү иштөөгө тийиш эле. Медперсоналына келсек,

---

[1] Синенко С.Г. Мусульманское духовное собрание. Художественно-документальное повествование. Уфа, 2008, с.131.

[2] Акопджанян С. Ереван. Историко-экономический очерк. Ераван. 1940, с.22.

оруканада 3 адистешкен-врач: 1 – хирург, 1 – көз доктур, 1 – терапевт[1] иштемек.

Врачтардын айлыктарын көтөрүү сунушталган, анан да, ар-бир кызмат өтөгөн 3 жыл үчүн кошумча айлык маяналарды бекитип, илимий максатта университеттерге ж.б. илимий борборлорго мезгил-мезгили менен командировкага жөнөтүп туруу, ошондой эле, ала менен ооругандарды даарылоо приюттарын ачуу[2] сунушталган.

«1898-жылда Ireванда кеткен чыгымдар боюнча Отчетто» медициналык персоналды кармоого кеткен каражаттар боюнча минтип жазылган:

- шаардык врачты кармоого 408 руб. 30 тыйын, мурда белгиленген кредитке алына турган 980 руб. ордуна;
- шаардык акушерканы кармоого – 352 руб, 390 руб. ордуна;
- фельдшерди кармоого – 166 руб. 25 тыйын, 200 руб. ордуна;
- шаардагы дабааканаларды кармоого (шаардык оорукана амбулатордук бөлүмү менен) – 6377 руб. 46 тыйын, 6916 руб. 70 тыйындын ордуна[3].

Кавказда медицинанын өнүгүшүнө Кавказ врачтарынын 1893-жылдан баштап чакырылган съезддери чоң салым кошту, сейрек чакырылганына карабастан.

Безгек оруусунун тез тарашына байланыштуу, Кавказ крайында жерлик оруканаларды ачуу врачтардын экинчи

---

[1] Труды 1 съезда служащих врачей гражданского ведомства на Кавказе, т.1, вып.1. Обзоры Кутаисской, Эриванской и Бакинской губерний и Дагестанской, Батумской и Карской областей. Тифлис, 1914, с. 126; Дела врачебного отделения Эриванского губернского правления об устройстве сельско-врачебной части и об отчетностях с 1885 по 1910 г., с. 22.

[2] Там же.

[3] Развитие Еревана после присоединения Восточной Армении к России. Сборник документов 1801 -1917 гг. Изд. Ереванского уни-та. Ереван, 1978, с. 203.

съездинде көтөрүлүп, Пироговдук комиссия (1903) түзүлүп, Түндүк Азербайжандын бир катар райондорун текшеришти, алардын айрымдарында медициналык жардам түшүнүгү да жете элек болгон. Ошондуктан, 1904-жылдын 8-мартындагы буйрук менен Түштүк Кавказдагы айылдык кабыл алуу пункттары айылдык участкалык оруканаларга айландырыла баштаган, бул иш 1911-жылы гана аягына чыккан.

Иреван губернатору 1903-жылдын 11-августунда Жогорку деңгээлде бекитилген Жобонун 14 жана 16 параграфтарына таянып, атайын токтомдорду кабыл алган, аларда шаарлардын санитардык абалы боюнча өзүнчө, ошондой эле губерниянын айылдарында жашагандардын санитардык абалы боюнча да өзүнчө токтом кабыл алган. Иреван шаардык оруканасында 1908-жылы жыл бою, каалагандардын баарына халерага каршы бекер прививка салынган. Ошондой эле, халерага каршы көрүлгөн чараларды текшерүү үчүн губерниянын бардык халера катталган шаарлары менен уезддерине губерниялык врачты жиберген. Кээ бирде губернатор жеке өзү да текшерүүгө чыгып турган.

1904-жылы бийик комиссия тарабынан бекитилген безгек орусуна каршы иш жүргүзүү максатында губернияларга 20 эпидемиолог врачтар менен 4 фельдшер жиберилген. Тилекке каршы бул чаралар өтө кечигип көрүлгөн, ошондой болсо да, 1904-жылы эпидемия басаңдап калган, бардык кыйынчылыкты жергиликтүү медициналык персонал өз жон терилери менен көтөрүшкөн[1].

Шаардык санитардык камкорчулардын камырабастыгынан улам шаардык санитардык кеңеш шаарды төрт санитардык участкага бөлүүнү чечти. Участоктордун тазалыгын көзөмөлгө алуу эки полицейский менен Иреван шаардык управасынын эки чиновнигине жүктөлгөн. Бирден полиция

[1] Труды 1 съезда служащих врачей гражданского ведомства на Кавказе, т.1, вып.1. Обзоры Кутаисской, Эриванской и Бакинской губерний и Дагестанской, Батумской и Карской областей. Тифлис, 1914, с.115.

чиновниги армяндар менен мусулмандар көрүстөндөрүн кезметке алышып, маиттерди туура көмүүлөрүнө көзөмөл кылышкан. Күтүлгөн халера эпидемиясы башталаардын алдында шаардык аптекалар менен складдарда дезинфекция кыла турган дары-дармектер жок болуп чыгып, аргасыздан шаардын эсебинен керектүү препараттарды Тифлистен, а кээлерин Москвадан – Феррейнден[1] алдырууга туура келген.

«Эриван губерниясын 1907-жылдагы Обзору» жыйнагындагы маалыматка караганда, 1907- отчеттук жылда элдин ден-соолугу канаатандырарлык болгон. Өлүм саны демейдеги көрсөткүчтөн ашкан жок – 21 862 учур катталган, 930 018 адамга алаганда, эки жынысты кошо караганда, төролгондөрдүн саны 36% миңге алганда[2], же 360 адам. Эпидемиялык мүнөздө жайылып, 5337 адам өмүрүн алып кеткен кызамыкты эске албаганда, губернияда эпидемия чыккан жок. 1907- жылы оругандардын саны (катталгандары) 199 416 адам болгон, алардын 1595 оруканаларда дарыланса 182 516 адам амбулатордук жардам алышкан, жеке тажрибаланган дарыгерлерден 10 129 адам кайрылган болсо, капысынан ачылган эпидемиялык батирлерден – 5176 адам[3] жардам алышкан.

Биринчи орунда, демейдегидей эле өзгөрүлмө калтырак орусу менен саздак жөтөлүнөн – 39 392 учур, ашказан оруулары менен – 32 662 учур, көрүү оргaндары ооругандар (сокур эмес) – 21 4865, тери жана тери алды оорулары – 18 096, дем алуу органдары – 14 238, муун оорулары – 7 278, травма алгандар -9883, угуу органдары – 6851, оруунун башка түрлөру анча көп эмес санда каттарды. Оспага каршы 18 317 адамга прививка сайылып, алардын 17 365 ийгиликтүү болгон[4].

---

[1] Труды первого съезда кавказских вроачей. Халерная эпидемия 1892 года на Кавказе, т.2, вып. 2-й. Тифлис, 1894, с. 197.
[2] Обзор Эриванской губернии за 1907 год. Эривань, 1908, с. 15.
[3] Там же.
[4] Там же, с. 16.

Медициналык персоналды кармоого 120 160 руб. 24 тыйын кетке, казынадан бул максатка 19 888 руб. 46 тыйын бөлүнгөн, жер-жерлердеги бийлик чогулткан каражаттан 46 999 руб. 13 тыйын, жана шаарлардан 5 327 руб. 65 тыйын корогон.

Ушул сумманын 26 710 руб. 13 тыйыны дарылоо мекемелеринин муктаждыктарына, врачтардын айлык маяналарына – 36 502 руб. 76 тыйын, фельдшер, акушерлердин маянасына – 20 945 руб. 32 тыйын, 8 610 руб. 33 тыйынга дары-дармектер бекер таратылып берилген, 1200 руб. оспага каршы эмдөөгө кеткен, эпидемиялар менен күрөшүүгө 1150 руб. 59 тыйын, элдер жашаган чөйрөнү тазалоого 24 981 руб. 11 тыйын жумшалган[1].

Иреван губерниясы боюнча эпидемияларга каршы зарпталган каражаттын жалпы суммасы 4 000 рублдан ашкан эмес, бул сумма оспага каршы эмдөө жүргүзгөн 22 дарыгерге зарпталган[2].

Белгилей кете турган жагдай, Падыша өкмөтүнүн убагында эпидемияларга каршы эмдөө иштери өтө эле начар жолго коюлганын буга каршы мамлекеттин бөлгөн каражатынын көлөмүнөн эле баа берсе болот. Мисалы 1902-жылы Иреван шаардык башкармалыгынын чукул чакырылган жыйынында халера оорусу эпидемияга айланбашы үчүн болгону 50 рубль гана бөлгөнү белгилүү[3].

XX кылымдын башында Иреван калаасындабир канча амбулатория, шаардык больница, түрмонүн оруканасы, жана эки жеке дабаакана[4], бир-нече аптека ачылган, врачтардын саны 20 га жетип калган.

Оруканалардын эң чоңу – шаардык больница болгон. Ал шаардык дума тарабынан каржыланып, амбулаторялык

---

[1] Обзор Эриванской губернии за 1907 год. Эривань, с. 16.
[2] Оганесян Л.А. Указ. работа, с. 33.
[3] Там же, с. 40.
[4] Акопян Т.Х. Очерки…, с. 278.

бөлүмү жана өзүнүн аптекасы да болгон. Эгерде оруканадын ачылган кезинде 12 койка болсо, 1908-жылга келгенде койканын саны 40 ка жетип калган. Шаардык дума каражаты болбогондуктан, алар оруканаңы жеке үйлөргө жайгаштырууг мажбур болушкан[1]. Ал үйлөр оруканага ылайыкташпаган. Башка оруканалар деле оор абалда болушкан, өзгөчө түрмөнүн оруканасынын абалы өтө начар эле. Иштеп жаткан ачскердик госптиталда жалаң гана аскерлер даарыланышчу.

1910-жылы Ирeванда катталган орулуулардын саны 346 773 адам болсо, алардын больницаларда, дабааканаларда иштеген врачтаран жардам алгандары 2053 адам, ал эми 337 489 адам амбулаториялык жардам алышса, жеке практикалагандардан – 4 603, кокусунан эпидемиологиялык орулар үчүн ачылган батирлерден 2628 адам катталышкан, жалпысынан врачтардан кеңеш алгандар менен жардам алгандардын саны 250 061 болгон, жана фельдшерлерден 96 712 адам[2] жардам алган.

Бальницалар менен кабыл алуу пункттары Ирeванда 23 болгон, аларда 205 койка-керебет жана эки халерага даяындалган барак Иреван менен Александропольдо жайгашкан; 1910-жылдын 1-январында больницаларда 74 орулуу калган., отчеттук мезгил аралыгында оруканага түшкөндөрдүн саны 1979 адам болсо, 177 адам өлгөн жана 1911-жылдын 1-январына келгенде оруканаларда 65 адам калган[3].

Больницалардын медициналык персоналында 45 эркек врачтар, 3 аял врач, 66 фельдшер (алардын 1 аял), 26 акушерка жана төрөт кабыл алган умай энелер, 5 тиш доктур, 4 дантист жана 28 фармацевт иштеген[4].

---

[1] Акопян Т.Х. Очерки…, с. 278.
[2] Обзор Эриванской губернии за 1910 год, Эривань, с. 18.
[3] Там же.
[4] Там же.

«Закавказ шаарларында 1910-жылдагы врачтардын жардам берүү акывалы жана санитардык абалы боюнча Очерк» докладында, бул доклад атайын съездге даярдаып, врачтардын биринчи съездинде Кавказдын медициналык бөлүмүнүн башчысы Ф.Л. Фехнер тарабынан окулган бул доклада «элдин ден соолугун чыңоо маселесинде санитардыкабалды көзөмолдөөнү жакшыртуу боюнча муктаждыктын өтө чоң экенине көңүл буруу менен, мындай абал жалпыга жакшы маалым, бирок каражат дайыма тартыш». Таза суу менен камсыздоо маселеси канча жолу көтөрүлүп, жактырылганы менен адамдар жашаган чөйрөнүн таза болушу жана туура суу менен азыктануу дале актуалдуу[1].

1910-жылы халера менен ооруган 1210 учур катталган. Эпидемия июль айында башталып ноябрь айында аяктаган. Июль айында 110 орулуу катталган, августа – 917, сентябрда – 154, октябрда – 25, жана ноябрда 4 учур катталган. Иревандагы халералар үчүн тургузулган баракта жаткандардын 28 өлүмгө дуушар болушкан, ошондой эле, Александропольдогу халера барагында жаткан 84 орулуунун 41 каза болушкан. Бардыгы болуп халера оруусунан 767 адам навыт болгон[2].

Ireванда жугуштуу орулар үчүн атайын оруукана болгон эмес. Эпидемиялар учурунда жеке тамдарды ижарага алып, стационар үчүн эптеп-септеп жалгаштырылар эле. Мындай абал 1908-жылы халера эпидемиясы учурунда колдонулган, жана да 1910-жылы, ушундай эле кырдаалда таптакыр коошпогон үйлөрдү ижарага алып, дарылоо шарты өтө начар абалда иштөөгө туура келген[3].

[1] Труды первого съезда служащих врачей гражданского ведомства на Кавказе. т.1, вып.3. Городская медицина, Тифлис, 1914 г., с. 310.
[2] Обзор Эриванской губернии за 1910 год. С. 18.
[3] Оганесян Л.А. Указ. работа, сс. 38-39.

| **1910-жылы Иреван калаасында медицинага жумшалган каражаттар**[1] | |
|---|---|
| 1910-жылга кралган бюджет | 267 279 |
| Сөзсүз зарптала турган чыгымдар | 122 000 |
| Медициналык бөлүккө зарпталчусу | 33 037 |
| Санитардык иштерге зарпталчусу | 12 644 |
| Калаадагы варчтардын саны | 15 |
| **1910-жылдагы оруканалардагы абал жана шаардын санитариясы (Иреван шаары боюнча)**[2] | |
| 1910-жылдын 1-июлуна элдин саны | 31 182 |
| Оруканалардын жалпы саны | 4 |
| Керебеттердин саны | 84 |
| Шаар каржылаган ооруканалар | 1 |
| Алардагы керебеттердин саны | 35 |
| Стационардык оруканадан колдонгондордун саны | 673 |
| Амбулатордук кабылдангандар | 14 |
| Торөт приюттары | жок |
| Алардагы керебеттердин саны | жок |
| Акылы чарчагандар приюту | 1 – кавказ земск эсебинен |
| Алардагы керебеттер саны | 20 |
| Жугуштуу орулар бөлүмү | жок |
| Алардагы керебеттердинсчаны | жок |
| Дезинфекциялоо камералары | 1 |
| Түнкү приюттар | жок |
| Санитардык врачтар | жок |

1910-жылдын 1-октябрында Ireванда земск бийлиги-

[1] Труды первого съезда служащих врачей гражданского ведомства на Кавказе, т.1, вып.3, Городская медицина. Тифлис, 1914 г., табл. 2, с. 317.
[2] Там же, табл. 1, сс. 314-315.

нин каражатына акылы чарчагандар үчүн 20 керебеттик приют (дом призрения не излечимо душевно больных) жалпы Иреван губерниясындагы эркек орулуулар үчүн ачылды. Кийинчирээк оруканаы кеңейтип аялдарды[1] дагы дарылоо пландалган. Орулуулар мында 1910-жылдын 26-майында сенатор Ватаци тарабынан (кавказ наместнигинин ордуна) бекитилген убактылуу эрежелердин негизинде дарыланышчу. Иревандагы акылы чарчагандарды кароо үчүн жылына 11 660 рубль бөлүчү, ал эми 1912-жылы 11800 рубль бөлүнгөн[2].

Кавказдагы жарандык ведомстволордо кызмат өтөгөн врачтардын биринчи съезди Тифлисте 1911-жылдын 15-23 декабрында өттү. Съезддин негизги максаты Түштүк Кавказдагы медициналык абалды коомчулукка тааныштыруу, өзгөчө айыл жерлериндеги дарылоо акывалы, медициналык муктаждыктардын көлөмү, бул муктаждыкутарды чечүү үчүн каражат табуу жолдору каралган.

Съезддин ачылышында Кавказдын наместниги граф И.И. Воронцов-Дашков катышып, өзүнүн куттуктоо сөзүндө «съездде айтылгандардын негизинде крайдагы, өзгөчө айыл жерлериндеги медициналык абалды жакшыртууга колдонулаарын»[3] белгилеп айтты.

Съездде токтом кабыл алынды, анын маңызы мындай: «…жугуштуу орулар менен күрөшүүдө орчундуу орунду врачтардын түздөн-түз жардамынын жетштүүлүгү ойнойт; стационардык, амбулатордук жардамды көбөйтүү зарыл, жеткиликтүүлүгүн камсыздап»[4].

Жугуштуу орулар менен күрөштө туура ыкмаларды

---

[1] Труды 1 съезда служащих врачей гражданского ведомства на Кавказе, т.1, вып.1. Обзоры Кутаисской, Эриванской и Бакинской губерний и Дагестанской, Батумской и Карской областей. Тифлис, 1914, с.124.

[2] Оганесян Л.А. Указ. работа, с. 38.

[3] Кавказский календарь на 1913 год, Тифлис. 1912. С. 180; Съезд кавказских врачей 1912 года. Тифлис, с. 180.

[4] Там же. с. 192.

колдонсо, медициналык жардамдын акыбети кайтат, ал айыл тургуну болобу, шаардыкпы айрымасы жок, ан үчүн кабыл алуу пункттарын көбөйтүп, дарылоо мекемелеринин мүмкүнчүлүгүн арттыруу зарыл.

Съездде көтөрүлгөн маселелердин бири оспага каршы эмдөө начар жүргүзүлгөнү, бул маселени чечүүнүн бирден-бир жолу катары эмдөөнү айылдык фельдерлерге тапшыруу аркылуу чечсе болоору, ошондой эле жайкы каникул учурунда студенттерди бул ишке тартуу да сунушталды.

Съездде талкууланган оорулардын бири – ала (проказа) болду. Аланын очогу катары Иреван губерниясы аталып, ала оорусу менен күрөшүүнүн жолдору съездин катышуучуларын кызуу талкууга салды[1].

Ошондой эле, 1913-жылы Тифлисте өткөн орус врачтары менен изидөөчүлөрдүн 13-съездинде да жугуштуу ооруларга каршы күрөшүүдө кечиктирилгис чара көрүү иретинде жергиликтүү земск бийликтеринин жардамы аркылуу уюштуруу да эч натыйжа берген жок. Мунун негизги себеби катары, падыша өкмөтүнүн Кавказ элдерине карата колонизатордук саясатынын үзүрү десек болот.

1914-жылдагы маалыматта Иреван губерниясында 17 аптека, алардын 1- айыл жерлерине жана 7өө шаар жеринде; гигиеналык жалдгыз лабараторя Иреван калаасында болуп, анда 132 изилдөө жүргүзүлгөн.[2]

1914-жылы Иреван губерниясында катталган (Иреван губерниясы боюнча гана маалымат катталган, Иреван шаары боюнча жок) 290 391 оорулу адам болуп, алардын 1883 – стационардык ооруканаларда даарыланса, 283 274 адам амбулатордук жардам алышкан, ал эми, жеке тажрийба жүргүзөндөрдөн – 5234 адам даарыланган. Врачтардын жардамынан пайдалангандардын саны – 229 354 адам, кал-

[1] Кавказский календарьна 1913 год. Тифлис, 1912, с. 193.
[2] Обзор Эриванской губернии за 1914 г., с. 26.

ган медперсоналдан 61 037 адам[1] дабаланып, ушулардын аркасы менен оорулулардын саны кескин кыскарып, эл арасындагы өлүм да азайган. Медициналык персонал 45 эркек врачтардан жана 4 аял врачтан, 84 фельдшер, 34 акушер жана төрөт кабыл алган кемпирлерден, 6 тиш доктур, 1 дантист жана 26 фармацевттен турган[2].

1914-жылдагы «Эриван губерниясынын Обзору» жыйнагында эпидемиялык мүнөздө балдардын оруулары – грипп (2356 бала), көк жөтөл – (1094 бала), кызамык (955 бала)[3], оспадан эмделгендердин саны – 30 156 бала, анын ичинде айгып кеткендердин саны – 27 228 бала, же 90%[4] болгондугу жазылган.

Эң эле көп тараган оорулардан ашказан оорулары эсептелген – 50 874 учур, көз оорулары – 42 231 учур, лихорадка, тери оорулары – 27 868 учур, дем алуу органдары – 22 019 учур, угуу органдары – 9988 учур[5], ж.б. катталган.

Медицинага кеткен каражаттардын жалпы суммасы – 224 318 руб. болгон, анын ичинде, казынанын каражысы – 18 565 руб., земск жыйынынан – 94 786 руб., шаарлардан – 104 767 руб., жеке адамдардан жана коомдордон – 6200 руб.[6]

Иреван шаарынын тургундары шаардык жана түрмонүн ооруканаларынан тең дарыланышчы, көз доктурдун кеңсесинде жин орусуна чалдыккандар үчүн да бөлмөсү болгон, жана эки жеке доктуркана бар эле[7].

Коомдук медициналык мекемелердин өнүгүшүнө илимий-медициналык борборлор менен басма сөз органдары чоң роль ойношту. Орусиянын өзүндөй эле, Түштүк Кавказ-

---

[1] Обзор Эриванской губернии за 1914 г.,с. 25.
[2] Там же.
[3] Там же.
[4] Там же, с. 26.
[5] Там же.
[6] Там же.
[7] Там же, с. 26; Оганесян Л.А. История медицины… ч.4, с. 34.

да деле коомдук медициналык уюмдар уюшула баштады. XX кылымдын экинчи жарымында 70 ашык медициналык коомдор; аскердик-илимий коому менен биргеликте, алардын 15 – Петербург менен Москвада (алардын айрымдары бүткүлроссиялык, жер-жерлерде бөлүмдөрү бар) жана алардын 55 – ар кайсы губерниялар менен областтык, сейрегирээк уезддик борборлор[1]. Бул коомдор системалуу түрдө лекцияларды уюштурушуп, окууларды өткөрүшүп, медико-гигиеналык баракчаларды, брошюраларды басышып таратып жүрүштү, аларга карата падышалык администрация, адаттагыда эле, душмандык көз караштa болду. Иреван думасына келе турган болсок, бул маселеде, өзүнүн 1904-жылдын 17-февралындагы Кавказ медицина коомунун адресине жолдогон кайрылуусунда, «Коомдун медицина тармагында брошюра менен баракча чыгарууга сураган субсидияны берүү өтүнүчүн четке каккандыгы»[2] тууралуу чечимин билдирген.

1910-жылдын 14-февралында ирeвандык врачтар менен провизорлордон турган чакан топ Медициналык коом түзүшкөн. Бул коомдун негизги максаты жергиликтүү элдин турмушундагы оруга чалдыктырган жагдайларды иликтеп, илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү аркылуу медициналык мекемелерге, административдик уюмдарга орууларды дарылоодо туура ыкмаларды колонууну сунуштап, практикалык жардам көрсөтүп, карапайым калк арасында медициналык билимди жайылтууга салым кошуу болгон. Тилекке каршы, бул уюмдун мүчөлору канча адамдан болгонун жана улуттук составы кандай болгону тууpасында маалымат таба алган жокпус. Белгилүү болгону, 11 жыл бою коомдун төрагасы болуп доктор О. Тер-Микаэлян[3] турганы болду.

---

[1] Нейдинг И. Медицинские общества в России. М., 1897, сс. 76-83.

[2] Лалаян А.А. «Русско-армянские медицинские связи (19 век и начало 20 века)». Автореф. Дис… д. мед. наук. Ереван. 1966, с.13.

[3] Оганесян Л.А., с. 241.

Коом илимий жана уюуштуруучулук ишин активдүү жүргүзгөнү белгилүү. Коомдун бюджетин мүчөлүк взностордон куралган, врачтардын маянасынын 3% жугуштуу оруларды дарылоодо курман болгон врачтардын үй-бүлөсүнө которуп турушкан, ошондой эле, «Ак ромашка гүлдөрү» ж.б. иш чаралардан түшкөн каражаттар түзгөн.

Коомдун он жыл бою иштегендеги бюджети болгону 24 миң руб. түзгөн. Иревандагы медициналык коом Кавказ коомунун курамына кирип, алардын филиалы катары, алар менен биргеликте туберкулез менен күрөшүшкөн, бирок кийинчирээк өздөрүнчө иш алып барышкан.

1913-жылы Коом туберкулез менен ооругандар үчүн Дилижанда санаторий ачышкан. Даарылоого туберкулез менен ооруган 14 адамды жиберишкен.

Коомдук иштерге активдүү катышып, бул Коом Тибилиси шаарында өткөн 13-Бүткүлроссиялык врачтардын жана изилдөөчүлөрдүн съездинин делегаттары үчүн Иреван губерниясына экскурсия уюштурушкан. Коом өлгөндөрдүн үй-бүлөлөрүнө жакындан жардам уюшуруп турган[1].

Иреван медициналык коомунун илимий жүргүзгөн эмгектери алардын докладдарынан жана өздөрүнүн жыйындарынан белгилүү. Биринчи дүйнөлүк согушка чейин жыйындары тез-тез өтүп турган. Маселен 1910-1914-жж. :0 жыйын өткөрүлгөн, жана аларда 34 илимий доклад жасалган. Докладдардын тематикасы – инфекциялык оорулар – малярия эпидемиясы, халера, ала оорулары жана алардын адам денесине тийгизген таасирлери; Иреван калаасындагы медициналык абалды жакшыртууга арналган докладдар да болгон, ошондой эле, Иреван губерниясындагы минералдык суулар[2] ж.б. Айрым докладдар, негизинен бул Д.М. Малюженконун докладдары «Эриван губерниясынын Памяткалары» китебинде жарыяланган.

---

[1] Оганесян Л.А., с. 241.
[2] Там же, с. 242.

Биринчи дүйнөлүк согуш жылдарында болгону эки жыйын өткөн (1916-жылдын акырында жана 1917-жылдын башында), ал жыйындарда Иревандагы тиф жана малярия эпидемиялары боюнча докладдар угулган[1].

Медициналык коомдун өзү губерниялык, шаардык медициналык уюмдар менен тыкыз иштешип, ар кандай административдик-консультативдик жардамдарды көргөзүп, айрым учурларда демилге да көтөрүшкөн. Ошентип, бул Коомдун аракети менен Ереванда санитардык бюро иштей баштап, санитардык врач кызматы ачылган. Коом өздөрү түзгөн долбоорду шаар жетекчилигине сунушташып, Ереван калаасында үлгүлүү оорукана ачууга да активдүү катышкан[2].

Орусия («Врач», «Русский врач», «Врачебное дело» ж.б.) медициналык басмасынын беттеринде Кавказдагы медициналык абалды оңдоодо орчундуу роль ойногон көптөгөн маалыматтар жарыяланды, мисалы, аймактарда Земски медициналык борборлорун ачуу, же болбосо жогорку медициналык билим берүүнү уюштуруу маселелри. Айта турган болсок, маселен, «Врач» журналынын 1882-жылдагы санында «Ереванга берилген медициналык жардам канаатандырбайт» деген макала[3].

«Врачтардын гезити» гезитинде «Закавказдан келген каттар» деген рубриканын астында 1904–1917-жылдарда Туштук Кавказдагы элди медициналык тейлөөгө арналган маселелер (Ереван калаасы тууралуу да), туберкулез менен күрөшүү боюнча Блюментальдын көргөзмөсү, эпидемиялык оруулар менен күрөшүү ж.б.

Ереванда жылына бир жолу «Эриван губерниясынын Памяткалары» китеби жарык көрүп келген. Анда доктор Д.М. Малюженконун Ереван губерниясында малярия, ала

---

[1] Оганесян Л.А., с. 243.
[2] Там же, с. 244.
[3] Там же, с. 242.

орууларын дарылоого арналган илитмий макалалары жарык көргөн.

Жергиликтүү врачтардын илимий макалалары Кавказ медицина коомдорунун журналдарына жарыяланып, жана Кавказ медиктеринин съезддеринде (болгон 3 съезд чакырылган, 1-, 2- Кавказ врачтарынын съезддери, 3-съезд – Кавказ граждандык ведомстволордун кызматкер врачтарынын съезди) окулуп, жыйынтыгында чыккан китептерге кирген.

Жыйынтыктай келгенде, жогоруда саналган фактыларды эсепке алган күндө деле, падышалык өкмөт жүргүзгөн Иреван калаасындагы медициналык абалды алдыга жылдырууга багышталган аракеттери, шаар калкына көрсөтүлгөн медициналык кызматтар, ар кандай орулардын эпидемияга айланып кетпеши үчүн жасалган аракеттери жетишсиз болгон. мындай абалдын негизги фактору оор климаттык шарт, ичүүгө жарактуу сапаттуу суунун тартыштыгы болгон. Ошондой болгон күндө деле, Иреван каласында белгилүү өлчөмдө бул багытта алга жылыштар болгонун тануугa болбойт. Бул жылыштардын болушуна медициналык съезддер, жергиликтүү врачтардын съезддерде, илимий журналдарда жарык көргөн илимий докладдары да өз салымын кошкон. Ошону менен бирге, карапайым элдин арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, пайдалуу баракчалар менен брошюраларды таратып, уюштурулган агартуу иштери да чоң таасир эткен.

Ошону менен катар, падыша өкмөтү түзгөн колониалдык системадагы башкаруу органдары жергиликтүү элдин өнүгүп-өсүшүнө, чың ден соолукта болушуна жетишээрлик кам көргөн эмес, карапайым жергиликтүүлөрдүн турмушуна кайдигер карашкан. Жалпысынан, медициналык абалдын, медико-санитардык кырдаалдын өтө төмөнкү деңгээлде болушу, медициналык уюмдардын ишин уюштуруудагы шалаакылык, тармакка жооптуу болгон орусиялык чиновниктердин демографиялык абалга негативдүү мамилеси губерниядагы медициналык абалды солгун өнүгүшкө алып келген.

## Жыйынтыктоочу сөз ордуна

Колуңуздагы монографияда келтирилген илимий тыянактар окурмандын тескөөсүнө коюлуп, изилдөөлөрдүн жыйынтыгы, аларды жалпылоо «Түндүк Азербайжандын XIX кылымдагы, XX кылымдын башындагы тарыхы» боюнча Азербайжан улуттук Академиясынын А.А. Бакиханов атындагы Тарых институтунун илимий жамааты тарабынан тастыкталган тарыхый маалыматтарды сыдыргыдан өткөрүү аркылуу көптөгөн тарыхый булактарды казып, статистикалык маалыматтардан тырмак алдына салып чогултуп, тарыхый адабияттардан сууруп чыгарылган маалыматтар талашсыз далилдер менен, Иреван калаасы, ондогон жылдар бою бирдей аталыштагы хандыктын борбору болуп уюшулган күндөн 1827-жылы Орусия империялык армиясы тарабынан басылып алганга чейин, ошондой эле, Орусия падышасынын колониялдык режиминин акырына чейин, б.а. XIX кылым – XX кылымдын башында да азербайжандардын шаары боюнча калган.

Бирок, белгилеешибиз зарыл болгону, Иреван хандыгы бүкүлү бойдон, анын борбор калаасы кошо, социалдык-экономикалык, коомдук-саясий, маданий турмушубузда Азербайжандын эле эмес, бүткүл Түштүк Кавказда Жакынкы Азияга карата романовдук баскынчылардын стратегиялык пландарында орчундуу роль ойногон. Иреван хандыгынын аймагы падышанын аскерлери тарабынан оккупацияланганда кийин бул аймакты христиандаштыруу саясаты жүрүп, кеңири масштабда, армян калкын күргүштөтүп көчүрүп келүү ишке ашырылган.

Падыша өкмөтүнүн колониалдык саясаты, муслмандарды, түрктөрдү куугунтукка алып, аларды ата-баларынан бери ээлеген жерлеринен кубалап чыгып, жерооду кылып,

бошогон аймактарга хрестиан-армяндарын отурукташтырып, жергилитүү адмистративдик-аймактык бийлик органдарына автохтондук калкты жолотпой, келгиндерди бийликке тартышы, этно-демографиялык абалды кескин өзгөрүүгө алып келген. Иреван хандыгындагы, анын ичинде калаадагы калктын абсолюттук көпчүлүгүн түзгөн жергиликтүү калк, акырындап олтуруп, этникалык азчылыкка айланган. Орус колонисттер менен алардын тарапташтары – армяндардын ашынган улутчул бөлүгү калааны «христиандаштырууга» жана «армяндаштырууга» жандалбас урушуп, ар кандай жолдорду колдонушту.

Бирок, алардын бардык аракеттерине карабай, Иреван калаасы изилденген убакыт аралыгынын башынан аягына чейин өлкөнүн социалдык-экономикалык, коомдук-саясий, маданий турмушунда, Азербайжандын мусулман-түрктөрүнүн эң чоң борбору катары кала берген. Иревандагы коомдук-саясий, маданий чөйрө, иревандагы коммдук-саясий ишмерлер, калаадагы азербайжан улуттук интеллигенциясы улуттук аң-сезимдин калыптанышына өздөрүнүн айныгыс салымдарын маданий-руханий өнүгүү процессине, мамлекеттүүлүк салттардын калыптанышына ишенимдүү кошушкан. Алардын чыгармачылыгы менен ишмердиги Азербайжандын тарыхый, илимий, руханий, маданий жана коомдук-саясий жагынан Иреванды даңазалашканы айкын далилденди.

# КОЛДОНУЛГАН МААЛЫМАТТАР ЖАНА АДАБИЯТТАР:

**Азербайжан тилиндегилер:**


1. Axundov N. Azərbaycanda dövri mətbuat (1832-1920), Bibliografiya, Baki, 1965.
2. AMEA Tarix İnstitutunun Elmi arxivi, sənəd 1771.
3. Azərbaycan Xalq Cümhuriyyti Ensiklopediyasi, 2 cilddə, II cild, Baki, Lider Nəşriyyati, 2005, 472 s.
4. Azərbaycan Respublikasi Dövlət Tarixi Arxivi (ARDTA), 202 sayli fond.
5. Azərbaycan Respublikasi Dövlət Tarixi Arxivi, F.290, siy.1, iş 138.
6. Azərbaycan Respublikasi Dövlət Tarixi Arxivi, F. 290, siy. 19, iş 12557.
7. Azərbaycan Respublikasi Dövlət Tarixi Arxivi, F. 290, siy. 25, iş 80.
8. Azərbaycan Respublikasi Dövlət Tarixi Arxivi, F. 290, siy. 3, iş 1572.
9. Azərbaycan Respublikasi Dövlət Tarixi Arxivi, F. 290, siy. 4, iş 1817.
10. Azərbaycan Respublikasi Dövlət Tarixi Arxivi, F. 290, siy. 9, iş 5339.
11. Azərbaycan Respublikasi Dövlət Tarixi Arxivi, F. 290, siy. 1, iş 3359.
12. Azərbaycan Respublikasi Dövlət Tarixi Arxivi, F. 290, siy. 16, iş 10895.
13. Azərbaycan Respublikasi Dövlət Tarixi Arxivi, F. 290, siy. 2, iş 137.
14. Azərbaycan Respublikasi Dövlət Tarixi Arxivi, F. 290, siy.

23, iş 15146a
15. Azərbaycan Respublikasi Prezidentinin İşler İdarəsinin yaninda Siyasi Sənədlər Arxivi, F. 276, s. 8, iş 334, v.3 arx; iş 235, v.38.
16. Azərbaycan tarixi üzrə qaynaqlar, Baki, Azərbaycan Universiteti Nəşriyyati, 1989, 328 s.
17. Azərbaycan tarixi, 7 cilddə, III cild, Baki, Elm, 1999, 584 s.
18. Azərbaycan tarixi, S. Əliyarlinin red. Ilə. Baki, "Azərbaycan" nəşriyyati, 1996, 782 s.
19. Azərbaycan tarixi. Ən qədim dövrlərdən XX əsrin əvvəllərinə qədər, Baki, "Elm", 1993, 284 s.
20. Bayramli Z., Əzizli B. Azərbaycan Övliya Çələbinin 1654-cü il Səyahətnaməsində, Baki, "Azərbaycan" nəşriyyati, 2000, 160 s.
21. Budaqov B.Ə., Qeybullayev Q. Ə., Ermenistanda Azərbaycan mənşəli toponimlərin izahlilüğəti, Baki, "Oğüz Eli" Nəşriyyati, 1998, 452 s.
22. Bünyadov Z., İrəvan əyalətinin icmal dəftəri. Araşdirma, tərcümə və qeydlər, Bakiu, "Elm", 1996, 184 s.
23. Bürhani-həqiqət, 1917, № 1.
24. Əfəndiyev O. Azərbaycan Səfəvilər dövləti, Baki, "Azərnəşr",1993, 300 s.
25. Əliyev F., Əliyev M. Naxçivan xanliği, Baki, "Azərnəşr", 1996, 106 s.
26. Əliyev F., Həsənov U. İrəvan xanliği, Baki, "Şərq-Qərb", 2007, 144 s.
27. Əliyev F.M. XVIII əsrin birinci yarisinda Azərbaycanda ticarət. Baki, Azerb. SSR EA nəşriyyati, 1964.
28. Əliyev M. Şimali Azərbaycan Rusiya tərəfindən işğalinin tarixşünasliği, Baki, "Adiloğlu", 2001, 316 s.
29. Əsədov F., Kərimova S. Çarizmi Azərbaycana gətirənlər, Baki, "Gənclik", 1993, 144 s.
30. Fərzəlibəyli Ş.F. Azərbaycanli və Osmanli imperiyasi, Baki, Azərbaycan Dövlət Nəşriyyati, 1994, 200 s.

31. İrəvan dəftəri. İctimai fikir tariximizin qəribsəyən üfüqləri, Baki, 2002, s.52.
32. İrəvan xanliği. Rusiya işğali və ermənilərin kütləvi şəkildə Azərbaycan torpaaqlarina köçürülməsi, Baki, 2010.
33. İsmayilov F. Trməni millətçiliyi taixi faktlarin dili ilə. Tarix və onun problemləri. Baki, 2002, №4, s. 41-44.
34. Jan Şarden, Səyahətnamə, Fransiz dilinden tərcümə edəni Vaqif Aslanov, Baki, “Elm”, 1994, 96 s.
35. Koçərli Firudin b.y, Azərbaycan ədəbiyyati, Baki, “Elm”, 1981, 286 s.
36. Qarayev E.T. Azərbaycan İrəvan bölgəsinin tarixindən (XVII yüzilliyin sonu – XIX yüzilliyin ortalarinda), Baki, 2016.
37. Leylək, 1917, № 7.
38. Məmmədov İ., Əsədov S. Ermənistan azərbaycanliiari və onlarin aci taleyi, Qisa tarixi oçerk, Baki, 1992, s. 18.
39. Məmmədov İ., Əsədov S. Ermənistan azərbaycanliiari və onlarin aci taleyi, Baki, “Azərbaycan Nəşriyyati”, 1992, 72 s.
40. Məmmədov İ., Tariximiz, torpağimiz, taleyimiz. Baki, “Adiloğlu”, 2003, 700 s.
41. Məmmədov İ., Azərbaycan XV – XVIII əsrin 1 yarisinda, Baki, 1981, 100 s.
42. Mirzə Adigözəl bəy, Qarabağnamə, Baki, 1991.
43. Mustafazadə T.T. 1723 – 1735-ci illər Osmanli hakimiyyəti dövründə Azərbaycanin vəziyyətinə dair. Az. SSR EA-nin Öəbərləri, 1990, Tarix, fəlsəfə və hüquq seriyasi. №4, s. 44-49.
44. Nazim Mustafa. İrəvan şəhəri. Baki, 2020.
45. Onullahi S. Çuxursəd-İrəvan Səfəvilər dövründə. “Elturan”, Baki, 1995, say 1-2.
46. Övliya Çələbi, Səyahətnamə (Azərbaycan tarixinə aid seçmələr. Hazirlayan S. Onullahi), Baki, “Azərnəşr”, 1997, 28 s.
47. Paşayev A. Cümhuriyyət Parlamentinə gedən yol. Baki,

"Adiloğlu", 2005, 88 s.
48. Priyev V. Azərbaycanin tarixi coğrafiyasi. Baki, "Araz", 2002, 152 s.
49. Süleymanov M. Erməni millətçiliyi və təcavüzkarliği tarixindən, Baki, "Hərbi" Nəşriyyati, 2008, 398 s.
50. Süleymanov M. İrəvan xanliğinin Rusiyaya birləşdirilməsi tarixindən, Baki, "Hərbi" Nəşriyyati, 1997, 160 s.
51. Süleymanova S. Azərbaycanda istimai-siyasi hərəkat (XIX yüzilliyin sonu – XX yüzilliyin əvvəlləri), Baki, 1999, s. 27.
52. Şükürov K.K. Türkmənçay. Baki, "Çaşioğlu" 2006, s. 188.
53. Umudlu V.U. Şimali Azərbaycanin Çar Rusiya tərəfindən işğali və müstəmləkəçillik əleyhinə mübariz (1801-1828), Baki, 2004.
54. Yoldaş, 1920, № 3.

**Түрк тилиндеги адабияттар:**

55. Aktepe M. 1720-1724 Osmanli-İran münasebetleri və silahşor Kemani Mustafa ağanin Revan Fetihnamesi, İstanbul, 1970.
56. Başbakanliq Osmanli Arşivleri (BOA), Hatti-Humayun fondu.
57. Bi M. Kavkaz Tarihi, 2 cilt, Ankara, "Berikan" Yayinevi, 2011.
58. Gurun K. Ermeni Dosyasi, Ankara, "Bilgi" Yayinevi, 2012.
59. Osmanli Devleti ile Azərbaycan Türk Hanliklari Arasindaki Münasibetlere Dair Arşab Belgeleri (Karabaq-Şuşa, Hoy) 1578 – 1914, 1 kitab, Ankara, Osmanli Arşivi Yayinlari, 1992.
60. Türkiye Cümhuriyyeti Başbakanliq Osmanli Arşivi, dosya № 628, 633, 637, 681, 727, 895, 901, 905.

**Орус тилиндеги адабияттар:**

61. Акопджанян С. Ереван: Историко-экономический очерк,

Ереван, 1940.
62. Акопян Т.Х. История Еревана, Ереван, 1977, 490 с.
63. Акопян Т.Х. История Еревана (1500 – 1800), ЕГУ, 1979.
64. Акты Кавказской Археографической Комиссии (АКАК), т.1-12, Тифлис, 1866-1904.
65. Алавердянц М.Я. Граф Иван Федорович Паскевич-Эреванский и его деятельность на Кавказе в очерках армянского историка. 1782-1912. Санкт-Петербург, 1912.
66. Армяно-русские отношения в первой трети XVIII века., т. 2, ч.2, Ереван, 1967.
67. Армянская анонимная хроника (1722-1736), Перевод с турецкого в примечание академика АН Азербайджана З.М. Буниатова, Баку, 1988.
68. Арутюнян В., Асратян М., Меликян А. Ереван. М., 1968.
69. Арутюнян Н.И. Бианини (Урарту), Ереван, 1970.
70. Багирова И.С. Политические партии и организации Азербайжана в начале XX века, Баку, 1997, с.224.
71. Бартольд В.В. История изучения Востока в Европе и России. Ленинград, Гос.уч.-практ. Школа-тип.им.тов. Алексеева, 1925, с.101.
72. Бутков П.Г. Материалы джля новой истории Кавказа с 1722 по 1803 г., ч.2, СПб., 1869
73. Вестник Европы. – 1906, т.2 сс. 91-130.
74. Военно-статистическое опистание Российской империи (Эриванская губерния), с. 295.
75. Воскобойников, О Дарачичагских свинцовых рудниках и кислых минеральных источниках, Горный журнал, 1830, ч.1.
76. Воскобойников, О кислой теплой минеральной воде, Горный журнал, 1830, ч.1.
77. Воскобойников, Об углекислых источниках, Горный журнал, 1830, ч.1.
78. Вся Россия. Русская книга промышленности, торговли, сельского хозяйства и администрации. Том 1, часть 2-я,

СПб.: 1895.
79. Вся Россия. Русская книга промышленности, торговли, сельского хозяйства и администрации. Том 2, часть 2-я, СПб.: Типография А.С. Суворина.
80. Вся Россия. Русская книга промышленности, торговли, сельского хозяйства и администрации. СПб.: 1902.
81. Вся Россия. Русская книга промышленности, торговли, сельского хозяйства и администрации. часть 6-я, Москва, 1912.
82. Габричевский Григорий Норбертович. Русский врач. 1907, № 15.
83. Гастгаузен Август. Закавказский край. СПб., ч.1.
84. ГИА Грузии, ф. 1183, оп.1, д. 680.
85. ГИА Грузии, ф. 2, оп. 1, д. 1992.
86. ГИА Грузии, ф. 4, оп. 26, д. 172.
87. ГИА Грузии, ф. 391, оп. 4, д. 563, 1910.
88. ГИА Грузии, ф. 1018, оп. 9, д.21
89. ГИА Грузии, ф. 1284, оп. 194, 1914, д. 15.
90. ГИА Грузии, ф. 1290, оп.5, д. 216, д. 1904680.
91. Гизетти А.П.Сборник сведений о потерях кавказских войск 1801-1885 гг., Тифлис, 1901.
92. Глинка С. Описание переселения армян Аддербиджанских в пределы России, Москва. 1831.
93. Глинка С. Описание переселения армян Аддербиджанских в пределы России, Баку, «Елм», 1990, с. 108.
94. Григорян З. Присоединение восточной Армении к России в начале XIX века, Москва, 1959.
95. Гусейнов Ризван, Материальные памятники и конфликты на Кавказе (на примере Иреванской крепости) – Кавказ и глоболизация, т.6, вып.2, сс.177-191.
96. Дела врачебного отделения Эриванского губернского правления об устройстве сельско-врачебной части и об отчетностях с 1885 по 1910.
97. Друвиль Гаспар. Путешествие в Персию в 1812 и 1813

годах. Москва, 1826.
98. Дубровин Н. История войны и владычества русских на Кавказе, т.5, СПб., 1886.
99. Ериванци А. История войн 1721-1736 гг. Ереван, 1939.
100. Журнал мануфактур и торговли. Часть IV, кн.1. Октябрь. 1849. № 10.
101. Журнал Министерства внутренних дел, № 9, 1840.
102. Заблудовский П.Е. История отечественной медицины. Ч.1 (до 1917 г.), Москва, 1960.
103. Закавказский вестник, 19 февраля 1848 года, № 8.
104. Записки Сергея Алексеевича Тукова, СПб., 1908.
105. Зубов П. Картина Кавказского края, принадлежащего России и сопредельных оному земель. Ч.1, СПб.: типография Кондара Вингебера, 1834.
106. Ибрагимов М.А. Здравоохранение Советского Азербайджана, Москва, Медицина, 1967.
107. Известия императорской Археографической Комиссии, вып.46, СПб., 1912.
108. Искусство Азербайджана, т.4, Баку: 1954.
109. Историческая география Азербайджана, Баку, «Элм», 1987.
110. История XIX века. Под ред. Лависса и Рамбо, т.2. Москва, 1937.
111. История Азербайджана в 3-х томах, Баку, 1960, т.2.
112. Кавказ, 10 (22) марта 1876 года, № 30.
113. Кавказ, 23 июнь/5 июль 1866 года, № 48.
114. Кавказ, 6/18 февраля 1866 года, № 11.
115. Кавказ, 8 (20) августа 1871 года, № 92.
116. Кавказский календарь на 1846 год, Тифлис, 1845.
117. Кавказский календарь на 1847 год, Тифлис, 1846.
118. Кавказский календарь на 1848 год, Тифлис, 1847.
119. Кавказский календарь на 1849 год, Тифлис, 1848.
120. Кавказский календарь на 1850 год, Тифлис, 1849.
121. Кавказский календарь на 1851 год, Тифлис, 1850.

122. Кавказский календарь на 1852 год, Тифлис, 1851.
123. Кавказский календарь на 1855 год, Тифлис, 1854.
124. Кавказский календарь на 1866 год, Тифлис, 1865.
125. Кавказский календарь на 1869 год, Тифлис, 1868.
126. Кавказский календарь на 1877 год, Тифлис, 1876.
127. Кавказский календарь на 1887 год, Тифлис, 1886.
128. Кавказский календарь на 1890 год, Тифлис, 1889.
129. Кавказский календарь на 1896 год, Тифлис, 1895.
130. Кавказский календарь на 1900 год, Тифлис, 1899.
131. Кавказский календарь на 1905 год, Тифлис, 1904.
132. Кавказский календарь на 1906 год, Тифлис, 1905.
133. Кавказский календарь на 1908 год, Тифлис, 1907.
134. Кавказский календарь на 1910 год, Тифлис, 1909.
135. Кавказский календарь на 1913 год, Тифлис, 1912.
136. Кавказский календарь на 1916 год, Тифлис, 1915.
137. Кавказский календарь на 1917 год, Тифлис, 1916.
138. Капанцян Г.Р. Новая клинопись, Коммунист, 1950, № 4.
139. Колониальная политика Российского царизма в Азербайджане в 20-60-х гг. XIX века, ч.1, Москва-Ленинград, 1936.
140. Кулиева Вафа, Роль и позиция мусульманского духовенства в социально-политической и культурной жизни Азербайджана в XIX – начале XX вв. в ракурсе армяно-азербайджанских политических отношений, Баку, «Нурлан», 2003.
141. Лалаян А.А. Русско-армянские медицинские связи (19 век и начало 20 века), Автор. дисс. д. мед. наук, Ереван, 1966.
142. Мамедов И.С. Азербайджанская печать в Армении, АКД, Ереван, 1971, с. 15.
143. Монет царствования императора Николая 1. – СПб.: Типография Министерства путей сообщения, 1890.
144. Мустафаев Н. Город Иреван. Баку, 2013 (Azərbaycan Respublikasi Prezidenti kitabxanasinin sayti).

145. Нейдинг И. Медицинские общества в Росии. Москва, 1897.
146. Нерсесян М. Из истории русско-армянских отношений, т. 1, Ереван, 1956.
147. Нифталиев И. Армянские мифы об «Эрибуни» и Урарту» Каспий, 2017, 10 октябрь, № 167, с. 12.
148. О проказе в Эриванской губернии. Памятная книжка Эриванской губернии за 1902 год. Под ред. Секр. Эриван. Губерн. Стат.комитета, правителя канцелярии Губернатора А.И. Марченко. Изд. «Эриван» губер. стат. ком. Эриван. тип. Р.К.Эделсон, 1902, с.140.
149. Обзор Эриванской губернии за 1888 год, Эривань, 1889.
150. Обзор Эриванской губернии за 1893 год, Эривань, 1894.
151. Обзор Эриванской губернии за 1894 год, Эривань, 1895.
152. Обзор Эриванской губернии за 1895 год, Эривань, 1896.
153. Обзор Эриванской губернии за 1901 год, Эривань, 1902.
154. Обзор Эриванской губернии за 1907 год, Эривань, 1908.
155. Обзор Эриванской губернии за 1910 год, Эривань, 1911.
156. Обзор Эриванской губернии за 1914 год, Эривань, 1915.
157. Обозрение Российских владений за Кавказом в статистическом, этнографическом, топографическом и финансовом отношениях, ч. IV, 1836, Типография департамента внешней торговли, Санкт-Петербург.
158. Овсепян С.М. Деятельность большевиков и революционное движение в Ереване (1901-1920 гг), Автореф. Дисс. канд. ист. наук, Ереван, 1971.

159. Оганесян К.Л, Крепость Эрибуна (782 г. до н.э.), Ереван, 1980.
160. Оганесян Л.А. История медицины Армении с древнейших времен до наших дней, в 5-ти частях, ч.4, Ереван, 1947.
161. Организация врачебной помощи в Закавказье (Иревань. 1898 г.) Сборник статистических сведений по Закавказскому краю. Составлен по постнов. Закавказ. Стат. Комитета, состоящим принем отделом, под ред. Сг. Ред. Отд. Е.Кондратенко, гл. 9, ч.1, Тифлис, 1902.
162. Осипов Е.А., Попов И.В., Куркин П.И. Русская земская медицина., Москва, 1899.
163. Отчет по главному управлению наместника Кавказского за первое десятилетие управления Кавказским и Закавказским краем его императорским высочеством великим князем Михаилом Николаевичем 6 декабря 1862 – 6 декабря 1872. Тифлис: Типография главного управления наместника Кавказского, 1875, 474 с.
164. Отчет Попечителя Кавказского Учебного округа за 1890, Тифлис, 1891.
165. Отчет Попечителя Кавказского Учебного округа за 1895, Тифлис, 1896.
166. Отчет Попечителя Кавказского Учебного округа за 1900, Тифлис, 1901.
167. Отчет Попечителя Кавказского Учебного округа за 1905, Тифлис, 1906.
168. Отчет Попечителя Кавказского Учебного округа за 1910, Тифлис, 1911.
169. Отчет Попечителя Кавказского Учебного округа за 1913, Тифлис, 1914.
170. Памятная книжка Эриванской губернии на 1902 г. Эривань, 1901.
171. Памятная книжка Эриванской губернии на 1904 г. Эривань, 1903.

172. Памятная книжка Эриванской губернии на 1908 г. Эривань, 1908.
173. Памятная книжка Эриванской губернии на 1910 г. Эривань, 1912.
174. Памятная книжка Эриванской губернии на 1912 г. Эривань, 1912.
175. Памятная книжка Эриванской губернии на 1914 г. Эривань, 1914.
176. Панюхов И.И. О народном врачевании в Закавказском крае, Тифлис, 1898 г.
177. Первая всеобщая перепись населения Российской империи, 1897 г. LXXI. Эриванская губерния. –СПб., 1905.
178. Персидские документы Матандарана. П.Купчие (XIV-XVI вв), Сост. А.Д. Папазян, Ереван, 1968.
179. Пиотровский Б.Б. Ванское царство (Урарту), Москва, 1959.
180. Пиотровский Б.Б. Урартская надпись из раскопок Камир-блура, связанная с основанием Эрибуни, Эпиграфика Востока, XVII, Москва, 1966, сс. 3-4.
181. Пирожков В.В. Демократическая направленность взглядов передовых кавказских врачей XIX века, Советское здравоохранение, 19650, № 5.
182. Под стягом России: Сборник архивных документов, Москва, Русская книга, 1992.
183. Полное собрание законов Российской империи, третье собрание (1881-1913) т. 3 (1883), ч. 2-я.
184. Полное собрание законов Российской империи, второе собрание (1825-1881) т. 4 (1829), ч. 2-я.
185. Полное собрание законов Российской империи, второе собрание, т. 6, 1831, отд.1-е. СПб.: Типография 2-й отделении собственной его императорского величества канцелярии, 1832.
186. Полное собрание законов Российской империи, Собрание второе т. 7, 1832.

187. Полное собрание законов Российской империи, Второе собрание (1825-1881) т. 8 (1833), ч. 1-я.
188. Полное собрание законов Российской империи, Второе собрание (1825-1881) т. 8 (1883), ч. 2-я.
189. Полное собрание законов Российской империи, Второе собрание, т. 9, отд. 1-е.1836. СПб.: Типография 2-й отделении собственной его императорского величества канцелярии, 1837.
190. Полное собрание законов Российской империи, Собрание 2-е, т. 11, отд. 2-е, 1846, СПб.: Типография 2-й отд. Собственной е. и.в. канцелярии, 1847.
191. Полное собрание законов Российской империи, третье собрание (1881-1913) т. 13 (1893).
192. Полное собрание законов Российской империи, Второе собрание (1825-1881) т. 15 (1840).
193. Полное собрание законов Российской империи, Второе собрание (1825-1881) т. 15 (1840), ч. 2-я.
194. Полное собрание законов Российской империи, Второе собрание, т. 17., отд. 2-е, 1867.
195. Полное собрание законов Российской империи, третье собрание (1881-1913), т. 18, 1898, ч.1.
196. Полное собрание законов Российской империи, Второе собрание (1825-1981) т. 24 (1849), ч. 2-е.
197. Полное собрание законов Российской империи, Второе собрание (1881-1913) 2-й отд – СПб.: Типография 2-й отд. Собственной е.и.в. канцелярии, 1-е, 1850. 25, отд.1-е, 1851.
198. Полное собрание законов Российской империи, Собрание 2-е, т. 27 (1852), ч. 1-я.
199. Полное собрание законов Российской империи, Второе собрание (1825-1881) т. 37 (1863).
200. Полное собрание законов Российской империи, Второе собрание, т. 40, 1865.
201. Полное собрание законов Российской империи, Второе

собрание (1825-1881) т. 42 (1867).
202. Полное собрание законов Российской империи, Второе собрание (1825-1881) т. 49 (1874).
203. Полное собрание законов Российской империи, Второе собрание (1825-1881), т. 50 (1876).
204. Полное собрание законов Российской империи, Второе собрание (1825-1881), т. 52 (1877).
205. Полное собрание сочинений А.С. Грибоедова, т.1, СПб., 1839.
206. Потто В. Кавказская война в отдельных очерках, эпизодах и биографиях, т.1, СПб., 1887.
207. Потто В. Утверждение русского владычества на Кавказе, Тифлис, 1901.
208. Присоединение Восточной Армении к России (сборник документов). Т.1, Ереван, 1972.
209. Пристанскова Н.И. Правовое регулирование врачебно-санитарной деятельности в Российской империи: XIX – начало XX вв. Автореф. дисс. юр. Наук, СПб., 2007.
210. Развитие Еревана после присоединения Восточной Армении к России, Сборник документов 1801-1917 гг., изд. Ереванского уни-та, Ереван, 1978.
211. Рожкова М.К. Экономическая политика царского правительства на Среднем Востоке во второй четверти XIX века и русская буржуазия. – Москва: Изд. Академии наук СССР, 1949.
212. Сборник сведений о Кавказе. Том 9, Тифлис, 1885.
213. Семенов И.Я. Русские в истории Армении. Ер.: Лусабац, 2009.
214. СМОМПК, вып. 1, отд. 1, 1881.
215. СМОМПК, вып. 29, Тифлис, 1900 г.
216. СМОМПК, вып. 32, Тифлис, 1900 г.
217. Собрание актов, относящихся к обозрению истории армянского народа, часть II, с.167, 369.
218. Статистическое описание губерний и областей Россий-

ской империи. Том XVI. Кавказский край. Ч. 5. СПб.: типография Департамента Генерального штаба, 1858, 334 с.
219. Таирзаде Н. О мектебах в Азербайджане в 30-50-е годы XIX века, Известия АН Азерб.ССР, Серия общественных наук, 1961, № 11.
220. Таубэ А.А. Развитие аптечного дела в Москве и губерниях Российской империи в XVIII-XIX столетиях. Международный сборник научных трудов (ноябрь 2006 г.), СПб., 2006, сс. 140-149.
221. Тер-Гевондян А.Н. Армения и Арабский халифат., Ереван, 1977.
222. Тихоцкий Е.А. Закавказский транзит и наша с ним конкуренция по торговле с Персией в 1862-81 гг. Киев, Типография С.В. Кульженко, 1883, с.37.
223. Торопов Н.И. Опыт медицинской географии Кавказа относительно перемежающихся лихорадок, В.М. 1864.
224. Труды 1 съезда служащих врачей гражданского ведомства на Кавказе, т.1, вып.1, Обзоры Кутаисской, Эриванской и Бакинской губерний и Дагестанской, Батумской и Карской областей, Тифлис, 1914.
225. Труды 1 съезда кавказских врачей. Холерная эпидемия 1892 года на Кавказе., т.2, вып. 2, Тифлис, 1894.
226. Труды 1 съезда служащих врачей гражданского ведомства на Кавказе, т.1, ввып. 32, Городская медицина, Тифлис, 1914.
227. Утверждение русского владычества на Кавказе. Под ред. В.А. Потто, т.1. ч. 2.
228. Утверждение русского владычества на Кавказе. Тифлис: типография Я.И. Либермана, 1901, т. 4, с. 164.
229. Фон Гребнер А.В. Торговые дороги Закавказья. СПб.: Типография Исидора Гольдберга, 1896.
230. Хаджар Вердиева, Рауф Гусейн-заде, Родословная аромян и их миграция на Кавказ с Балкан, Баку, «Елм», 2003.

231. Хачатур Абовян,Избранное (на арм. Языке), т.8. Ереван, 1958.
232. Хачатур Абовян, Краткий исторический очерк г. Эривани, Избранные произведения (на арм. Яз.) т.8, Ереван, 1958.
233. Шопен И. Хозяйственные очеркти части Аракской долины. Вошедшей в состав Грузино-Имеретинской губернии. СПб.: Печатано в привиллегированной типографии Фишер, 1843.
234. Шопен И. Исторический памятник состояния Армянской области в эпоху ее присоединения к Российской империи. Санкт-Петербург, Типография Императорской Академии наук, 1852.
235. Щербатов А.П. Генерал-фельдмаршал князь Паскевич. Его жизнь и деятельность, СПб., 1890-1891.
236. Эвецкий О. Статистическое описание Закавказского края в исходе XVIII века, Санкт-Петербург, 1835.
237. Эвлия Челеби. Книга путешествий, Москва, 1983.
238. Эминова З. История здравоохранения в Азербайджане в 19- начале 20 вв. (на азерб.яз.).
239. Энциклопедия Брокгауза и Ефрона «Эривань».
240. Эфендиев И.К. История медицины в Азербайджане с древних времен до 19 века. Баку, Изд-во АН Азерб., 1964.
241. Эфениев И.К., Мехтиев А.Д. Развитие научной медицинской мысли в Азербайджане (по данным врачебных съездов, конференций и совещаний), Баку, изд. АН Азерб. 1968.
242. Яшвили А.О. Народная медицина в Закавказском крае. Труды 2-го съезда кавказских врачей 30 сентября- 8 октября 1901 года, т.2, под ред. А.А. Новицкого, Тифлис, 1903.
243. Яшвили А.О. Народная медицина в Закавказском крае. Тифлис, 1904.

**Армян тилиндеги адабияттар**

244. Ерванд Шахазиз. Древний Ереван. Ереван. 1931.

**Англис тилиндеги адабияттар**

245. George A. Bournoutian, Robert H. Hewsen. Encyclopaedia Iranica, Erevan, 1982.
246. Erevan, (статья из Encyclopaedia Iranica Erich Kettenhofen, George A. Bournoutian, Robert H. Hewsen).
247. Linch H.F. B. Armenia. Travels and Studies, vol.1.
248. Toumanoff Cyril, The Orontids of Armenia, 1963.

**Интернеттен алынган маалыматтар**

249. http:// erevangala500.com/page/77.html
250. http://www.cultinfo.ru/fulltext/1/001/007/119/119478.htm
251. https://www.docsity.com/ru/shkola-i-pedagogicheskaya-mysl-narodov-rossii-vo-polovine-xix-nachale xx ve-ka/1143100/
252. http://www.marinni.livejournal.com/456482.htm
253. http://www.ru.wikipedia.org/w/inex.htp?title=%D0%95%D1%80%D0%B2%D0%B0%D0%BD&printable=yes-->
254. https://regnum.ru.Интервью И.А.Regnum 7 февю2012 г.
255. https://azerhistory. com -/?p=7505
256. https://azerhistory. com -/?p=4919
257. https://www.iravan.preslib.az
258. https://www.docsity.com/ru/shkola-i-pedagogicheskaya-mysl-narodov-rossii-vo-polovine-xix-nachale xx ve-ka/1143100/

## Мазмуну

**Кириш сөз** .......... 9
**I БӨЛҮМ. Ирevандын байыркы тарых-таржымалы** .......... 11
1.1 Ирevандын мурдагы тарыхына кайрылуу .......... 11
1.2. Ирevандын хандык бийлик тушундагы экономикалык абалы Калаанын социалдык-экономикалык акыбалы .......... 34
1.3. Иреван калаасынын Түндүк Азербайжанды Россия басып алганга чейинки тарыхы Рос-сия аскерлеринин 1804-жылдагы жүрүшү .......... 67
**II БӨЛҮМ. Аймагы, административдик башкаруусу жана калкы** .......... 93
2.1. Иреван калаасынын аймагы жана сырткы көрүнүшү .......... 93
2.2. Административдик башкаруу системасы .......... 112
2.3. Калкы .......... 127
**III БӨЛҮМ. Калаанын экономикалык абалы** .......... 155
3.1. Кол өнөрчүлүк жана өндүрүшү .......... 155
3.2. Соода .......... 173
3.3. Транспорт жана байланыш .......... 203
**IV БӨЛҮМ. Калаанын коомдук-саясий жана маданий турмушу** .......... 219
4.1. Калаанын коомдук-саясий турмушу .......... 219
4.2. Агартуу, адабият, басма сөзү жана типография иштери .......... 236
4.3. Искусство .......... 278
4.4. Саламаттык сактоо .......... 294
**Жыйынтыктоочу сөз ордуна** .......... 326
**Колдонулган маалыматтар жана адабияттар** .......... 328

---

**Иреван калаасынын XIX кылымдагы –
XX кылымдын башындагы тарыхынан**